О-75

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

Б. О. ОРОЗГОЖОЕВ

# ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ ТЕРМИНДЕРИНИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Фрунзе 1980

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

Б. О. ОРОЗГОЖОЕВ

# ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ ТЕРМИНДЕРИНИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

---

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

„ИЛИМ" БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1980

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ БОЮНЧА БАСЫЛДЫ

Жооптуу редакторлор:
география илимдеринин кандидаты С.К.АЛАМАНОВ;
А.ИСАБЕКОВА

## КИРИШ СӨЗ

"Гидрометеорология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү" өз алдынча түзүлүп, анын бардык бөлүмдөрүн аздыр-көптүр камтыган алгачкы саамалык. Сөздүктү түзүүнүн негизги максаты - азыркы мезгилдеги окурмандарга биздин планетаны изилдөө боюнча илимий-техникалык прогресстин жетишкен ийгиликтерин чагылдырган илимий-көркөм адабияттарды үйрөнүүгө жардам берүү. Сөздүктө жердин бетин гана эмес, анын аба жана суу бассейндерине тиешелүү болгон метеорологиялык ар түрдүү процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүүчү терминдер жана аныктоолор камтылды.

Асман менен Жердин ортосун кучагына алган кенен мейкиндикте пайда болгон гидрометеорологиялык ар түрдүү процесстердин, кубулуштардын аты болгон терминдерди топтоо жана аларды кыргызча берүү кыйла жооптуу маселе, себеби метеорология менен гидрология илимдин кең тармагы боюнча түшүнүктөрдү ичине алат. Айрыкча гидрометеорологиялык ар кандай кубулуштардын ички дүйнөсү физика, математика, химия, аэродинамика, гидромеханика ж.б. сыяктуу илим тармактарынын закондору жана формулалары менен аныкталат. Гидрометеорология көпчүлүк техникалык илимдер менен тыгыз байланышта болгондуктан, сөздүккө буга жакын илимдерден бир кыйла терминдер да киргизилди.

Сөздүктүн түзүлүш өзгөчөлүгү төмөнкүчө:

1. Гидромелиоративдик терминдерди берүүдө мүмкүнчүлүгүнө жараша төл сөздөр пайдаланылды, м.: <u>болото</u> - саз, <u>ветер</u> - шамал, <u>засуха</u> - кургакчылык ж.б.

2. Которууга мүмкүн болбогон терминдер өзгөртүлбөстөн алынды, м.: <u>абляция</u>, <u>агроклиматология</u>, <u>астрономия</u>, <u>градус</u> ж.б.

Сөздүккө киргизилген 2400 гө жакын терминдин 1350 гө жакыны өзгөртүлбөй, калган 1050 термин төл сөздөр менен берилди. Сөздүктө бирдей маанилүү, бирок башка сөздөр менен түшүндүрүлгөн учурлар кездешет. Мында алардын бирөөнө гана түшүндүрмө берилип, бөлөктөрүнө к. /караңыз/ деген шарттуу белги көрсөтүлдү. Айрым терминдер текстте бир нече жолу кайталанса, анын баш тамгалары гана алынды, м.: аккумуляция – а.; гидрология – г.; психрометрдик термометр – п.т. ж.б.

Которуу ыкмасы менен сунуш кылынган терминдер жана алардын аныктамаларынын баары өз маанисинде так берилди деген ойдон алыспыз. Ошондуктан кээ бир мүчүлүштүктөрдүн болушу да мүмкүн. Демек, сөздүктүн сапатын жакшыртуу аракетиндеги сунуштар чын ниттизарлык менен кабыл алынат. Сөздүктө байкалган кемчиликтер жөнүндө Фрунзе ш., Ленин проспектиси, 265а үй, Кыргыз ССР илимдер академиясынын Терминология комиссиясына билдирүүңүздөрдү өтүнөбүз.

Түзүүчү

## А

АБЛЯЦИЯ абляция /1. муздардын жылышынан тоо тектеринин урашы; 2. тоо мөңгүлөрүнүн жана касабалардын эришинен калыңдыгынын жукарышы. Бууланууосун эсепке албаганда, мөңгүлөрдүн эришинен пайда болгон суунун чыгышы абляциянын чоңдугун түзөт. Кээде абляциянын чоңдугу эрип жана бууланып жукарган муздун үстүңкү катмарына карата өлчөнөт. Мисалы, Кыргызстандын тоолорундагы мөңгүлөр жылына орто эсеп менен 1,5 – 2,5 метрге жукарат/.

АБРАЗИОННЫЕ БЕРЕГА абразияга дуушар болгон жээк /жээктердин толкундун таасиринен жемирилип жуулушу/.

АБРАЗИЯ абразия /жемирилүү, жуулуу/.

АБРИС ЛЕДОВОЙ ОБСТАНОВКИ муздуу абалдын абриси /муздун жайланышкан абалынын план-чиймеси/.

АБСОЛЮТНАЯ АМПЛИТУДА абсолюттук амплитуда

АБСОЛЮТНАЯ БАРИЧЕСКАЯ ТОПОГРАФИЯ бирдей басымдагы мейкиндиктин абсолюттук топографиясы /изобардык бирдей басымдагы мейкиндиктин динамикалык бийиктиктеринин же геопотенциалдарынын деңиз деңгээлине карата жайланышы/.

АБСОЛЮТНАЯ ВЛАЖНОСТЬ ВОЗДУХА абанын абсолюттук нымдуулугу /белгилүү абанын өлчөмүндөгү суу бууларынын саны, ал г/м³ менен туюнтулат/.

АБСОЛЮТНАЯ СИСТЕМА ВЫСОТ бийиктиктин абсолюттук системасы /континентке чектеш жаткан дүйнөлүк океандын жээк сызыгынын нөл маанисиндеги бийиктиги. СССРде Балтика бийиктик системасы кабыл алынганга чейин Балтика – Кара деңиз, Кара деңиз – Тынч океан делинген абсолюттук бийиктик системалары белгилүү болгон/.

АБСОЛЮТНАЯ ТЕМПЕРАТУРА абсолюттук температура /абсолюттук нөлдөн, же болбосо суунун үч точкалык температурасынын 273,16°ка төмөн жаткан точкадан тартып эсептелүүчү температура, башкача айтканда Кельвиндин градустук шкаласындагы абсолюттук нөлдөн баштап эсептелүүчү температура. Шкаланы биринчи жолу окумуштуу Кельвин сунуш кылган. Ошондуктан °К же "абс" делинип түшүнтүлөт/.

АБСОЛЮТНАЯ ТЕМПЕРАТУРНАЯ ШКАЛА абсолюттук температуралык шкала /Кельвиндин температуралык градусунун абсолюттук нөлүнөн тартып эсептеле турган термодинамикалык температуралык, же эл аралык практикалык температуралык шкала/.

АБСОЛЮТНАЯ ВЛАЖНОСТЬ абсолюттук нымдуулук /абадагы суу бууларынын тыгыздыгы, башкача айтканда 1 $м^3$ абадагы суунун бууларынын /грамм менен ченелүүчү/ саны/.

АБСОЛЮТНЫЙ МАКСИМУМ абсолюттук максимум /гидрометеорологиялык элементтердин /абанын температурасынын, жаан-чачындын, суунун чыгымынын ж.б./ белгилүү чөйрөдөгү, областтагы, өлкөдөгү, жарым шардагы көп жылдык байкоолордун ичиндеги максималдуу /эң жогорку/ мааниси. А.м. абанын температурасы Москвада 37°, Түркмен ССРинде 50°, жер шарында 58° /Түндүк Африка/. А.м. белгилүү календардык мөөнөттүн ичинде болот, мисалы, бийик тоолуу Ак-Сай өрөөнүндө 1955-жылы январь айындагы эң жогорку температурасы +58° болгон/.

АБСОЛЮТНЫЙ МИНИМУМ абсолюттук минимум /гидрометеорологиялык элементтердин белгилүү чөйрөдөгү, областтагы, өлкөдөгү, жарым шардагы көп жылдык байкоолордун ичиндеги эң төмөнкү чоңдугу/.

АБСОЛЮТНЫЙ НУЛЬ абсолюттук нөл /молекуланын жылуулук кыймылы токтогон эң төмөнкү маанидеги температура. Ал - 237,16∓ 0,1 барабар. Бойль-Мариоттун закону боюнча мындай температура идеалдык газдын көлөмү жана басымы нөлгө барабар болот/.



АВОГАДРО ЗАКОН Авогадро закону /бирдей температурадагы жана басымдагы 1 грамм-молекула ар кандай заттардын бирдей көлөмгө ээ болушу, м.: 760 мм сымап мамычасы жана 0°С учурунда бул көлөм - 22,441 л; муну 1811 -ж. Авогадро ачкан/.

АВИАМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ авиаметеорологиялык станция /аэропорттордун алдында аба флотунун учууга мүмкүнчүлүгүн аныкташ үчүн метеорологиялык байкоолорду жүргүзүп, информацияларды чогултуп, анализдеп, синоптикалык карталарды түзө турган консультативдик станция/.

АВИАЦИОННАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ авиациялык климатология /жердин бети менен бош аба мейкиндигинин климаттык шартынын авиациялык техникага тийгизген таасирин изилдей турган илим/.

АВИАЦИОННАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ авиациялык метеорология /авиациянын иш-аракетине карата метеорологиялык шартты изилдеп, анын авиацияга тийгизүүчү таасирин, атмосферанын кээ бир ыңгайсыз шарттарынан авиацияны сактап калуу үчүн изилдөөлөрдү жүргүзүүчү илимдин тармагы/.

АВИАЦИОННЫЙ ПРОГНОЗ авиациялык прогноз /авиацияны тейлөө максатында аба ырайын алдын ала билип айтуу. Авиациялык прогноз самолеттордун учуучу же конуучу пункттары үчүн жана маршруттары /аба трассалары/ боюнча түзүлүп, учууга ыңгайлуу атмосфералык шарттарды /тумандуулук, шамал ж.б./ аныктап турат/.

АВСТРАЛИЙСКАЯ ЛЕТНЯЯ ДЕПРЕССИЯ австралиялык жайкы депрессия /көп жылдык картада Австралия, Жаңы Гвинея жана Индонезиянын түндүгүндөгү төмөнкү басымдуулуктун көрсөтүлүшү. Экватордук депрессиянын бөлүгү. Кышында Австралиялык кышкы антициклон менен орун алмашат/.

АВСТРАЛИЙСКИЙ ЗИМНИЙ АНТИЦИКЛОН австралиялык кышкы антициклон

АВТОМАТИЧЕСКАЯ РАДИОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ автоматтык радиометеорологиялык станция /метеорологиялык элементтерди /абанын температурасынын нымдуулугун, жаан-чачындын санын, шамалды, күндү ж.б./ эсептеп, маалыматтарын радио аркылуу кабарлап туруучу дистанциондук прибор. Абанын басымын, шамалдын багытын жана ылдамдыгын, жаан-чачындын санын ж.б. суткасына 6-8 жолу , эсептеп жана кабарлап тура алат. Айрыкча чөлдүү, бийик тоолуу, алыскы райондордун метеорологиялык элементтерин изилдөө иштеринде өтө чоң мааниси бар, себеби маалыматтарды 200-600 км чейинки аралыкка бере алат/.

АВТОМАТИЧЕСКИЙ АЭРОСТАТ автоматтык аэростат /полиэтилен клеенкасы менен капталып, жогорку бийиктикке учурулуучу автоматтык аппаратура /аба шары/. 1968-жылы автоматтык аэростат асманга 48 км чейин көтөрүлүп, биринчи рекордду койгон. Автоматтык аба шары менен асман мейкиндигинин метеорологиялык элементтеринин абалын, б.а. атмосферадагы суу бууларынын жана озондун профилин, атмосферанын ар кандай бийиктиктеги спектралдык тунуктугун изилдөөгө кызмат кылат/.

АВТОМАТИЧЕСКИЙ РАДИОВЕТРОМЕР автоматтык шамал өлчөгүч /шамалдын багытын жана орточо ылдамдыгын саат боюнча же белгиленген убакытта ченеп, радио аркылуу кабарлап туруучу прибор. Бул суу сактагычтардын үстүнкү ачык бетинде иштөөгө ылайыкталып түзүлгөн/.

АВТОХТОННЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ автохтондук катмар к. Озерные отложения

АГРЕГАТНОЕ СОСТОЯНИЕ ВОДЫ суунун агрегаттык абалы /суунун



молекулаларынын температурага карата катуу /муз/, суюк жана газ түрүндөгү абалы/.

АГРЕССИВНАЯ ВОДА агрессивдүү суу /составындагы эриген газдардын, туздардын жана шакарлардын таасири менен металлды, бетонду, бышкан кирпичти эрите турган суу. Составында аммоний туздары, күкүрт, туз кислотасы бар суулар бетонду тез эле эрите алат/.

АГРОКЛИМАТИЧЕСКИЕ ЗОНЫ агроклиматтык зоналар /климаттык шарттын дыйканчылыкка тийгизген таасиринин натыйжалуу мүнөзү боюнча ар түрдүү зоналарга бөлүнүшү/.

АГРОКЛИМАТИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ ВЛАГООБЕСПЕЧЕННОСТИ ПОЧВЫ кыртыштагы нымдуулуктун камсыздыгын мүнөздөөчү агроклиматтык көрсөткүчтөр /мындай түздөн-түз көрсөткүч болуп кыртыштагы нымдуулуктун запасы айтылат. Кыртыштын нымдуулугун аныктоодо жаан-чачындын санынын жылдык суммасы, Селяниновдун гидротермикалык коэффициенти жана нымдуулуктун дагы башка мүнөздөмөлөрү , ошондой эле жаан-чачын менен суунун чыгышын жана кыртыштан бууланууcун байланыштыруучу кээ бир эмпирикалык функциялар алынат/.

АГРОКЛИМАТИЧЕСКОЕ РАЙОНИРОВАНИЕ агроклиматтык райондоштуруу /климаттын элементтеринин ыңгайлуулук шартына жараша территорияны дыйканчылык үчүн бир нече бөлүктөргө бөлүү/.

АГРОКЛИМАТОЛОГИЯ агроклиматология , айыл чарба климатологиясы /айыл чарба өндүрүшү жөнүндөгү илим. 1. тигил же бул өсүмдүктөргө белгилүү чөйрөнүн климаттык шартынын ыңгайлуулугун аныктайт; 2. айыл чарба өсүмдүктөрүн отурукташтыруу үчүн ыңгайлуу климаттык шарты бар райондорду белгилейт; 3. агротехниканын жаңы ыкмаларын колдонуу үчүн климаттык негиздөөлөрдү табуу; 4. айыл чарба өндүрүшүнүн максатына ылайыктуу багытта микроклиматтык өзгөрүүлөрдүн мүмкүнчүлүгүн изилдейт; 5. сугаруу, шамалдан тосуу, жер семирт-

кичтерди жана агротехниканы колдонуу менен жүргүзүлгөн өзгөрүүлөрдүн эсебин алуу иштери кирет/.

АГРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ОБСЕРВАТОРИЯ агрометеорологиялык обсерватория /өркүндөтүлгөн агрометеорологиялык станция/.

АГРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ агрометеорологиялык станция /жалпы эле метеорологиялык байкоолордон башка дагы өсүмдүктөрдүн өсүшүн, кыртыштын абалын ж.б. атайын көрсөтүлгөн программа боюнча изилдөө жүргүзүүчү станция/.

АГРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ПРОГНОЗ агрометеорологиялык прогноз /алдыда боло турган аба ырайынын айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүшүнө, айыл чарба иштерин жүргүзүүгө, тигил же бул агротехникалык ыкмаларды колдонууга ыңгайлуулугун же ыңгайсыздыгын алдын ала болжоп айтуу/.

АГРОМЕТЕОРОЛОГИЯ агрометеорология /айыл чарбасына түздөн-түз таасирин тийгизе турган атмосфералык режимди изилдөөчү жана анын дыйканчылык же жалпы эле айыл чарба менен болгон байланышын аныктоочу илим/.

АДАПТАЦИЯ адаптация /үйүр алуу, калыптануу, мисалы, шамалдын ылдамдыгынын, басымдын градиентинин өзгөрүшүнө ылайыктанышы/.

АДВЕКТИВНАЯ ГРОЗА адвективдүү добул / муздак абанын катмары менен жылуу абанын катмарынын аралашуусунан келип чыгат/.

АДВЕКТИВНАЯ ИНВЕРСИЯ адвективдүү инверсия /жылуу абанын жер бетиндеги муздак абаны көздөй которулуусунун натыйжасында пайда болгон температуралык инверсия/.

АДВЕКТИВНАЯ МОДЕЛЬ адвективдик модель /температуранын бардык өзгөрүүсү адвекцияга байланыштуу деген адвективдик гипотезага негизделген атмосфералык модель/.



АДВЕКТИВНЫЕ ЗАМОРОЗКИ адвективдик үшүк, тоңголок /муздак абанын которулушуна негизделген үшүк. Адвективдик үшүк болордун алдында күн жаап, бороон болот, бирок чыныгы үшүктүн өзү түнкүсүн жер бетинен жылуулуктун абага чагылып кетишинин натыйжасында пайда болот/.

АДВЕКТИВНЫЙ ТУМАН адвективдик туман /абанын жылуу катмарынын муздак чөйрөгө которулушунун натыйжасында пайда болгон туман. Буга тропикалык абанын туманы, муссондук туман, деңиздик туман, деңиз жээгинин туманы дегендер мисал боло алат/.

АДВЕКЦИЯ адвекция /агын суулардын агышы, абанын жылышы менен ар кандай өзгөрүштүн болушу/.

АДВЕКЦИЯ ТЕПЛА жылуулук адвекциясы /абанын горизонталь боюнча которулушунун натыйжасында температурасынын жогорулашы: оң маанидеги термикалык адвекция/.

АДВЕКЦИЯ ХОЛОДА сууктун адвекциясы /абанын горизонталь боюнча которулушунун натыйжасында температурасынын төмөндөшү: терс маанидеги термикалык адвекция/.

АДИАБАТА адиабата /суюктук жана аба массасынын сүрүлүүлөрүнүн натыйжасында алардын басымынын жана салыштырмалуу көлөмүнүн өзгөрүшү/.

АДИАБАТИЧЕСКАЯ МОДЕЛЬ адиабаталык модель /айлана-чөйрө менен жылуулуктун алмашуусу болбогон учурдагы атмосфералык модель/.

АДИАБАТИЧЕСКАЯ ЗАМКНУТАЯ СИСТЕМА адиабаталык туюк система /жылуулук менен массаны өз чөйрөсүнөн тышка чыгарбай турган термодинамикалык система/.

АДИАБАТИЧЕСКИЙ ГРАДИЕНТ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын адиабаталык градиенти /бийиктик бирдигине /100 м ге/ абанын адиабаттык көтөрүлүшүнүн натыйжасында анын массасындагы температурасынын өзгөрүү чоңдугу/.

АДИАБАТИЧЕСКОЕ ИЗМЕНЕНИЕ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын адиабаталык өзгөрүшү /адиабаталык процесстин натыйжасында аба массасынын температурасынын өзгөрүшү/.

АДИАБАТИЧЕСКОЕ РАСШИРЕНИЕ адиабаталык кеңейүү /атмосферадагы абанын көлөмүнүн басымынын азайышына, айлана-чөйрө менен жылуулук алмашпай туруп кеңейиши. Атмосферада адиабаталык кеңейүү көбүнчө абанын массасы бийиктик боюнча көтөрүлгөн учурда байкалат/.

АДИАБАТИЧЕСКОЕ СЖАТИЕ адиабаталык кысылуу /атмосферада адиабаталык кысылуу көбүнчө абанын массасы бийиктик боюнча төмөн түшкөн учурда байкалат/.

АДСОРБЦИЯ адсорбция /айлана-чөйрөдөн чогулган молекулалардын жана башка бөлүкчөлөрдүн катуу нерселердин /адсорбенттердин/ бетине же суюктуктун үстүнө топтолушу. Мында чогулган заттар адсорбенттер менен химиялык реакцияны пайда кылбайт/.

АДСОРБЦИЯ ИОНОВ иондордун адсорбциясы /атмосферадагы катуу же суюк ири бөлүкчөлөргө жеңил иондордун биригиши/.

АЗИАТСКАЯ ДЕПРЕССИЯ азиялык депрессия /атмосфералык аракеттин бир мезгилдик борбору: жай айларынын көп жылдык орточо картасындагы борбору. Афганистанда жайланышкан Азия материгиндеги төмөнкү басымдын /995 мб/ областы. Азиялык депрессиянын төмөнкү бөлүгүн экватордук депрессия дейт/.

АЗИАТСКИЙ АНТИЦИКЛОН азиялык антициклон /атмосфералык аракеттин бир мезгилдик борбору: кыш айларынын көп жылдык орточо картасындагы борбору. Монголиянын территориясынан орун алган Азия материгиндеги жогорку басымдын областы. Борборундагы орточо басым 1030 мб/.



АЗИМУТ азимут /атмосферадагы кубулуштарды байкоо жүргүзүүдө байкоо чекитинин меридиан тегиздиги менен ошол чекит жана байкалып жаткан пункт аркылуу өткөн тик тегиздиктин аралыгындагы бурч. Эгерде ал географиялык меридиандан эсептелсе – чыныгы же астрономиялык, ал эми магниттик меридиандан эсептелсе-магниттик азимут делинип аталат. Азимут саат жебесинин айлануу багыты боюнча $0^{\circ}$тан $360^{\circ}$ чейин эсептелет/.

АЗОНАЛЬНОСТЬ ГИДРОЛОГИЧЕСКИХ ЯВЛЕНИЙ гидрологиялык кубулуштардын зонасыздыгы /жер астындагы жана агын суулардын режимдеринин гидрологиялык мүнөздөмөсүндөгү өзгөчөлүктөрү боюнча зоналык закон ченемдүүлүгүнүн айырмалуулугу. Гидрологиялык көрүнүштөрдүн зонасыздыгы негизинен жергиликтүү шарттын таасирине жараша болуп, жалпы закондуулуктан байланышын үзгөн учурда гана пайда болот/.

АЗОРСКИЙ АНТИЦИКЛОН азор антициклону /Азор аралдарына жакын жердеги тропикалык жана субтропикалык алкактардагы аба ырайы туруктуу болгон жогорку атмосфералык басымдын /1022 мб/ областы/.

АЗОРСКОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ азордук таасир /антициклондун Түндүк Атлантика океанынын субтропикасынан Европага таралышы жана анын таасири/.

АЗОТ азот /Азот Менделеевдик системанын 5 группасынын элементи, катар номери 7, атомдук салмагы 14,1008, абанын составына кирүүчү түссүз, жытсыз газ. Эки изотоптон турат; молекуласы эки атомдуу/$N_2$/, молекулярдык салмагы 28,016. Азот массасы 1 $м^3$, басымы сымап мамычасында 760 мм, температурасы $0^{\circ}$ болсо 1,25046 кг барабар; Бир атм. басымдагы кайноо температурасы – $195,8^{\circ}$; эрүү температурасы – $209,9^{\circ}$; Тропосферада көлөмү боюнча 78%, салмагы боюнча 75,5% түзөт. Азот стратосфера менен мезосферадагы абанын

эң маанилүү составдык бөлүгүн түзөт. Ионосферала азот иондошулган /электр заряддары бар/ атомдорго айланат/.

АЙСБЕРГ муз тоо /океан менен деңиздерде калкып жүргөн же алардын тайыз жеринде токтоп калган муз тоо. Ал материк муздарынын четтеринен жарылып /омурулуп/ бөлүнүшүнөн пайда болот. Көлөмүнүн 83-90% суу астында; суу үстүндөгү бөлүгүнүн орточо бийиктиги 70 м ден 100 м ге чейин жетет. Узуну жана туурасы бир нече километрге жетет. Ири Айсбергдер Антарктика, Канаданын арктикалык түндүк аралдарында жана Гренландияда көп пайда болот/.

АКВАТОРИЯ суу мейкиндиги /океан, деңиз, көлдөрдөгү же суу сактагычтардагы суу мейкиндигинин үстүңкү бети/.

АККЛИМАТИЗАЦИЯ климатка ылайыкташуу /организмдердин жаңы жашоо шартына көнүгүшү. Өсүмдүк менен жаныбарлардын акклиматизациясы, алардын организмде зат алмашуунун жана генетикалык түзүлүшүнүн өзгөрүүсүнөн болот. Бакма айбанаттардын, айдама өсүмдүктөрдүн түрлөрүндөй эле алардын жапайы түрлөрү да табигый шартка байыр алат/.

АККУМУЛЯЦИЯ аккумуляция/чогулуу, топтоо; гидрометеорологиялык, геологиялык процесстердин таасиринен талкаланган тоо тектеринин жана минералдык заттардын, органикалык калдыктардын деңиз, көл, суу сактагычтардын түптөрүнө топтолушу. Чөкмөлөрдүн деңиз түбүндө топтолушун субаквалдык аккумуляция, кургактыктагы субаэралдык А. деп аталат. Аккумуляциянын топтолгон орундары менен пайда болуу себептерине байланыштуу деңиз, көл, өзөн, шамал, мөңгү, органоген аккумуляциясы болуп бир нечеге бөлүнөт/.

АККУМУЛЯЦИЯ ВОДЫ суулардын топтолушу /І. бассейндин аянтына кар, муз, жаан жана агын суулардын убактылуу топтолушу; 2. кар эригенде же жамгыр жааганда жер астындагы суу запасынын көбөйүшү;



3. сууну суу сактагычтарда топтоштуруу/.

АКТИВНАЯ ТЕМПЕРАТУРА активдүү температура /І. вегетация мезгилинде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өнүгүү фазасы үчүн биологиялык минимумдан жогору болгон абанын температурасы; 2. айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тигил же бул түрлөрүнүн таралуу чөйрөсүн аныктайт/.

АКТИВНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ активдүү таасир /атмосфералык процесстерге, аба ырайына адамдын жасаган таасири айтылат. Техникалык куралдардын жардамы менен адам баласынын кийлигишүүсүнүн натыйжасында атмосфералык процесстердин жүрүшүнүн физикалык жана химиялык касиеттерин кыска мөөнөттө өзгөртүү/.

АКТИВНЫЙ СЛОЙ ПОЧВЫ топурактын активдүү катмары /жылуулук абалы радиациялык жана атмосферанын жылуулук алмашуу процесстери менен шартталган топурак кыртышынын үстүңкү катмары/.

АКТИВНЫЙ ФРОНТ активдүү фронт /І. булут системасы менен жаан-чачыны жакшы өнүккөн фронт; 2. аба толкундары менен куюндары мыкты өрчүгөн фронт/.

АКТИНОМЕТР актинометр /күн радиациясынын интенсивдүүлүгүн ченөөчү прибор. Актинометрдин иштөө принциби, күңүрт пластинка күн радиациясын өзүнө сиңирип алып, аны жылуулук энергиясына айландырууга негизделген. Күн радиациясынын интенсивдүүлүгү жылуулук калориясы/ кал., ккал; сек/см$^2$/менен ченелет. Жаратылышта чымкый кара нерсе кездешпегендиктен, практикада А. үчүн бети карартылган платина пластинкасы же көмүр иштары колдонулат. Алар күндүн жылуулугунун 98%ын сиңире алат. Күн радиациясын түз эле жылуулук калориясы менен ченөөчү приборлор абсолюттук актинометр деп аталат. Актинометр күн нурларынын энергиялык балансын жана кургакчылыкты изилдөө иштеринде колдонулат/.

АКТИНОМЕТРИЧЕСКАЯ СТОЙКА <u>актинометриялык туркук</u> /актинометрдик приборлорду /балансомер, актинометр, альбедометр/ орнотуп байкоо жургузуучу жыгач туркук; бийиктиги стандарт боюнча I,8-2 м /.

АКТИНОМЕТРИЧЕСКИЕ СРОКИ <u>актинометрдик мөөнөттөр</u> /актинометрдик байкоолорду жургузө турган жергиликтүү убакыт боюнча негизги мөөнөттөр: 0 саат 30 мин; 6 саат 30 мин; 9 саат 30 мин; I2 саат 30 мин; I5 саат 30 мин; I8 саат 30 мин/.

АКТИНОМЕТРИЯ <u>актинометрия</u> /геофизиканын атмосферада, гидросферада жана жер бетинде кун радиациясынын таралышын, өзгөрулушун изилдөөчү бөлүгү. Туз чачыраган жана узун толкундуу кун нурлары менен атмосферадагы радиация балансасын сан жана сапат жагынан изилдөө, атмосферада, гидросферада жана жер бетиндеги кун энергиясынын өзгөрүүлөрүн өлчөө методдорун иштеп чыгуу жана керектүү приборлорду ойлоп табуу, жасоо, кайрадан өркүндөтүү актинометриянын негизги милдети. Актинометрия атмосфералык оптика жана спектроскопия менен тыгыз байланыштуу. Ошондой эле гелиофизика менен жалпы катнашы бар. А. боюнча жургузулгөн эксперименттик байкоолордун теориялык иштердин жыйынтыктары климатологияда, айыл чарбасы менен өнөр жайда, медицинада, архитектурада, курулуш, транспортто, аэрология жана метеорологияда кенен колдонулат/.

АКТИНИОН <u>актинион</u> /Радиактивдуу газ-атомдук салмагы 2I9, атомдук саны 86. А. жер кыртышынан бууланып чыгып, анча көп эмес бирикмеси атмосферага аралашат да иондоштуруучу процесстерге катышат/.

АКУСТИЧЕСКИЙ ТЕРМОМЕТР <u>акустикалык термометр</u> /абанын температурасынын билинер билинбес болгон өзгөрүүсүн ченөөчү прибор;



абадагы үндүн таралуу ылдамдыгынын температурага көз карандылыгына негизделип жасалат/.

АКУСТИЧЕСКОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ <u>акустикалык изилдөө</u> /үндүн таралышын байкоо жургузуу жолу менен атмосферанын жогорку катмарын изилдөө/.

АКУСТИЧЕСКИЕ ЕДИНИЦЫ <u>акустикалык бирдиктер</u> /акустикадагы чондукторды ченөө жана туюнтууда колдонулуучу бирдиктер, мисалы: термелүүлөрдүн мезгили менен жыштыгынын, үн толкунунун узундугунун, анын таралуу ылдамдыгынын бирдиктери/.

АКУСТИЧЕСКИЕ ИЗМЕРЕНИЯ <u>акустикалык ченөө, өлчөө</u> /суюктуктар менен газдардагы тараган үндөрдү жана чууларды мунөздөгөн чондукторды ченөөчү ыкмалар жана куралдар. А.-лык өлчөөдө жургузулуучү негизги чондукторго: үндүн басымы, интенсивдүүлүгү, термелүүнүн ылдамдыгы, жыштыгы, мезгили жана басандоо коэффициенти кирет. Акустикалык ченөөлөр учун негизинен электрондук аппараттар колдонулат/.

АКУСТИЧЕСКИЙ ВЕТЕР <u>акустикалык шамал</u>

АЛЕУТСКАЯ ДЕПРЕССИЯ <u>алеут депрессиясы</u> /көп жылдык орточо картадагы төмөнкү атмосфералык басымдын областы. Ал Тынч океанынын түндүк тарабындагы Алеут аралдарын кучагына алып, атмосфералык аракеттин негизги борборлорунун бири. Алеут депрессиясы кышында /январдагы карта боюнча деңиз деңгээлиндеги борбордук бөлүгүндө 1000 мб дан төмөн/терең, жайында жокко эсе болот/.

АЛЛЮВИАЛЬНЫЕ ВОДЫ <u>аллювий суулары</u> /азыркы кездеги жана байыркы агынды, шилеңди /аллювий/ борпоң чөкмө катмарларга сиңип жаткан суулар/.

АЛЛЮВИАЛЬНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ <u>аллювиалдык чөкмө</u> <u>к.</u> АЛЛЮВИЙ



ОСБ ...ЛР

АЛЛЮВИЙ шилеңди, сайроон /аллювий чөкмөлөрү агып келип суу-дарыя куктарына, сайларга топтолгон кесек, борпоң чөкмөлөр. Демек, аллювий агын суулардын аракетинин натыйжасы/.

АЛЬБЕДО альбедо /асман телолорунда, планеталардын нур чагылдыруусун мүнөздөөчү фотометриялык чоңдук. Альбедо чыныгы жана көрүнүүчү болуп экиге бөлүнөт. Чыныгы альбедо асман телосунан чагылган нурдун түшүүчү нурдун агымына болгон катышы менен өлчөнөт. Көрүнүүчү альбедо планеталардын жарыктыгынын чоңдугун мүнөздөйт. Толук чагылдыруучу бет үчүн альбедонун чоңдугу бирге ал эми чыныгый кара нерсе үчүн нөлгө барабар, мисалы, планеталардын альбедосу ар кандай: Меркурийдики 0,10; Чолпондуку 0,76; Марстыки 60,15; Юпитердики 0,45; Сатурндики 0,50; Урандыки 0,66; Жердики 0,39; Айдыкы 0,05 тен 0,2 ге чейин/.

АЛЬБЕДО ЕСТЕСТВЕННОЙ ПОВЕРХНОСТИ жердин бетинин альбедосу /жер бетиндеги табигый нерселердин /кардын, кара көңдүү өтөктүн, айдоо аянтынын, дыңдардын ж.б./ күндүн нурларын чагылдырууга болгон жөндөмдүүлүгү, мисалы, ным дуу топурактыкы 5-10%, кара топурактыкы 15%, шалбааныкы 20-25%, айдоо аянттардыкы 10-25%, токойлордуку 5-20%, жаңы түшкөн кардыкы 70-90%, суунун үстүнкү бетиники 70-80% ж.б./.

АЛЬБЕДОМЕТР альбедометр /ар түрдүү табигый беттердин чагылдырууларын ченөөчү прибор/.

АЛЬПИЙСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ альпы метеорологиясы /тоо метеорологиясы. Биринчи жолу метеорологиялык байкоолор Альпы массивинде жүргүзүлгөндүктөн тоо метеорологиясы, Альпы метеорологиясы деп айтылат/.

АЛЬПИЙСКАЯ ТУНДРА альпы тундрасы /тундрага мүнөздөш болгон тоолуу климаттын вертикалдык алкагы. Ал кар сызыгы /мөңгүлөрдүн ортосу/ менен жайкы изотерманын +10° унун ортосунда жатат/.



АЛЬПИЙСКИЕ ЛЕДНИКИ альпы мөңгүлөрү /тоодогу өрөөндөрдүн төрлөрүнөн орун алып, кооба-кардуу жана этеги ачык бөлүнгөн мөңгүлөр/.

АЛЯСКИНСКАЯ ДЕПРЕССИЯ аляска депрессиясы К. АЛЕУТСКАЯ ДЕПРЕССИЯ/.

АМПЛИТУДА амплитуда /байкоо жүргүзүп жаткан учурдагы гидрометеорологиялык элементтердин максималдуу жана минималдуу маанилеринин мезгил-мезгили менен термелүүсүнүн айырмасы. Көбүнчө суткалык жана жылдык амплитуда айтылат/.

АМПЛИТУДА КОЛЕБАНИЙ ГИДРОЛОГИЧЕСКИХ ХАРАКТЕРИСТИК гидрологиялык мүнөздөмөлөрдүн термелүүсүнүн амплитудасы /гидрологиялык кубулуштардын мүнөздөмөсүндөгү эң жогорку жана эң төмөнкү чоңдуктардын айырмасы, суунун расходунун белгилүү мезгилдеги эң жогорку жана төмөнкү чоңдугунун айырмасынын термелүүсү/.

АНАЛИЗ ВОДЫ суунун анализи /суунун физикалык, химиялык, биологиялык жана техникалык касиетин аныктоо. Физикалык касиети боюнча суунун температурасы, тунуктугун, түсүн, даамын, жытын аныктайт. Химиялык анализдөөнүн натыйжасында суудагы водороддун иондорунун концентрациясын /PH/, эриген кислородду /$O_2$/, темирдин /Fe/, фосфордун /P/, кремнийдин /Si/, аммоний иондорун /$NH_4$/, гидрокарбонаттардын иондорун /$HCO_3$/, кальцийдин /$Ca^{2+}$/, магнийдин /$M^2$/, сульфаттын /$SO_4$/, хлоридин /Cl/ аныктайт. Техникалык максат боюнча анализдөө жолу менен суудагы иондордун эрүүчүлүгүн, газдуулугун изилдейт. Биологиялык өзгөчөлүгүнө суудагы бактериялардын, курт-кумурскалардын саны жана составы кирет/.

АНАЛИЗ СИНОПТИЧЕСКОЙ КАРТЫ синоптикалык картаны анализдөө /аба ырайын алдын ала айтуу үчүн синоптикалык картага изобар

жана ар түрдүү изолинияларды жүргүзүү, аба фронтторду кайгашкан чөйрөлөрдү табуу, жаан-чачындуу зоналарды бөлүү өңдөнгөн техникалык операциялар/.

АНАЛИЗ СИНОПТИЧЕСКОГО ПОЛОЖЕНИЯ синоптикалык абалдын анализи /белгилүү райондун атмосфералык абалын изилдөө үчүн синоптикалык карталарга жана башка материалдарга вертикалдык кесинди, аэрологиялык диаграммаларды жүргүзүү/.

АНАЛИЗАТОР анализатор /жарыктын полярданышынын даражасын аныктоочу прибор. Анализаторго Николдун призмасы же турмалин пластинкасы колдонулат/.

АНАФРОНТ анафронт /фронталдык тегиздиктин бети менен жылуу аба массасынын көтөрүлүүчү фронту/.

АНАЭРОБНЫЙ ПРОЦЕСС анаэробдук процесс /эркин кислороду болбогон чөйрөдөгү өсүмдүктөр менен жаныбарлардын калдыгынын чирүү процесси/.

АНГЛИЙСКАЯ БУДКА англис будкасы /психрометрдин будкасы/.

АНГЛИЙСКАЯ МИЛЯ англиялык миля /жол узундугун өлчөөсү; бул ар өлкөдө ар түрдүүчө болот. Англиялык миля 1609,3 м барабар; деңиз милясы 1852 м, географиялык миля 7420 м/.

АНГСТРЕМ ангстрем /метрдин он миллиарддан бир үлүшүнө барабар болгон узундук бирдиги. A° тамгасы менен белгиленет/.

АНЕМОГРАММА анемограмма /анемографтын лентасына шамалдын багыты менен ылдамдыгынын өзгөрүшүн автоматтык жол менен жазуу/.

АНЕМОГРАФ анемограф /шамалдын багытын, ылдамдыгын регистрациялоо үчүн өзү жазып туруучу прибор. Ал анеморумбограф деп да аталат. Шамалдын ылдамдыгынын прибордогу анемометр, ал эми багытын



болсо флюгарка кабыл алат. Кабыл алган маалыматтар өзү жазуучу прибордун кабыл алуучу тетигине механикалык, контакттык, аэродинамикалык /прибордун конструкциясына жараша/ жолдор менен жетип турат. Белгилүү аралыктан туруп, шамалдын багыты менен ылдамдыгына байкоолорду жүргүзүү үчүн трансометрлүү анемограф колдонулат/.

АНЕМОКЛИНОМЕТР анемоклинометр /горизонталдык тегиздикке карата соккон шамалдын жантайма бурчун өлчөөчү прибор/.

АНЕМОМЕТР анемометр /шамалдын, суюк газдардын ылдамдыгын, ал эми кээ бир конструкциялары боюнча багытын дал өлчөөчү прибор. Ал томпок тарабы бир жакты карап турган төрт чөйчөкчөдөн турат. Алар темирдин жогору жагына кайчылаштырып бекитилет; чөйчөкчөлөрдүн ичине урунган шамалдын аракетинен кыймылга келип, кыймыл ок темирдин төмөнкү учундагы эсептөөчү механизмдин жебесин иштетет. Айлануунун санына жараша шамалдын ылдамдыгы жазыла баштайт/.

АНЕМОМЕТРИЧЕСКАЯ МАЧТА анемометрдин мамысы /жердин кыртышынан ар кандай бийиктикте орнотулуучу анемометрлердин мамысы. Жер бетине жакынкы чөйрөдөгү шамалдын ылдамдыгынын вертикалдык багыт боюнча микроклиматтык өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн колдонулат/.

АНЕМОМЕТРИЧЕСКАЯ С"ЕМКА анемометрдик с"емка /көчүрүү/ кээ бир территориядагы шамалдын бөлүнүшүн изилдөө. Чөйрөнүн же шаарлардын микроклиматтык шартын изилдөө үчүн колдонулат/.

АНЕМОМЕТРИЯ анемометрия /шамалдын багытын жана ылдамдыгын ченөө, регистрациялоо, ошондой эле, тиешелүү приборлорду конструкциялоо жана пайдалануу методдору жөнүндөгү илим/.

АНЕРОИД анероид /атмосфералык басымды өлчөөчү прибор. Ичиндеги абасы соруп алынган жана серпилгич болуу үчүн бүрмөлөнгөн

жука металл кутучалан турат. Абанын басымы кетерулгенде, кутучa кысылып, езуне бекитилген пружинаны тартат да кутучанын устунку капталы котерулот. Пружинанын мындай езгеруштүү рычаг аркылуу ага бекитилген жебеге берилет. Жебенин кыймылы шкала боюнча басымды керсетет/.

АНОМАЛИЯ __аномалия__ /гидрометеорологиялык элементтердин мезгил жана мейкиндик боюнча орточо маанисинен четтеши, ош-кыйшы/.

АНТАРКТИКА __Антарктика__ /Антарктида материгин жана аны курчап жаткан океан мейкиндиктери менен андагы сансыз аралдарды камтыган туштук полярдык область. Чек арасы болжол менен Антарктика конвергенциясынын тундук абалынын сызыгы боюнча, б.а. 48-60° туштук кендиктеги аралыкта өтөт. Ага ушул сызыкка жакын жаткан Принс-Эдуард, Крозе, Макуори аралдары да кирет. Аянты 52,5 млн. км² ге жакын. Алар антарктика жана субантарктика географиялык алкактарында жайгашкан. Биринчиси Антарктида материги жана аны курчап жаткан дайыма калкып жүрүүчү муз тоолор менен аралдарды кучагына алат. Экинчисине кышында муз каптаган, жана тоңбогон океан мейкиндиги менен аралдар кирет/.

АНТАРКТИЧЕСКИЙ АНТИЦИКЛОН __Антарктикалык антициклон__ /көп жылдык орточо карта боюнча антарктиканын үстүндөгү аба ырайы туруктуу болгон басымы жогорку /700 мб/ область/.

АНТАРКТИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ __Антарктикалык аба__ /антарктика жана ага чектеш жаткан муздар менен океандардын үстүндө пайда болгон аба массасы. А. а. __континенталдык__ /материктин үстүндө пайда болгон/ жана __деңиздик__ /жогорку кендиктин океандарынын үстүндө өчактан берки/ делинип бөлүнөт/.



АНТАРКТИЧЕСКИЙ ФРОНТ __антарктикалык фронт__ /туштук жарым шардын полярдык деңиздик абасы менен антарктикалык абанын ортосундагы кагылышуу Антарктиданы курчап жаткан океандын үстүндө (60-65°тук кендикте) пайда болот/.

АНТЕЦЕДЕНТНЫЕ РЕКИ антецеденттик суулар /кырка тоолорду туурасынан кесип өткөн кууш жана терең капчыгайлар менен аккан суулар, мисалы, Боом капчыгайын бойлоп аккан Чүйдүн суусу. Какшаал кырка тоосун кесип өткөн Какшаал, Чоң-Үзөнгү-Кууш жана Сары-Жаздын суулары ж.б./.

АНТИДЮНЫ __антидюндар__ /көлдөрдүн түбүндөгү чөкмөлөрдүн толкундун натыйжасында кырданып калышы/.

АНТИЛЬСКИЙ УРАГАН __антиль бороону__ /Антиль аралдары менен Кариб деңизине жакын чөйрөдө пайда болгон тропикалык циклон/.

АНТИЛЬСКОЕ ТЕЧЕНИЕ __антиль агымы__ /Чоң Антиль аралдарынын түндүк тарабы менен өтө турган Түндүк Пассат агымынын бир тармагы. Ал Флорида агымына кошулуп, Гольфстримди пайда кылат/.

АНТИМУССОН __антимуссон__ /тропосферада пайда болуп төмөн жагындагы муссонго карама-каршы жылган аба массасы/.

АНТИПАССАТ __антипассат__ /тропосфера менен стратосферанын ортосунда пайда болуп тропикалык кендикти бойлоп, Чыгыш Пассаттын үстү менен батыштан соккон аба массасы/.

АНТИЦИКЛОЛИЗ __антициклолиз__ /антициклондун борборундагы атмосфералык басымдын азайышынын натыйжасында бороондун күчүнүн кайтышы/.

АНТИЦИКЛОН __антициклон__ /аба ырайы туруктуу болгон жогорку атмосфералык басымдын аймагы/.

АНТИЦИКЛОНИЧЕСКАЯ ИНВЕРСИЯ __антициклондук инверсия__ /жогор-

ку атмосфералык басым үстөмдүк кылган мезгилдеги температуранын алааттагыдан башкача абалды көрсөтүшү/.

АНТИЦИКЛОНИЧЕСКАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ антициклондук циркуляция /жогорку атмосфералык басым үстөмдүк кылган мезгилдеги аба массасынын кыймылынын системасы, мисалы, түндүк жарым шарда борбордук сааттын жебеси боюнча, ал эми түштүк жарым шарда тескерисинче айланышы/.

АНТРОПОГЕН антропоген к. ЧЕТВЕРТИЧНЫЙ ПЕРИОД

АНТРОПОГЕННЫЕ ИЗМЕНЕНИЯ КЛИМАТА климаттагы антропогендик өзгөрүлүш /дың жерлерди өздөштүрүү, саздарды кургатуу, айыл-кыштактарды жана шаарларды кеңейтүү, бак-дарактарды тигүү жолу менен жергиликтүү климатты пайда кылуу – шамалдын күчүн басаңдатуу, жаан-чачындын нымынын сакталышын узартуу ж.б. иштери/.

АПРЕЛЬСКАЯ ПОГОДА апрелдин аба ырайы /бул термин биринчи жолу Германияда, "Aprilwetter " деген ат менен пайда болуп жазындагы жаан-чачындуу ала-шалбырт мезгил айтылат/.

АРГОН аргон /Менделеевдин мезгилдик системасынын ноль группасынын элементи ; катар саны 18, атомдук салмагы 39,94 ; түссүз, жытсыз, башка заттар менен реакцияга кошулбай турган инерттүү газ ; -185,83° та кайнайт ; -189,3° эрийт, атмосферанын төмөнкү катмарындагы көлөмү 0,93%, массасы 1,28%. Жердин кыртышында $4 \cdot 10^{-4}$% аргон кездешет/.

АРИДНАЯ ЗОНА ариддик зона /климаты кургак болгон, сугатсыз дыйканчылык иштерин жүргүзүүгө мүмкүн болбогон географиялык зона/.

АРИДНЫЙ КЛИМАТ ариддик климат /абанын орточо жылдык температурасы белгилүү нормадан жогору болгондуктан бууланyy процесси нымдалуу процессинен активдүүлүк кылган кургак климат ;



Н.В.Ивановдун эсептөөсү боюнча нымдалышуу коэффициенти 30%тен кем болгон учурда кургак климат пайда болот ; жерди сугармайынча дыйканчылык кылууга мүмкүн эмес/.

АРКТИЧЕСКАЯ АТМОСФЕРА арктикалык атмосфера /арктикалык кеңдикке /60-90°/мүнөздүү болгон стандарттуу атмосфера. Жайкы жана кышкы арктикалык атмосфера делинип бөлүнөт/.

АРКТИЧЕСКИЙ АНТИЦИКЛОН арктикалык антициклон /Арктиканын үстүндөгү көп жылдык орточо картада атмосфералык басымы жогорку областы. Кышында арктикалык антициклондун эки борбору пайда болот. Биринчиси Американын үстүндө, экинчиси Гренландиянын үстүндө, жайында үч борборго бөлүнөт: Гренландия, Баренц деңизи жана Чукот деңизинин түндүгүндө. Уюлдун үстүндө басым кыйла төмөн болот/.

АРКТИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ арктикалык аба /арктиканын үстүндө Түндүк полярдык деңизде пайда болгон муздак, нымдуулугу аз жана таза аба. Кышында а. а. Таймыр, Колыма жана Чукотка, Арктикалык Америка материктеринин жээктеринде да пайда болот. А.а. түштүк тарапка жылганда материктин үстүн бир топ муздатат бирок, бара-бара температурасы жогорулай баштайт/.

АРКТИЧЕСКИЙ И АНТАРКТИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ Арктика жана Антарктида институту /Арктикалык деңиздерди, ага чектеш жаткан Түндүк Муз океанынын бөлүктөрүн, Атлантика океанынын түндүк тарабын, антарктикалык суу мейкиндигин жана Антарктида материгин комплекстүү изилдөөгө арналган илим-изилдөө институту. 1920-жылы Ленинград шаарында Түндүк илим-изилдөө экспедициясы деген ат менен ачылып, 1925-жылы Түндүктү изилдөө боюнча Институт, 1930-жылы Бүткүл союздук арктикалык Институт, ал эми 1958-жылы Арктика жана Антарктика илим-изилдөө Институту /ААНИ/ делинип аталган.

1967-жылы полярдык областтардын гидрологиялык режимин, климатын жана синоптикалык режимин изилдөөдөгү жетишкен ийгиликтери үчүн Ленин ордени менен сыйланган/.

АРКТИЧЕСКИЙ КЛИМАТ арктикалык климат /Арктикага мүнөздүү дайыма суук өкүм сүргөн климат. Ал негизинен күн кыйгач тийип, радиациясынын аз өлчөмдө түшүүсүнүн жана түбөлүк муздардын какаарынын таасиринен пайда болот. Абанын орточо температурасы дайыма 0°тан төмөн болуп, минималдуу чеги −50°ка жетет. Туман, булут каптап, үзгүлтүксүз бороон болуп турат. Жаан-чачыны аз /100-200 мм/. Сейрек байкалуучу жылуу күндөрдүн саны жылына жайкысын бир ай, жээктерде 2-3 ай гана болот/.

АРКТИЧЕСКИЙ ФРОНТ арктикалык фронт /түндүк жарым шардагы арктикалык жана полярдык /мелүүн/ абанын ортосундагы фронт. Арктикалык фронт түндүк жарым шардын арктикалык бөлүгүнүн бир нече жеринде пайда болот; алардын өзгөчө белгилүүлөрү Европа материгинин түндүк тарабында Түндүк Муз океанында, экинчиси Американын түндүгүндө кездешет/.

АРКТИЧЕСКОЕ ВТОРЖЕНИЕ арктикалык каптоо /арктикалык суук абанын орто кеңдик тарапка чейин каптап кирүүсү менен абанын температурасын төмөндөтүп, басымды көтөрүп, абанын нымдуулугун жогорулатуусу. Көпчүлүк учурда мындай каптоо Түндүк Африкага, Кичи Азияга жана Флоридага чейин жетет. Ушундай эле каптоо Антарктида материгинен Австралия жана Түштүк Америкага чейин жетет/.

АРТЕЗИАНСКИЕ ВОДЫ артезиан суулары /жер астында суу өткөрбөөчү катмарлардын гидравликалык кысымында жаткан суулар. Жердин үстүңкү сууларга салыштырганда алар байыркы заманда пайда болуп, туздуу составдагы минералдарга каныккан. Көбүнчө антропогендик мезгилге чейинки тоо тектеринин геологиялык ири структу-



раларында кездешет. Орун алган тереңдиги 50 метрден 8 миң метрге чейин жетет. Мындай тереңдиктеги сууларды бургулоо жолдору менен чыгарууга болот. Бир нече геологиялык структуранын арасындагы сууларды артезиан бассейни деп атайт. Артезиан сууларынын өлчөмү, кысымы, булактын ордуштап чыгышы атмосфералык жаан-чачынга, климаттык шартка, ошол чөйрөнүн геологиялык түзүлүшүнө байланыштуу. Артезиан бассейндеринин эң жогорку жагында гидрокарбонаттуу туз-суз, ортосунда сульфат-шакардуу, түп жагында хлориддүү келген туздуу суулар жолугат. А.с. Кыргызстандын Чүй, Ысык-Көл, Фергана өрөөндөрүндө жана Тянь-Шань тоолорунун бийик өрөөндөрүндө /Чатыр-Көл, Соң-Көл ж.б./ көп кездешет/.

АРТЕЗИАНСКИЙ КОЛОДЕЦ артезиан кудугу /жер астында чөйчөк сыяктуу абалдагы суу өткөрбөөчү эки катмардын арасында жайгашкан сууну скважина менен бургулаганда фонтандай атылып чыгышы. Мындай кудук биринчи жолу XII кылымда Францияда Артуе провинциясында казылган. Ошондон улам артезиан кудугу деп аталып калган. Артезиан кудуктары Кыргызстандын бардык райондорунда кеңири пайдаланууда/.

АРЫК арык /Орто Азияда табигый же жасалма суу нугу. Суу бөлүштүрүү жана керектүү жерге жеткирүү үчүн пайдаланылат. Кийинки кездерде жасалма чоң арыктар – канал, ал эми чоң чарба ичиндеги майда суулар – арык деп аталып калды/.

АРХИПЕЛАГ архипелаг, топ арал /деңизде бири-бирине жакын жатып, жалпысынан бирдиктүү, чоңдугу ар кандай келген бир нече аралдардын тобу. Архипелаг аралдарынын пайда болуу шарттары бирдей, геологиялык түзүлүштөрү боюнча окшош. Булар материктик /Жаңы-Жер/, коралл /Маршалл аралдары/, вулкан /Гавана аралдары/ деп бөлүнүшөт/.

АСИММЕТРИЧНЫЕ ДОЛИНЫ асимметриялык өрөөн /туурасынан кесилген профили боюнча капталдары бирдей бийиктикте жана узундукта болбогон /асимметриялык/ өрөөндөр/.

АСТРОНОМИЧЕСКИЕ ВРЕМЕНА ГОДА астрономиялык жыл мезгилдери /жер шары өзүнүн орбиталык жолун бир жыл ичинде айланып чыгышынын негизинде пайда болгон кышкы жана жайкы чилделер, күн менен түндүн теңелиш мезгилдеринин пайда болуш учуру; жаз -2I марттан 22-июнга чейин, жай-22июндан 23-сентябрга чейин, күз - 23-сентябрдан 22-декабрга чейин, кыш 22-декабрдан 2I-мартка чейин болот/.

АСТРОНОМИЯ астрономия /асман телолорунун системалары жана түзүлүшү-бүткүл аалам жөнүндөгү илим. Гидрометеорологиялык илим менен байланышы тыгыз, себеби астрономия Күн системасындагы телолорду, жылдыздарды, алардын асман мейкиндигиндеги бөлүнүшүн, физикалык касиеттерин, пайда болушун, өнүгүшүн жана өз ара аракеттерин үйрөтөт/.

АСТРОНОМИЧЕСКИЕ ОБСЕРВАТОРИИ И ИНСТИТУТЫ астрономиялык обсерваториялар жана институттар /астрономияда асмандын жарык чыгаруучуларын, кубулуштарын жана космостук ар түрдүү байкоолорду жана илимий жактан изилдөөчү мекемелер. Алар Бюрокан /Ереванга жакын жерде/, Крым /Симферополго жакын/, Абастуман /Боржоми шаарына жакын/, Голосеев /Киевдин жанында/, Шемаха /Бакунун жанында/ обсерваториялары; астрономиялык институттардын эң ириси Москва университетинин П.К.Штернберг атындагы мамлекеттик жана Ленинграддагы теориялык астрономиялык институт/.

АСТРОФИЗИКА астрофизика /астрономия илиминин галактиканын, планеталардын, жылдыздардын ж.б. асман телолордун физикалык табиятын, химиялык составын жана алардын метеорологиялык ар түр-



дүү кубулуш,процесстерге /радиация, шоола, циркуляция ж.б./ тийгизген таасирин изилдөөчү тармагы/.

АТМОСФЕРА атмосфера /жер шарын курчап турган аба кабыгы, жерди курчап аны менен бирдикте кошо айланып туруучу газ чөйрөсү жайгашкан мейкиндик. Атмосферанын массасы 5,I5.I0$^{15}$ тоннага жакын. Атмосфера төмөнкү беш катмардан турат: тропосфера /8-I8км чейин/, стратосфера /I8-40 км/, мезосфера /40-50 - 80-85 км/, термосфера же ионосфера /80-85 - 500-800 км/жана экзосфера 800 кмден жогору. Атмосфера негизинен азот менен кычкылтектен турат да, составында аргон, көмүр кычкыл газ, неон ж.б. бар. Ошондой эле атмосферада дайыма суу буусу, чаң, суу тамчылары, муз кристаллдары болот/.

АТМОСФЕРНАЯ ВОДА атмосфералык суу /атмосфералык абанын составындагы муз кристаллдар, буу, тамчы түрүндөгү суюктуктар/.

АТМОСФЕРНАЯ ЗАСУХА атмосфералык кургакчылык /жаан-чачыны белгилүү нормадан аз болгон учурдагы кургакчылык/.

АТМОСФЕРНАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ атмосфералык циркуляция /жалпы жер шарынын же анын бир бөлүгүнүн үстүндөгү атмосфералык абанын жылышуу системасы/.

АТМОСФЕРНОЕ ДАВЛЕНИЕ атмосфера басымы /атмосферадагы абанын жер бетине жана андагы бардык нерселерге гидростатикалык басымы. Атмосфералык басым - атмосферанын абалын мүнөздөөчү негизги чоңдук, атмосферанын ар бир чөйрөсүндөгү басымы анын жогорку жагындагы абанын салмагына жараша болот. Бир кубометр абанын салмагы I,2928 г; ал Iсм$^2$ аянтка I033 г басым жасайт. А.басымы барометр же гипсотермометр менен өлчөнөт. Ал миллибар /мбар/, ньютондун чарчы метрге болгон катышы /н/м$^2$/ же 0$^{\circ}$Cга келтирилген барометрдеги сымап мамычасынын бийиктиги /760 мм/ жана ордук күчү-

нун ылдамдануусунун нормалдык/ 45° кеңдиктеги деңиз деңгелинин абалына карата/чоңдугу менен туюнтулат. Кабыл алынган нормалдуу атмосфера басымы 760 мм сымап мамычасында = 1013,25 мбар =101325 н/м². Бийиктик жогорулаган сайын басым азая берет, мисалы 5 км бийиктиктеги басым жер бетине салыштырганда 2 эсеге аз. Деңиз деңгээлиндеги байкалган эң төмөнкү басым 584 мм, эң жогоркусу 808,7мм/.

АТМОСФЕРНОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ атмосфералык шоола /Атмосфера менен булуттардагы узун толкундагы /узундугу 4 төн 120 мкм/ шоола. Суунун буусу атмосфералык шооланын таралышына көп көмөкчү болот. А. шооланын 70%ке жакыны жерге чейин жетет, калган 30%ти кайра чагылып дүйнөлүк мейкиндикке тарап кетет/.

АТМОСФЕРНОЕ ТЕЧЕНИЕ атмосфералык агым /атмосферадагы аба массаларынын горизонталдык багыт боюнча жылышып которулушу/.

АТМОСФЕРНОЕ УВЛАЖНЕНИЕ атмосфералык нымдалуу /Жер бетиндеги табигый жана айдоо өсүмдүктөрдү ным менен камсыз кылуунун даражасы. Ал жаан-чачын менен буулануунун /Н.Н.Ивановдун нымдалуу коэффициенти/, жаан-чачын менен жер бетинин радиациялык балансынын /М.И.Будыконун кургактык индекси/ же жаан-чачын менен температуранын суммасынын /Г.Т.Селяниновдун гидротермикалык коэффициенти/катыштары менен мүнөздөлөт/.

АТМОСФЕРНЫЕ ВОЛНЫ атмосферадагы толкундар /аба агымдарынын төө өркөчтөнүп таралуу процесси, б.а., тыгыздыктары жана жылышуу ылдамдыктары менен айырмаланган эки түрдүү аба массасынын чек арасындагы өз ара кагылышуулар/.

АТМОСФЕРНЫЕ ОСАДКИ атмосфералык жаан-чачын к. ОСАДКИ

АТМОСФЕРНЫЕ ИОНЫ атмосферадагы иондор /атмосферадагы электр заряды бар бөлүкчөлөр. Атмосферанын төмөнкү катмарындагы заряддал-



ган молекулалар, алардын комплекстери, көзгө илээшпеген катуу жана суюк кыпындар ж.б. молекулалык түзүлүштөр. Атмосферадагы иондор атмосферадагы ар түрдүү ионизаторлордун таасиринин натыйжасында пайда болот/.

АТМОСФЕРНЫЕ ЯВЛЕНИЯ атмосфера кубулуштары /метеорологиялык байкоолордун практикасында метеорологиялык станцияларда жана анын чөйрөсүндө атмосфералык үч кубулушту белгилөө. Ал жаан-чачын менен тумандын ар кандай түрлөрү; бурганак, электрдик кубулуштар, күн күркүрөө, чагылган, куюн, тайгалак, кар катмары ж.б./.

АТМОСФЕРНЫЙ АЭРОЗОЛЬ атмосферадагы аэрозоль /атмосферадагы молекулярдык көлөмдөн бир аз чоңураак, бирок калкып жүрүүчү катуу жана суюк бөлүкчөлөр. Алар негизинен жерден же космостон келген чаңдар, деңиз туздары, токойдогу өрттүн түтүнү, жанар тоолордон атылган кыпындар ж.б., ошондой эле өнөр жай ишканалардан учкан чаң, түтүндөр. Аэрозолдорго дагы өсүмдүктөрдүн чаңы, микроорганизмдер кирет/.

АТМОСФЕРНЫЙ ЛЕД атмосфералык муз /атмосферадагы калкып жүргөн муз кристаллдары – кар бүртүгү, кар, кыроо, тоңголок ж.б./.

АТМОСФЕРНЫЙ СТОК атмосфералык агым /атмосферадагы абанын жылышы менен бирге нымдуулуктун буулануусу бир жерден экинчи бир жерге алынып кетиши/.

АТОМ атом /химиялык элементтердин эң майда бөлүкчөлөрү. Бул бөлүкчөлөрдө элементтин химиялык бардык касиети сакталган. Атомдор ар бир химиялык элементтин өзүнө таандык болуп, ал оң заряддагы оор ядродон жана терс заряддагы жеңилирээк электрон-

дордон турат. Төрө электрондордун заряддарынын суммасы ядронун оң зарядына барабар болуп, атом жалпысынан нейтралдуу. Ядро протондор менен нейтрондордон турат. Ядронун массасы атомдук массасынын 99,95% ине барабар, калган 0,5% масса электрондордун үлүшүнө калат. Электрондор ядронун тегерегинде айлануу менен электрондуу булуттарды түзөт/.

АТОМАРНЫЙ АЗОТ атомардык азот /молекуласы атомдорго ажыраган /бөлүнгөн/ азот. 250-300 км бийиктиктеги ионосферада анча көп эмес санда пайда болот/.

АТОМАРНЫЙ КИСЛОРОД атомардык кислород /молекуласы атомдорго ажыраган кислород/.

АФГАНЕЦ афганец /Аму-Дарьянын жогорку агымын бойлоп түштүк батыш тарапка карай соккон өтө чаңдуу, кургак жергиликтүү шамал. Термез шаарында жылына 40-70 күн афганец шамалы болот. Ал Туран ойдуңуна муздак аба массасынын капташынын натыйжасында пайда болот/.

АЭРАЦИЯ ПОТОКА агымдын аэрациясы /суу катуу ылдамдыкта /шар/ акканда анын составына аба аралашып көбүктөнүүсү. Сууда аэрация болуш үчүн агымнын ылдамдыгы 14-15 м/сек чамасында болуу керек/.

АЭРАЦИЯ ПОЧВЫ топурактын аэрациясы /жердин кыртышынын абасы менен атмосферадагы абанын орун алмашуулары/.

АЭРОБИОЛОГИЯ аэробиология /атмосферада калкып жүргөн жандуу микроорганизмдерди таралышын /чымын-чиркей,өсүмдүктөрдүн ар түрдүү кыпындарын/ изилдеп, алардын кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн шамалга,турбуленттике болгон таасирин үйрөтүүчү илим/.

АЭРОДИНАМИКА аэродинамика /механика илиминин аба чөйрөсүнүн кыймыл закондорун жана абада жүрүүчү катуу нерселердин кыймыл күчтөрүнүн кырдалын изилдөөчү бөлүгү/.



АЭРОДИНАМИЧЕСКАЯ СИЛА аэродинамикалык күч /кыймылдагы катуу нерсеге /м.: самолёттун канатына/ аба массасынын тоскоолдук кылган күчү/.

АЭРОКЛИМАТОЛОГИЯ аэроклиматология /эркин атмосферанын климаты, б.а. жерден 20-25 км бийиктиктеги стратосфера жана тропосферадагы аба катмарынын климаттык шартын жөнүндөгү илим/.

АЭРОЛОГ аэролог /атмосферанын бийик катмарын изилдөөчү илимий же оперативдик кызматкер/.

АЭРОЛОГИЧЕСКАЯ ОБСЕРВАТОРИЯ аэрологиялык обсерватория /эркин атмосферадагы кубулуштарга байкоо жүргүзүүчү илимий мекеме/.

АЭРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ аэрологиялык станция /аэрологиялык жана метеорологиялык байкоо жүргүзүүчү жана маалыматтарын иштеп чыгып тийиштүү уюмдарга жеткирип туруучу станция/.

АЭРОЛОГИЧЕСКИЙ ПРИБОР аэрологиялык прибор /жер бетинен ар түрдүү бийиктиктеги атмосфералык кубулуштарды жазып алуучу прибор/.

АЭРОЛОГИЧЕСКОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ аэрологиялык иликтөө /аэрологиялык куралдарды аба мейкиндигине чыгаруу менен атмосфералык кубулуштарды /температура, басым, нымдуулук, шамал ж.б./ иликтөө/.

АЭРОЛОГИЯ аэрология /эркин атмосфераны изилдөөнүн методдору жөнүндөгү илим/.

АЭРОСТАТИКА аэростатика / газ түрүндөгү чөйрөлөрдүн тең салмактуулугун изилдөөчү аэродинамикалык илимдин бөлүгү/.

АЭРОФОТОСЪЕМКА аэрофотосъемка /жердин бетиндеги табигый объектилерди, жасалма кубулуштарды асмандан жүрүп, самолёт, жердин спутниктеринин жардамы менен сүрөткө тартып изилдөө жолу/.

БАЗИС ОБЛАКА булуттун базиси /асмандагы булуттун төмөнкү чек арасы/.

БАЙ-У бай-у /Түштүк Япония менен Чыгыш Кытайдагы жай мезгилиндеги жаан-чачындуу мезгил. Японияда июнь айынын жарымынан июль айынын жарымына чейин созулат, ал эми Кытайда - май, июнь айлары. Бай-у мезгилиндеги жаан-чачындын саны жана узактыгы күрүчтүн мол түшүмүн камсыз кылат/.

БАКИНСКИЙ НОРД Баку норду/Апшерон жарым аралындагы жергиликтүү шамал. Баку шаарында мындай шамал жылдын бардык мезгилинде байкалат: ал бир суткадан бир нече суткага чейин созулат да жылына орто эсеп менен 60 жолу кайталанат. Б.н. максималдуу ылдамдыгы 40 м/сек чейин жетет/.

БАКТЕРИОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ВОДЫ суунун бактериологиялык анализи /суудагы бактериялардын санын жана түрлөрүн аныктоочу анализ. Ичке турган суунун сапаттуулугу I л суудагы ичеги-лүү таякчалардын саны менен мүнөздөлөт/.

БАЛАНС ПОДЗЕМНЫХ ВОД жер астындагы суулардын балансы /жердин кыртышынан бууланган суунун көлөмүнүн жаандын жана агын суулардын эсебинен белгилүү убакыттын ичиндеги толукталышынын ортосундагы өз ара катышы. Жер астындагы суулардын балансын изилдөө менен анын толукталышынын режимин жана нымдуулуктун айланышына байланыштуу закондуулугун аныктоого мүмкүндүк алууга болот/.

БАЛАНС УВЛАЖНЕНИЯ нымдалуу балансы /Н.В.Ивановдун формуласы боюнча белгилүү мезгил ичинде бир чөйрөдөгү жаан-чачындын саны менен буулануунун ортосундагы миллиметрдик айырма. Ири



чөлдөрдөгү нымдалуу балансы 2000-5000 мм чейин жетет; м.: Черапунджада /Индия/ - +11000 мм жакын/.

БАЛАКЛАВСКАЯ БУРЯ Балаклава бороону /Балаклавада /Севастополдун жанында/ турган англо-франция флотуна 1854-жылдын 14-ноябрында ири чыгымдарды алып келген кардуу бороон/.

БАЛАНСОГРАФ балансограф /жердин бетиндеги радиациялык өзгөрүүлөрдү каттап туруучу прибор. Балансомер менен гальванографтан турат/.

БАЛАНСОМЕР балансомер /жердин бетинин радиациялык балансын өлчөй турган прибор. Абсолюттук балансомер катарында Михельсондун абсолюттук перганометри алынат. Мындан башка да көп түрү бар/.

БАРОМЕТР барометр /атмосфералык басымды өлчөй турган курал. Иштөө аракети боюнча барометрлор төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: I/суюктуктуу барометр - ал гидростатиканын законуна негизделип жасалат. Мында атмосфералык басым суюктуктун мамычасындагы бийиктигине карата билинет; 2/ анероиддүү барометр - басымдын өзгөрүшү менен заттардын серпилгичтигине негизделип жасалат; 3/ гипсотермометр тышкы атмосфералык басымга карата суюктуктун /суунун/ кайнашына негизделет; 4/ газовый барометр - түтүкчөнүн ичиндеги, атмосферадан суюктук менен бөлүнгөн, газдын көлөмүнүн өзгөрүшү аркылуу басымдын өзгөрүлүшүн ченөөчү курал/.

БАРОТЕРМОГРАФ баротермограф /атмосфералык басым менен абанын температурасын бир мезгилде өзү жазып туруучу прибор, б.а. барограф менен термографтын бириккен күч-аракети /.

БАССЕЙН РЕКИ /озеро/ дарыянын/көлдүн/бассейни, алабы /дарыя агымы куралган аймак; жанаша жаткан алаптар бир-биринен суу бөлгүч сызыгы менен бөлүнүп турат, м.: Нарын дарыясынын алабы/.

БАССЕЙН ЛЕДНИКА мөңгүнүн бассейни, алабы /кар топтолуп жаткан өзөндүн мөңгүлүү төрү/.

БАССЕЙН ПОДЗЕМНЫХ ВОД жер астындагы суулардын бассейни, алабы /жер астындагы суулар куралган жана ээлеп жаткан аймак/.

БАРОТЕРМОГРАФ баротермограф /атмосфералык басым менен абанын температурасын бир мезгилде өзү жазып туруучу прибор/.

БАТИМЕТРИЧЕСКАЯ КАРТА батиметриялык карта /көлдөрдүн, суу сактагычтардын тереңдиктеринин таркалышын мүнөздөгөн карта/.

БАТОМЕТР батометр /сууну же агындыны сынаого алуучу прибор; аны менен агындынын же суунун физикалык касиетин, катуу бөлүкчөлөрдүн санын же дандуулугун, суунун саныктардык сапатын изилдөөгө болот. Батометрдин бир канча конструкциясы бар/.

БЕЗВИХРЕВОЕ ДВИЖЕНИЕ куюнсуз кыймыл

БЕЗМОРОЗНЫЙ ПЕРИОД жылуу мезгил /жаз мезгилинин акыркы чыыроондон күз мезгилинин биринчи суугуна чейинки жылуу мезгил. Советтер Союзунун түндүгүндө жылуу мезгил 150 күнгө чейин жетет, Ямал жана Таймырда 45 күн, ал эми өлкөнүн түштүк жана батыш бөлүгүндө 250, кээде андан да көп болот. Крымдын түштүк жээгинде жана Батуми районунда 300 күнгө чейин жетет. Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө 150-180 күн, Ошто 180-210 күн, Таласта 120-150 күн, Ысык-Көл районунда 120-180 күн, бийик тоолуу райондордо 90-100 күн, м.: Тянь-Шань станциясы/.

БЕЗЛЕДНАЯ ЗИМА муздоосуз кыш /жогорку кеңдиктердеги деңиз климатынын өзгөчөлүктөрү: кышкы минималдык температурасы анча өзгөчөлөнбөйт, кыш айларынын температурасы бири-бирине жакын болгон климаттык мезгил/.

БЕЗНАПОРНОЕ ДВИЖЕНИЕ басымсыз кыймыл /суюктуктун өзүнүн эркин түшүүчү күчү аркылуу тегиздиктин үстү менен жылуусу/.



БЕЗНАПОРНЫЕ ПОДЗЕМНЫЕ ВОДЫ жер астындагы басымсыз суулар /жер астындагы тоо тектеринин көңдөлдарында, суулуу катмарлардагы оргубаган суулар/.

БЕЛАЯ НОЧЬ буурул түн /субполярдык жана полярдык кеңдиктердеги күн горизонтко жашына албай калгандыктан караңгы болбой күүгүм тартып туруучу жайкы түн; мындай жарык түндүн болушу түн ортосундагы күндүн бийиктиги – 18° тан төмөн болгон учурда байкалат/.

БЕНГАЛЬСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Бенгаль агымы /Атлантика океанынын түштүгүндөгү океандык агым. Африканын батыш жээктерин бойлоп барып түндүккө бет алган түштүк-атлантика агымынын уландысы. Экваторго жакындап барып, жээктен алыстайт да, Түштүк Пассат агымынын түндүк жакы бөлүгү катарында уланып кетет/.

БЕРЕГ жээк

БЕРЕГ НАВЕТРЕННЫЙ шамалга тушташ жээк

БЕРЕГ ПОДВЕТРЕННЫЙ шамалга карши жээк

БЕРЕГОВАЯ ЛИНИЯ жээк сызыгы /көл менен кургактыктын ортосун бөлүп туруучу сызык/.

БЕРЕГОВОЙ БРИЗ жээк желаргысы /жээктен деңизге карай соккон жумшак жел/.

БЕРЕГОВОЙ ВАЛ жээк жалы /жээкти бойлото созулуп жаткан жал; ал толкун уруп таштаган кум, таш, топурактын шилендиkатмарынан турат/.

БЕРЕГОВОЙ ЭФФЕКТ жээк эффекти /шамалдын ылдамдыгынын жана багытынын жээктен өткөндөгү өзгөрүшүнүн натыйжасында өзгөрүүсү/.

БЕРМУДСКИЙ АНТИЦИКЛОН <u>бермуд антициклону</u> /азор антициклонунан батыш жакта жайгашкан. Түндүк Атлантика океанынын субтропикалык бөлүгүнүн батыш тарабында үстөмдүк кылуучу антициклону/.

БЕСПРИБОРНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ <u>куралсыз байкоо жүргүзүү</u> /куралсыз көз өлчөө менен гидрометеорологиялык байкоолорду жүргүзүү, мисалы, булуттардын түрлөрүн, шамалдын багытын, жаан-чачындын болушун, суунун киришин, тартылышын, тоңушун ж.б. жөнөкөй байкоолорду жүргүзүү/.

БЕССТОЧНАЯ ОБЛАСТЬ <u>агымы жок аймак</u> /дарыялардын тармагы аркылуу океан менен байланышы болбогон ички материктик аймак. Мындай аймактын дарыялары көлдөргө куят же чөлдөргө сиңип кеткендиктен Дүйнөлүк океанга жетпейт, мисалы, Арал-Каспий аймагы дарыялары: Волга, Урал, Кура, Аму-Дарыя жана Сыр-Дарыя. Жер шарындагы агымы жок аймактардын жалпы аянты 32 млн. км$^2$, андагы суунун ресурсу 700 км$^3$, б.а. жер шарындагы агымдын 2% ин түзөт/.

БЕССТОЧНАЯ ПЛОЩАДЬ <u>агымы жок аянт</u>

БЕССТОЧНЫЕ ОЗЕРА <u>түюк көл</u>/аймагынан суу агып чыкпаган же коңшу көлгө суусу куйбаган түюк көл /мисалы, Ысык-Көл, Чатыр-Көл ж.б./.

БЕССТОЧНЫЙ БАССЕЙН <u>агымсыз бассейн, алап</u> /аймагынан суу агып чыкпаган алаптар/.

БИЗА <u>биза</u> /Франция менен Швейцариянын тоолуу райондорунда түндүктөн жана түндүк-чыгыштан соккуучу кургак суук шамал/.



БИОГЕННЫЕ ВЕЩЕСТВА В ПРИРОДНЫХ ВОДАХ <u>жаратылыш сууларындагы биогендик заттар</u> /жашоо турмушу суулуу чөйрөдө өтүүчү өсүмдүктөр менен жаныбарлардын организмдеринин чиришинен чыккан органикалык эмес заттардын жаратылыш сууларына таралышы. Ал заттар сууда иондор, коллоиддер түрүндө кездешет/.

БИОГЕННЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ <u>биогендик катмар</u> /көлдүн катмарынын составдык бөлүгү. Алардын пайда болушу организмдердин калдыктарына же микробиологиялык процесстерге байланыштуу болот/.

БИОКЛИМАТ <u>биоклимат</u> /жандуу организмдердин орун алышына, тукумдашына, өсүп-өнүгүүсүнө жана жашоо шартына таасирин тийгизүүчү климаттык шарт/.

БИОКЛИМАТОЛОГИЯ <u>биоклиматология</u> /климаттын жандуу организмдерге тийгизген таасирин үйрөтүүчү биометеорологиянын составдык бир бөлүгү. Биоклиматология кээде биометеорология делип да аталат. Биоклиматологиянын негизги составдык бөлүгү агроклиматология жана медициналык климатология болуп эсептелет/.

БИОЛОГИЧЕСКИЙ МИНИМУМ ТЕМПЕРАТУРЫ <u>температуранын биологиялык минимуму</u> /айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүп жетилүүсүнүн белгилүү фазасындагы активдүү (вегетациянын учурундагы) температуранын төмөнкү чеги/.

БИОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ИНДИКАТОР <u>биометеорологиялык индикатор</u> /адамдын организмине белгилүү реакцияны алып келе турган атмосфералык процесс. Мисалы, температуранын төмөндөшү менен өнөкөт оорунун /ревматизм, инсульт, инфаркт ж.б./ кайталанышы, күндүн нуру менен беттин, колдун куйушу, жараат пайда болуу, чакалай басуу ж.б./.

БИОМЕТЕОРОЛОГИЯ <u>биометеорология</u> /атмосфералык чөйрөдөгү физикалык жана химиялык процесстердин өз ара катышын, климаттын адамдын организмине, жаныбар менен өсүмдүктөрдүн дүйнөсүнө тийгизген таасирин үйрөтүүчү илим. Биометеорология бир нече тармакка бөлүнөт: өсүмдүктөрдүн /фитологиялык/, жаныбарлардын /зоологиялык/, адамдын биометеорологиясы. Адамдын биометеорологиясы болсо физиологиялык, социалдык, шаардык, деңиздик, космостук делинип жана биометеорологиялык акклиматизация ошондой эле палеобиометеорология делинип бөлүнөт/.

БИОСФЕРА <u>биосфера</u> / органикалык заттар пайда болууга шарттуу мүмкүнчүлүгү болгон жер бетинин бир бөлүгү. Ага негизинен тропосфера, гидросфера жана жердин үстүнкү кабыкчасы кирет/.

БИОТОП <u>биотоп</u> /өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоо шартындагы бир түрдүү гидрометеорологиялык чөйрө. Биотоп менен биоценоздун айкалышынан биогеоценоз жаралат/.

БИОХИМИЧЕСКОЕ ПОТРЕБЛЕНИЕ КИСЛОРОДА <u>кислородду биохимиялык керектөө</u> /жаратылыш сууларынын өнөр жайлык жана айыл чарбалык агын суулар аркылуу ылайланышынын көрсөткүчүнүн бир түрү; ал суудагы эриген кислороддун саны менен жана суудагы органикалык заттардын микроорганизмдер аркылуу кычкылданышы менен мүнөздөлөт/.

БИОЦЕНОЗЫ <u>биоценоздор</u> /бирге жашоочу өсүмдүктөр менен жаныбарлардын организмдеринин группасынын биологиялык өзгөчөлүгүн жана жашоо шартын мүнөздөөчү атайын чөйрө, мисалы, суунун биоценозунун жыйындысы бассейндердин же агын суулардын биологиялык дүйнөсүн курат/.



БИФУРКАЦИЯ <u>бифуркация</u> /экиге айрылуу, экиге бөлүнүү; дарыянын бифуркациясы, б.а. өзөндүн чатына жакындаган жерде суунун экиге бөлүнүп кетүүсү; Мисалы; Какшаал тоосундагы Комаров мөңгүсүнөн агып чыккан суу коктунун оозуна келгенде экиге бөлүнүп, бир тармагы чыгышка агып Чоң-Үзөңгү-Кууш, экинчиси батышка агып Мурдорум делинип аталат/.

БЛАНК КАРТЫ <u>карталардын бланкы</u> /синоптикалык же климаттык карталарды түзө турган атайын картографиялык бланка. Мындай карта-бланкага жердин картасынын негизги элементтери /кырка тоолор, океан-деңиздер, ири дарыялар, аралдар/ жана метеорологиялык станциялар жайгашкан тегерекчелер алдын ала көрсөтүлүп коюлат/.

БЛИЗКАЯ ГРОЗА <u>жакынкы добул</u> /чагылган менен аны коштогон күн күркүрөөнүн ортосунан 10 секундага жетпеген убакыт өтөт. Бул байкоочу станциянын добулдун борборунан 3 км че аралыкта экенин билдирет/.

БЛИЦАРД <u>блицард</u> /Антарктикада жана Жер шарынын башка жерлеринде байкалуучу катуу жана суук шамал. Б. АКШ менен Англияда көп байкалат жана ал циклондон кийин башталат/.

БОДОРАНЫ <u>бодорандар</u> /Якутиядагы эч качан кургабай жаткан саздар/.

БОКОВАЯ ЭРОЗИЯ <u>капталдын эрозиясы</u> /өзөндүн жээгинин /капталынын/ аккан суу жана муз менен талкаланып бузулушу/.

БОКОВОЙ ВЕТЕР <u>капталдан урган шамал</u> /ар кандай географиялык об"ектилерге же самолеттун учушуна салыштырмалуу капталдан урган шамал/.

БОКОВОЙ ЛЕДНИК <u>капталдагы мөңгү</u> /негизги мөңгүнүн капталындагы куймасы/.

БОЛОТНАЯ ГИДРОГРАФИЧЕСКАЯ СЕТЬ саздык гидрографиялык тармак /сазду массивдин территориясындагы ар түрдүү өлчөмдөгү жана типтеги өзөн, дарыя, көл, көлчүк, кудук, булактардын жыйындысы/.

БОЛОТНЫЕ ВОДЫ саздын суусу /физико-химиялык касиети сазду массивдердин таасири менен пайда боло турган суулар. Мындай суулар темирдин жана органикалык заттардын салыштырмалуу көптүгү менен, бетонго агрессивдүү мамилелүү кычкыл реакциясы менен мүнөздөлөт. Кара күрөң түстүү келип, гуминдик кислотага бай; ошондуктан кыргызча кара суу делинип аталат/.

БОЛОТНЫЕ ПОЧВЫ саздуу топурак /узак убакытка чейин өтө нымдуу болгон /саздуу/ жердин топурагы. Ал нымдалуусунун даражасына жана узактыгына, сууларынын минералдануусуна, өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүгүнө жана башка шартына жараша ар түрдүү морфологиялык түзүлүштө болот. Мисалы, чым көңдүү, саздуу, чайкандылуу саздуу жана шалбалуу саздуу /.

БОЛОТНЫЙ МАССИВ саздуу массив /жер бетинин чек арасы. Туюк контурду пайда кылуучу массив/.

БОЛОТНЫЙ МИКРОЛАНДШАФТ саздуу микроландшафт /бир өңчөй саздуу ландшафт. Бир өңчөй өсүмдүктөрдүн түрлөрүнөн турган, бир түрдүү микрорельефтен түзүлгөн жана бирдей физикалык касиеттүү чымкөң катмарынан түзүлгөн саздуу аянттын бөлүгү/.

БОЛОТО саз /жаратылышта жер бетинин белгилүү аянтын ээлеп, жылдын көбүрөөк бөлүгүндө сууга капталып жаткан, агымы жок бир өңчөй табигый комплекс/.

БОЛОТОВЕДЕНИЕ саздарды үйрөнүп-билүү, таануу /саздардын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн биологиялык өзгөчөлүктөрүн, өсүмдүктөрүн жана биохимиялык касиеттерин үйрөтүүчү илим/.



БОЛОТООБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ ПРОЦЕСС сазды пайда кылуучу процесс /саздарды пайда кылуучу жана өркүндөтүүчү процесстер/.

БОЛЬШОЕ ГАЛО чоң жаа /бурчтук радиусу $46^\circ$ болгон жаа/.

БОРА бора /тоолордун капталы менен ылдый карай катуу соккон муздак шамал. Мындай шамал деңизди бойлоп жаткан кырка тоолордун карщы беттеринде көп байкалат. Новороссийскиде, Долмациянын тик жээктеринде /Адриат деңизинин чыгышында/, Байкал көлүнүн жээгинде /сарма/, Жаңы-Жер аралында дайыма болуп турат, мисалы, Новороссийскиде жылына 46 жолу /1-3 суткага чейин/ кайталанып, ылдамдыгы 40 м/сек, ал эми Маркот ашуусунда 60 м/сек чейин жетет /.

БОРЕАЛЬНАЯ ЗОНА бореалдык зона /кышында кары калың түшкөн, жайы кыска бирок, салыштырмалуу ысык зона. Евроазияда мындай зона тундрадан баштап түштүк кеңдиктин $30^\circ$-$40^\circ$ чейинки аралыкты ээлейт. Мындагы дайыма кайталануучу мелүүн суук климатты бореалдык климат деп аташат/.

БОРЬБА С ГРАДОМ мөндүр менен күрөшүү /калың булуттардын жаралышын жеңге салуу жолу менен мөндүрдү болтурбай коюу операциясы. Ал үчүн муздаган булутка йоддуу күмүш, йоддуу коргошун, катуу көмүр кычкыл кислотасы жана кээ бир рентгеноскопиялык реагенттер чыгарылат. Натыйжада булуттардагы мөндүр пайда болуу процесстери алдын ала бузулуп, жаан майдаланып кетет. Ал үчүн ракета, самолет жана жердеги аэрозолдук генераторлор колдонулат/.

БОРЬБА С ЗАМОРОЗКАМИ үшүккө каршы күрөшүү /өсүмдүктөрдү үшүккө алдырбоо максатында түтөтүү, ороп-чулгоо, нефти продуктаарын жагуу менен абаны жылытуу аракети. Үшүккө каршы күрөшүүдө сугаруу да көп жардам берет, себеби өсүмдүктөрдүн жылуулукту

өткөрүүсү күчөп, жер бетинде нымдуулук пайда болот/.

БОЧАГ <u>чөөт</u> /түгөнүп бара жаткан көлдүн чөөтү/.

БРАЗИЛЬСКОЕ ТЕЧЕНИЕ <u>Бразилия агымы</u> /Бразилиянын түштүк жээгин бойлото кеткен деңиздик жылуу агым. Ал Түштүк Пассат агымынан пайда болот жана Түштүк Американын жээктерин бойлоп кетет. Улам барган сайын температурасы жогорулап, суунун туздуулугу көбөйөт. Түштүк кеңдиктин 35-градусунда ал Фолькленд агымы менен беттешет да андан ары чыгышка карай "Түштүк Атлантика" агымы делинип океанды кесип өтөт/.

БРИЗН <u>бриздер</u>/деңиздердин, ири көлдөрдүн; дарыялардын жана кургактыктын ортосунда байкалуучу, багыты суткасына өзгөрүп туруучу шамал. Ал күндүз деңизден кургактын ысыган мейкиндигине, түн ичинде; тескерисинче, муздак жер бетинен деңизди карата согот/.

БРИКНЕРА ЦИКЛ <u>Брикнердин цикли</u> /климаттагы жылуу кургак мезгилдин муздак нымдуу мезгилге алмашуу цикли. Циклдердин узактыгы туруктуу /бирдей/ болбой 25-50 жылды кучагына алат. Окумуштуу Э.Брикнер тарабынан мөңгүлөрдүн ташуу жана тартылуусуна, агымы жок көлдөрдүн деңгээлинин өзгөрүшүнө жана климатка байланыштуу геофизикалык процесстерге карата аныкталган/.

БУРАН <u>бороон</u> /1. Советтер Союзунун Азиялык бөлүгүндөгү төмөнкү температурадагы катуу шамал; 2.катуу шамал болгондо /Монголияда, Таримде/ чаң аралаш кумдун учушу/.

БУР ЛЕДОВЫЙ <u>муз бургусу</u> /музду бургулап анын калыңдыгын; ыргаландуу тереңдигин өлчөөчү курал/.

БУРЯ <u>куюн</u> /көлдөргө; деңиздерге толкунду пайда кылуучу; ал эми кургактыкта кыйроого алып келүүчү шамал. Куюн тропиктик же тропиктен тышкары циклон жүргөндө пайда болот. Ылдамдыгы 25-28 м/сек; кээде 29-32 м/сек чейин жетет. Куюндун ылдамдыгы



17-24 м/сек болгондо "шторм" /толкун/, ал эми 32 м/сек ден жогору болгондо "ураган" делинип аталат/.

БУХТА <u>бухта</u> /деңиз же көлдөгү кичинекей булуң/.

БЮЛЛЕТЕНЬ ПОГОДЫ <u>аба ырайынын бюллетени</u> /аба ырайынын мүнөзүн же синоптикалык калыбын көрсөтүүчү жана аба ырайын алдын ала көрсөтүүчү маалыматтарды мезгил-мезгили менен басмадан чыгарып же радио аркылуу кабарлап туруу/.

БЮРО ПОГОДЫ <u>аба ырайынын бюросу</u> /аба ырайынын азыркы же өткөн мезгилдеги абалы жөнүндөгү маалыматтарды жыйнап, анализдеп жана таратып туруучу мекеме. Аба ырайынын бюросу метеорологиялык байкоолорду белгилүү бир максатка карата же ошол мекеме орун алган район, область, өлкөнүн талабы боюнча жүргүзүлөт. Ушул эле милдетти алдын ала айтуу /бюро прогнозов/ бюросу, алдын ала айтуу бөлүмү /отдел прогнозов/, авиометеорологиялык станция деген мекемелер да аткарат/.

БЮРО ПРОГНОЗОВ <u>алдын ала айтуунун бюросу</u> /аба ырайынын абалын/шамал, температура; басым жана нымдуулук/, гидрологиялык режимди алдын ала айтып туруучу гидрометеорологиялык мекеме/.

В

ВЕГЕТАЦИОННЫЙ ПЕРИОД <u>вегетативдик мезгил</u> /өсүмдүктүн метеорологиялык шартка жараша өсүп-өнүгүүсү мүмкүн боло турган жыл мезгили/. Мелүүн климаттын шартында вегетация мезгили жазындагы акыркы суук тан күзгү алгачкы суукка чейин созулат. Тропик жана субтропик климатында вегетация жылдык бардык мезгилди камтыйт. Ар бир айдоо өсүмдүктүн өзүнө ылайыктуу вегетативдик мезгили болот. Вегетация мезгили ар бир чөйрөнүн метеорологиялык абалына жараша болот/.

ВЕДУЩИЙ ПОТОК жетекчи агым /тропосферанын ортосунда абанын туруктуу абалда бир багытка карата которулуусу/.

ВЕКОВОЕ КОЛЕБАНИЕ кылымдык серпилүү /ондогон же жүздөгөн жылдар ичинде гидрометеорологиялык элементтердин маанилеринин бирде жогору, бирде төмөнкү абалга карата кайталанып өзгөрүшү/.

ВЕКОВОЙ ХОД кылымдык жүрүш /метеорологиялык элементтердин ондогон жана жүздөгөн жылдардын ичиндеги өзгөрүшү. Аны бир же көп жылдык орточо маанилери боюнча чыгарышат/.

ВЕКОВОЙ ЦИКЛ СОЛНЕЧНОЙ АКТИВНОСТИ күндүн активдүүлүгүнүн кылымдык цикли /күндүн орточо /интервалы 80-90 жылды кучагына алган активдүүлүгүнүн өзгөрүшү/.

ВЕКОВЫЕ КОЛЕБАНИЯ СТОКА агымдын кылымдык туруксуздугу /дарыялардын сууларынын чыгышынын ар түрдүү климаттык доорлордогу өзгөрүшү. Мисалы, төртүнчүлүк доордогу муз каптоонун башталышына жана бүтүшүнө байланыштуу өзөндөрдөгү суунун чыгышынын күчөшү жана тартылышы. Суунун чыгышынын космостук шартка карата өзгөрүшү өтө жай болгондуктан салыштырмалуу кыска мөөнөттүн ичинде көп байкалбайт/.

ВЕЛИЧИНА ОХЛАЖДЕНИЯ муздатуучу чоңдук /адамдын денесине абанын муздатуучу аракетин мүнөздөөчү биоклиматологиялык түшүнүк. МГ-КАЛ I СМ/С менен туюнтулат/.

ВЕНТИЛЯТОР вентилятор /абаны же башка газды I2-I5 кн/м ден ашпаган басымда үйлөтүп берүүчү машина. Вентилятордун борбордук четтөөчү, октук, тууранынан агуучу түрлөрү бар. В. имараттты жана шахталарды желдетүү, от жагылуучу меш агрегаттарына аба берүү жана андан түтүндү үйлөтүп сыртка чыгаруу, кургатуу, машина менен механизмдердин тетиктерин муздатуу ж.б. үчүн колдонулат/.



ВЕНТИЛЯЦИЯ желдетүү /гидрометеорологиялык приборлордун абасын алмаштырып атмосферанын касиетин так өлчөөгө шарт түзүү, өзөндү бойлоп соккон шамалдын таасири менен өрөөндөгү абанын алмашуусу/.

ВЕРТИКАЛЬНАЯ ВИДИМОСТЬ вертикалдык көрүнүш /вертикалдык багыт боюнча караганда байкоочу көргөн нерселерин ажыратып таанууга мүмкүн болгон аралык. Мындай аралык жаан жааганда, туман басканда, кар, боз түшкөндө кескин кыскарат/.

ВЕРТИКАЛЬНАЯ ЗОНАЛЬНОСТЬ КЛИМАТА климаттын вертикалдык зоналдуулугу /тоо кыркаларынын капталы боюнча бийиктик жогорулаган сайын метеорологиялык элементтердин өзгөрүшү менен жалпы климаттык шарты бири-бирине окшошпогон тилкелерге бөлүнүшү/.

ВЕРТИКАЛЬНАЯ МОЩНОСТЬ ОБЛАКА булуттардын вертикалдык калыңдыгы /булуттардын этеги менен эң жогорку чегинин ортосундагы калыңдыгы/.

ВЕРТИКАЛЬНАЯ ПРОТЯЖЕННОСТЬ БАССЕЙНА ГОРНОЙ РЕКИ тоо сууларынын алабынын вертикалдык узундугу /тоо сууларынын алабынын эң жогорку башталышы менен чатына чейинки узундугу/.

ВЕРТИКАЛЬНАЯ СКОРОСТЬ вертикалдык ылдамдык /абанын вертикаль боюнча таралыш ылдамдыгы/.

ВЕРТИКАЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ ВОЗДУХА абанын вертикалдык кыймылы /вертикаль боюнча аба массасынын жылышы жана горизонталь боюнча шамалдын которулушу/.

ВЕРТИКАЛЬНОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ вертикалдык изилдөө /радиозонду жиберүү менен ар кандай бийиктиктердеги абанын абалын изилдөө/.

ВЕРТИКАЛЬНЫЕ КЛИМАТИЧЕСКИЕ ПОЯСА вертикалдык климаттык алкактар /кырка тоолордун капталдарында бири экинчисинин үстүндө жаткан климаттык алкактар. Ар бир зона өз алдынча климаттык шартты түзөт жана ал топурак - өсүмдүктөрдүн алкактарына дал келет, м.: Орто Азиядагы чөл, жарым чөл, талаа, токойлуу талаа, шалбалуу талаа, бийик тоолуу шалбаа, кар мөңгүлөрдүн алкактары өзүлөрүнө ылайыктуу климаттык шарттарга ээ/.

ВЕРТИКАЛЬНЫЙ ГРАДИЕНТ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын вертикалдык градиенти /вертикаль боюнча белгилүү өлчөмдөгү бийиктикке көтөрүлгөндөгү абанын температурасынын төмөндөшү, ал эми төмөн түшкөндө тескерисинче, абанын температурасынын жогорулашы, м.: тропосферада ар бир 100 метрге бийиктеген сайын аба 0,6$^{0}$ муздап олтурат/.

.. ВЕРТИКАЛЬНЫЙ ПОТОК ТЕПЛА жылуулуктун вертикалдык агымы /аба аркылуу белгилүү убакыттын бирдигинин ичинде чакан горизонталдык аянтча менен жогору же төмөн карай жылган жылуулуктун саны. Жылуулуктун мындай агымын турбуленттик агым деп атайт/.

ВЕРТИКАЛЬНЫЙ ПРОФИЛЬ вертикалдык профиль /метеорологиялык элементтердин /шамал, температура, нымдуулук, басым ж.б./ бийиктик боюнча бөлүштүрүлүшү/.

ВЕРТУШКА ГИДРОМЕТРИЧЕСКАЯ гидрометриялык вертушка /суунун агымынын ылдамдыгын өлчөөчү прибор. Прибордун негизги бөлүгү - жумушчу дөңгөлөгү (барасы) агын сууга чумкутулганда айланып, механикалык счетчик аркылуу же электрдик сигналдын системасынын жардамы менен байкоочуга кабарланып турат. Г.в. 1970-жылы ойлонуп табылган жана анын 200 гө жакын модели сунуш кылынган. Азыр практикада он чактысы колдонулат/.

ВЕРХНИЕ ОБЛАКА жогорку булуттар /тропосферадагы эң жогорку булуттар, алардын бийиктиги ортонку кеңдикте 7000 м ден жогору жатат/.



ВЕРХНИЕ СЛОИ АТМОСФЕРЫ атмосферанын жогорку катмары /жердин үстүнөн алыскы бийиктикте жаткан атмосфералык катмарлар: стратосфера, мезосфера, термосфера, ионосфера, экзосфера/.

ВЕРХНИЙ ОЗОН жогорку озон /атмосферанын жогорку катмарындагы/озоносферадагы/ озон к. ОЗОН/.

ВЕРХНИЙ ФРОНТ жогорку фронт /атмосферанын жогорку катмарында пайда болгон, бирок жер бетине жетпеген абалагы фронт/.

ВЕРХНЯЯ ИНВЕРСИЯ жогорку инверсия /тропосферадан стратосферага өтө бериштеги температуранын абалынын бузулушу, инверсиясы/.

ВЕРХНЯЯ СТРАТОСФЕРА жогорку стратосфера /бийиктиги болжол менен 24 кмден 55 кмге чейинки аралыктагы жана циркуляциясы мезосферанын циркуляциясына байланыштуу болгон стратосфера/.

ВЕРХОВОДКА жер кыртышындагы суулар /жер бетине жакын жаткан жука, туруксуз жана жайкысын соолуп, кышкысын тоңуп калышы ыктымал болгон суу. Ал топурак, өсүмдүктөргө көп таасирин тийгизет/.

ВЕСЕННЕЕ РАВНОДЕНСТВИЕ жазгы күн менен түндүн теңелиши /күн менен түндүн 21-марттагы теңелиши/.

ВЕСЕННИЕ МЕСЯЦЫ жазгы айлар /түндүк жарым шардын мелүүн алкактарындагы март, апрель, май айлары кирет/.

ВЕСЕННИЙ ЗАМОРОЗОК жазгы үшүк /жаз айларында абанын суткалык орточо температурасы оң мааниге ээ болгондон кийин кайрадан аяз башталып өсүмдүктөрдү үшүк алуучу мезгил/.

ВЕСНА жаз /1. астрономия боюнча жаз деп - жазында күн менен түндүн теңелишинен жайдын саратанына чейинки убакыт айтылат. Түндүк жарым шарда 21-марттан 21-июнга чейинки: түштүк жарым шарда 23-сентябрдан 22-декабрга чейинки мезгил; 2.кыш

мезгилинен жай мезгилине өтүүдө шарттуу өтмө мезгил. Түндүк жарым шарда – март, апрель, май; түштүк жарым шарда – сентябрь, октябрь, ноябрь; 3. климаттык сезон, башкача айтканда абанын температурасы кескин жогорулап, кыш мезгилинен жай мезгилине өтмө мезгил. Полярдык кеңдиктерде жаз мезгили кыска, тропикте ажыратууга кыйын; 4. синоптикалык сезон; башкача айтканда атмосфералык процесстердин режиминин мүнөздөлүшү боюнча ар бир жылда ар кандай убакытта башталып жана бүтүүчү мезгил; 5. фенологиялык сезон; башкача айтканда, башталышы жана бүтүшү фенологиялык белги менен аныкталып /келгин куштардын келиши, өсүмдүктөрдүн гүлдөшү, дан байлашы ж.б./, ар бир райондо ар кандай мөөнөткө туура келүүчү мезгил/.

ВЕСОВОЙ СНЕГОМЕР таразалуу кар өлчөгүч /кар катмарындагы суу запасын аныктоочу прибор. Анын цилиндрин карга тике батырып сууруп алынган кардын массасын атайын тараза менен өлчөйт. Таразада көрсөтүлгөн сан суунун запасын белгилейт/.

ВЕТЕР шамал /жердин бетине карата абанын горизонталдык багыт боюнча жылышы. Ал флюгер же анемометрдин жардамы менен өлчөнөт, ал эми эркин абадагы шамалдын багыты шар-пилот менен аныкталат. Шамалды мүнөздөөчү түшүнүктөр: /багыт, румб/, ылдамдык (м/сек/ болуп эсептелет/.

ВЕТЕР НА ВЫСОТАХ бийиктиктеги шамал /жер бетинен ар кандай бийиктиктеги шамалдын багыты жана ылдамдыгы. Аны аэрологиялык байкоо жолу менен аныктайт/.

ВЕТЕР ПО ТРАССЕ трассадагы шамал



ВЕТЕР У ЗЕМЛИ жердеги шамал /метеорологиялык станциялардагы шамалды өлчөөчү флюгер, анемограф ж.б. приборлордун орнотулган бийиктигиндеги байкалуучу шамалдын багыты жана ылдамдыгы. Жердеги шамал эркин атмосферадагы шамалга караганда көп тоскоолдорго дуушар болот/.

ВЕТРОВАЯ НАГРУЗКА шамалга туруштуулук/имараттарды курууда мүмкүн боло турган шамалга туруштук берүүгө ылайыкташтыруу. Мында шамалдын көп жылдык ылдамдыгы, курулуш имаратынын формасы, ага шамал таасир эткенде бекемдиги эске алынат/.

ВЕТРОВАЯ ЭРОЗИЯ шамалдык эрозия /жер кыртышынын шамал менен талкаланып жешилип бузулушу/.

ВЕТРОВОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ шамалды текшерүү /эркин атмосферанын бийиктиктериндеги шамалдын багытын жана ылдамдыгын приборлун жардамы менен аныктоо/.

ВЕТРОВОЕ ТЕЧЕНИЕ шамалдык агым /шамалдын таасири менен пайда болгон океандык агым. Дүйнөлүк океандын үстүңкү мейкиндигинде шамалдын режими салыштырмалуу туруктуу болгон учур түштүк жарым шарлардын ортоңку кеңдиктеринде байкалат. Ал өз багытынан дайыма оң тарапка бурулуп кетет/.

ВЕТРОМЕР шамал өлчөгүч /шамалдын күчүн жана багытын болжол менен өлчөө үчүн колдонулуучу прибор. Горизонталдык окко бекитилген жука металл пластинкасынын кыйшаюусуна негизделип жасалган/.

ВЕТРЫ КРАКАТАУ Кракатау шамалы /жер шарынын экватордук кеңдигиндеги /түндүк жана түштүк кеңдиктин $15^0$ уңда/ 25-40 чакырым бийиктиктердин аралыгында чыгыш тараптан соккон шамал. Биринчи жолу 1883-жылы Кракатау вулканы атылгандыгы чаңдын таралышына карата аныкталган/.

ВЕЧЕРНЯЯ ЗАРЯ кечки шоола /күндүн жарыгы тийген кечки асман шооласы/.

ВЕЧНАЯ МЕРЗЛОТА түбөлүк тоң /жай айларында эрип бүтпөй экинчи жылга калган жер астындагы түбөлүк /көп жылдык/ тоң. Калыңдыгы I-2 метрден жүздөгөн метрге чейин жетет. Жалпы аянты СССРдин территориясынын 47% ээлейт, ал эми Кыргызстанда болсо 3%/.

ВЗВЕСИ В ВОДЕ суудагы калкыган заттар /суудагы калкып жүргөн органикалык жана органикалык эмес заттардын бөлүкчөлөрү. Органикалык кошулмаларга бактериялар, планктондук майда организмдер жана алардын органикалык калдыктары, чым көңдүн кипиндары, өсүмдүктөрү жана жээктен учуп түшкөн чөп-чардын, курт-кумурскалардын калдыктары. Органикалык эмес кошулмаларга көлмөнүн жээгинен, астынан жешилген ылай, кум, чополор жана ар кандай коллоиддик бөлүкчөлөрдүн химиялык бирикмеси кирет/.

ВЗВЕШАННЫЕ НАНОСЫ калкыма шилендилер /суунун агымы менен калкып келген катуу бөлүкчөлөр: ылай, кум, шагыл ж.б./.

ВЗВЕШАННЫЕ ЧАСТИЦЫ калкыган бөлүкчөлөр /атмосферадагы калкып жүргөн жана жерге абдан жай түшкөн же такыр түшпөгөн кыпындар/.

ВЗРЫВ МУССОНА муссондун жарылышы /I. жайкы муссондун бир чөйрөгө күтүлбөгөн жерден пайда болуп таралышы: 2. белгилүү бир чөйрөдө муссондун күтүлбөгөн жерден пайда болушуна карата атмосфералык процесстердин өзгөрүшү/.

ВЗРЫВЧАТЫЙ ГРАД жарылгыч мөндүр /жерге түшкөндө жарылып кетүүчү мөндүр/.

ВИД ОБЛАКОВ булуттардын түрү К. МЕЖДУНАРОДНАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ОБЛАКОВ

ВИДИМОЕ ИСПАРЕНИЕ көрүнөө бууланууу /көлмөнүн үстүңкү бетинен бууланган нымдуулук менен ошол эле жерге жааган жаан-чачындын санынын ортосундагы айырма/.



ВИЗУАЛЬНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ визуалдык байкоо /приборлордун көрсөткөн маанилерин байкоочунун жазып алып турушу. Бул өзү жазып туруучу приборлорго караганда визуалдык байкоого жатат. 2. эч кандай приборду колдонбой көз өлчөө менен /булуттардын түрүнө, тумандуулукка, шамалдын багытына, жаан-чачындын болушуна, суунун киришине ж.б./ божомолдоп байкоо жүргүзүү/.

ВИЛЛИ-ВИЛЛИ вилли-вилли /Австралияга чектеш жаткан Инд океанындагы тропиктик циклон/.

ВИСЯЧИЕ ДОЛИНЫ каптал кокту /негизги өрөөндүн капталынан кошулган шаркыратмалуу кокту/.

ВИСЯЧИЙ ЛЕДНИК каптал мөңгү /этеги каптал коктунун боорунда жатып, негизги өрөөнгө жетпеген /чолок/ кыска мөңгү; кыр чокулары бийик жана тик болгон кырка тоолордо көп кездешет да мөңгүлөрдүн альпы тибинин группасына кирет/.

ВИХРЬ куюн /I. кандайдыр бир октун тегерегинде байкалуучу, абанын айлана боюнча кыймылы менен мүнөздөлүүчү атмосфералык кубулуш: циклон, тромб ж.б. 2. сейрек булуттуу күндөрдө жер бетинин өтө ысып кетишинен пайда болуучу куюндар/.

ВЛАГОЕМКОСТЬ ВОЗДУХА абанын нымга сыйымдуулугу /белгилүү температурадагы абада конденсацияланбай кармалып турууга мүмкүн болгон нымдын көлөмү/.

ВЛАГООБОРОТ нымдын айланышы /нымдын жердин бети менен атмосферанын ортосунда айланышы, б.а. нымдын жер бетинен бууланып атмосферага көтөрүлүшү, конденсацияланып жаан-чачынга айланышы, агын суунун пайда болуп көлдөрдүн жаралышы жана кайрадан суунун пайда болушу/.

ВЛАГОСОДЕРЖАНИЕ ВОЗДУХА абанын нымдын кармоосу /суунун бууларынын, тамчыларынын, муз кристаллчаларынын абада болуусу, г/кг менен туюнтулат/.

ВЛАЖНО-ПУСТЫННЫЙ КЛИМАТ нымдуу чөл климаты /1. чөлгө жакын жердеги деңиздердин климаты. Мындай климатка Кызыл деңиз, Персия жана Калифорния булуңдары кирет; 2. деңиздин түпкүрүндөгү муздаган суунун көтөрүлүшү менен же муздак циклондордун таасиринен салкындаган /муздаган/ чөл климаты. Буга Перу, Чилинин түндүгү, Африканын түштүк-батышы, Калифорниянын түштүгү, Сомалинин түштүк-чыгышы кирет/.

ВЛАЖНОСТЬ ВОЗДУХА абанын нымдуулугу/суу бууларынын абада белгилүү өлчөмдө болушу; абсолюттук жана салыштырмалуу нымдуулук жана нымдуулуктун мүчүлүшү болуп бөлүнөт/.

ВЛАЖНОСТЬ ПОЧВЫ топурактын нымдуулугу /топурактагы нымдын өлчөмү. Топурактын белгилүү көлөмүнүн кургатканга чейинки жана кургаткандан кийинки салмактарынын айырмасы менен аныкталат/.

ВЛАЖНЫЙ ВОЗДУХ нымдуу аба /суунун бууларын алып жүрүүчү аба/.

ВНЕТРОПИЧЕСКИЕ МУССОНЫ тропиктен тышкарки муссондор/тропиктен тышкары мелүүн жана жогорку кеңдиктеги муссондор. Ал Азия материгинин мелүүн кеңдиктеринде жакшы өнүккөн; м.: Ыраакы Чыгышта, Түндүк-Чыгыш Кытайда, Японияда, Т.т.м. жайында материктин үстүндө төмөнкү; кышында-жогорку басым пайда болгондо жаралат. Ошондуктан жайында Ыраакы Чыгышта түштүк-чыгыштан жана түштүктөн болсо, кышкысын-түндүктөн жана түндүк батыштан согот/.

ВНЕТРОПИЧЕСКИЙ ЦИКЛОН тропиктен тышкарки циклон/мелүүн жана полярдык кеңдикте пайда болгон жана өрчүгөн циклон/.

ВНЕШНИЕ ОСАДКИ сырткы жаан /белгилүү бир чөйрөгө сырттан /көбүнчө океандан/ пайда болгон буулардан келип чыккан жаан. Кургактыктын кайсы гана территориясы болбосун сырттан келген жаан нымдуулуктун басымдуу үлүшүн түзөт/.



ВНЕШНИЙ ВЛАГООБОРОТ сырткы нымдуулуктун алмашуусу /океандан бууланган суу бууларынын кургактыкка которулуп, конденсацияланып, жаан-чачынга айланып; агын сууларды пайда кылып кайра океанга куюшу/.

ВНЕШНЯЯ АТМОСФЕРА сырткы атмосфера /жердин бетинен 100 км бийиктиктеги абасы суюк катмары /.

ВНЕШНИЕ ПРОЦЕССЫ сырткы процесстер /жандуу организмдердин, шамалдын, суунун, муздун, кардын, тартылуу күчүнүн таасирлеринен пайда болуучу процесстер/.

ВНУТРЕННИЕ ОСАДКИ ички жаан-чачын /өтө чоң эмес бир чөйрөнүн ичинен бууланып, кайра жааган жаан-чачын/.

ВНУТРЕННИЙ ВЛАГООБОРОТ ички нымдуулуктун алмашуусу /жергиликтүү суу бууларынын кургактыктын үстүндөгү нымдуулуктун алмашуусуна катышуусу. Деңизден бууланган суу буулары кургактыктын үстүндө жаанга айланып, жер бетине белгилүү санда жаайт. Андан бууланган нымдуулук кайра атмосферага кошулат. Мындай кайрадан айлана берүүчү нымдуулук ички нымдуулуктун алмашуусун түзөт/.

ВНУТРИАНТАРКТИЧЕСКИЙ ФРОНТ ички антарктикалык фронт /Антарктикага жакын жаткан кеңдиктеги антарктикалык деңиздик аба менен континенталдык абанын ортосундагы фронт/.

ВНУТРИМАССОВАЯ ГРОЗА ички массалык чагылган /аба массасынын ичиндеги конвекцияга /жылуулуктун которулушуна/ карата пайда болгон чагылган. Буга кургактыктын үстүндө жылдын жылуу мезгилиндеги жергиликтүү чагылган жана жылуу чөйрөгө которулуп бара жаткан муздак аба массасындагы чагылган кирет/.

ВНУТРИМАССОВЫЕ ОБЛАКА ички массалык булут /аба массасынын ичиндеги физикалык процесстерге байланыштуу пайда болгон булут,

башкача айтканда, ошол аба массасынын ичиндеги температура менен нымдуулуктун бөлүнүшүнө жана фронтсуз, жогору көтөрүлбөгөн тынч абанын шартындагы термодинамикалык процесстердин натыйжасында пайда болгон булут/.

ВНУТРИМАССОВЫЕ ОСАДКИ <u>ички массалык жаан-чачын</u> /ички массалык булуттарга байланыштуу келип чыккан жаан-чачын. Туруксуз аба массасынын топ булуттарынан башталып, нөшөрлөп төгүп жиберүүчү өткүн/.

ВНУТРИСЕЗОННОЕ РАСПРЕДЕЛЕНИЕ СТОКА <u>агымдын сезон ичиндеги бөлүнүшү</u> /бир сезондун ичиндеги аккан сууну /% менен/ айларга, анан декадаларга /10 күндүктөргө/ бөлүштүрүү/.

ВНУТРИСУТОЧНЫЙ ХОД СТОКА <u>агымдын суткалык жүрүшү</u> /кар менен мөңгүлөрдүн бир калыпта эрибегендигине байланыштуу суунун агымынын сутканын ичиндеги өзгөрмөлүүлүгү/.

ВОДА <u>суу</u> /суутектин кычкылы – $H_2O$; суутектин кычкылтек менен болгон эң туруктуу бирикмеси. $0^o$та тоңуп, $100^o$та кайнайт. Анда 11,11% $H_2$, 88,89% $O_2$ болот. Электр тогун начар өткөзөт. Химиялык таза суу дистилляцияланган суу деп аталат. Абанын басымы азайганда кайноо температурасы да азаят. Мисалы, басым, сымап мамычасында 355 мм болгондо $80^o$ та кайнайт, ал эми 55 мм болгондо $40^o$ та кайнайт. Жаратылыштагы суу, океан, деңиз, дарыя, суу сактагычтарда, топуракта жана атмосферада кездешет. Атмосферадагы суу муз, буу жана суюктук абалында кездешет/.

ВОДНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ <u>суу өсүмдүктөрү</u> /суулуу чөйрөдө же өтө нымдуу шартта өскөн өсүмдүктөр-суудагы балыр, мох ж.б./.

ВОДНАЯ ЭНЕРГИЯ <u>суу энергиясы</u>/деңиз деңгээлинен ар кандай бийиктиктеги көлдөрдөн, суу сактагычтардан агып чыккан суунун энергиясы. Эгерде өзөндөгү суунун чыгымы Q $м^3$/сек, бийиктигинин



тереңдиги Нм, суунун салыштырмалуу салмагы $\gamma$=9800 Н/м болсо, суунун белгилүү убакыт бирдигинин ичиндеги аткарган жумушу /кубаттуулугу/ 9,8 QН квт га барабар болот. Бул суунун толук же болбосо кадастрдык тереңдиги. Ал эми чыныгы кубаттуулугу мындан кыйла аздык кылат, себеби суунун агымында көп тоскоолдуктар кезигет. Пайдалуу кыймыл аракетинин маанисин 0,80–0,85 деп алганда суунун агымынын практикалык кубатын $N$ =8,0QН квт табууга болот. Ошондо суунун энергетикалык кубатынын суммалык мааниси $\mathcal{E}=\int_0^t N dt$ деген формула менен аныкталат да $t$ –саат боюнча убакытты көрсөтөт. Жылдык мезгил үчүн $\mathcal{E}$ =8766 $N$орт. –$N$орт – деген установканын жылдык орточо кубаттуулугу. СССРдеги техникалык жактан пайдаланууга мүмкүн болгон гидроресурстарынын кубаты жылына 2100млрд квт тен көптүк кылат/.

ВОДНОЕ ХОЗЯЙСТВО <u>суу чарбасы</u> /эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында /энергетика, суу катнашы, суу менен камсыздоо, сугаруу ж.б./ жер астындагы жана агын сууларды пайдалануунун чараларын иштетип чыгуучу жана жүзөгө ашыруучу эл чарбасынын тармагы. Ошондой эле суу ресурстарын коргоо милдетин да аткарат/.

ВОДНОСТЬ ОБЛАКОВ <u>булуттардын нымдуулугу</u> /булуттардын айрым көлөмүндөгү же массасындагы суулардын тамчылары менен муздардын кристаллдары. Алар г/$м^3$ /абсолюттук нымдуулук/, г/кг /салыштырмалуу нымдуулук/ менен туюнтулат. Булуттардын нымдуулугу атмосферадагы жылуулук менен нымдуулуктун которулуш процесстеринин бийиктик жана убакыт боюнча өзгөрүшүнө жараша болот. Булуттагы нымдуулукту аныктоочу параметрлерге: абанын температурасы, анын вертикалдык градиенти, вертикалдык кыймылынын ылдамдыгы, турбуленттик алмашуусунун күчтүүлүгү кирет. Абанын температурасынын

соушу менен булуттардагы нымдуулук да көбөйөт. Төменкү температурада нымдуулук г/м$^3$дин миңден бир, ал эми жогорку температурада г/м$^3$дин бир нече ондон бир үлүшүнө чейин өзгөрөт/.

ВОДНОСТЬ РЕК дарыя сууларынын молдугу /белгилүү убакыттын ичинде /декада, ай, сезон, жыл ж.б./ өзөндөн агып өткөн суунун көлөмү/.

ВОДНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ суу изилдөө тармагы /суу об"ектилеринин мүнөздөөгө багытталган экспедициялык, лабораториялык жана камералдык иликтөөлөрдүн жыйындысы. Максаты суу об"ектилерин практикада пайдалануу жана эксплуатациялоо боюнча керектүү долбоорлорду түзүү жана ишке ашыруу/.

ВОДНЫЕ ОБ"ЕКТЫ суу об"ектилери /режимдерин изилдөө үчүн гидрологиялык өлчөө, анализдөө методу колдонулуучу жер бетиндеги көлдөр, дарыялар, саздар, суу сактагычтар, мөңгүлөр жана жер астындагы суулар/.

ВОДНЫЕ РЕСУРСЫ суу ресурстары / Кыргыз ССРинин жалпы суу ресурсу 52,8 км$^3$, Тажик ССРинин 71,2 км$^3$, Казак ССРиники 121,0 км$^3$ ж.б./.

ВОДНЫЕ РЕСУРСЫ СССР СССРдин суу ресурстары /Советтер Союзундагы дарыялардын суулары. Алардын жалпы көлөмү 4710 км$^3$, мунун өзү ар бир км$^2$ аянтка орто эсеп менен 212 000 м$^3$ суу туура келет дегендикке жатат/.

ВОДНЫЙ БАЛАНС суу балансы /жер бетинин кургак бөлүгүндө, дүйнөлүк океанда же белгилүү бир жаратылыш зонасында кириш болгон суу менен чыгыш болгон суунун ортосундагы теңдеме. Ал дүйнөлүк океан боюнча $R_m + F = V_m$; кургактык боюнча $R_s - F = V_s$; $R_m$ – океандын бетине түшкөн жаан-чачын; $V_m$ –океандан буулануу; $V_s$ –кургак



мейкиндиктеги буулануу; $R_s$ – кургак мейкиндиктеги жаан-чачын; $F$ –океандарга куйган өзөн суулардын көлөмү: жер шарындагы жаан-чачындын саны 511000 км$^3$, мындан башка орто эсеп менен алганда жылына: $V_s$ = 42см; $V_m$ =124см; $R_s$ =67см; $R_m$ =114см; $F$ =10см/.

ВОДНЫЙ БАЛАНС СССР СССРдин суу балансы /жаан-чачын /х/, агым /у/ жана буулануунун /Z/ ортосундагы өз ара катышы; СССРдин территориясындагы орточо көп жылдык өлчөмү Х=11694 км$^3$; У=4358 км$^3$ Z =7336 км$^3$, же ушул сандарды калыңдыкка которгондо х=530 мм, У=200 мм, Z =330 мм болот/.

ВОДНЫЙ КАДАСТР суу кадастры /1. өлкөнүн суу ресурстары жөнүндөгү системалаштырылган жыйнак, м.: Гидрологическая изученность рек. 2. Основные гидрологические характеристики, 3. Водные ресурсы ж.б./.

ВОДНЫЙ ЛЕД суу музу

ВОДНЫЙ РЕЖИМ суу режими /дарыя, көл, саздардагы суунун көлөмүнүн жана деңгээлинин убакыт боюнча өзгөрүшү/.

ВОДНЫЙ ТЕРМОМЕТР суу термометри

ВОДОЕМ көлмө

ВОДОЗАБОР суу бөлүп алуу /1. чарбанын муктаждыгын канааттандыруу максатында дарыялардан, өзөндөн, табигый көлмөдөн, суу сактагычтан, каналдан суу бөлүп алуу; 2. суунун деңгээлин көтөрүп, ашкан суусун бөлүп алууга арналган гидротехникалык курулуш/.

ВОДОЗАДЕРЖАНИЕ сууну кармоо /бак-дарактарды отургузуу, тектирчелерди жасоо, туурасынан айдоо, кар сактоо жолдору менен топурактагы нымдуулуктун сакталышын жакшыртуу чаралары/.

ВОДОМЕР суу ченегич /белгилүү аянттан чогулуп аккан сууну ченөөчү прибор/.

ВОДОМЕРНЫЙ ПОСТ суу ченөөчү пост /белгилүү программа жана методика боюнча системалык түрдө гидрологиялык байкоо жүргүзүү үчүн жабдылган жана белгилүү тартипти сактоо үчүн тандалып алынган орун; водомерный пост азыр "гидрологический пост" деп аталат/.

ВОДОНОСНОСТЬ РЕК дарыянын суулуулугу /орто эсеп менен жылына өзөндөп чыккан суунун саны. Анын көрсөткүчү - орточо көп жылдык чыгым же болбосо жылдык агымдын көп жылдык орточо көлөмү/.

ВОДОНОСНЫЙ ГОРИЗОНТ суулуу горизонт /жер астындагы сууларды кармап турууучу топурактын же тоо тектеринин катмары/.

ВОДОПАД шаркыратма /өзөндүн нугунун тик түшкөн жериндеги суунун агымы/.

ВОДОПОЛЬЗОВАНИЕ сууну пайдалануу /сууну объектисинен ажыратпай туруп пайдалануу, башкача айтканда гидроэлектростанцияларды куруу, суу катнашы, балык чарбачылыгы/.

ВОДОПОТРЕБЛЕНИЕ суу керектөө /суу объектилериндеги суунун көлөмүн азайтуу жолу менен суу керектөө, мисалы, өнөр жай, тиричилик, айыл чарба, сугат, балык өстүрүү иштерине сууну сарп кылуу/.

ВОДОПРИЕМНИК суу кабыл алгыч /1. жаратылышта сууну сиңирип алууга жөндөмдүү объектилер - суу өткөрүүчү катмар, рельефтин ойдуңдуу бөлүкчөлөрү; 2. сугат үчүн же суу менен камсыз кылуу үчүн курулган гидротехникалык курулуш/.

ВОДОРАЗДЕЛ суу бөлгүч /коңшу жаткан өзөн-суулардын, жер астындагы суулардын, көлдөрдүн, деңиздердин алаптарынын чек арасы/.



ВОДОРОД водород /Н; химиялык элемент, катар саны 1, атомдук салмагы 1,0080. Составы туруктуу эки изотоптон турат. Биринчиси жеңил Н-массалык саны көлөм боюнча 99,98%, экинчиси оор $H^2$-массалык саны 2/0,02%/, салмагы боюнча жердин бетинде 1%, сууда /кислород менен кошулган түрүндө/ - 11% кездешет. Сууда ал эрийт -252,8° кайнайт, - 259, 2° та эрийт/.

ВОДОРОДНЫЙ ПОКАЗАТЕЛЬ водороддук көрсөткүч /суудагы суутектик иондордун /концентрациясын/ аралашмасын мүнөздөөчү /чоңдук/ сан. "pH" деген символ аркылуу туюнтулат. Эритме pH<7 болсо - кычкыл реакция, pH>7 - щелочтук реакция/.

ВОДОСЛИВ водослив, суу агызгыч /1. артык баш сууну башка жакка агызып жиберүү үчүн суу сактагычтын тосмосунун жогору жагына жасалган жыгач; 2. булактардын, майда суулардын чыгымын өлчөөчү гидрометриялык курал/.

ВОДОХРАНИЛИЩЕ суу сактагыч /сууну жыйып жана сактап тура турган табигый же жасалма көлмө/.

ВОДЫ СУШИ кургактыктын суулары /дарыялар аркылуу келип көл, саз, суу сактагычтарга чогулган жана мөңгүлөрдөгү, жер астында тоо тектеринин коңулдарында, топурактын боштуктарында тосулуп жаткан суулар/.

ВОДЯНОЙ ПАР суу буусу /атмосферадагы газ абалындагы суулар/.

ВОЗВРАТНЫЕ ВОДЫ кайтма суулар /коммуналдык ишканалардан, өнөр жай ишканаларынан, сугат аянтынан пайдалануудан кийин чыккан суулар/.

ВОЗВРАТ ХОЛОДОВ суктун кайталанышы /күн туруктуу жылыгандан кийин абанын температурасы төмөндөп, кайрадан аяз болуу. С.к. көбүнчө апрель же май айларында болот, м.: 1958-жылы 28 - майда

Фрунзе шаарында суук болгон, калың кар түшкөн, бак-дарактардын бутактары жабышкан карды көтөрө албай ийилген, сынган, жашылча, мөмө-жемиштерди үшүк алган. Синоптикалык хронология боюнча мындай с.к. акыркы 100 жылдын ичинде биринчи жолу болгон/.

ВОЗВЫШЕННОСТЬ дөңсөө/1.чокусу, капталы, этеги так бөлүнгөн көтөрүңкү жер. Бийиктиги 200 м ге чейинки дөңсөө, ал эми андан бийиги тоо деп аталат; 2. деңиз деңгээлинен 200-500 м жогорку жаткан жер, бирок жалпысынан алганда түздүккө окшогон кургактык/.

ВОЗДУХ аба /жердик атмосфераны түзүүчү газдардын бирикмеси; жер бетиндеги кургак абанын составдык бөлүгү процент менен төмөндөгүдөй:

| | | көлөмү боюнча | салмагы боюнча |
|---|---|---|---|
| Азот | /$N_2$/ | 78,08 | 75,54 |
| Кислород | /$O_2$/ | 20,95 | 23,14 |
| Аргон | /A/ | 0,93 | 1,27 |
| Көмүр кычкыл газ | /$CO_2$/ | 0,03 | 0,05 |
| Неон | /Ne/ | $1,8 \cdot 10^{-3}$ | $1,2 \cdot 10^{-3}$ |
| Гелий | /He/ | $5,2 \cdot 10^{-4}$ | $7,2 \cdot 10^{-5}$ |
| Метан | /$CH_4$/ | $2,0 \cdot 10^{-4}$ | $1,0 \cdot 10^{-4}$ |
| Криптон | /Kr/ | $1,1 \cdot 10^{-4}$ | $3,0 \cdot 10^{-4}$ |
| Водород | /$H_2$/ | $5,0 \cdot 10^{-5}$ | $4,0 \cdot 10^{-6}$ |
| Азоттун чала кычкылы | /$N_2O$/ | $5,10 \cdot 10^{-5}$ | $7,6 \cdot 10^{-5}$ |
| Ксенон | /Xe/ | $8,7 \cdot 10^{-6}$ | $3,6 \cdot 10^{-5}$ |
| Озон | /$O_3$/ | $1,0 \cdot 10^{-6}$ | $1,7 \cdot 10^{-6}$ |
| Аммиак | /$NH_3$/ | $1,0 \cdot 10^{-7}$ | |
| Водороддун өтө кычкылы | /$H_2O_2$/ | $1,0 \cdot 10^{-7}$ | |
| Иод | /J/ | $3,5 \cdot 10^{-9}$ | |
| Родон | /Rn/ | $6,0 \cdot 10^{-18}$/. | |



ВОЗДУШНАЯ МАССА аба массасы /тропосферадагы абанын көлөмү/.

ВОЗДУШНАЯ ЛАВИНА аба качкысы /кырка тоолордун капталы менен муздак абанын күтүлбөгөн жерден чоң ылдамдыкта төмөн капташы/.

ВОЗДУШНАЯ ЯМА аба чуңкуру /температуранын, басымдын өйдө-төмөн болушунан аба катмарларында пайда болгон кубулуш; учуучу аппараттар мындай жерге келгенде төмөн түшүп кетет/.

ВОЗДУШНОЕ ТЕЧЕНИЕ абанын агымы /жер бетинин чоң аянтын ээлеген мейкиндиктин атмосфералык катмарында узак мезгилге чейин сакталып туруучу шамалдын туруктуу системасы/.

ВОЗДУШНЫЙ РЕЖИМ ПОЧВЫ топурактын аба режими /белгилүү бир убакыттын ичинде топурактагы абанын санынын жана составынын өзгөрүүсү. Ал топурактын нымдуулугуна жана структурасына жараша болот; бул процесстин өзү эң негизги биологиялык фактор болуп эсептелет/.

ВОЗМОЖНАЯ СУММА ТЕПЛА РАДИАЦИИ радиациянын жылуулугунун мүмкүн болгон суммасы /асман мейкиндигин булут баспай турган мезгилдин ичинде шоолалуу энергиянын жылуулугунун суммасы/.

ВОКЛЮЗЫ воклюздар /карст өнүккөн аймактарда кезигүүчү суусу мол, туруктуу чыгымга ээ болгон булактар. Дебити 30-50 л/с дан жогору болот. Франциядагы Воклюз булагынын наамынан аталып калган/.

ВОЛНА ТЕПЛА жылуулук толкуну /аба массасынын жылуулук адвекциясына байланыштуу белгилүү багытка тароочу кыйла жылуулук/.

ВОЛНА ХОЛОДА суутук толкуну /белгилүү багытка бет алып улам барган сайын жайылып олтуруучу муздак аба/.

ВОЛНОВОЕ ДВИЖЕНИЕ толкундуу кыймыл /гидрометеорологиялык бөлүкчөлөрдүн /суюктук, аба ж.б./ толкундап/агышы / жылышы/.

ВОЛНОГРАФ толкун чөнегич /толкундун өзгөчөлүктөрүн чөнөп өзү жазуучу прибор/.

ВОЛОСНОЙ ГИГРОМЕТР чачтуу гигрометр /абанын салыштырмалуу нымдуулугун өлчөө үчүн майынан арылткан адамдын чачын колдонуп жасалган прибор/.

ВОСТОЧНАЯ ЗАРЯ чыгыш шооласы /күн батар алдында чыгыш тараптагы жарык шоола/.

ВОСТОЧНО=АВСТРАЛИЙСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Чыгыш Австралия агымы /Австралиянын чыгыш жээгин бойлоп түштүккө жылган океандык жылуу агым. Ал Түштүк Пассат агымынан бөлүнүп Түштүк Америкага бара жаткан Батыш агымына барып кошулат/.

ВОСТОЧНО=ГРЕНЛАНДСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Чыгыш Гренландия агымы /Чыгыш Гренландиянын чыгыш жакты жээгин бойлоп түштүк тарапка багытталган төмөнкү температурадагы жана төмөнкү туздуулукту алып келүүчү агым. Анын басымдуу бөлүгү Дания кысыгы аркылуу өтөт, калганы Норвегия деңизине жана Девис кысыгына карай тарайт/.

ВОСХОДЯЩЕЕ ДВИЖЕНИЕ ВЕТРА өрдөгөн шамалдын кыймылы /тоолордун өрөөндөрүн бойлоп жогору карай шамалдын күчөп чыгып келе жаткан кыймылы/.

ВРАЩЕНИЕ ВЕТРА шамалдын айлануусу /убакыттын өтүшү менен шамалдын багытынын сааттын жебеси боюнча /же тескерисинче/ айланышы/.

ВРАЩЕНИЕ ВЕТРА С ВЫСОТОЙ бийиктеген сайын шамалдын тегеренүүсү /улам бийиктеген сайын сүрүлүү күчүнүн азайышына байланыштуу шамалдын багытынын өзгөрүшү/.

ВСЕМИРНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ /ВМО/ Бүткүл Дүйнөлүк метеорологиялык уюм /Бириккен Улуттардын Уюмунун астындагы адистештирилген агенство, 1947-жылы түзүлгөн/.



ВСЕМИРНЫЙ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ДЕНЬ бүткүл дүйнөлүк метеорологиялык күн /Бүткүл союздук метеорологиялык коом тарабынан кабыл алынган метеорологиялык майрам. Мындай майрам ар жыл сайын 23-мартта өткөрүлөт/.

ВСЕМИРНЫЙ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ КОНГРЕСС Бүткүл дүйнөлүк метеорологиялык конгресс

ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЕ КАРТЫ жардамчы карталар /синоптикалык картаны толуктоо үчүн керектелүүчү жаан-чачындын саны, минималдык жана максималдык температураны көрсөтүүчү кошумча карталар/.

ВСТРЕЧНЫЙ ВЕТЕР бет маңдайдан соккон шамал

ВТОРЖЕНИЕ ВОЗДУШНЫХ МАСС аба массасынын каптамы

ВУЛКАНИЧЕСКАЯ ПЫЛЬ вулкан чаңы

ВЫПАДЕНИЕ ПЫЛИ чаңдын түшүшү /атмосферадагы аба кургак болгон учурда чаңдардын түшүшү, м.: Европанын түштүгүндө кубулган чаң I млн тоннага чейин жетет/.

ВЫСОКОГОРНАЯ СТАНЦИЯ бийик тоо станциясы /жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарына /көчкү, климат, сел, жер титирөө ж.б./байкоо жүргүзүү үчүн бийик тоолорго орнотулган станция/.

ВЫСОКОГОРНЫЙ КЛИМАТ бийик тоо климаты /бийик тоолордун /көбүнчө кар сызыгынан жогору жаткан/ климаты. Абанын басымынын, температурасынын өтө төмөнкү чоңдуктары, күндүн өтө күчтүү шооласы жана нурлануусу менен мүнөздөлөт/.

ВЫСОТА НАД УРОВНЕМ МОРЯ деңиз деңгээлинен жогорку бийиктик /деңиздин орточо деңгээлинен жогору жаткан жердин бетинин же атмосферанын белгилүү чөйрөсүнүн бийиктиги/.

ВЫСОТА СЛОЯ ОСАДКОВ жаан-чачындын катмарынын калыңдыгы /мм менен туюнтулган жаан-чачындын саны/.

ВЫСОТА СНЕЖНОГО ПОКРОВА кар катмарынын калыңдыгы /жердин бетинде жаткан кардын калыңдыгы ; көбүнчө см менен ченелет/.

ВЫСОТНЫЕ ДАННЫЕ бийиктик маалыматтары /атмосферанын жогорку катмары менен эркин атмосферага тиешелүү маалыматтарды чогултуу/.

ВЫТЯЖНОЙ ТЕРМОМЕТР тартып алуучу термометр /топурактын /40, 80;160;320 см/ тереңиндеги температураны өлчөй турган термометр. Жерди казып, ага эбонит түтүкчөсүн сойлотот да; анын ичине термометрди орнотуп, белгилүү убакыттан кийин алып,эсептөөлөрдү жүргүзөт/.

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНЫЙ ПРОГНОЗ эсептөө прогнозу /басым талаасынын синоптикалык абалын эсептеп, алдын ала айтуу/.

Г

ГАВАЙСКИЙ АНТИЦИКЛОН Гавай антициклону/Тынч океанынын түштүгүндөгү субтропикалык жана тропикалык кеңдиктеги көп жылдык орточо басымдын бөлүнүшүн көрсөткөн картада даана белгиленген субтропикалык антициклон. Борбору Гавай аралдарынын түндүгүндө болот да, анын бир узун тармагы Азиянын жээктерин көздөй жүткүнүп турат/.

ГАЗ газ /молекулалар аралык өлчөмү өтө кичине болгондуктан; заттардын молекулаларынын ортосундагы байланыштын эң начар болгон абалы; м.: көмүр кычкыл газы, жарык кылуучу газ, уулантуучу газ ж.б. Аба болсо бир нече газдардын механикалык аралашмасынан турат/.

ГАЗОВЫЕ ЗАКОНЫ газдын закондору /газдын идеалдуу абалын аныктоочу Бойль-Мариоттун, Гей-Люсактын, Дальтондун закондору/.

ГАЗОВЫЙ БАРОМЕТР газдуу барометр /ичине газ толтуруп, сыртындагы абадан кийимилдүү сурк мамычасы аркылуу бөлүнүп турган барометр. Ошондо изоляцияланган газдын басымы дайыма атмосферанын басымына барабар болот/.



ГАЗОВЫЙ РЕЖИМ ВОДЫ суунун газ режими /убакыттын өтүшү менен дарыя, көлдүн ж.б. суулардын ички массасындагы эритилген газдардын өлчөмүнүн өзгөрүшү/.

ГАЗОВЫЙ ТЕРМОМЕТР газ термометри /газдын /аба, водород; азот,гелий/ температурасы менен басымынын ортосундагы тыгыз байланыштын негизинде температураны өлчөөчү прибор/.

ГАЛЬВАНОГРАФ гальванограф /өзү жазуучу гальванограф. Актинометрдин кабыл алуучу бөлүгү катарында пайдаланылат. Гальванограф механикалык жана фотографиялык делинип бөлүнөт/.

ГАРМСИЛЬ кермсел /Тянь-Шань тоолорунун батышында, Копетдагдын этектеринде жайкысын түштүктөн жана чыгыштан соккон ысык,кургак шамал. Негизинен фёнго окшоп тоо тараптан согуп; маданий өсүмдүктөргө тескери таасирин тийгизет/.

ГАРУА гаруа /Эквадор, Перу жана Чилинин боюндагы аяздуу тыгыз туман. Кышкысын узак убакытка чейин тарабайт/.

ГВИАНСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Гвиан агымы /Түштүк Американын түндүк жээгин бойлоп, түштүк батышка карай кеткен океандык агым. Ал экваторду кесип өтүп; Түштүк Американын жээктерин көздөй кеткен Түштүк Пассат агымынын уландысы/.

ГВИНЕЙСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Гвинея агымы /Африканын түндүк батыш бөлүгүнүн түштүк жээктерин бойлоп чыгыштан Гвинея булуңуна карай соккон океандык агым. Ал Атлантика аркылуу чыгышка кетүүчү экватордук агымдын карама-каршысы/.

ГЕЙЗЕР гейзер /азыркы көздөгү же жакынкы өткөн доордогу жанар тоолуу областтарда кезек-кезек атырылып чыгып турган ысык булак. Гейзердин атырылышы 30-50 м чейин көтөрүлөт жана атырылыш аралыгы I минутадан бир нече айга чейин созулат. СССРде мындай гейзер булактары Камчаткада көздөшөт/.

ГЕЛИЙ гелий /Не ; Менделеевдин мезгилдик системасынын нөл группасынын элементи, катар саны 2, атомдук салмагы 4,003. Кадимки шарттарда ал түссүз, житсиз, бир атомдуу химиялык инерттүү газ, эки изотоптон турат - 272,1° эрийт ; - 268,98° кайнайт/.

ГЕЛИОГРАФ гелиограф /күндүн горизонттун үстүндө булутсуз асмандан тийип турган учурунун узактыгын өлчөөчү прибор/.

ГЕЛИОСФЕРА гелиосфера /гелийдин оң иондору басымдуулук кылган экзосферанын төмөнкү катмары/.

ГЕЛИОТЕХНИЧЕСКАЯ УСТАНОВКА гелиотехникалык установка /техникалык максат үчүн күндүн радиациясын жылуулукка айландыруучу түзүлүш. Алынган жылуулук суу жылытуу, кайнатуу, имараттарды жылытуу, жер жемиштерди кургатуу ж.б. максаттар үчүн колдонулат/.

ГЕНЕРАЛЬНОЕ НАПРАВЛЕНИЕ МУССОНА муссондун негизги багыты /муссон учурунда шамалдын басымдуу багыты/.

ГЕНЕТИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТА климаттын генетикалык классификациясы /жердин бетинин климатын табигый шартынын негизине карата бөлүштүрүү, м.: Гетнердин, Алисовдун, Флондун классификацияларында жалпы эле атмосфералык циркуляция климаттын негизи катарында кабыл алынат/.

ГЕНЕТИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ОБЛАКОВ булуттардын генетикалык классификациясы /булуттарды пайда болуу шартына жараша бөлүштүрүү, м.: фронталдык, конвективдик, орографиялык ж.б./.

ГЕНЕТИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ОСАДКОВ жаан-чачындын генетикалык классификациясы /жаан-чачынды пайда болуу шартына карата бөлүштүрүү, мисалы, еткүн, мөндүр жана нөшөр тунуксуз аба массасындагы конвективдик түрмөк-жамгыр булутунан, ал эми ак жаан фронтто көтөрүлгөн абадан пайда болот/.



ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ИНТЕРПОЛЯЦИЯ географиялык интерполяция /гидрометеорологиялык элементтерге байкоо жүргүзүлбөгөн пункттагы маанисин аныктоонун ыкмасы. Элементтердин /жаанчачын, агым, температура ж.б./ белгилүү закон ченемдүүлүккө баш ийип, территория боюнча үзгүлтүксүз өзгөрүшүнө негизделип, эки пункттагы мааниси боюнча ортодогу аралыгынын маанисин аныктоого мүмкүндүк берет/.

ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ КООРДИНАТЫ географиялык координаттар /жер шарынын бетиндеги точкалардын абалын аныктоочу чоңдуктар. Бул кеңдиктер, мейкиндиктердин абалын белгилүү параллелдер боюнча /градус/ жана узундук мейкиндиктердин абалын меридиан боюнча аныктоо, Мисалы, Москва 55°45′ түндүк кеңдикте жана 37°37′ чыгыш узундукта турат/.

ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ КЛИМАТА климаттын географиялык факторлору /климаттын пайда болушунда, калыптанышында географиялык процесстердин таасири, б.а. жердин бетинин деңиз деңгээлинин бийиктиги, орографиялык /рельефтик/ түзүлүшү, деңиздерге же океандарга чектештиги, океандык агымдар, топурак-өсүмдүктөрүнүн таралышы, мөңгүлөрдүн болушу ж.б. Климаттын түзүлүшүнө адам баласынын таасири /сугаруу, токойлорду кыркуу жана отургузуу/ да чоң/.

ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ ГОРИЗОНТ географиялык горизонт к. ГОРИЗОНТ

ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ МЕРИДИАН географиялык меридиан /жер шарынын уюлдары аркылуу ой менен жүргүзүлгөн сызык/.

ГЕОЛОГИЧЕСКАЯ ЭПОХА геологиялык доор /мезгилдин геологиялык бөлүнүшү/.

ГЕОГРАФО-ГИДРОЛОГИЧЕСКИЙ МЕТОД ИССЛЕДОВАНИЙ изилдөөлөрдүн

география-гидрологиялык изилдөө /берилген райондун бардык суу-ларынын географиялык ландшафт менен болгон байланышын аныктайт, буга климаттан башка, геологиялык, геоморфологиялык түзүлүштөр, топурак жана өсүмдүк менен болгон байланыштарын аныктоо дагы кирет/.

ГЕОЛОГИЧЕСКАЯ ЭРА геологиялык заман /жердин тарыхындагы ири убакыт аралыгы, к. ГЕОХРОНОЛОГИЯ

ГЕОЛОГИЧЕСКИЙ КЛИМАТ геологиялык климат /жердин тарыхындагы геологиялык замандын климаты/.

ГЕОЛОГИЧЕСКИЙ ПЕРИОД геологиялык мезгил /жердин тарыхындагы белгилүү геологиялык системадагы тоо тектери пайда болгон убакыт аралыгы/.

ГЕОМАГНЕТИЗМ геомагнетизм /1. атмосфера менен жер планетасына мүнөздүү магниттик кубулуштар; 2. ошол кубулуштарды үйрөтүүчү илим/.

ГЕОФИЗИКА геофизика /жер планетасынын жана анын литосферасынын, гидросферасынын жана атмосферасынын физикалык кубулуштарын жана касиеттерин үйрөтүүчү илим/.

ГЕОФИЗИЧЕСКАЯ ОБСЕРВАТОРИЯ геофизика обсерваториясы /геофизиканын айрым маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүчү мекеме. Геофизикалык обсерватория тоо кен өнөр жайын магниттик, метеорологиялык маалыматтар менен камсыз кылуу максатында биринчи жолу Свердловск /1836/жана Тбилиси /1837/шаарларында уюштурулган. Геофизикалык обсерватория 1884-жылы Иркутскиде, 1912-жылы Владивостокто түзүлгөн. 1849-жылы Петербургда башкы физикалык обсерватория ачылып, ал геофизикалык изилдөөлөр менен катар өлкөдөгү обсерваториялар менен метеорологиялык станцияларды илимий-мето-



дикалык жактан жетектеди. Совет бийлигинин жылдарында геофизикалык обсерватория Киев, Ташкент, Алма-Ата, Куйбышев ж.б. шаарларда уюштурулган. Геофизикалык обсерватория метеорологиялык, аэрологиялык ж.б. байкоолорду жүргүзөт/.

ГЕОХРОНОЛОГИЯ геохронология /жердин катмарын түзгөн тоо тектеринин кайсы мезгилде пайда болгон тартибин көрсөтүү. Жердин катмарынын жашы 3000-3500 млн жыл деп аныкталат; аны беш геологиялык доорго бөлөт: архей /900 млн жыл/, протерозой /600 млн жыл/, палеозой /325 млн жыл/, мезозой /115 млн жыл/жана кайназой /70 млн жыл/. Геологиялык эралар дагы мезгилдерге бөлүнөт, м.: палезой, кембрий, силурий, девон, каменноугольный, пермь; мезозой-триас, юра, меловой; кайназой-палео-неоген, четвертичный/.

ГИГРОГРАММА гигрограмма /салыштырмалуу нымдуулуктун термелүүсүн жазып алуучу гигрографтын лентасы/.

ГИГРОГРАФ гигрограф /абанын салыштырмалуу нымдуулугун үзгүлтүксүз ченөөчү прибор. Түзүлүшү жагынан гигрометрге окшош. Прибордун сезгич тетиги катарында адамдын майсыз чачы же органикалык пленка колдонулат. Нымдуулуктун өзгөрүшүнө жараша чач же органикалык пленканын чоюлушуна же кыйрылышына карата жазып туруучу саат механизминин жебеси кыймылга келип, тегеренүүчү барабанга оролгон кагаз лентасына калтырылган из боюнча эсептелинип алынат/.

ГИГРОМЕТР гигрометр /абанын нымдуулугун өлчөөчү прибор. Ар түрдүү принциптердин негизинде иштөөчү бир нече конструкциялык түрү кездешет. Метеорологияда көп колдонулуучу чачтуу гигрометрдин иштөө принциби мындай: адамдын чачы өзүнүн узундугун абанын нымдуулугуна жараша өзгөртүп, салыштырмалуу нымдуулукту 30% тен 100% ке чейин аныктай алат. Чачтын топ кылы металл рамкага тар-

тылган, анын уарщын же кыокарысы жылып туруучу жебени /чопп же боштуп/ кыймылга келтирет. Ошондо тийиштүү нымдуулукка туура келүүчү цифраны көрсөтөт/.

ГИГРОМЕТРИЧЕСКИЕ С"ЕМКИ гигрометрдик с"емка /суунун үстүңкү бетинин /0,1 м/ температурасын жана суунун бетинен 2 м ге чейинки бийиктиктеги абанын температурасын, нымдуулугун, шамалын ченөө/.

ГИГРОМЕТРИЯ гигрометрия /абанын нымдуулугун ченөө методу жөнүндөгү илим/.

ГИГРОСКОПИЧЕСКАЯ ВОДА гигроскопиялык суу /кургак топурактын абадан тартып алган суусу. Анын саны топурактын борпоңдугуна жана абадагы нымдуулуктун санына карата болот. Ошого карата кыртыштын топурагындагы гигроскопиялык сууну кургатуу /105-110$^{0}$С чейин/ жолу менен аныктоого болот/.

ГИДРАВЛИКА гидравлика /механиканын теориялык шартына жана эксперименттке таянып суюктуктардын тең салмактуулук жана кыймыл закондорун үйрөтүүчү илим. Бул илим байыркы грек окумуштуусу Архимеддин убагында пайда болуп, XV кылымдын орто ченинде өзүнчө илим тармагы катарында өсүп чыккан. Гидравлика илиминин өсүшүнө жана өнүгүшүнө байыркы окумуштуулар Леонардо да Винчи /1452-1519/ жана С.Стевин, Г.Галилей, Б.Паскаль, Э.Торричелли, И.Ньютон /XVI-XVII кылым/, Д.Бернулли, А.Эйлер /XVIII/ ж.б. көп салымдарын кошкон. Гидравлика гидрологияга тиешелүү көп сандаган инженердик маселелерди чечет/.

ГИДРОБИОЛОГИЯ гидробиология /сууда жашаган организмдер, алардын жашоо шарттары, өз ара байланыштары, океан-деңиздер менен агын суулардын биологиялык продуктуулугу жөнүндөгү илим. Гидробиология негизинен суу чөйрөсүнүн экологиялык маанисин жөнүндөгү илим. Демек, суунун физика-географиялык өзгөчөлүктөрү /химиялык составы, эриген газдар, суунун тунуктугу ж.б./ суудагы организмдерге жана алардын тиричилик аракеттерине карата болот. Гидробиологиянын негизги милдети: суулардагы процесстерди изилдөө, суу чөйрөнүн продуктуулугун жогорулатуу, сууну булгануудан сактоо жолдорун иштеп чыгуу ж.б./.



ГИДРОБИОНТЫ гидробионттор /көлдөр менен агын суулардын түбүндөгү чөкмөлөрдө жана суу массасында жашоо шартын жүргүзүүчү бардык жандуу нерселер – жаныбарлар, өсүмдүктөр, бактериялар ж.б./.

ГИДРОГЕОЛОГИЯ гидрогеология /жер астындагы суулардын составын жана касиетин, пайда болушун, кыймылын жана жайгашуусун, режимин, ошондой эле тоо тектери менен өз ара аракетин изилдөөчү илим/.

ГИДРОГРАФ гидрограф /өзөн, дарыялардагы суунун чыгымынын жылдык мезгилдери боюнча өзгөрүшүнүн графиги. Гидрографты түзүүдө посттордогу күндөлүк байкоолордун маалыматтары пайдаланылат/.

ГИДРОГРАФИЯ гидрография /гидрологиянын суу об"ектилерин жана алардын айрым бөлүктөрүн мүнөздөп жазуучу бөлүгү. Ал экиге бөлүнөт: 1. дария, көл, суу, сактагыч ж.б. алган ордун, физико-географиялык шарттарын, көлөмү менен режимин, пайдалануу жолдорун жана кишилердин тийгизген таасиринен алардын режиминин өзгөрүшүн изилдейт. 2. океанология гидрографиясы океандарга жүргүзүлгөн байкоолорго мүнөздөмө берет. Мында дүйнөлүк океандардын гидрометеорологиялык режими менен геодезиялык талаалары, жээк түзүлүштөрү, океан менен деңиз түптөрүндөгү кыртыштар жана алардын рельефинин динамикасы изилденет/.

ГИДРОЛОГ гидролог /жер үстүндөгү сууларды изилдөөчү адис/.

ГИДРОЛОГИЯ гидрология /табигый сууну, андагы болуучу кубулуштарды жана процесстерди изилдей турган илим. Гидрология изилдөө об"ектилерине карата океанология /океан жана деңиз гидрологиясы/, гидрогеология/жер астындагы суулардын гидрологиясы/ жана кургактык гидрологиясы /дарыя, көл, саз гидрологиясы/ болуп бөлүнөт. Кургактык гидрологиясы өз ичинен потамологияга /дарыя жөнүндөгү илим/, лимнологияга /көл таануу, саз таанууга/ жана гляциологияга бөлүнөт. Ар бир суу об"ектисинде суу режими жана балансы, суу массасынын динамикасы /агым, толкундоо, инфильтрация ж.б./ анын түбү /өзөктөрүнүн жана нукталрынын пайда болушу, шилендилердин жылышы/, жылуулук процесстери жана суунун агрегаттык абалы /муз кубулуштары кардын эрүүсү, буулануу/, химиялык жана биологиялык процесстер изилденет/.

ГИДРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ гидрологиялык станция

ГИДРОЛОГИЧЕСКИЙ ПРОГНОЗ гидрологиялык прогноз /көл, суу сактагыч, же өзөндө болуучу кубулуштар жөнүндө алдын ала илимий болжолдоо. Р. п. алдын ала айтылуучу элементтердин режим мүнөзүнө карата суу жана муз прогнозу болуп бөлүнөт. Суунун прогнозунда сезондогу жана суу ташкын кезиндеги агымдын көлөмү, суунун киришинин жана ташуу деңгээлинин максимуму жана түрдүү убакыттагы суунун орточо чыгымы, кирген суунун максимумга жеткен убакыты болжолдонот/.

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ОБСЕРВАТОРИЯ гидрометеорологиялык обсерватория /Советтер Союзундагы гидрометеорологиялык иштерди кеңири программада жүргүзүүчү илимий-практикалык мекемелер/.

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СЛУЖБА СССР СССРдеги гидрометеорология башкармасы /анын Кыргыз ССРинин Гидрометеорологиялык кызмат башкармасы 1926-ж. 26-августта метеорологиялык бюро болуп Фрунзе шаарында уюшулган. Бул илимий-техникалык мекеме. Кыргызстанда 10 го жакын тармактык бөлүмдү кучагына алып, алардын ичинде 147 пост, 88 гидрометеорологиялык станция, обсерватория, аба ырайынын бюросу, текшерүү бюросу ж.б. бөлүмдөрү бар. Мекеменин негизги милдети - эл чарба тармактарын узак мөөнөттүк, мезгилдик, суткалык аба ырайынын прогнозу, агрометеорологиялык жана гидрологиялык шарттары, климат, дарыя, көл, суу сактагыч, мөңгүлөрдүн режими, эсептик маалыматтар жана аба, суу кыртыштарынын булгануу деңгээли жөнүндөгү маалыматтар менен камсыз кылуу. Ошондой эле илимий иштерди да уюштурат/.

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ гидрометеорология станциясы

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ гидрометеорология /гидрологияга /буулануу, жаан-чачын, кар катмары ж.б. /жана метеорологияга тиешелүү процесстерди изилдөөчү илимдин тармагы/.

ГИДРОМЕТЕОРЫ гидрометеорлор /абадан бөлүнүп жердин бетине жана жердин бетиндеги нерселерге түшкөн жаан-чачындын түрлөрү: шүүдүрүм, бубак, кыроо ж.б./.

ГИДРОМЕТРИЯ гидрометрия /суюктук абалын, кыймылын жана суу об"ектилеринин режим өлчөмүн аныктоочу ыкмалардын жыйындысы. Анын милдетине суунун деңгээлин, тереңдигин, түбүнүн рельефин, басымын, агымын, ылдамдыгын, багытын, толкун элементтерин, суунун ылайлуулугун, суунун чыгышын, агын суунун термикалык жана муз режимдерин мүнөздөөчү элементтерди ченөө ж.б. жумуштары кирет/.

ГИДРОМОДУЛЬ гидромодуль /белгилүү убакытта өсүмдүк талаасынын ар гектарына суунун орточо чыгымдалышы, б.а. суунун салыштырмалуу чыгымы. Г. гектарына л/сек менен белгиленет. Эгиндин сугат норма-

син, мөөнөтүн аныктагандан кийин бүткүл вегетациялык мезгилде сууну пайдалануу планы, же гидромодуль графиги түзүлөт/.

ГИДРОСФЕРА гидросфера /жердин атмосфера менен катуу жер кыртышынын /литосферанын/ аралыгындагы суудан турган бөлүгү; океан менен деңиздердин жана кургактыктагы суулардын /дарыя, көл, саз/жыйындысы. Кең маанисин алганда – жер астындагы суулар, уюлдардагы муздар, бийик тоолордогу мөңгүлөр, жаан-чачын, тирүү организмдердин денесиндеги суулар да гидросферанын составына кирет/.

ГИДРОТЕХНИКА гидротехника /суу байлыгын изилдеп, пайдалануу жолун жана суу кыроонунан сактануу үчүн ар кандай инж. курулуш салуу чараларын иштеп чыгуучу илим жана техниканын тармагы/.

ГИДРОФИЗИКА гидрофизика /жердин калаң суудан туруучу бөлүгүндө өтүүчү физикалык процесстерди изилдөөчү илим. Ал суунун үч абалда болуучу /суюк, муз жана газ/ молекулаларынын түзүлүшүн /суунун, кардын, муздун физикалык касиеттерин/, көлмө суулардагы динамикалык, термикалык процесстерди, суунун кардын жана муздун катмарындагы жарыктын таралышын, сиңишин, чачырашын изилдейт/.

ГИДРОХИМИЯ гидрохимия /жаратылыш сууларынын физико-химиялык составын, айлана-чөйрөдөгү химиялык, физикалык, биологиялык процесстердин журушунө байланыштуу өзгөрүшүн изилдөөчү илим. Ал – геохимия жана гидрология илиминин бөлүгү. Геохимия жаратылыш сууларынын /жаан-чачындардын, агын суулардын, көлдөрдүн, деңиздердин, океандардын жана жер астындагы суулардын/ химиялык составын изилдейт. Суу менен камсыз кылууда, сугарууда, балык чарбасында, курулуш материалдарынын коррозиясын текшерүүдө, пайдалуу кендерди изилдөөдө жана минералдык сууларга бальнеологиялык жактан баа берүүдөгү практикалык иштер үчүн составын билүүдө геохимия илими көп иштерди аткара алат/.



ГИДРОХИМИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ПРИРОДНЫХ ВОД жаратылыш сууларынын гидрохимиялык классификациясы /составында ар түрдүү иондордун болушуна жана өз ара катышына /мг-экв/ карата жаратылыш сууларын белгилүү группаларга бөлүштүрүү: I. гидрокарбонаттуу суулар – $HCO_3' + CO_3''$ иондорунун басымдуулугуна жараша; 2. сульфаттуу суулар $SO_4''$ иондордун басымдуулугуна жараша; 3. хлориддүү суулар $-Cl$ иондордун басымдуулугуна жараша/.

ГЛОБАЛЬНЫЙ АНАЛИЗ глобалдык анализ /атмосферанын синоптикалык маалыматтарын бүткүл жер шары боюнча анализдөө/.

ГЛОБАЛЬНЫЙ ПРОГНОЗ глобалдык алдын ала айтуу /бүткүл Жер шарына тиешелүү аба ырайын жана кээ бир синоптикалык маалыматтарды алдын ала айтуу/.

ГЛУБИНА ПРОМЕРЗАНИЯ тоңуу тереңдиги топурактын тоңгон тереңдиги, мисалы, СССРдин Европалык бөлүгүндө I-2 м, Кыргызстандын /Ысык-Көлдүн/ сырттарында I-3 м чейин тоңот/.

ГЛУБИНА РЕКИ суунун тереңдиги

ГЛЯЦИОКЛИМАТОЛОГИЯ гляциоклиматология /мөңгүлөр менен климаттын өз ара байланышын үйрөтүүчү илим/.

ГЛЯЦИОЛОГИЯ гляциология /мөңгүлөрдүн пайда болушун, физикалык касиетин, динамикасын, эволюциясын жана физико-географиялык компоненттер менен болгон өз ара катышын үйрөтүүчү илим/.

ГОДОВАЯ АМПЛИТУДА жылдык амплитуда /жыл ичиндеги гидрометеорологиялык элементтердин эң жогорку жана эң төмөнкү маанисинин ортосундагы айырма/.

ГОДОВОЙ ДЕФИЦИТ СТОКА агымдын жылдык жетишсиздиги

ГОЛОЛЕД кара тоңголок /абанын температурасы 0° тан-3° ка чейин төмөндөгөндө жердин бетине пайда болгон тунук же күңүрт муздардын катмарларынан жаралат/.

ГОЛОЦЕН голоцен /биздин эрага чейинки 800 жылды кучагына алган төртүнчүлүк доордун акыркы /плейстоценден кийинки/ мезгили/.

ГОЛЬФСТРИМ гольфстрим /Түндүк Атлантика океаны менен Мексика булуңунан Шпицберген жана Кола жарым аралдарына чейин тараган кубаттуу жылуу агым. Гольфстримден Флорида, Атлантика, Канар, Ирмингера, Норвегия, Шпицберген агымдары бөлүнүп чыгат/.

ГОРИЗОНТ горизонт /горизонталдык багыт боюнча караганда асман менен жердин ортосун бириктирип турган сыяктуу сызыгы/.

ГОРИЗОНТАЛЬНАЯ ПЛОСКОСТЬ горизонталдык тегиздик /тик сызык перпендикулярдык бурч боюнча жаткан тегиздик/.

ГОРНАЯ БОЛЕЗНЬ тутөк

ГОРНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ тоо метеорологиясы /тоолордогу атмосферанын абалын жана метеорологиялык режимге тоолордун тийгизген таасирин изилдөөчү илим/.

ГОРНО-ДОЛИННЫЕ ВЕТРЫ тоо өрөөндөрүнүн шамалы / тоолуу райондордогу шамал. Ал тоолордун кыр чокулары менен өрөөндөрүнүн ортосундагы абанын бирдей эмес ысышынын натыйжасында пайда болуп күндүзгүсүн тоону карай; түнкүсүн кайрадан ой тарапка соккон шамал/.

ГОРНЫЕ РЕКИ тоо суулары

ГОРНЫЙ БРИЗ тоо желаргысы

ГОРНЫЙ КЛИМАТ тоо климаты /деңиз деңгээлинен жогорку бийиктикте 3-4 км жаткан тоолордун жана тоолуу рельефтин климаты/.

ГОРОДСКАЯ МГЛА шаардык мунарык , боз /чоң шаарлардагы завод-фабрикалардын морлорунан чыккан түтүн,чаңы менен абаны чаң аралап мунарыктаны/.

ГРАД мөндүр



ГРАДИЕНТ ОСАДКОВ жаан-чачындын градиенти /жаан-чачындын көп жылдык орточо санынын белгилүү бийиктик өлчөмү боюнча көбөйүш же азайыш чени, мисалы, кырка тоолордун капталдарын изилдегенде жаан-чачындын саны белгилүү гана бийиктикке чейин көбөйүп, андан ары кайрадан азаят, бирок мындай абал ар бир кырка тоодо ар башкача өлчөмдө болот/.

ГРАДИЕНТ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын градиенти /изотермалык мейкиндиктеги атмосфералык температуранын аралык бирдиги боюнча азайышын мүнөздөй турган чоңдук /вектор/, $\Delta T = \frac{dt}{dn} h$ /.

ГРАДИЕНТНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ градиенттик байкоо /деңиз деңгээлинен жогорулаган бийиктик боюнча метеорологиялык /абанын температурасына, нымдуулугуна, шамалдын ылдамдыгына ж.б./ элементтерге бир эле убакытта байкоо жүргүзүү/.

ГРАДОБИТИЕ мөндүр кагуу

ГРАДОВАЯ РАКЕТА мөндүр ракетасы /мөндүрдү түшүрбөс үчүн абадагы /булуттардагы/ мөндүрдү эритүүчү аэрозолдору бар ракета/.

ГРАДУС градус /I. температуранын шкаласынын бөлүнүшүн көрсөтүүчү бирдик; 2. градус /шкаладагы/ Цельсия /$0^{\circ}C$/ - муздун эришинин точкасы, $100^{\circ}C$ суунун кайнай турган точкасы; 3. бурчту өлчөп турган бирдик. $I^{0}=2\pi/360=60$ мин,$=360$ бурчтук секунда/.

ГРАДУС ДОЛГОТЫ узундуктун градусу /айлана кеңдигинин I/360 бөлүгү/.

ГРАДУС МЕРИДИАН меридиан градусу /жердин айланасынын чейрек /I/90/бөлүгү, анын орточо аралыгы II,37 км/.

ГРАММ грамм /СГС системасындагы массанын негизги бирдиги. Килограммдын массасынын миңден бир бөлүгү; салмак бирдиги, же болбосо I грамм массанын нормалдуу тартылуу күчүнүн негизиндеги абалы/.

ГРЕНЛАНДСКИЙ АНТИЦИКЛОН Гренландия антициклону /Гренландиянын үстүндөгү атмосферанын жогорку басымдуу чөйрөсү, б.а., циклондон антициклон үстөмдүк кылган учурда пайда болот/.

ГРИНВИЧСКОЕ ВРЕМЯ Гринвич убактысы /Лондондун астында Гринвич обсерваториясы аркылуу өткөн нөл /$0^{o}$/ меридианынын убактысы, же болбосо 0 дүк /саат/ алкактын убактысы/.

ГРОЗА чагылгандуу жаан /булут менен жердин ортосунда электр зарядларынын кагылышуусунун натыйжасында күн күркүрөп, чагылгандуу жаандын болушу. Атайын маалыматтарга караганда жер шарында бир эле убакытта 1800 жолу күн күркүрөп, чагылгандуу жаан боло алат/.

ГРОМ күн күркүрөө

ГУМИДНЫЙ КЛИМАТ артыкча нымдуу климат /жаан-чачындын саны буулануу менен топуракка сиңүүдөн артыкчылык кылган климат, артык ным дарыя агымын пайда кылат/.

## Д

ДАВЛЕНИЕ басым /туташ чөйрөнүн чыңалган абалын мүнөздөөчү скалярдык чоңдук. Ал тыгыздык менен температура сыяктуу газдын жана суюктуктун негизги микроскопиялык параметри. Метеорологияда көбүнчө атмосфералык басым айтылат/.

ДАВЛЕНИЕ ВЕТРА шамалдын басымы /аба массасы кыймылга келип жылганда жолундагы буюмдарга жасаган басым күчү; бирдей шартта шамалдын басымы абанын тыгыздыгына жана шамалдын ылдамдыгынын квадратына оң /түз/ пропорциялдуу/.

ДАВЛЕНИЕ ВОЗДУХА абанын басымы к. АТМОСФЕРНОЕ ДАВЛЕНИЕ

ДАВЛЕНИЕ ВЫСОКОЕ жогорку басым /атмосфералык басымдан чоң басымдар/.



ДАВЛЕНИЕ ЛЬДА муздун басымы /муздун катмарынын гидротехникалык курулушка, жээкке, кемеге ж.б. жасаган басымдык күч таасири. Ал динамикалык жана статикалык басым күчтөрү делинип бөлүнөт. Муздун динамикалык басымы деп муздун массасынын жылышуусунун негизинде пайда болгон күч, ал эми статикалык деп муздун массасынын катуу муздагандагы кеңейишинен жана жылгандагы тартылышынан пайда болгон күч айтылат/.

ДАВЛЕНИЕ КОНДЕНСАЦИИ конденсация басымы /жогору көтөрүлгөн нымдуу аба, кургак адиабаттык закон боюнча каныгып, суу бууларынын конденсациясын пайда кылуучу басым/.

ДАВЛЕНИЕ НА УРОВНЕ МОРЯ деңиз деңгээлиндеги басым /деңиздин орточо деңгээлиндеги атмосфералык басым. Бул деңиздин жээгинде өлчөгөн же деңиздин жээгинен ар кандай алыстыктагы өлчөнүп, деңиз деңгээлине тууралангaн басым/.

ДАВЛЕНИЕ ПЛАВЛЕНИЯ эрүү басымы /заттардын алгачкы касиетин өзгөртүүчү басым, мисалы, суунун эрүү басымы музду сууга айландыруучу температурадагы басым. Эрүүнүн температурасынын $0^{o}$Сдан- $1^{o}$С өзгөрүшү эрүү басымынын 137 барга көтөрүлүшү, б.а. 135 атм. басымга жакындашы дегендикке жатат/.

ДЕБИТ зарп болуу /кудуктун, булактын, скважинанын белгилүү убакыт бирдигинин ичинде суу чыгарууга жөндөмдүүлүгү. Көбүнчө л/сек, м/сек, $м^3$/сутка делинип туюнтулат/.

ДЕИОНИЗАЦИЯ деионизация /газдардагы эркин заряддалган бөлүкчөлөрдүн концентрациясынын азаюу процесси/.

ДЕЙГИШ дейгиш /өзөндөгү суунун деңгээлинин көтөрүлүп жууганда, анын жээгинин урап түшүүсү. Дейгиш тектерди агызып келип катмарлануусуна жана ошол тектердин борпоңдугуна карапа болот/.

ДЕЙСТВИТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ чыныгы маани /өтө так өлчөөчү приборлордун жардамы менен эч бир ката кетирбей ченеген гидрометеорологиялык элементтердин чыныгы саны/.

ДЕЙСТВИТЕЛЬНАЯ СКОРОСТЬ ДВИЖЕНИЯ кыймылдын чыныгы ылдамдыгы /агын суунун агышынын ылдамдыгын өтө так иштөөчү приборлордун жардамы менен ченөө/.

ДЕЙСТВИТЕЛЬНАЯ ПЛОЩАДЬ БАССЕЙНА өзөндүн чыныгы аянты /өзөндөгү суунун чогулган чыныгы алабынын аянты; же болбосо бассейндеги суу бербеген аянтты чыгарып салгандагы азайган аянты/.

ДЕКАДА декада /бир календарлык айдын үчтөн бири /10 суткасы/. Метеорологияда декада боюнча байкоолордун орточо мааниси чыгарылып картасы түзүлөт/.

ДЕКАМЕТР декаметр /10 м барабардык; басымдын картасында пайдалануучу бирдик/.

ДЕКРЕТНОЕ ВРЕМЯ декреттик убакыт /1930-жылы 16-июндагы СССР Эл Комиссарларынын токтому боюнча поястык убакытка дагы бир саат кошкондогу убакыт/.

ДЕЛЕНИЕ ВОД суунун бөлүнүүсү /суу киргенде өзөндүн башынан ташып экинчи өзөнгө кошулуп кеткен суу. Мындай учур көбүнчө түз жер менен аккан суулардын режиминде байкалат/.

ДЕЛЬТА чат /тайыз аккан суулардын көлгө же деңизге куйган жери. Айрыкча өтө ылайланып жай аккан сууларда көп болот/.

ДЕЛЮВИЙ делювий /денудациянын таасири менен тоо тектеринин үбөлөнгөн продуктыларынын тоолордун этегине жылениши/.

ДЕНДРОКЛИМАТОЛОГИЯ дендроклиматология /жыгач өсүмдүктөрүнүн өзөгүндөгү шакекчелерине карата жашын чыгаруу жана ага карата климаттын тарыхын аныктоо/.



ЗЕМНЫЕ ПОЛЮСА Жердин уюлдары /жердин огунун жер бети менен кесилишкен чекиттери/.

ЗЕНИТ зенит /байкоочунун төбөсүндөгү асмандын эң бийик чекити/.

ЗЕРКАЛО ВОДНОЕ суунун бети /көлдөрдүн, агын же жер астындагы суулардын үстүнкү бети/.

ЗИМА кыш /1. түндүк уюлда кышкы күн токтогондон /22-декабрдан/ жазгы күн түн теңелгенге чейинки /21-мартка/, ал эми түштүк уюлда 21-июндан 23-сентябрга чейинки мезгилди кучагына алуучу астрономиялык убакыт; 2. климатологияда жылдын бир нече айларын кучагына алган суук мезгил; мисалы, мелүүн алкакта декабрь-февраль/.

ЗИМНЕЕ ПОЛУГОДИЕ кыш мезгили /түндүк жарым шардын күзгү жана жазгы күн түн теңелген убакыттын аралыгы, б.а. октябрь март айларынын аралыгы/.

ЗИМНИЙ РЕЖИМ кышкы режим /абанын температурасынын терс мааниси үстөмдүк кылган мезгилдеги суу об"ектилеринде жүргөн процесстердин жыйындысы; суунун чыгышынын азайышы, муздун пайда болушу, үйөрдүн курушу ж.б./.

ЗИМНИЙ СТОК кышкы агым /кыш мезгилинде суунун агышы; ал жер астындагы суулардын эсебинен жана аз өлчөмдө мөңгүлөрдүн астыңкы бетинин эришинен пайда болот/.

ЗНАЧИТЕЛЬНАЯ ОБЛАЧНОСТЬ кыйла өлчөмдөгү булут /аба ырайы боюнча мүнөздөмөдө 9-10 баллга жеткен булуттуулукту билдирүү/.

ЗНАЧИТЕЛЬНЫЙ ДОЖДЬ кыйла /көп/ жаан /жарым суткада/12 саатта/ 8 мм ден ашык жааган жаанды кыйла көп жаан деп эсептейт/.

ЗОНА зона /жаратылыштын компоненттеринин белгилүү бир гидрометеорологиялык чөйрөгө ылайыкташылып орун алышы. Климаттык зона метеорологиялык элементтердин белгилүү бир чөйрөгө калыптанган чоңдугу/.

ЗОНА АЭРАЦИИ аэрация зонасы /жердин үстүңкү бетинен жер астындагы суулардын бетине чейинки катмар/.

ЗОНА КОМФОРТА комфорт зонасы /температуранын, басымдын, нымдуулуктун /метеорологиялык элементтердин/ адам баласына оңтойлуу сезиле турган абалы. Мындай зонанын температурасы СССРде 13,5-18,0°, АКШда 17,2-21,7°С/.

ЗОНА МОЛЧАНИЯ жымжырттык зонасы

ЗОНА НАСЫЩЕНИЯ каныгуу зонасы /жер астындагы суулардын жогорку бетинен төмөн жаткан жердин катмары/.

ЗОНА НЕДОСТАТОЧНОГО УВЛАЖНЕНИЯ жетишсиз нымдалуунун зонасы /Жер шарындагы орточо жылдык бууланууну жаан-чачындын санынан ашык кылган зона/.

ЗОНДА зонда /1. Анд кырка тоосунун чыгыш капталдарындагы жана Арктикадагы фен сыяктуу жылуу, кургак шамал; 2. Аргентинанын пампастарындагы түндүктөн соккон циклондун алдындагы жылуу жана нымдуу шамал/.

## И

ИГОЛЬЧАТЫЙ ЛЕД ийнелүү, тикенектүү муз /топурактын катмарынын кеңдейлөрүндөгү буу түрүндөгү нымдуулуктун акырындап муздап отуруп 0° төмөн түшкөндө пайда болгон ийнедей узун муз кристаллы/.

ИГОЛЬЧАТЫЙ СНЕГ ийнелүү кар /нымдуу топуракка жана борпоң нерселерге жабышкан ийнедей узун кар бүртүгү. Нымдуу топурак акырындык менен муздап, температурасы 0°тан төмөн түшкөндө пайда болот/.

ИДЕАЛЬНАЯ АТМОСФЕРА эң таза атмосфера /суунун буулары, түтүн, чаң аралашпаган туруктуу таза газдардан турган атмосфера; ал туруктуу оптикалык касиетин жоготпой турат/.



ДЕНЬ күн /Күн чыккандан Күн батканга чейинки мезгилди камтыган сутканын бир бөлүгү/.

ДЕНЬ БЕЗ ОТТЕПЕЛИ чыкыроондоп турган күн /максималдуу температурасы 0° тан ашпаган күн/.

ДЕНЬ С ДОЖДЕМ жаандуу күн /сутканын ичинде метеорологиялык станцияда калыңдыгы 0,1 мм ден кем болбогон кар, жамгыр, өткүн, жааган күндөр/.

ДЕНЬ С МЕТЕЛЬЮ бороондуу күн /сутканын ичинде жок дегенде бир жолу кардуу бороон болгон күн/.

ДЕНЬ С ОСАДКАМИ жаан-чачындуу күн /сутканын ичинде жааган жаан-чачындын саны 0,1 мм ден кем болбогон күн/.

ДЕНЬ СО СНЕЖНЫМ ПОКРОВОМ кардуу күн /сутканын ичинде жааган кар, айлана-чөйрөнүн жарымына чейин каптаган күн/.

ДЕНУДАЦИЯ денудация /суунун, шамалдын, муздун жана тоо тектеринин жемирилип, үбөлөнүп төмөн карай кулаган процесстеринин жыйындысы/.

ДЕПРЕССИЯ депрессия /1. жер бетинин деңгээлинин жемирилип, басырылып төмөндөшү; 2. атмосфералык басымдын төмөндөшү/.

ДЕФИЦИТ ВЛАГИ нымдын мүчүлүшү

ДЕФИЦИТ ВЛАЖНОСТИ нымдуулуктун мүчүлүштүгү /белгилүү температурадагы жана басымдагы суунун буусунун каныктыруучу саны менен байкоо жүргүзгөн мезгилдеги санынын ортосундагы айырма/.

ДЕФИЦИТ ИСПАРЕНИЯ бууланууның мүчүлүштүгү/бууланууга мүмкүн болгон чоңдуктун ортосундагы айырма/.

ДЕФИЦИТ КИСЛОРОДА кислороддун мүчүлүштүгү /белгилүү температура менен басым учурунда изилденүүчү суудагы боло турган кислороддун саны менен чыныгы болгон кислороддун санынын ортосундагы мүчүлүштүгү/.

ДЕФЛЯЦИЯ дефляция /шамалдын таасири менен тоо тектеринин сүрүлүп, кемирилип, жылмаланышы жана кипындарынын учурулушу/.

ДЕЯТЕЛЬНАЯ ПОВЕРХНОСТЬ аракеттүү бет /күндүн нурун жана атмосферанын радиациясын кутуп, кайра чагылдырууга жөндөмдүү өсүмдүктөрдүн, жер суунун үстүңкү бети/.

ДЕЯТЕЛЬНЫЙ СЛОЙ аракеттүү катмар /I. жылуулук абалы атмосферадагы радиациянын, жылуулук жана нымдуулук алмашуу процесстерге байланыштуу болгон жердин үстүңкү катмары; 2. саздуу чөйрөнүн шартындагы чым көң жана анын астыңкы бетиндеги өсүмдүктөрдүн тамырын копо камтыган катмар; 3. көп жылдык тоң өөрчүгөн чөйрөдөгү жыл сайын эрип/жайында/ жана кайра тоңуп /кышында/ туруучу үстүңкү бети. Демек ар түрдүү шартка жараша иштердүү катмардын калыңдыгы бир нече сантиметрден бир нече метрге чейин жетет да тигил же бул чөйрөнүн тоо тектерине, тоо капталдарынын багытына, өсүмдүктөрүнүн мүнөзүнө көз каранды болот/.

ДИАТОМОВЫЕ ВОДОРОСЛИ диатомдук балырлар /жашыл түстөгү бир клеткалуу көзгө илэшпеген балырлар/.

ДИНАМИКА АТМОСФЕРЫ атмосферанын динамикасы /аракет кылуучу күчтүн таасири менен атмосферадагы абанын кыймылын изилдей турган динамикалык метеорология илиминин тармагы. Башкача айтканда атмосферага карата гидромеханиканын закондорунун тиркемеси/.

ДИНАМИКА ПОГОДЫ аба ырайынын динамикасы /белгилүү бир жерге /чөйрөгө/ тиешелүү калыптанган аба ырайынын өзгөрүшү/.

ДИНАМИЧЕСКАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ динамикалык климатология /климаттын атмосфералык циркуляциянын закон ченемдүүлүгүн изилдей турган багыты/.

ДИНАМИЧЕСКАЯ ЛОЖБИНА динамикалык бел баскак /тоо кырларында аба массасы өтүүчү бел баскак кайкы/.



ДИНАМИЧЕСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ динамикалык метеорология /атмосфералык кыймылды изилдеп жана атмосферадагы энергияны гидродинамиканын, термодинамиканын, турбуленттүү агымдын законуна ылайык кайра куруу милдетин аткаруучу метеорологиялык илимдин тармагы. Ошондуктан динамикалык метеорологияны атмосферанын динамикасы жана термодинамикасы деп аташат. Негизги милдети атмосфералык процесстердин сандык методдорун иштеп чыгуу болуп эсептелет/.

ДИНАМИЧЕСКОЕ ИЗМЕНЕНИЕ ДАВЛЕНИЯ басымдын динамикалык өзгөрүшү /температурага көз каранды болбогон атмосфералык кыймылдын басымынын чакан чөйрөгө өзгөрүшү/.

ДИСК СЕККИ Секки тегереги /диаметри 30 смге барабар ак түстөгү тегерек. Суунун тунуктугун аныктоо үчүн колдонулат. Тегеректи трос менен көлдүн суусуна салганда анын көрүнбөй калган тереңдиги /м менен/ суунун тунуктугу катары кабыл алынат/.

ДИССОЦИАЦИЯ диссоциация /жогорку температуранын жана башка факторлордун таасири менен молекулалардын атомдук группаларга, иондорго же андан да көп жөнөкөй бөлүкчөлөргө ажырашы/.

ДИСТАНЦИОННЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ дистанциялык байкоолор /гидрометеорологиялык элементтерге белгилүү бир аралыктан туруп (дистанциялык курал менен)байкоолорду жүргүзүү/.

ДИСТАНЦИОННЫЙ ГИГРОМЕТР дистанциялык гигрометр /нымдуулукту алыстан туруп өлчөй турган чачтуу гигрометр/.

ДИСТАНЦИОННЫЙ ТЕРМОМЕТР дистанциялык термометр /өткөргүчкө туташтырылып кабыл алуучу куралдан алыс турган каршылык термометри/.

ДИСТРОФНЫЕ ОЗЕРА дистрофтуу көлдөр /тамактануучу, азыктануучу заттардын аздыгына байланыштуу өсүмдүктөрү аз өнүккөн көлдөр. Мындай көлдөр өтө саздуу райондордо көп таралып, суусу күңүрт сары түстө, минералдары аз, кислороду тартыш келип, органикалык чириндилери кемчил/.

ДЛИНА РЕКИ дарыянын/өзөндүн/ узундугу

ДЛИННОВОЛНОВАЯ РАДИАЦИЯ узун толкундуу радиация /жердин бетинен жана атмосферанын /4-120 км/ аралыгынан чачылган электромагниттик радиация/.

ДНЕВНАЯ ОСВЕЩЕННОСТЬ күндүзгү жарыктык/жердин бетинин эртеден кечке чейинки түз жана чачыранды радиация менен шоолаланышы. Фотометр, люксометр, фотоэлемент жана фотохимиялык методдор менен өлчөнөт, люкс /ЛК/ бирдиги менен туюнтулат/.

ДНЕВНОЙ ХОД күндүзгү өзгөрүш/ гидрометеорология процесстердин күндүзгү өзгөрүшү. Мындай элементтердин түнкү өзгөрүшү нөлгө барабар болот, мисалы, күндүн радиациясы, шоолалануусу ж.б./.

ДОЖДЕВАЯ КАПЛЯ жаандын тамчысы /диаметри 0,5 мм болгон жамгыр/.

ДОЖДЕВАЯ ТЕНЬ жаандын жктоосу /тоолордун жаан тийбеген далдалуу беттери/.

ДОЖДЕМЕР жаан ченегич /жамгырды чогултуп өлчөй турган прибор; ал үстү ачык; конус формасындагы темир челек/.

ДОЖДЕМЕРНОЕ ВЕДРО жаанды ченөөчү чака /жаан-чачынды ченөөчү куралдын кабыл алуучу бөлүгү; ал аянты 500 см$^2$ болгон металл цилиндр/.

ДОЖДЕМЕРНЫЙ СТАКАН жамгыр өлчөөчү стакан

ДОЖДЛИВЫЙ КЛИМАТ жамгырдуу климат /жаан-чачындын басымдуу бөлүгү жамгыр түрүндө жааган гумиддүү типтеги климат/.

ДОЖДЛИВЫЙ СЕЗОН жамгырдуу сезон /жаан-чачыны жамгыр түрүндө жааган мезгил. Муссондук жана саванналык климатта жаан-чачындуу мезгил жай айларына туура келет, ал эми Жер Ортолук деңиздин чөйрөсүндө жамгыр кышында жаайт, экватордун айланасында жамгырдуу мезгил жылына эки жолу кайталанат/.



ДОЖДЬ жамгыр /суюк жаан/ көлөмү 0,5 мм/ - ак жаан, өткүн, кардап басылган жамгыр болуп бөлүнөт/.

ДОЛГОСРОЧНЫЙ ПРОГНОЗ көп убакытка алдын ала айтуу /метеорологияда узактыгы 5,7,10 күнгө, же бир айга чейинки убакытка алдын ала айтуу; гидрологияда 15 күндөн, 1-6 айга, 1 жылга чейинки мезгилге, алдын ала айтууга болот/.

ДРЕЙФ ЛЬДОВ муздардын калкышы /деңиздик агымдардын жана шамалдын таасири менен муздардын ар кандай сыныктарынын калкып жүрүшү/.

ДРЕЙФОВЫЕ ТЕЧЕНИЯ дрейфтик агымдар /шамалдын айдоосу менен деңиз сууларынын үстүңкү катмарынын жылышы/.

ДУХОТА ып /абанын температурасы жана салыштырма нымдуулугунун жогору 30$^0$-45%, 28-50%, 23$^0$-70%, 21$^0$-75% болгондогу метеорологиялык аба/.

ДЫМ түтүн

ДЫМЛЕНИЕ түтөтүү /топурактын /жердин/ бетинен эффективдүү нурлануусун азайтып, өсүмдүктөрдү үшүк урудан сактоо үчүн түтөтүү методу/.

ДЮЙМ /дм/ дюйм /узундук бирдиги 1 дм=2,54 см.Улуттардын Британ достугунун өлкөлөрүндө жана АКШда жаан-чачындын санын туюнтуу үчүн колдонулат/.

ДЮЙМ РТУТНОГО СТОЛБА сымап мамычасынын дюйму /атмосфералык басымдын бирдиги, сымап мамычасынын 25,4 мм же 38,864 мб. барабар. Улуттардын Британ достугунун өлкөлөрүндө жана АКШ да колдонулат/.

Е

ЕВРОПЕЙСКИЙ МУССОН европалык муссон /Европа материгине мез-

гил-мезгилди менен батыштан соккон деңиздик полярдык аба/.

ЕВТРОФНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ евтрофтук өсүмдүктөр /топурактын составында азык болучу заттардын арбын болушун каалаган өсүмдүктөр-ольха, кайың,карагай, чөп өсүмдүктөрүнөн - тростник, камыш, элөң, рогоз, жашыл мохтор ж.б./.

ЕВТРОФНЫЕ ОЗЕРА евтрофтуу көлдөр /тамактануучу заттарга бай көлмөлөр; мындай көлдөр анча терең эмес, күнгө жакшы жылыйт; суусу саргыч; кислороду азыраак; бирок өсүмдүктөр менен жаныбарларга бай/.

ЕДИНИЦА ИЗМЕРЕНИЯ өлчөө бирдиги /гидрометеорологиялык элементтердин жүрүшүн өлчөгөндө туюнтулуучу бирдиктер, $0^{\circ}$,мм, $м^3$ ж.б./.

ЕДИНОЕ ВРЕМЯ бирдей убакыт /белгилүү меридиандын же сааттык алкактын метеорологиялык станцияларында байкоо жүргүзүүчү синхрондук макулдашылган убакыттары: 00,03, 06, 09, 12,15 ж.б./.

ЕЖЕГОДНИК жылдык жыйнак /гидрометеорологиялык элементтерге жыл ичинде жүргүзүлгөн байкоолордун натыйжасында чогулган маалыматтын жыйнагы/.

ЕЖЕЧАСНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ саат сайын байкоо /метеорологиялык станцияларда саат сайын /суткасына 24 жолу/ байкоо жүргүзүү/.

ЕСТЕСТВЕННАЯ ОСВЕЩЕННОСТЬ табигый шоолалануу /күндүн радиациясынын бардык түрлөрү /түз, чачыранды, чагылма/ менен шоолалануу/.

Ж

ЖАЛЮЗНАЯ БУДКА желдетүүчү будка/капталдары желденип тургандай кылып жасалган жыгач сандык. Ага метеорологиялык приборлорду /термограф, гигрограф ж.б./ коюп байкоо жүргүзөт/.

ЖЕСТОКИЙ ШТОРМ катуу шторм /Бофорт шкаласы боюнча II баллга /28-33 м/с жеткен шамалдын күчү/.



ЖЕСТКОСТЬ ВОДЫ суунун катуулугу /суунун негизги бир касиети. Мындай суу экенин самындын начар эришине карата жана сууну кайнатканда казан,чайнектин ичине каткан кеберлердин турушу менен билүүгө болот. Суунун катуу делишине анын составында щелочтуу металлардын кальций /$Co^{2+}$/, магний /$Mg^{2+}$/ж.б. эриген туздардын болушу менен аныктоого мүмкүндүк берет. СССРде катуу суу I л. суудагы кальций жана магнийдин иондорунун миллиграмм-эквиваленттеринин суммасы менен туюнтулат. I мг-экв.=20,04мг/л $Mg^{2+}$ дегендикке жатат. Башка өлкөлөрдө градус менен туюнтулат. Суунун катуулугунун немисче градусу 10 мг/л CaO, французча суунун катуулугунун градусу 10 мг/л$CaCO_3$, америкалык градус - I мг/л $CaCO_3$; англисче -I галон суудагы I г $CaCO_3$ ; 1952 -ж. чейин СССРдеги суунун катуулугун градус менен өлчөп, 100 л. суудагы кальцийдин кычкылын аныктап келишкен. Аны азыркы ченөө бирдигине которгондо I градустагы катуулук кальций жана магний иондорунун 0,35663 мг -экв. барабар/.

ЖИДКИЕ ОСАДКИ жамгыр /булут менен тумандардагы абанын составынан бөлүнүп чыгат/.

ЖИДКИЕ ПРИМЕСИ суюк аралашмалар /көлөмү $10^{-5}$тен $5.10^{-1}$ см чейинки ар түрдүү суюк аэрозолдордун атмосферадагы аралашмалары. Алар түтүн, күл, деңиз сууларынын толкундарынан пайда болгон кислоталардын тамчылары, эриген туздар ж.б./.

ЖИДКИЙ НАЛЕТ суюк өнөр /тумандап турган салкын аба үстөмдүк кылган кезде бак-даракка жана ар түрдүү нерселерге жабышкан жука муз кабыгы, кышында, эрте жазда жана кеч күздө байкалат/.

ЖИДКОСТНЫЙ БАРОМЕТР суюктук барометри /атмосфералык басымды ченөөчү прибор; ал Торричеллинин гидростатика закону боюнча аракет кылуучу тажрыйбасына негизделип жасалган/.

ЖИДКОСТНЫЙ ТЕРМОМЕТР суюктук термометри /термометрдин өтө көп тараган тиби. Ага метеорологияда кенен колдонулуп жүргөн /психрометрдик, максималдык, минималдык, кошумча спирттүү, шашылыш, топурактык термометр, прашт/ термометрлер кирет/.

ЖИДКОСТЬ суюктук /1. таймалуу суюктуктар, заттардын белгилүү агрегаттык абалы; алардын молекулалары токтоосуз кыймылдоо турат, бирок суюктуктун көлөмүн сырткы күчтөрдүн таасири менен өзгөртүүгө мүмкүн эмес; 2. гидромеханика менен динамикалык метеорологияда суюктук деп туташ, жеңил кыймылдуу, агып туруучу чөйрө аталат/.

ЖИДКОСТЬ ИДЕАЛЬНАЯ идеалдуу суюктук /сүрүлүүсү болбогон суюктуктун теориялык модели. Мындай суюктуктун бөлүкчөлөрү кыймылсыз болот да сырткы түзүлүшүнүн өзгөрүшүнө эч кандай таасир тийгизбейт/.

ЖИЛА чыла

ЖИЛЬНЫЕ ПОДЗЕМНЫЕ ВОДЫ жаракага чогулган суу

З

ЗАБАЙКАЛЬСКИЙ КЛИМАТ Забайкал климаты /Азия материгинин чыгышындагы мелүүн алкактын муссондук климаты/.

ЗАБЕРЕГИ жээк муздашы /агын суунун жээгине тоңгон муз тилкелери/.

ЗАБОЛАЧИВАНИЕ сазга айлануу /жердин үстүңкү бетин сазга айландыруучу процесс/.

ЗАБОЛОЧЕННОСТЬ ВОДОСБОРА өрөөндүн саздуулугу

ЗАВИХРЕНИЕ үргөктөнүү /суунун агымында сайдын таманындагы ар кандай тоскоолдуктардан агып өтүүсүнө байланыштуу суунун үрпөктөнүүсү/.

ЗАВОДЬ агын суунун булуңу

ЗАГРЯЗНЕНИЕ ВОЗДУХА абаны булгоо /атмосфералык абада чаң, түтүн, кислоталардын жана ар түрдүү өндүрүштүк имараттардын морлорунан бөлүнгөн кошулмалардын болушу/.

ЗАДЫМЛЕНИЕ ГОРОДОВ шаарлардын түтөтүү /завод, фабрика, турак жай ишканаларындагы жылытуучу системалардын, заводдук установкалардын морлорунан чыккан түтүн, ыш, буу жана башка бөлүкчөлөр менен шаардын абасын булгоо. Кубаттуулугу 100 квт. болгон установкалар суткасына 47 тонна күл, 95 тонна күкүрттүү газды абага бөлүп чыгарып турат. Шаарды түтөтүү тумандуулукту көбөйтүп, күндүн шооласын жана радиациясын азайтып, шаарды күкүрттөнгөн чөйрөгө айландырып турат/.

ЗАИЛИВАНИЕ ВОДОХРАНИЛИЩА суу сактагычтардын ылайлануусу /суу сактагычтардын түбүнө ылай, кум, чопо жана башка чөкмөлөрдүн катмарланышы/.

ЗАИНЕВЕНИЕ бубактануу /бак-дарактарга жана башка ар түрдүү нерселерге суу бууларынын бубактанышы/.

ЗАИНЕВЕНИЕ СНЕЖИНОК кардын бубактанышы /калың жааган кар жылып жана кайра муздагандан пайда болот/.

ЗАЙМИЩЕ ой /өрөөндүн суу жыйылып туруучу оюу, жээги/.

ЗАКЛЮЧИТЕЛЬНЫЙ АНТИЦИКЛОН акыркы антициклон /бир нече сериялык циклондордун акыркы этабы. Атмосферанын төмөнкү катмарында мындай циклон муздак аба массасынын чөйрөсүндө өнүгөт жана улам түштүккө барган сайын/жердин бетинин таасири менен жана адиабаттык жол менен/ жылый баштайт /.

ЗАКОН ВОЕЙКОВА Воейковдун закону /ачык күндөрдө температуранын суткалык амплитудасы дөбө жана каптал беттерде салыштырганда өрөөндүн таманында чоңураак болот деген теорияга таянган закон/.

ЗАКОН ВСЕМИРНОГО ТЯГОТЕНИЯ Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону /же Ньютондун закону; $F = k \frac{m_1 m_2}{d^2}$; $k = 6{,}67 \cdot 10^{-8}$ (см³/г·сек²)/.

ЗАКРЫТОСТЬ ГОРИЗОНТА горизонттун далдаланышы /горизонттун тоолор, бийик имараттар, бак-дарактар менен далдаланышы/.

ЗАЛИВ булуң /деңиздин же көлдөрдүн кургакка кирип турган булуңу/.

ЗАЛОМЫ бөгөлмө /өзөндүн кууш жеринде чогулган караган-буталардын сыныктарынын чогулушу/.

ЗАМАСКИРОВАННОЕ ВТОРЖЕНИЕ ХОЛОДА билинбеген суук /жердин бетиндеги жылыган чөйрөгө муздак абанын билинбей таралышы, мисалы, деңиздик муздак абанын кургактыкка карай которулушу/.

ЗАМЕРЗАНИЕ тоңуу /абанын температурасынын жана басымынын төмөндөшү менен суунун суюк абалынын музга айланышы/.

ЗАМЕРЗШАЯ ВОДА тоңгон суу /жердин бетинде же жер бетиндеги нерселерге тоңгон, бирок теги атмосфералык суу/.

ЗАМЕРЗШАЯ РОСА тоңгон шүүдүрүм /диаметри 1 ден 5 мм чейин жеткен шүүдүрүмдүн тоңгон муздары/.

ЗАМЕРЗШЕЕ ОТЛОЖЕНИЕ МОКРОГО СНЕГА нымдуу кардын тоңгон катмары /жумшак суу кардын бак-дарактарга, зым карагайдын өткөргүчтөрүнө тоңгон кабыкчалары/.

ЗАМОРОЗКИ үшүк /күндүз жылуу болгон мезгилдин кечкисинде жана түнкүсүндө абанын температурасы 0°тан төмөн түшүп турган абалы. Үшүк күзүндө же жазында абанын орточо температурасы оң маанисине өткөндө байкалат. Үшүк көбүнчө ойдуңдуу жерлерде көп кайталанат, себеби муздак аба ой жерлерге көп токтоп калат/.

ЗАМОРОЗКИ ПОЧВЫ топурактын тоңушу /абанын температурасынын төмөндөшү менен топурактын составындагы суунун тоңушу. Мындай абалда топуракты күрөк менен казууга болбой калат/.



ЗАМОРОЗОК НА ПОЧВЕ топурактагы тоңголок /түнкүсүн топурак, өсүмдүктөрдүн температурасынын 0° чейин же андан төмөн түшүшү/.

ЗАПАДНО-АВСТРАЛИЙСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Батыш-Австралия агымы /Австралиянын батыш жээктерин бойлоп кеткен океандык агым; жайында анын багыты түндүк тарапка жылып, андан кийин батыш тараптагы Түштүк Пассат агымына кошулат; кышында кайрадан түштүк тарапка жылат/.

ЗАПАДНО-ГРЕНЛАНДСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Батыш-Гренландия агымы /Девисово кысыгы аркылуу Гренландиянын батышын бойлоп жылган океандык агым. Чыгыш Гренландия агымынын уландысы/.

ЗАПАДНЫЕ ВЕТРЫ В ТРОПИКАХ тропиктеги батыш шамалы /тропосферанын төмөнкү бөлүгүндө бул же жайкы муссон, же экватордук батыш шамалы, ал эми жогорку катмарларында - антипассат/.

ЗАПАС ВОДЫ В ПОЧВЕ топурактагы суунун запасы /топурактын белгилүү катмарындагы суунун чыныгы көлөмү/.

ЗАПАС ВОДЫ В СНЕЖНОМ ПОКРОВЕ кар катмарындагы суунун запасы /кардын белгилүү катмарында суунун жалпы көлөмү/.

ЗАПЫЛЕННОСТЬ ВОЗДУХА абанын чаңдалышы /абадагы белгилүү көлөмдөгү чаңдын салмагынын же ошондой эле көлөмдөгү чаң кыпындарынын болушу/.

ЗАРНИЦА жаркыроо /алыс добулдагы жарык кубулуштары, чагылган көрүнбөй, анын булуттарды жарык кылышы гана байкалат/.

ЗАРЯ таң шооласы /күндүн жарыгы тийген эртең менен же кечки асман шооласы/.

ЗАРАСТАНИЕ чөп басуу /көлдөмөлөрдөгү чөптөрдүн өсүшү жана соолуусунун натыйжасында чөп басуу/.

ЗАРЕГУЛИРОВАННЫЙ СТОК жөнгө салынган агым /агымдын режими

жыл бою бир калыпта болгон өзөн суулар. Мындай болууга жасалма жол менен суу сактагычтарды куруу же көлдөн бир калыпта агып чыккан суулар себеп боло алат/.

ЗАСЕВ ОБЛАКОВ булутка себүү /булуттардын фазалык абалын өзгөртүү жана коллоиддик туруктуулугун бузуу жолу менен жаанчачынды жаадыруу максатында булутка кээ бир реагенттерди /катуу көмүр кислотасын, йоддуу күмүштүн түтүнүн ж.б./чачуу/.

ЗАСОЛЕНИЕ ОЗЕР көлдөрдүн туздануусу / көлдөрдө туздардын жыйналып олтуруп, суунун минералдуулугун 1000 мг/л. дан ашык абалга алып келүү процесси/.

ЗАСОЛЕНИЕ ПОЧВ топурактын туздануусу /хлорддуу жана күкүрт кычкыл натрий туздарынын топурактагы жыйналышы. Топурактын тузданышы табигый шартта же сугат режимин бузганда пайда болот/.

ЗАСТРУГА куртку /1. шамалдын таасири менен кардын үстүнкү бетинде курткунун жалчаларынын пайда болушу; 2. жай калкып аккан суунун же көлмөнүн түбүндө пайда болгон жалчалар/.

ЗАСУХА кургакчылык /жаз, жай айларында абанын температурасы жогорулап, нымдуулук азайганда байкалуучу кургакчылык. Тарыхый маалыматтарга караганда СССРдин Европалык бөлүгүндө акыркы 65 жылдын ичинде өсүмдүктөрдү куйгузгөн кургакчылык Волганын төмөнкү агымында 21 жолу, Украинанын чыгышында 10-15, Украинанын батышында 10-15 жолу, Кубандын боюнда 5 жолу, Москва жана Иваново областтарында 1-2 жолу кайталанган. 1924 жана 1946 жылдарда болгон кургакчылыкта катары менен 60-70 күнгө чейин бир да тамчы жаан болгон эмес/.

ЗАСУХОУСТОЙЧИВОСТЬ РАСТЕНИЙ өсүмдүктөрдүн кургакка чыдамдуулугу /табигый өсүмдүктөрдүн /ксерофиттердин/ кургакчылыкка ылайыктанып таралышы жана өсүшү ; маданий өсүмдүктөрдүн убак-



тылуу кургакчылыкта сапатын жоготпой вегетациялык мезгилден аягына чейин өсүп жетилүүсү жана дан байлоосу/.

ЗАТОР үйөр /муз жарылып аккан кезде өзөндүн кууш жерлерине муздун сыныктарынын үймөктөнүп, үйүлүп калышы/.

ЗАХВАТ ХЛЕБОВ эгиндин кодураланышы /сугатка чейин эгинди ысык урууну натыйжасында данынын чүрүшүп куурап кетүүсү/.

ЗАЩИТА ДОПДЕМЕРА жамгыр өлчөгүчтүн калканчысы /жамгыр өлчөгүчтүн конус формасындагы металл калканчысы/.

ЗВЕЗДА жылдыз /кардын жылдыздай формасы. Ал борбордук жана жалпак көп бурчтуктан жана анын бурчтарынан тараган жылдыз канатчаларынан турат. Тууурасы диагональ боюнча 2-7 мм, калыңдыгы 5-30 мм чейин жетет/.

ЗВУК ун /серпилгич чөйрөдө /катуу, суюк,газ абалындагы/ таралуучу, адам менен айбанаттардын угуу органдарына таасир берүүчү жыштыктагы механикалык термелүүлөр жана толкундар/.

ЗЕМНАЯ КОРА Жер кабыгы, Жер кыртышы/Жер шарынын орточо калыңдыгы 30-70 км /океан алдындагы ойдуңдарда 10 км/болгон катуу кабыгы. Жер кыртышы гранититүү /жогорку/ жана базальттуу деген эки катмардан турат/.

ЗЕМНАЯ КОРОНА Жер таажысы/Жер атмосферасынын сырткы бөлүгү, экзосферанын үстүндө 1 ден 20миң км ге чейин созулуп жатат/.

ЗЕМНАЯ ОРБИТА Жердин орбитасы /Жердин Күндү жыл бою айланып чыккандагы траекториясы. Орбита боюнча жердин айлануу ылдамдыгы 29,76 км/сек/.

ЗЕМНОЙ ЭКВАТОР Жердин экватору /Жер шарын түндүк жана түштүк жарым шарларга бөлүп турган эң чоң узундук. Экватордо жылдын бардык мезгилинде күн түн бирдей узундукта болот, жана күндүн бийиктиги 90° бурч менен өлчөнөт. Экватордун узундугу 40076,594 км/.

ИДЕАЛЬНАЯ ВЛАЖНАЯ АТМОСФЕРА **идеалдуу нымдуу атмосфера** /суу буулары менен туруктуу газдардан турган идеалдык атмосфера/.

ИДЕАЛЬНАЯ ЖИДКОСТЬ **идеалдуу суюктук** /илээшкектиги жок реалдуу кысылбоочу жана жылуулук өткөрбөөчү суюктукту схемалык элестетүү/.

ИДЕАЛЬНЫЙ ГАЗ **идеалдуу газ** /молекулаларынын ортосунда байланыш күчү болбогон жана молекулалары көлөмсүз точкага айланган шарттуу газ/.

ИЗАЛЛОБАРЫ **изаллобарлар** /карта боюнча көрсөткөндө белгилүү убакыт ичинде /сутканын, 12,3 сааттын/ басымы бирдей мааниге өзгөргөн жерлерди туташтыруучу сызык/.

ИЗАЛЛОБАРИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ **изаллобар областы** /атмосферадагы абалы боюнча же синоптикалык картадагы атмосфералык басымдын өсүшүн же басаңдашын белгилүү убакытка карата көрсөтүүчү област. Карта боюнча көрсөткөндө, басымы борборуна туура келүүчү бир не че туюк сызыктар/.

ИЗАЛЛОБАРИЧЕСКАЯ ПАРА **изаллобардык түгөй** /басымдын өсүш областы менен азайыш областын көрсөтүп, бири-бири менен туташкан эки басым областынын түгөйү/.

ИЗАЛЛОБАРИЧЕСКОЕ ПОЛЕ **изаллобар талаасы** /атмосфералык басымдын убакыт боюнча өзгөрүшүнүн талаасы/.

ИЗАЛЛОГИПСА **изаллогипса** /карта боюнча алганда атмосфералык басымдын белгилүү убакыт ичинде /12 же 24 саат/ абсолюттук же салыштырмалуу геопотенциалдык изобардык мейкиндиги боюнча өзгөрүшүн көрсөтүү/.

ИЗАЛЛОТЕРМА **изаллотерма** / картага белгилүү убакыт ичинде абанын температурасы бирдей мааниге өзгөргөн жерлерди туташтырып туруучу сызык/.



ИЗАНАБАТА **изанабата** /шамалдын вертикалдык багыты боюнча бирдей ылдамдыгын туташтыруучу сызык: ылдамдыктын оң маанисин көрсөтүүчү сызык жогорку багыты, ал эми терс маанисин көрсөтүүчү сызык төмөн жакты карай каратылат/.

ИЗАНЕМОНА **изанемона** /шамалдын орточо жылдык ылдамдыгынын бирдей маанисин туташтыруучу сызык/.

ИЗАНОМАЛА **изаномала** /аномалиянын бирдей маанисинин сызыгы, башкача айтканда климаттык картадагы метеорологиялык элементтердин орточо маанисинин белгилүү убакытка кыйшаюусун көрсөтүүчү сызык/.

ИЗБЫТОЧНОЕ УВЛАЖНЕНИЕ **артык баш /ашык/ нымдуулук** /жаан-чачындын саны буулангандан жана топуракка сиңишинен кийин артып калгандагы нымдуулук/.

ИЗВЕРЖЕНИЕ ВУЛКАНОВ **жанар тоонун атылышы**/жердин астындагы ар түрдүү жаракалар, каналдар, боштуктар, кеңдей коңулдар аркылуу жердин үстүңкү бетине ысык газдардын, суу бууларынын, тоо тектери аралашкан ылайлуу суюктуктардын, күл, чаң, лаваларды атылышы. Жанар тоо атылганда чаң-күл, газдардын атылышы менен атмосферанын абасы чаңдап, тумандай уюган булут пайда болгондуктан күндүн жарык нуру басаңдап жарык болуу азаят/.

ИЗЗАОБЛАЧНОЕ СИЯНИЕ **булуттун жылчык шооласы**

ИЗЛУЧАЮЩИЙ СЛОЙ АТМОСФЕРЫ **атмосферанын чагылдыруучу катмары** /атмосферанын күндүн радиациясын кайрадан асман мейкиндигине чагылдыруу катмары. Ал тропосферанын 5-8 км чейинки бийиктиги/.

ИЗЛУЧЕНИЕ **шооланануу** /жарыктын жана жылуулуктун шоолаланып, жаркылдап таралышы/.

ИЗМЕНЕНИЕ КЛИМАТА климаттын өзгөрүшү /жер шарынын жалпы масштабында же анын кээ бир бөлүктөрүндө климаттык шарттын өзгөрүшү; I. геологиялык өзгөрүш, б.а. жердин тарыхындагы /3500 млн. жылдын ичиндеги/ өзгөрүштөр; 2. тарыхый өзгөрүш, б.а. адам баласынын тарыхындагы өзгөрүштөр; 3. акыркы өзгөрүш, б.а. акыркы он, жүз жылдын ичиндеги өзгөрүштөр. К.ө. прогрессивдүү жана олку-солку делинип бөлүнөт. Өзгөрүш бир калыпта болсо прогрессивдүү, ал эми бир муздап, бир жылып отурса, олку-солку делинип аталат/.

ИЗМЕНЧИВОСТЬ өзгөргүчтүк, өзгөрмөлүүлүк /гидрометеорологиялык элементтердин /абанын температурасынын, басымынын, агымдын ж.б./ белгилүү стандарттык, орточо нормалдуу калыбынан чыгып өзгөрүшү; анын мүнөздүү чондуктары-дисперсия, орточо алыстоо, орточо квадраттык алыстоо, абсолюттук алыстоо болуп эсептелет/.

ИЗМЕНЧИВОСТЬ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКОГО ЭЛЕМЕНТА метеорологиялык элементтин өзгөрмөлүүлүгү /белгилүү чөйрөдөгү метеорологиялык элементтин мезгилсиз өзгөрүшүнүн климаттык мүнөздөмөсү. Мисалга суткалык, орточо айлык өзгөрүүлөр алынат/.

ИЗМЕНЧИВОСТЬ СРЕДНЕГО АТМОСФЕРНОГО ДАВЛЕНИЯ орточо атмосфералык басымдын өзгөргүчтүгү /жылдык же айлык орточо атмосфералык басымдын көп жылдык маанилеринин айырмасы. Жогорку кендиктеги жер бетиндеги өзгөргүчтүгү 4 мб. жакын, экваторго жакындаганда I мб/.

ИЗМЕНЧИВОСТЬ СРЕДНЕЙ ТЕМПЕРАТУРЫ ВОЗДУХА абанын орточо температурасынын өзгөргүчтүгү /абанын температурасынын орточо айлык маанисинин өзгөрмөлүүлүгү, мисалы, ГМС Тянь-Шанда 1974-жылы июнь айында абанын орточо температурасы +8,0°, 1975-жылы +10,0°, 1976-жылы -5,0° ж.б./.



ИЗМЕНЧИВОСТЬ СУММЫ ОСАДКОВ жаан-чачындын суммасынын өзгөрмөлүүлүгү /жаан-чачындын суммасынын орточо айлык чондугунун өзгөрмөлүүлүгү/.

ИЗМЕРЕНИЕ өлчөө /ар кандай гидрометеорологиялык элементтердин жүрүшүн атайын курал аркылуу же болжол менен өлчөө жүргүзүү, мисалы, булуттарга көз өлчөө жүргүзүү, шамалдын багытын, жаан-чачын ж.б. ченөөчү приборлордун жардамы менен өлчөө жүргүзүү/.

ИЗМЕРИТЕЛЬ ВЛАЖНОСТИ ПОЧВЫ топурактын нымдуулугун ченегич /топурактын ар кандай терендиктеги нымдуулугун өлчөөчү курал; анын конструкциясы нымдуу топурактын электрдик каршылыгына негизделген/.

ИЗМЕРИТЕЛЬ ЗАПАСА ВОДЫ В СНЕЖНОМ ПОКРОВЕ кар катмарындагы суунун запасын өлчөгүч

ИЗМЕРЯЕМАЯ ВЕЛИЧИНА өлчөнүүчү чондук /физикалык заттардын кубулуштарынын жана процесстеринин сандык мааниси/.

ИЗМОРОЗЬ бубак /туман болгондо суунун бууларынын сублимацияланышынын натыйжасында караган-бутага, бак-дарактардын бутактарына, зым карагайларга, өткөргүчтөргө тонгон муз бубактары/.

ИЗОАТМА изоатма /карта боюнча көрсөткөндө бууланууунун бирдей маанисин туташтырган сызык/.

ИЗОБАРЫ изобарлар /карта боюнча көрсөткөндө басымдын бирдей маанисин туташтырган сызык/.

ИЗОБАРИЧЕСКАЯ ПОВЕРХНОСТЬ изобардык мейкиндик /атмосфералык басымы бардык жеринде бирдей болгон мейкиндик; $tg\beta = \frac{l}{g} Vg$/.

ИЗОБАРИЧЕСКИЙ ПОЛЕТ изобардык учуу /изобардык мейкиндикти, б.а. өзгөрбөгөн басымды бойлоп учуу/.

ИЗОБАРИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изобардык процесс /өзгөрүүсүз басым чөйрөсүндө байкалган атмосфералык процесс/.

ИЗОБАРИЧЕСКИЙ ТУМАН изобардык туман / басымдын төмөндөшү менен температуранын адиабаттык ылдыйлашы. Мындай процесстердин натыйжасында туман пайда болбойт, бирок туман пайда болуучу шарт түзүлөт/.

ИЗОБАРИЧЕСКОЕ РАСШИРЕНИЕ изобардык кеңейүү /газдардын туруктуу басым мезгилиндеги кеңейиши. Газдардын изобардык кеңейүү мезгилиндеги аракети $/A=\int_1^2 p\,di = p_1 S\,dL = p(V_2-V_1)$.

ИЗОБРОНТЫ изобронттор/синоптикалык картада бирдей сандагы күн күркүрөгөндү көрсөтүүчү сызыктар/.

ИЗОВЕЛЫ изовелдер/шамалдын бирдей ылдамдыгын көрсөтүүчү сызыктар/.

ИЗОВАПОРА изовапора /суу бууларынын бирдей серпилгичтигин көрсөтүүчү сызык/.

ИЗОГЕЛИЯ изогелия /күндүн нурларынын бирдей узундугун көрсөтүүчү сызык/.

ИЗОГЕОТЕРМА изогеотерма /карта боюнча топурактын бирдей температурасын көрсөтүүчү сызык/.

ИЗОГИЕТА изогиета /карта боюнча белгилүү убакыт же мезгил ичиндеги жаан-чачындын бирдей суммасын туташтырган сызык/.

ИЗОГИПСА изогипса /картадагы бирдей бийиктиктерди туташтырган сызык, мисалы, метеорологияда белгилүү бийиктиктеги атмосфералык басым айтылат/.

ИЗОСТЕРА изостера /карта боюнча абанын салыштырма көлөмүнүн бирдей маанисинин көрсөтүүчү сызык/.

ИЗОТАХА изотаха /карта боюнча ылдамдыктын бирдей маанисин туташтырган сызык: шамал изотахасы, дарыя агымынын изотахасы/.



ИЗОТЕРМА изотерма /синоптикалык же орточо температуранын картасындагы убакыттын белгилүү аралыгынын же көп жылдык картасындагы бирдей температурасынын өлчөмүн көрсөтүүчү сызык/.

ИЗОТЕРМИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изотермалык процесс /газдардын массасынын абалын өзгөрүүсүз калтырган термодинамикалык процесс. Мындай процесс газдардын жылуулукту кабыл алуусу чексиз кең болгон учурда гана байкалат/.

ИЗОТЕРМИЧЕСКИЙ СЛОЙ изотермалык катмар /I. бийиктик боюнча температурасы өзгөрбөй турган атмосфералык катмар; 2.стратосферанын алгачкы аты/.

ИЗОТЕРМИЯ изотермия /I. атмосферанын кээ бир катмарында бийиктик боюнча абанын температурасынын өзгөрбөй турган абалы; 2. кээ бир атмосфералык процесстердин мезгилиндеги абанын температурасынын туруктуулугу/.

ИЗОФЕНЫ изофены /климаттык картада белгилүү бир мезгил ичинде байкалуучу кубулуштардын көрсөтүлүшү; мисалы, өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн өсүшү, кыр жабышы, гүлдөшү, дан байлашы ж.б./.

ИНВАРИАНТНОСТЬ инварианттуулук /I. гидрометеорологиялык кээ бир элементтерге ички же тышкы процесстер аракет кылганда алгачкы физикалык чоңдуктун туруктуулугу; 2. белгилүү кайра түзүүдө математикалык чоңдуктун туруктуулугу/.

ИНВЕРСИОННОЕ РАСПРЕДЕЛЕНИЕ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын инверсиялык бөлүнүшү /абанын температурасынын бийиктик боюнча инверсияга карата бөлүнүшү/.

ИНВЕРСИОННЫЙ СЛОЙ инверсиялык катмар /температуранын инверсиясы менен мүнөздөлүүчү атмосфералык катмар/.

ИНВЕРСИЯ ВЛАЖНОСТИ нымдуулуктун инверсиясы /абанын жерге жакынкы катмарында бийиктик өскөн сайын суу бууларынын абадагы аралашмасынын көбөйүшү. Көбүнчө кышында жана түнкүсүн көп байкалат. Нымдуулук жерге тартылып суу бууларынын конденсациясы топуракка кыроо, шүүдүрүм болуп конушат/.

ИНВЕРСИЯ ОСАДКОВ жаан-чачындын инверсиясы /тоолордо белгилүү бийиктикке чейин жаан-чачын өсүп, андан ары кайра азайышы, мисалы, Монбланда 2500 м ге чейин, Гималайда /жайкысын океандык муссон каптагандыктан/ 1300 м ге чейин, Тянь-Шанда 2500-2600 м чейинки бийиктикте жаан-чачындын басымдуу көпчүлүгү жаайт/.

ИНВЕРСИЯ ТЕМПЕРАТУР температуранын инверсиясы /атмосферанын кээ бир катмарларында температуранын бийиктик боюнча өсүшү. Температуралык инверсия жерге чөйрөлөш жана эркин атмосферада бирдей байкалат да инверсиялык катмардагы температуранын өсүшү $10^{0}$-$15^{0}$ ка чейин жетет. Жерге жакын чөйрөдөгү инверсия кыртыштын /кар, муз, топурактын/ үстүнкү бетинде түнкү салкындоодон пайда болот да радиациялык инверсия деп аталат/.

ИНДЕКС АРИДНОСТИ аридүүлүктүн индекси /1. белгилүү бир пунктагы $100\,d/n$ чоңдугу: мында $d$-нымдуулуктун мүчүлүштүгү, башкача айтканда жаан-чачындын саны менен буулануучулуктун суммаларынын ортосундагы айырма: $n$-суммардык буулануунун көрсөтүлгөн айдагы жалпы саны. Мындай чоңдукту биринчи жолу Тронтвейт сунуш кылган; 2. Де Мартондун сунушу боюнча аридүүлүктүн индексин $R(t+10)$ деп көрсөтөт. Мында $R$ жаан-чачындын жылдык саны /мм менен/, $t$-жылдык орточо температура /градус Цельсия менен/. Формуланы айлык мезгилге да колдонсо болот, анда $R$-дын жылдык маанисин айлык кылып алмаштыруу керек; 3. Стенцтин сунушу боюнча А.и.: $E/R$; $E$-буулангычтык; $R$-жаан-чачындын суммасы/.

ИНДЕКС ВЛАЖНОСТИ нымдуулуктун индекси /Тронтвейттин сунушу боюнча нымдуулуктун индекси $J_{m} = \frac{100s - 60d}{n}$ деген формула менен туюнтулат. Мында жана $n$ аридүүлүктүн жана гумиддүүлүктүн индекстериндеги чоңдуктар/.

ИНДЕКС ГУМИДНОСТИ гумиддүүлүктүн индекси /Тронтвейттин сунушу боюнча $100\,s/n$ деген көрсөткүч. Мында $S$-жаан-чачын менен суммардык буулангычтыктын айлык айырмасы/.

ИНДЕКС КОНТИНЕНТАЛЬНОСТИ континенталдуулуктун индекси /климаттын континенталдуулугунун сандык мүнөздөмөсү. Абанын температурасынын жылдык амплитудасына негизделген бир нече функциялуу варианттар бар/.

ИНДЕКС СТАНЦИИ станциялардын индекси /гидрометеорологиялык маалыматтарды берүүдө станциялардын белгилүү номерлери же тамга менен берилүүчү белгилери. Эл аралык жана жергиликтүү индекс деп бөлүнөт/.

ИНДЕКС СУХОСТИ кургакчылыктын индекси /жылдык же жарым жылдык жаан-чачындын санынын буулангычтыкка болгон катышы/.

ИНДЕКС ЦИРКУЛЯЦИИ циркуляциянын индекси /жер шарынын бардыгына же белгилүү бир райондоруна тиешелүү атмосфералык жалпы циркуляциянын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөчү сандык чоңдук/.

ИНДУСТРИАЛЬНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ индустриялык метеорология

/өнөр жайлуу райондордогу атмосфералык тазалыкты сактоо, аба ырайынын жана климаттын зыяндуу таасирлерине байланыштуу маселелерди изилдей турган жардамчы, же болбосо техникалык метеорологиянын бир тармагы/.

ИНДУСТРИАЛЬНЫЕ ОБЛАКА индустриялык булут /өнөр жай ишканаларынын жана райондорунун үстүндө пайда болгон /чаң, түтүн ж.б./ ар түрдүү булуттар/.

ИНЕЙ кыроо /суу бууларынын төмөнкү температурада радиациялык муздашынын натыйжасында муз кристаллчаларына айланып, топурактын, чөптөрдүн ж.б. үстүндө кыроонун пайда болушу/.

ИНЕРТНЫЕ ГАЗЫ инерттүү газдар /Менделеевдин мезгилдик системасынын нөл группасынын элементтери; гелий /He/, неон /Ne/, аргон /Ar/, криптон /Kr/, ксенон /Xe/, радон /Re/; атмосферада, жердин катмарындагы газдардын арасында кезигет/.

ИНЕРЦИОННЫЙ ПРОГНОЗ инерциялык алдын ала айтуу /аба ырайынын туруктуу мүнөзүнө карата анын боло турган абалынын инерция боюнча өзгөрбөй тургандыгын болжолдоо иретинде айтуу; мисалы, эртең аба ырайы бүгүнкүдөй эле болот/.

ИНСОЛЯЦИЯ инсоляция /горизонталдык мейкиндикке күндүн тик түшкөн радиациясы $I' = I \sin h$ формуласы менен эсептелет; $I$ - мейкиндик боюнча өткөн күндүн радиациясы; $h$ - күндүн горизонттогу бийиктиги; 2. күндүн радиациясынын жалпы эле жердин бетине түшүшү/.

ИНСОЛЯЦИЯ СКЛОНОВ капталдын инсоляциясы /горизонталдык мейкиндикке жантайыңкы капталдын бетине түшкөн күндүн радиациясы. Ал жантайыңкы беттин бурчуна жана багытына жараша болот/.

ИНСПЕКЦИЯ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИХ СТАНЦИЙ метеорологиялык станциялардын инспекциялоо /метеорологиялык станциялардагы приборлордун туура иштешин текшерүү жана метеорологиялык байкоолорду жүргүзүү методикасын сактоо боюнча инспектордук иштерди аткаруу/.



ИНСТРУМЕНТАЛЬНАЯ ПОПРАВКА инструменттик түзөтүү /метеорологиялык станциядагы прибордун көрсөткөн маалыматын нормалдуу прибордун көрсөтүүсүнө теңөө, түзөтүү/.

ИНТЕГРАТОР РАДИАЦИИ радиациянын интегратору /белгилүү мезгил ичинде радиациялык жылуулукту кабыл алынган же жоготулган энергиянын жалпы санын өлчөөгө мүмкүнчүлүк түзүүчү прибор/.

ИНТЕНСИВНОСТЬ ИОНООБРАЗОВАНИЯ ион пайда болуунун интенсивдүүлүгү, күчөгөндүгү /1см $^3$ абада секундасына кош иондордун пайда болуусунун күчөгөндүгү/.

ИНТЕНСИВНОСТЬ ОСАДКОВ жаан-чачындын интенсивдүүлүгү /убакыт бирдигинин /1 мин/ ичинде жааган жаан-чачындын катмары/.

ИНТЕНСИВНОСТЬ ОБЛЕДЕНЕНИЯ муз тоңуунун интенсивдүүлүгү /белгилүү убакыт бирдигинин ичинде муз тоңуучу аянт бирдигине катмарланган муз кабыкчасынын калыңдыгы жана массасы/.

ИНТЕРПОЛЯЦИЯ интерполяция /гидрометеорологиялык элементтерди байкоочу пункттардагы белгилүү маанисине карата ага чектеш чөйрөдөгү маанисин аныктоо/.

ИНФИЛЬТРАЦИЯ инфильтрация /жердин бетиндеги нымдуулуктун топуракка сиңиши/.

ИНФЛЮАЦИОННЫЕ ВОДЫ инфлюациялык суулар /тоо тектеринин ири көңдөйлөрү аркылуу жердин катмарынын тереңине суулардын сиңиши/.

ИОД иод /Менделеевдин мезгилдик системасынын VII группасынын элементи, катар саны 53, атомдук салмагы 126,91. Жаратылышта массалык саны 127 болгон бир гана изотоптон турган карабозомтук кристаллдык зат, тыгыздыгы 4,94 г/см$^3$, 113,5$^0$ да эрип, 184,35$^0$ кайнайт/.

ИОН ион /суунун эритмесинде, кээ бир кристаллдык структурада жана атмосферада электр заряды бар атомдор/.

ИОНИЗАЦИЯ АТМОСФЕРЫ атмосферанын иондошуусу /атмосферанын иондошулган абалы, же болбосо атмосфералык абада иондошуу процессинин пайда болушу/.

ИОННАЯ КОНЦЕНТРАЦИЯ иондук концентрация /абанын белгилүү көлөм бирдигиндеги иондордун /жалпы, же ар кайсы түрүнүн/ саны/.

ИОННАЯ ПРОВОДИМОСТЬ иондук өткаргычтык /электр талаасынын аракети астында заттагы иондордун кыймылдашынан келип чыгуучу өткаргычтык/.

ИОННЫЙ ПРИБОР иондук курал /иштөө аракети газдардагы жана буулардагы и о н д о р д у н жылышына негизделген куралдар; мисалы; токту түзөткүчтөр, тездеткичтер жана заряддалган бөлүкчөлөрдү өсептегичтер, масспектрографтар ж.б./.

ИОНОСФЕРА ионосфера /атмосферанын 40-50 дөн 400 км ге чейинки катмарын кучагына алган молекулярдык жана атомдук иондор менен эркин электрондордуң салыштырмалуу жогорку бирикмелери мүнөздөлүүчү аймагы/.

ИНФИЛЬТРАЦИЯ инфильтрация /каналдар, коңулдар, көлдөйлөр аркылуу жердин катмарына суулардын сиңиши/.

ИОНОСФЕРНЫЙ ВЕТЕР ионосфера шамалы /ионосферадагы газдын бөлүкчөлөрүнүн мезгилсиз кыймылы; ал гидродинамиканын законуна баш иет/.



ИОНОФОН ионофон /иштөө принциби мокк, иондошкон абанын абалынын өзгөрүшүнө негизделген электроакустикалык айландыргыч; жыштыгы бир нече жүздөгөн герцтен бир нече жүздөгөн килогерцке чейин созулган акустикалык сигналдарды кайрадан калыбына келтире алат/.

ИРРИГАЦИОННЫЙ ВЕЕР ирригациялык салаа, тармактануу /дарыянын төмөнкү агымында сугат каналдарына тарап кетиши/.

ИРРИГАЦИЯ ирригация /айыл чарба өсүмдүктөрүн жана жайыттарды сугаруу/.

ИСКУССТВЕННЫЙ КЛИМАТ жасалма климат /максатка ылайыктап жабык имараттын ичиндеги абаны жылытуу, муздатуу, кургатуу, нымдоо, чаңдардан тазалоо, кыймылга келтирүү жолу менен түзүлгөн климат/.

ИСКУССТВЕННЫЕ ОБЛАКА жасалма булут /адамдын ишмердүүлүгү менен пайда болгон булут; 1. самолеттун асманга учкандагы түтүнү; 2. завод, фабрика, турак-жай имараттарынын морлорунан чыккан түтүнү өрттөн, ядролук жарылуудан чыккан түтүндөр/.

ИСКУССТВЕННЫЕ ОСАДКИ жасалма жаан /асман мейкиндигиндеги кара булуттарга техниканын күчү менен таасир этип, жаан жаадыруу/.

ИСКУССТВЕННЫЙ СПУТНИК ЗЕМЛИ жердин жасалма жандоочусу /илим изилдөө иштерине ылайыкталып, Жер орбитасына чыгарылган космостук учуучу аппараттар. Адам баласы жараткан тунгуч жасалма асман телосу - Жердин жасалма спутниги биринчи жолу СССРде 1957-жылы 4-октябрда учурулган/.

ИСПАРЕНИЕ буулануу /негизинен суунун бууланышы айтылат. Демек нымдуу топурактагы, атмосферадагы тамчы жана кристаллдардагы кар, муз, суунун үстүндөгү молекулалардын бөлүнүп атмосферага коңулушу. Мындай молекулалардын ажырашы температурага көз каранды болот. Бууланган суюктуктун бир бөлүгү тамчылап кайрадан ошол чөйрөгө келет, дагы бир бөлүгү бууланып атмосферага кетет, демек, экөөнүн ортосундагы айырма чыныгы буулануунун негизин түзөт/.

ИСПАРЕНИЕ С ПОВЕРХНОСТИ ПОЧВЫ <u>топурактан буулануу</u> /топурактын нымынын температуранын жылытуучу таасиринин натыйжасында бууланып атмосферага өтүү процесси. Аны топурак буулandыргычынын жардамы менен, жана топурак менен абанын температурасынын маанисине карата табигый шарттагы байкоолорго негизделген эмпириялык ыкма менен чыгарууга болот/.

ИСПАРЕНИЕ АРКТИЧЕСКИХ МОРЕЙ <u>арктикалык деңиздердин бууланышы</u> /Арктиканын ачык деңиздеринин үстүндөгү муздак абада пайда болгон туман абанын деңизден бууланган нымдуулугу менен каныккандыгын билдирет/.

ИСПАРИТЕЛИ <u>буулантkычтар</u> /ар кандай табигый мейкиндиктен бууланган нымдуулукту өлчөөчү куралдар. Мындай куралдардын бир нече конструкциясы болот; мисалы, <u>испарители болотные</u> - саздуу жерлерден бууланган нымдуулукту өлчөөчү курал; <u>испарители водные</u> - суунун бууланууусун өлчөөчү курал ж.б./.

ИСПАРЯЕМОСТЬ <u>буулангычтык</u> /белгилүү атмосфералык шарттагы чөйрөдө бууланууга мүмкүн болгон нымдуулуктун саны; ал буулануучу суу мм өлчөмү менен туюнтулат, мисалы, Вильда буулandыргычы боюнча Ысык-Көлдүн батышында /Рыбачье шаары чеңде/ 1428 мм, бийик тоолуу Ак-Сай өрөөнүндө 760 мм, Нукуста /Кара-Калпак АССР/ 1718 мм ж.б./.

ИСТИННАЯ СРЕДНЯЯ СУТОЧНАЯ ТЕМПЕРАТУРА <u>чыныгы орточо суткалык температура</u> /сутканын ар бир саатындагы температурасынын орточо маанисинин негизинде алынган орточо суткалык температура/.

ИСТИННОЕ СОЛНЕЧНОЕ ВРЕМЯ <u>күндүн чыныгы узундугу</u> /асман мейкиндиги боюнча күндүн чыныгы жылышы боюнча белгиленүүчү убакыт. Практикада күндүн чыныгы узундугу эмес, орточо суткалык убакыт колдонулат/.



ИСТИННЫЕ СОЛНЕЧНЫЕ СУТКИ <u>чыныгы күндүк сутка</u> /Күндүн эң жогорку жана эң төмөнкү кульминациялык абалынын аралыгындагы убакыт. Бул убакыт сидериялык суткадан 4 минутага узундук кылат. Жердин өзүнүн орбитасы боюнча айлануу ылдамдыгына жана Күндүн кантайышына байланыштуу чыныгы күндүк сутка өзгөрүп турат. Ошондуктан практикада күндүн орточо суткасы колдонулат/.

ИСТИННЫЙ ВЕТЕР <u>чыныгы шамал</u> /абанын жердин бетине салыштырмалуу жылышы. Аны жүрүп бара жаткан об"ектилерге /корабль,самолет/ карата ошол жылуучу нерсенин ылдамдыгы менен шамалдын геометриялык айырмасы боюнча билүүгө болот/.

• ИСТИННЫЙ ГОРИЗОНТ <u>чыныгы горизонт</u> /Жер бетинин ачык жерден байкоочуга көрүнгөн бөлүгү. Горизонт көрүнгөн жана чыныгы деп бөлүнөт. Чыныгы же математикалык горизонт деп тегиздиги асма сызыкка перпендикуляр болгон асман сферасындагы чоң тегерек. Байкоо жүргүзүлгөн орундагы меридиан чыныгы горизонттуу түндүк жана түштүк чекитинде кесет. Горизонттун ортосунда /түндүктү карап турган байкоочунун оң жагында/ чыгыш жана батыш /сол жагында/ чекити жайгашкан. Чыгыш жана батыш чекиттеринде горизонт асман экватору менен кесилишет. Түндүк, түштүк, батыш жана чыгыш чекиттери горизонттун башкы чекиттери деп аталат/.

ИСТОРИЧЕСКАЯ ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОСТЬ <u>тарыхый ырааттуулук</u> /синоптикалык абалды анализдөөдөгү бирден бир орчундуу талап; башкача айтканда ар кандай анализ тарыхый жактан ырааттуу болуу керек; мунун өзү азыркы синоптикалык абал атмосфералык процесстердин өткөн мезгилдеги кырдаалы менен салыштырылышы талап кылынат/.

ИСХОДНОЕ ПОЛОЖЕНИЕ <u>алгачкы/баштапкы/ абал</u> /болочок синоптикалык абалды мүнөздөөгө же өткөн мезгилдеги атмосфералык процесстерди талдоого негиз болуучу баштапкы синоптикалык абал/.

# К

КАЛЕНДАРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ календардык өзгөчөлүктөр /гидрометеорологиялык элементтердин көп жылдык орточо маанисинин кээ бир календардык мезгилдеги артыкчылыгы, б.а. бир же бир нече жылдарда кайталануучу ушук, кургакчылык, суу ташкыны ж.б. Мисалы, Памир тоосунда Хиро-Дара /Медвежий/ мөңгүсү II-I2 жылда бир жолу ташыйт да бир нече календардык күндөн кийин токтойт. I958-жылы май айынын аягында Чүй өрөөнүндө бир нече календардык күнгө катуу ушук кайталанган/.

КАЛЕНДАРЬ календарь /айдын биринчи күнү; I. табияттын мезгилдүү кубулуштарынын асман жарык чыгаруучуларынын кыймылына байланышкан убакыттын узак аралыгын эсептөө системасы. Календарда күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин алмашышы, Ай фазаларынын өзгөрүшү пайдаланылат. Убакыт ченинин бирдиги күн менен түндүн алмашуусу-сутка, Айдын Жерди айлануусу - ай, Жердин Күндү толук айлануусу - жыл деп кабыл алынган. Натыйжада жыл, ай жана күн календары пайда болгон. Жыл I2 айдан, ар бир ай 30 же 28 суткадан турган. Бир жылда бардыгы 354-355 сутка болгон. Ай календары биринчи жолу мусулман өлкөлөрүндө тараган. Бул календарь боюнча эсептөөнүн башталышы 622-жылдын I6-июлуна туура келет. Юлий календары деген биздин эрага чейинки 46-жылда Рим диктатору Юлий Цезардын чечими боюнча кабыл алынып, анын ысымында аталып калган. Ал боюнча жыл 365 суткадан же болбосо 7 айы 3I күндөн, 4 айы 30 күндөн, февраль 28 күндөн турган. Мындай болгондо жылдын узундугу 6 саатка кемийт. Ал чогулуп отуруп 4 жылда I сутканы түзөт, ошондуктан аны ар бир төртүнчү жылга кошууну чечишкен. Мындай жыл узак /високосный/ деп аталып 366 суткадан турат. Мисалы, I972,



I976, I980 ж.б. Юлий календары боюнча жылдын орточо узактыгы анын табигий убактысынан II мин I4 сек ашык болуп, I28 жылда I суткага жеткендиктен, көп ыңгайсыздыкты туудурган. Мындай мүчүлүштүктү жоюу максатында I582-жылы Григорий календарын Рим папасы Григорий XIII түзгөн. Юлий календарын кайра карап чыгып, жазгы күн менен түндүн теңелүүсүн 2I-мартка алып келүүнү жана мындан ары анын бул датадан кечикпөөсүн камсыз кылуу үчүн, I582-ж. 4-октябрда бейшембиден кийинки он күндү кыскартып, кийинки күндү жуманы I5-октябрь деп эсептөөгө буйрук кылган. Кийин ката кетирбес үчүн ар бир 400 жылда 3 күндү жыл эсебинен алууну жана аягы 00 менен бүткөн кылымдык жылдардан 4кө бөлүнбөгөндөрүн узак жыл деп эсептөөнү /мисалы, I700, I800, I900 ж.б./ сунуш кылган. Бул календарды ар кайсы убактарда Европа өлкөлөрү колдоно баштаган. Биздин өлкөдө I9I8-жылдын I-февралы ошол жылдын I3-февралы деп кабыл алынган/.

КАЛЕНДАРЬ ВОЗДУШНЫХ МАСС аба массасынын календары /станцияларда аба массаларынын ар түрдүү типтеринин куйрук улап өзгөрүп алмашып туруусун жазып же график боюнча чиймесин түшүрүү/.

КАЛЕНДАРЬ ПОГОДЫ аба ырайынын календары /метеорологиялык элементтерди /абанын температурасын, жаан-чачынды, туман, шамал, ж.б./ хронологиялык ирет боюнча тизмелөө/.

КАЛИФОРНИЙСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Калифорния агымы /АКШнын батыш жээгин бойлоп түштүк тарапка багытталган океандык агым; Алеут агымынын негизги тармагы; Борбордук Америкага жакындап барганда ал батышка бурулуп, Түндүк Пассат агымы деп аталат/.

КАЛОРИМЕТР калориметр /физикалык, химиялык же биологиялык процессте бөлүнгөн же сиңирилген жылуулукту ченөөчү прибор. Бир

телодон акинчи нерсеге өтүүчү жылуулуктун санын эсептөөгө негизделген бир нече конструкциясы бар/.

КАЛОРИЯ калория /жылуулуктун системадан тышкары бирдиги. Белгилениши кал. 1000 кал.=1 ккал.1 грамм сууну $1^{o}C$ ге жылытуу үчүн белгилүү шартта сарпталган жылуулук саны 1 кал. болот. 1934-жылдан 1957-жылга чейин СССРде 20 градустук ккал бирдиги колдонулуп келген. Ал 1 кг сууну 19,$5^{o}C$ ден 20,$5^{o}C$ ге жылытуу үчүн сарпталган жылуулук санына барабар. Суу буусунун касиеттери боюнча өткөн Эл аралык конференцияда /1954,1956/ жылуулуктун абс. джоул /дж/ деген бирдиги кабыл алынып, ал кийинчерээк СИ системасына киргизилген. 1 кал=4,1868 дж./.

КАМЕННАЯ СОЛЬ кайнатма туз /сууну кайнатып бууландыруу жолу менен алына турган минерал, химиялык составы NaCl/.

КАМЕРА ВИЛЬСОНА Вильсон камерасы /абадагы кээ бир заряддалган бөлүкчөлөргө байкоо жүргүзүүчү прибор/.

КАНАЛ канал /суунун жасалма нугу; милдети боюнча каналдар: сугат, энергетикалык, кургатуучу, карагай агызуучу ж.б. бир нече түргө бөлүнөт/.

КАНАЛ МОЛНИИ чагылгандын нугу /атмосферадагы чагылган разряды тараган ийри сызыктуу жол/.

КАНАРСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Канар агымы /Түндүк Атлантика агымынын түштүк тармагы; ал Пиреней жарым аралы жана Түштүк Африкага бет алып Түндүк Пассат агымына туташат/.

КАНЬОН каньон, тутук сымал капчыгай /терең, капталдары тик, тамагы кууш /алатта эни менен толтура суу аккан/капчыгай. Бийик тоолордун туурасынан суунун нугу менен кесилишинен пайда болот. Дүйнөдөгү эң ири капчыгайлардын бири Колорадо дарыясынын



/АКШ/ чоң капчыгайы. Анын узундугу 320 км, тереңдиги 1800 м. СССРдеги ири каньондор Памир /Пяндж дарыясында/, Дагстан /Сулак дарыясында/; Тянь-Шань /Какшаал, Чоң-Үзөңгү-Кууш, Сары-Жаз, Боом/ тоолорунда кезигет/.

КАНЬОННЫЙ ВЕТЕР каньондук шамал /кууш капчыгайдын таманын өрдөп соккон катуу шамал/.

КАПИЛЛЯРНЫЙ КОЛЛЕКТОР капиллярдык коллектор /булуттагы нымдуулукту ченөөчү приборлордун бири/.

КАПЛЕЗАБОРНИК тамчы тарткыч /булуттагы суюк сууну тартып алып, андагы суу тамчыларын, алардын көлөмүн ж.б. аныктоочу прибор. Мында суу тамчылары айнек пластинкаларга тосуп алынып микроскоп аркылуу сүрөткө тартылат/.

КАПЛЯ тамчы /метеорологияда тамчы деп булут, туман, жамгыр, шүүдүрүм, кыроо ж.б. суу тамчыларынын кипиндары айтылат/.

КАПЛЯ ХОЛОДНОГО ВОЗДУХА муздак абанын тамчысы /жогорку кеңдиктердеги муздак абадан бөлүнүп, төмөнкү кеңдикке карай каптаган муздак арктикалык, полярдык абанын массасы/.

КАРЫ тепши /бийик тоолордун кыр-чокуларына жакын чөйрөдө көп жылдар бою муз жаткандан пайда болгон цирк формасында ойдуң; анын арты тик, бет маңдайы ачык, тамагы тайпак болуп, кээде мөңгүнүн калдыгы, кээде көл да кезигет/.

КАРИБСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Кариб агымы /Кариб деңизи аркылуу чыгыштан батыш тарапка багыт алган океандык агым. Ал Түндүк Пассат агымы менен Гвиана агымынын сууларынын аралашуусунун негизинде келип чыгат. Юкатань кысыгынан өтүп, оң тарапка бурулат да Флорида кысыгында агымы тездеп,Флорида агымын пайда кылат/.

КАРБОНАТНЫЕ МИНЕРАЛЬНЫЕ ОЗЕРА карбонаттуу минералдык көлдөр /составында катиондордун /$Na'$ жана $Ca''$/туруктуу тең салмагы

жана анионлордун туруксуз тең салмагы кездешкен гидрокарбонаттык иондор үстөмдүк кылган көлдөр/.

КАРСТ карст /сууга байкмы жок тектердин /акиташ, доломит, гипс, чопо, туз/эзилип кетишинен пайда болгон аң, кемер, жарлар/.

КАРСТОВЫЕ ВОДЫ карст суулары /борпоң тектерге сиңип кеңдейлеп кеткен суулар/.

КАРТА АДВЕКЦИИ адвекция картасы /атмосфералык кубулуштардагы басымдын таралышына байланыштуу атмосфера касиетинин орун алмашуусун көрсөтүүчү карта/.

КАРТА АНОМАЛИЙ аномалия картасы /температуранын, басымдын, жаан-чачындын санынын ж.б. метеорологиялык элементтердин орточо айлык, декадалык же көп жылдык чегинен кыйшаюусун көрсөтүүчү карта /.

КАРТА ДЛЯ СТАНДАРТНОГО УРОВНЯ стандарттык деңгээлдин картасы /метеорологиялык элементтердин маанисин белгилүү деңгээлге карата /500,1000,1500,2000,3000 м ж.б./ көрсөтүүчү бийиктик карта/.

КАРТА ИЗАЛЛОБАР изаллобар картасы /деңиз деңгээлинде белгилүү убакыттын ичиндеги атмосфералык басымдын локалдык өзгөрүшү, мисалы, 24,12,6,3 саатта. Картада бирдей өзгөрүүнүн сызыгы-изаллобарлар же болбосо басым өзгөргөн областтарды көрсөтүүчү белги көрсөтүлөт. Көпчүлүк учурда суткалык же жарым суткалык изаллобарлар түзүлөт/.

КАРТА ИЗМЕНЕНИЙ өзгөрүүнүн картасы /метеорологиялык элементтердин убакыт боюнча өзгөрүшүнүн картасы/.

КАРТА ИЗОТЕРМ изотерм картасы /жер бетинде же деңиз деңгээлиндеги температуранын бөлүштүрүлүшүнүн картасы. Бул көбүнчө көп жылдык маалыматтар пайдаланылып түзүлгөн айлык же жылдык карта/.



КАРТА КЛИМАТОВ климаттын картасы /климаттык типтердин тигил же бул классификациясы боюнча географиялык бөлүштүрүлүшүн көрсөтүүчү карта/.

КАРТА ПОГОДЫ аба ырайынын картасы /метеорологиялык станциялардын белгиленген убакытта жүргүзгөн байкоолорун шифралар жана символдук белгилер менен көрсөткөн географиялык карта/.

КАРТА ТРОПОПАУЗЫ тропопаузанын картасы/тропопаузанын бийиктигинин бөлүштүрүлүшүн жана тропопаузанын деңгээлиндеги температураны көрсөтүүчү синоптикалык карта/.

КАРТА ДРЕНИРОВАНИЯ ПОДЗЕМНЫХ ВОД жер астындагы суулардын дренаждык картасы /геологияда кабыл алынган шарттуу белги боюнча ар түрдүү катмарлардагы суулардын бөлүшүн көрсөтүүчү карта/.

КАРТИРОВАНИЕ ЛЕДОВОЙ ОБСТАНОВКИ муздуу абалды картага түшүрүү /суулуу об"ектилердин акваториясындагы муздун таралышын схема түрүндө картага түшүрүү; муздуу абалды картага түшүрүү мезгили муздун пайда болуп же эрип жаткан мезгилинде үч-беш күндө бир жолу, ал эми өзгөчө өзгөрүүлөргө дуушар болгон мезгилде күн сайын жүргүзүлөт/.

КАРТЫ ГИДРОЛОГИЧЕСКИЕ гидрологиялык карталар /агын суулардын жана көлдөрдүн санын, составын, режимин территория боюнча бөлүнүшүн мүнөздөөчү карталар. Гидрологиялык карталарда суунун элементтеринин муздуулугунун термикалык режимин, химиялык составын, ылайланышын көрсөтүүгө болот/.

КАТАРАКТЫ катаракты /жайык шаркыратма/.

КАТИОНЫ катиондор /оң заряддалган иондор/.

КЕЛЬВИН кельвин /Эл аралык бирдик системасы боюнча термодинамикалык температуранын бирдиги /СИ/; 1/273,16-суунун үч точкасындагы термодинамикалык температурасы/.

КИЛОКАЛОРИЯ килокалория /жылуулук санынын бирдиги; 1 кг сууну 19,5°С, 20,5°С ге ысытуу үчүн сарпталган жылуулуктун саны. 1 ккал=$10^3$ кал/.

КИНЕТИЧЕСКАЯ ТЕМПЕРАТУРА кинетикалык температура /молекулалардын кыймылынын натыйжасында жылыган газдардын /абанын/ температурасы/.

КИНЕТИЧЕСКАЯ ТЕОРИЯ ГАЗОВ газдардын кинетикалык теориясы /теориялык физиканын бөлүгү/.

КИНЕТИЧЕСКАЯ ЭНЕРГИЯ кинетикалык энергия /кыймылдагы заттардын ошол кыймылдын негизинде жумуш аткарууга жөндөмдүүлүгү, к.э. $\frac{mv^2}{2}$ барабар; $m$- масса, $V$- ылдамдык; аба массасынын кинетикалык энергиясы ошол массанын кыймылы жана турбуленттик агымынын ылдамдыгы менен аныкталат/.

КИПЕНИЕ кайноо /көбүкчөлөрдүн ичиндеги каныккан буунун басымы суюктуктагы басымы менен теңелген температурада кайноо башталат/.

КИСЛОРОД кислород /$O_2$; Менделеевдин мезгилдик системасынын VI группасынын элементи, катар саны 8, атомдук салмагы 16, жаратылышта атмосфералык абада туруктуу изотоптон турат. Жердин үстүндөгү салмагы боюнча 23,14%, көлөмү боюнча 20,95% болгон газ түрүндө кездешет/.

КИСЛОТНОСТЬ ВОДЫ суунун кычкылдуулугу /водороддун иондору /1 л сууда $1 \times 10^{-7}$ грамм иондон ашканда/ аралашкандагы суунун өзгөчө касиети. Сууда водород иондорунун концентрациясы канчалык көп болсо, суу ошончолук кычкыл болуп, суулагы организмдерге ошончолук терс таасирин тийгизет/.



КЛАССИФИКАЦИЯ БОЛОТ саздардын классификациялоо к. ТИПЫ БОЛОТ

КЛАССИФИКАЦИЯ ВОЗДУШНЫХ МАСС аба массасын классификациялоо /аба массасын жалпы кинематикалык же жылуулук мүнөздөмөсү боюнча же географиялык борбору боюнча бөлүштүрүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ климатты классификациялоо / жалпы жер шарына тиешелүү көп сандаган климаттык классификациялардын ичинен өтө белгилүүсү жана көп тараганы Кеппендин классификациясы. Советтер Союзу боюнча өтө белгилүү классификацияны Л.С.Берг жана Б.П.Алисовдор түзгөн. Мындан башка А.В.Вознесенскийдин жана Г.Т.Селяниновдун да классификациялары белгилүү. Климатты классификациялоо климаттык райондоштуруу менен тыгыз байланыштуу/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ АЛИСОВА Алисов боюнча климаттын классификацияланышы /климатты түпкү тегине карата бөлүштүрүү. Мында жердин бетин атмосферанын жалпы циркуляциясынын шартына жараша бир нече зона жана областтарга бөлүштүрүү. Алардын чек арасы кышкы жана жайкы климаттык аба фронтторунун абалы боюнча жүргүзүлөт. Негизинен 7 климаттык /циркуляциялык/ зонага бөлүнөт: экватордук, эки тропиктик, эки мелүүн, арктикалык жана антарктикалык. Мындан башка дагы бир нече климаттык подтиптерге бөлүнөт/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ БЕРГА Берг боюнча климаттын классификацияланышы /физикалык географиядагы жаратылыш зоналарына карата климатты бөлүштүрүү. Мында ойдуңдардын жана дөңсөөлөрдүн климаты делинип негизги зоналарга бөлүнөт. Ойдуңдардын климатына: тундра, тайга, мелүүн алкактын жалбырактуу токойлорунун зонасы, мелүүн алкактын муссондук климаты, жер ортолук деңиздик климат, субтропикалык нымдуу токой климаты, мелүүн алкактын материктик чөлдөрүнүн климаты, тропикалык чөлдөрдүн климаты, саванна климаты,

нымдуу токой климаты кирет/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ ИВАНОВА Иванов боюнча климаттын классификацияланышы /атмосфералык нымдуулуктун жылдык жүрүшү боюнча, тактап айтканда нымдуулук коэффициентинин айлык мааниси боюнча климаттын төмөнкү типтерин: I. дайыма нымдуу; 2. анда-санда нымдуу; 3. алмак-салмак нымдуу; 4. туруктуу мелүүн нымдуу; 5. кургактуулугу увагыраак нымдуу; 6. туруксуз кургак; 7. туруктуу кургак климаттуу деп бөлүштүрүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ КЕППЕНА Кеппен боюнча климаттын классификацияланышы /температура жана жаан-чачындын режимине карата климатты классификациялоо. Мында климаттык зонанын 5 түрү белгиленген: кышы болбогон нымдуу тропикалык зона, эки кургак зона, туруктуу кар катмары болбогон эки мелүүн зона, жайы жана кышы так бөлүнгөн эки бореалдык климаттык зона жана кардуу климаттын полярдык эки зонасы болуп бөлүнөт. Ар бир зона дагы бир нече түрлөргө майдаланылып кетет/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ ПЕНКА Пенк боюнча климаттын классификацияланышы /жаан-чачын менен бууланууунун катышы боюнча климатты нымдуу /гумидный/, кургак /аридный/, кардуу /нивальный/ деп үч негизги группага бөлүштүрүү. Биринчи группага полярдык, фреаттык /жер астындагы суусу бар/ климаттар кирет. Аридик /кургак/ климат болсо жарым кургак жана толук кургак деле бөлүнөт, ошондой эле нивалдык климат да жарым жана толук нивалдык деле бөлүнөт, ошондой эле нивалдык климат да жарым жана толук нивалдык делинип экиге бөлүнөт/.

КЛАССИФИКАЦИЯ КЛИМАТОВ СССР БУДЫКО И ГРИГОРЬЕВА Будыко жана Григорьев боюнча СССРдин климатынын классификацияланышы /биринчиден нымдалуунун шартына, экинчиден жылуу мезгилдеги температуранын шартына жараша СССРдин климатын классификациялоо. Биринчи шарты боюнча: ашыкча нымдуу, нымдуу, жетишсиз нымдуу, кургак делинип бөлүнөт. Экинчи шарты боюнча: өтө муздак /абанын температурасы жыл боюнча 10°тан төмөн/; муздак /10°тан жогорку температуранын жалпы суммасы 1000° жетпеген/, мелүүн жылуу /ошол эле температура 1000°ден 2000° чейин жеткен/, жылуу /ошол эле температура 2000 °тан 4400° ка чейин жеткен/, өтө жылуу /4400° жогору/ деген типтерге бөлүнөт. Ал эми үчүнчү дагы бир шарты /температуралык шарты жана кардуулугунун даражасы боюнча/ январь айындагы орточо температура менен кар катмарынын декадалык калыңдыгына жараша: А-кызгаардуу, кар түшпөгөн /январдагы орточо температурасы -32°тан төмөн, кардын калыңдыгы 50 см ашпаган/; В-кызгаардуу, кардуу /ошол эле температура, кардын калыңдыгы 50 см ден ашкан/; С-кардуу, мелүүн суук /температурасы -13° тан -32°ка жеткен, кары 50 см ден ашпаган/; Д-мелүүн кызгаардуу /ошол эле температура, кары 50 см ден ашкан/; Е-мелүүн жумшак /январдагы температура 0° тан жогору/ делинип бөлүнөт/.



КЛАССИФИКАЦИЯ ЛЕДНИКОВ мөңгүлөрдү классификациялоо /мөңгүлөрдү пайда болгон шартына, орун алган чөйрөсүнүн рельефине жана куралуу режимине /кардын катмарланышына/ карата бөлүштүрүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ ОБЛАКОВ булуттардын классификациялоо /булуттарды сырткы көрүнүшү, пайда болушуна жана микроструктурасына карата бөлүштүрүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ ОЗЕРНЫХ КОТЛОВИН көл ойдуңдарын классификациялоо /көл жаткан ойдуңду пайда болуу себеби боюнча, түзүлүшүнө карата ж.б. белгилери боюнча бөлүштүрүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ ОСАДКОВ жаан-чачынды классификациялоо /жаан-чачындын пайда болушуна /жамгыр, мөндүр, өткүн, кар, кыроо ж.б./ жана элементтеринин көлөмү боюнча бөлүштүрүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ ПРИРОДНЫХ ВОД ПО ИХ ГИДРОХИМИЧЕСКИМ СВОЙСТВАМ табигый суулардын гидрохимиялык касиеттери боюнча классификациялоо к. ГИДРОХИМИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ПРИРОДНЫХ ВОД

КЛАССИФИКАЦИЯ РЕК дарыяларды классификациялоо /агын сууларды өтө мүнөздүү белгилерине карата, мисалы, суусунун молдугуна, агымынын жылдык бөлүнүшүнө, нугунун узундугуна, чыгымынын туруктуулугуна, суусунун температурасына, химиялык составына ж.б. белгилери боюнча класстарга жана группаларга бөлүштүрүү; илимде бир нече /Великановдун, Воейковдун, Зайковдун, Львовичтин, Огневскийдин/ классификация белгилүү/.

КЛАССИФИКАЦИЯ СНЕЖНЫХ КРИСТАЛЛОВ кар кристаллдарын классификациялоо /булуттардагы кар кристаллдарынын тегерек формасында, жылдызчага окшогон формаларына карата бөлүштүрүү/.

КЛИМАТ климат /географиялык орун алышына байланыштуу ар бир жердин аба ырайынын өзүнө гана мүнөздүү болгон жана жылдан жылга кайталанып турган белгилүү шарттарынын жыйындысы; жер бетинин белгилүү бир бөлүгүндөгү аба ырайынын көп жылдык калыптанышкан режими. Климатты пайда кылуучу жалпы процесстерге жылуулук менен нымдуулуктун алмашуусу, атмосферанын циркуляциясы ж.б. кирет. Климаттын негизги мүнөзү белгилүү бир жердин аба ырайынын көп жылдан берки калыптанган метеорологиялык элементтерине карата аныкталат. Климаттын ар түрдүүчө болушу географиялык шарттарга тыгыз байланыштуу болот. Климат жер бетиндеги аймактардын физика-географиялык мүнөздөмөлөрүнүн бири болуу менен ал суу режимине, топуракка, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнө, алардын тиричилигине жана чарбасына белгилүү таасир тийгизет. Климатты климатология илими изилдейт/.



КЛИМАТ ВЕЧНОГО МОРОЗА түбөлүк аяз климаты /жылдын эң жылуу айынын орточо температурасы $0^{\circ}C$ дан төмөн болгон климат; мындай климат полярдык жалпак тоолордо жана бийик тоолордун кар сызыгынан жогорку бийиктиктеринде кездешет/.

КЛИМАТ ВЛАЖНЫХ СУБТРОПИЧЕСКИХ ЛЕСОВ нымдуу субтропик токоюнун климаты /жылдын эң суук айынын орточо $t^{\circ}$сы $+2^{\circ}C$ төмөн болбогон, жаан-чачындын жылдык саны 1000 мм ден кем болбогон муссондук климат/.

КЛИМАТ ВЛАЖНЫХ ТРОПИЧЕСКИХ ЛЕСОВ нымдуу тропикалык токой климаты /жылдын эң суук деген айынын орточо $t^{\circ}$сы $18^{\circ}C$ дан төмөн түшпөгөн, жаан-чачын жылдын бардык мезгилинде бирдей жаап, 1500 мм ге чейин жеткен өтө жылуу жана нымдуу климат; мындай климатка: Амазонка, Борбордук Американын чыгышы, Чоң Антило аралдары, Флориданын түштүгү, Экватордук Африка, Мадагаскардын чыгышы, Индонезия, Жаңы Гвинея, Филиппин аралдары ж.б. кирет/.

КЛИМАТ ВНЕТРОПИЧЕСКИХ ПУСТЫНЬ тропиктен тышкары чөлдөрдүн климаты /абасы кургак, жаан-чачыны сейрек/жылына 250-300 мм ден ашпаган/, абанын максималдуу $t^{\circ}$сы $50^{\circ}$ ка чейин жеткен каксоо климат; буга Туран ойдуңу жана Түштүк Казахстан /Орто Азия /, Колорадо жана чыгыш Патагония чөлдөрү /Америка/ кирет/.

КЛИМАТ ВОЗВЫШЕННОСТЕЙ дөңсөөлөрдүн климаты /ойдуңдардын климатына салыштырмалуу салкын, бирок каксоо климат/.

КЛИМАТ ГОРОДА шаардын климаты /ири шаарлардагы курулуштардын, жолдордогу асфальттын, өнөр жай ишканаларынын жана транспорттун таасири кенен тийген жергиликтүү климат/.

КЛИМАТ ЛИСТВЕННЫХ ЛЕСОВ УМЕРЕННОЙ ЗОНЫ мелүүн зонадагы жалбырактуу токойлордун климаты /жайкы 4 айдын орточо $t^{\circ}$сы $10^{\circ}$ тан жогору, бирок $22^{\circ}$ төмөн жана жылдык жаан-чачындын саны 500-600 мм ге чейин жеткен, ошондой эле тайга зонасынын климатына салыштырмалуу мелүүн континенталдык климат/.

КЛИМАТ ПОЛЯРНЫХ ПЛАТО полярдык бөксө жалпак тоолордун климаты /жылдын эң жылуу айынын орточо $t^{\circ}$сы $0^{\circ}$ тан төмөн болгон, жаан-чачындын саны 200-300 мм ден ашпаган жана эң суук айларынын орточо $t^{\circ}$ сы $-50^{\circ}$ /Гренландия/ $-70^{\circ}$ /Антарктида/ чейин жеткен ызгаардуу климат/.

КЛИМАТ ПОЧВЫ топурактын, кыртыштын климаты /кыртыштын ичиндеги физикалык кубулуштардын суткалык, жылдык кыймылы менен атмосфералык климаттын, топурактын, өсүмдүктөрдүн жана адамдын өндүрүштүк иштеринин өз ара байланышынан келип чыккан климат/.

КЛИМАТ ПРИЗЕМНОГО СЛОЯ ВОЗДУХА жер бетиндеги аба катмарынын климаты /жердин кыртышынан 1,5 -2,0 м жогорку аба катмарындагы атмосферанын климаттык шарты/.

КЛИМАТ ПУСТЫНЬ чөл климаты к. КЛИМАТ СУБТРОПИЧЕСКИХ ПУСТЫНЬ

КЛИМАТ РАСТЕНИЙ өсүмдүктөрдүн климаты к. ФИТОКЛИМАТ

КЛИМАТ САВАНН саванна климаты /кышы кургакчыл келген тропикалык жылуу климат; жылдын эң жылуу айынын орточо $t^{\circ}$сы 25-$30^{\circ}$ тан жогору; эң суук айынын $t^{\circ}$сы $18^{\circ}$ жогору жана жылдык жаан-чачындын саны 2000-2500 мм көп болбогон сейрек бадалдуу жана жапыз дарактуу тропик климаты/.

КЛИМАТ СВОБОДНОЙ АТМОСФЕРЫ эркин атмосферанын климаты /жер бетинен бийик жаткан тропосфера жана стратосфера катмарынын климаттык шарты/.



КЛИМАТ СТЕПЕЙ талаа климаты /жаан-чачыны /450 мм ден кем/ аз; жайы ысык; сугатсыз дыйканчылык кылууга мүмкүн болбогон кургак климат/.

КЛИМАТ СУБТРОПИЧЕСКИХ ПУСТЫНЬ субтропикалык чөл климаты /жайы ысык /абанын орточо $t^{\circ}$сы $35^{\circ}$ тан жогору, максималдуу $t^{\circ}$сы $10^{\circ}$ тан төмөн түшпөгөн/, жаан-чачыны /250-200 мм/ аз болгон кургак чөл климаты/.

КЛИМАТ ТАЙГИ Тайга климаты /түндүк жарым шардын түндүк жагында /тайга зонасында/ жайы жылуу /июль айынын $t^{\circ}$сы 10-$15^{\circ}$/, кышы суук /январь айынын орточо $t^{\circ}$сы $-30^{\circ}$ чейин жеткен/; жаан-чачыны 300-600 мм ге чейин жеткен жана жаан-чачындын орчундуу бөлүгү жайкысын жааган климат/.

КЛИМАТ ТУНДРЫ Тундра климаты /түндүк жарым шардын жогорку кеңдиктеринде /тундра зонасында/ жайы кыска жана салкын /эң жылуу деген айдын орточо $t^{\circ}$сы 10-$12^{\circ}$ тан ашпаган/, кышы узак, аяздуу, жаан-чачыны аз /200-300 мм/ болгон климат/.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ ГРАНИЦА климаттык чек ара / жер бетинде климаттык элементтердин кескин түрдө өзгөргөн чек арасы; мындай чек ара көбүнчө тоолордун кырларына дал келет, мисалы, Урал, Кавказ, Альпы ж.б. кырка тоолор/.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ ЗОНА климаттык зона /климатты райондоштуруудагы негизги бирдик; ал климаттын элементтеринин көрсөткүчтөрүнө карата бөлүнөт/.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ КАРТА климаттык карта /климат элементтеринин ар кандай маанилеринин /орточо эң көп, эң аз ж.б./ көп жылдык маалыматтарынын жайланышын көрсөтүүчү карта/.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ РЕК агын суулардын климаттык клас-

сификациясы /агын суулардын климатка көз каранды болгон режимдеринин чыгышын жана пайда болуу процесстерин классификациялоо/.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ НОРМА климаттык норма /белгилүү чөйрөгө тиешелүү климаттык элементтердин көп жылдык маанилеринен статистикалык жол менен аныкталган орточо мааниси, мисалы, Ыссык-Көл өрөөнүнүн батышындагы жаан-чачындын нормасы 100-110 мм; чыгышында 350-400 мм ж.б./.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ ОБЛАСТЬ климаттык область /өзүнүн географиялык абалына караша белгилүү климатка ээ болгон жер шарынын тигил же бул бөлүгү/.

КЛИМАТИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ климаттык станция

КЛИМАТИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ климаттык көрсөткүчтөр /метеорологиялык байкоолордун көп жылдык маалыматын иштеп чыккандан кийинки жыйынтыктоочу көрсөткүчтөр/.

КЛИМАТИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ климаттык факторлор /1. климатты пайда кылуучу жана өркүндөтүүчү көмөкчү шарттар, мисалы, күндүн радиациясы, атмосферанын абасынын жалпы айланышы, жер бетинин мүнөзү ж.б.; 2. климаттын элементтеринин адамдын чарбалык аракетине тийгизген таасири/.

КЛИМАТИЧЕСКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ климаттык элементтер /климатты мүнөздөй турган метеорологиялык /абанын $t^{o}$сы, жаан- чачын, нымдуулук ж.б./элементтер/.

КЛИМАТИЧЕСКИЙ АТЛАС климаттык атлас / жер шарынын, материктердин, океан-деңиздердин, өлкөлөрдүн, областтардын климаттык карталарынын жыйнагы/.

КЛИМАТИЧЕСКИЙ КУРОРТ климаттык курорт /климаттык шартынын өзгөчөлүгү боюнча климаттык дарылоого /климатотерапияга/ ыңгайлуу жер/.



КЛИМАТИЧЕСКИЙ ОПТИМУМ климаттык оптимум /биздин эрага чейинки 5000-2500-жылдарда жер шарынын кыйла бөлүгүндө абанын $t^{o}$сы азыркы мезгилге салыштырганда жогору /1,0-15° ка/ болгон тарыхый мезгил; анда тоо мөңгүлөрү тартылып, материктик мөңгүлөр ашык эригендиктен океандардын деңгээли жогорулаган/.

КЛИМАТИЧЕСКИЙ ПРОГНОЗ климатты алдын ала айтуу

КЛИМАТИЧЕСКИЙ СЕЗОН климаттык сезон

КЛИМАТИЧЕСКИЙ СТОК климаттык агым /суунун агымынын климатка шартталышы/.

КЛИМАТИЧЕСКИЙ ЦИКЛ климаттык цикл /көптөгөн жылдарды кучагына алган мезгилдин ичинде климаттык шарттын термелүүсүнүн белгилүү туруктуулук менен кайталанып турушу/.

КЛИМАТОЛОГИЧЕСКИЕ СРОКИ климатологиялык мөөнөттөр /метеорологиялык байкоолорду жүргүзүү үчүн жалпыга бирдей кабыл алынган мөөнөттөр: 00, 03, 06,09,12,15,18,21 сааттар; бул Москва убактысы боюнча жүргүзүлүүчү байкоолор СССРдеги бардык метеостанцияларга бирдей тиешелүү/.

КЛИМАТОЛОГИЧЕСКИЙ ГРАДИЕНТ климатологиялык градиент /деңиз деңгээлинен ар бир 100 м жогорулаган сайын абанын $t^{o}$сынын төмөндөшү. Кыргыз тоолорунда к.г. 0,7/100 м/.

КЛИМАТОЛОГИЧЕСКИЙ ФРОНТ климатологиялык фронт /климаттык картада көрсөтүлгөн негизги аба фронту, мисалы, антарктикалык полярдык фронт, азиялык полярдык фронт, тынч океандык тропикалык фронт ж.б./.

КЛИМАТОЛОГИЯ климат жөнүндөгү илим

КЛИМАТОЛОГИЯ ВОЗДУШНЫХ МАСС аба массасынын климатологиясы /динамикалык /синоптикалык/ климатологиянын жөнөкөйлөштүрүлгөн шарты/.

КЛИМАТООБРАЗОВАНИЕ климат пайда болуу /атмосфералык процесстердин күч-аракети менен жер шарына толук же анын кээ бир бөлүкчөлөрүнө тиешелүү климаттын пайда болушу/.

КЛИМАТООБРАЗУЮЩИЕ ПРОЦЕССЫ климат пайда кылуучу процесстер /жердин бети менен атмосферанын ортосундагы жылуулук, нымдуулук жана атмосфералык жалпы алмашуулардын климатка болгон таасири/.

КЛИФФ клифф /суунун жээгиндеги урчук/.

КОЛЕБАНИЕ КЛИМАТА климаттын термелиши /климаттын салыштырмалуу туруктуу абалынын мезгил-мезгили менен өзгөрүп турушу, мисалы, орто кылымдын башында, XIII кылымга чейин түндүк жарым шардын Европалык секторунда жылуу климат байкалган, ал эми XIX кылымдын биринчи жарымында башталган жылуу климат XX кылымдын башында күчүнө келген. Жогорку кеңдикти да кучагына алган/.

КОЛЛОИДНЫЕ ПРИМЕСИ коллоиддик аралашмалар /атмосфералык абада туруктуу кездеше турган иондор, чаңдардын жана түтүндөрдүн кээге илээшпеген кипиндары, конденсация ядролору, муз кристаллчалары ж.б./.

КОМПЛЕКС ПОГОДЫ аба ырайынын комплекси /байкоо жүргүзгөн мөөнөттөгү аба ырайын аныктаган метеорологиялык элементтердин шайкеш маанилери/.

КОМПЛЕКСНАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ комплекстүү климатология /метеорологиялык байкоолордун маалыматтарын климаттык көз караш менен иштеп чыгуунун ыкмалары. Мында кээ бир метеорологиялык элементтердин белгилүү өлчөмдөрү аба ырайынын типтери делинген комплекске бириктирилет. Ошол типтердин кайталанышы, өзгөрүшү чөйрөнүн климаты деп аталат да ал метеорологиялык элементтердин жыйындысы деп түшүнүлөт/.



КОНВЕКЦИЯ конвекция /абанын алмашылышы ; суюк жана газ сыяктуу чөйрөлөрдүн бөлүктөрүнүн жылышы менен анын ичиндеги жылуулуктун бир орундан экинчи орунга которулушу/.

КОНДЕНСАЦИОННАЯ КАМЕРА конденсациялык камера /конденсация процессин лабораториялык шартта үйрөнүүгө ылайыкталган камера; Вильсондун камерасы/.

КОНДЕНСАЦИОННАЯ МУТНОСТЬ конденсациялык күңүрттөнүү /конденсациялык буу менен муздардын кээге илээшпеген кипиндаринин таасиринен атмосферанын күңүрттөнүшү/.

КОНДЕНСАЦИЯ конденсация /муздатуунун натыйжасында газ сыяктуу заттардын суюктук абалына өтүшү, мисалы, атмосферада, суула, жер бетинде, өсүмдүктөрдүн жана ар түрдүү нерселердин беттеринде пайда болот/.

КОНДИЦИОНИРОВАНИЕ ВОЗДУХА абаны кондициялоо /коомдук турак жайлардын жана өндүрүш имараттарынын ичиндеги абанын t° сын, нымдуулугунун , тазалыгын жасалма жол менен талапка ылайыктап алмаштырып туруу/.

КОЛОНОЛОГИЯ колонология /атмосфера чаңдарын жана атмосферанын булгануусун изилдөө/.

КОНТИНЕНТАЛЬНАЯ ДЕПРЕССИЯ континенталдык депрессия /материктин ортоңку кеңдигиндеги жайкысын атмосфералык басымы төмөндөгөн аймак; атмосфералык аракеттин борбору/.

КОНТИНЕНТАЛЬНОСТЬ КЛИМАТА климаттын континенталдуулугу /климат каратуу процесстери материкке көз каранды болгон климаттын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. Булар: температуранын суткалык, жылдык амплитудаларынын маанисинин чоңдугу, салыштырма нымдуулуктун аздыгы, жаан-чачындын санынын туруксуздугу ж.б./.

КОНТИНЕНТАЛЬНЫЙ АНТИЦИКЛОН континенталдык антициклон /материктин ортоңку кеңдигиндеги кышкысын атмосфералык басымы жогорулаган аймак, атмосфералык аракеттин борбору: кышкы антициклондор: азиялык, канадалык, австралиялык ж.б./.

КОНТИНЕНТАЛЬНЫЙ ВОЗДУХ континенталдык аба /материктин үстүндө пайда болгон аба массасы/.

КОНТИНЕНТАЛЬНЫЙ КЛИМАТ континенталдык климат /деңиздик аба массасы аз кайталанган материктердиң ички бөлүгүнүн климаты/.

КОНТРОЛЬНОЕ РУСЛО ченегич нук /агын суулардын чыгымын ченөө үчүн жасалма жол менен /цементтөө, шыбоо, таш төшөө/ сай /нук/ жасоо/.

КОНУС ВЫНОСА шиленди конусу /агын суулар алып келген шилендиден /тоо тектери,чопо,кум ж.б./ турган рельефтин конуска окшогон формасы/.

КОНЦЕНТРАЦИЯ ПЫЛИ В АТМОСФЕРЕ атмосферадагы чаңдардын концентрациясы/I см$^3$ аба массасында калкып жүргөн чаң-кипиндардын саны/.

КОНЦЕНТРАЦИЯ ЭЛЕКТРОНОВ электрондордун концентрациясы /абанын көлөм бирдигиндеги эркин электрондордун саны/.

КОРАБЕЛЬНЫЙ ИЗМЕРИТЕЛЬ ВЕТРА кеме шамал ченегичи /шамалдын багытын жана ылдамдыгын ченөө үчүн кемеге орнотулган дистанциялык курал/.

КОРЕННОЙ БЕРЕГ РЕКИ агын суулардын катуу тектер менен чектелген байыркы жээги

КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛЕЗНОГО ДЕЙСТВИЯ АТМОСФЕРЫ атмосферанын пайдалуу аракетинин коэффициенти /атмосферага жеткенде механикалык жумушка айланып кеткен күндүн энергиясынын бөлүгү а.п.а.к. I% аз/.



КОЭФФИЦИЕНТ РАССЕЯНИЯ чачыроо коэффициенти /күндүн радиациясынын чачыратуучу бөлүкчөлөр аркылуу чачыралышынын мүнөздөмөсү/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПОДЗЕМНОГО ПИТАНИЯ жер астындагы суулардын азыктануу коэффициенти /агын суунун жалпы чыгымынын жер астындагы сууларга болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ СТОКА агым коэффициенти /жааган жаан-чачындын жалпы санынын канча бөлүгү сууга келип куя тургандыгын билдирүүчү коэффициент. Ал агымдын катмарынын жаан-чачындын катмарына болгон катышына барабар/.

КОЭФФИЦИЕНТ ТРАНСПИРАЦИИ транспирация коэффициенти /I. өсүмдүктөрдүн кургакта буулануунга сарп болгон суунун көлөмү;
2. т.к. өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө, өсүү шартына, кыртышты иштетүүнүн мүнөзүнө, жер семирткичтерге ж.б. жараша болот/.

КОЭФФИЦИЕНТ УВЛАЖНЕНИЯ нымдалуу коэффициенти /белгилүү убакыт ичинде жааган жаан-чачындын санынын /R / ошол эле мезгилдеги буулануунга болгон катышы, процент менен белгиленет. Формуласы: $K = \frac{R}{E} 100\%$ ).

КРАТКОВРЕМЕННЫЕ ОСАДКИ кыска мөөнөттөгү жаан /өткүн/.

КРАТКОСРОЧНЫЙ ПРОГНОЗ кыска мөөнөткө алдын ала айтуу /аба ырайы тууралуу жакынкы күндөргө /I-3 суткага/ алдын ала айтуу/.

КРЕПКИЙ ВЕТЕР катуу шамал /Бофорттун шкаласы боюнча 7 баллга жеткен шамал/.

КРИОЛОГИЯ криология /муздар жөнүндөгү илим/.

КРИОПЕДОЛОГИЯ криопедология /түбөлүк тоң жөнүндөгү илим/.

КРИПТОКЛИМАТ криптоклимат /үңкүрлөрдүн, жабык имараттардын климаты, микроклиматы/.

КРИПТОН криптон /Кr. Менделеевдин таблицасынын нөл группасындагы инерттүү газ; катар номери 36, атомдук салмагы 83,66; -157°C эрийт, -153°C сымап мамычасындагы басымда 766 мм кайнайт; атмосфералык абада келему 0,0001 болгон бир атомдуу молекуласы кездешет/.

КРИСТАЛЛИЗАЦИЯ кристаллизация /суюк же газ абалындагы заттардан кристаллдардын пайда болуу процесси/.

КРИСТАЛЛИЧЕСКАЯ ИЗМОРОЗЬ кристаллдык бубак /бубактын бир түрү/.

КРИТИЧЕСКАЯ СКОРОСТЬ чектик ылдамдык /суюктуктун агышындагы ламинардык /жылмып агуу/ режими турбуленттик /аралашып агуу/ режимине өтүүчү же тескерисинче абалга келүүчү ылдамдык/.

КРИТИЧЕСКАЯ ТЕМПЕРАТУРА чектик температура /суюктуктардын кризистик температурасы; Суунуку -374°C /647 к/, кислороддуку 119°C /154к/.

КРИТИЧЕСКОЕ ДАВЛЕНИЕ чектик басым /кризистик чекке жеткен басым; каныккан буунун чегине жетүүгө болгон басымы; суунуку 2,21·10^5 мб /213 атм./, кислороддуку 49,7 атм/.

КРОВЯНОЙ ДОЖДЬ кандуу жамгыр /жамгырдын суусу абадагы кызыл чаңдарга боёлуп жаашы/.

КРОМКИ ЛЬДА муздун сыныгы

КРУГОВОРОТ ВОДЫ В ПРИРОДЕ суунун жаратылыштагы айланышы /Жер шарында суунун тынымсыз айланып журушу; күндүн энергиясы аркылуу дүйнөлүк океандан жылына 448 миң км³, кургактыктан /жердин бетинен/ 70 миң км³ суу бууланып, анын көпчүлүк бөлүгү конденсацияланып, жаан-чачын түрүндө кайра ордуна келет; жер бетине түшкөн жаан-чачындын белгилүү бир бөлүгү жер астына сиңип жер астындагы сууларга кошулат; дагы бир бөлүгү агын сууларга кошулуп кайра океандарга барат; муну ийри айланыш дейт, ал эми суунун материктин ичиндеги айланышын кичине айланыш деп атайт/.



КСЕНОН ксенон /Хе. Менделеевдин таблицасынын нөл группасындагы инерттүү газ; катар номери 54; атомдук салмагы 131,3; изотопторунун саны 9; эрүү температурасы -112,0±0,5°, кайноочу t°сы /сымап мамычасындагы басымы 760 мм кезинде/ -108,6°; атмосфералык абада бир атомдон турган молекуласынын 0,8·10⁻⁵ болгон келему бар/.

КУРОСИО куросио /Япон деңизи менен Япониянын түштүк жээктерин бойлоп Тынч океандын түндүгүнө чейин тараган жылуу агым/.

КУЧЕВО-ДОЖДЕВЫЕ ОБЛАКА турмектелген жаан булуттары /эл аралык классификацияга кирген 10 түрдүү булуттардын бирөө/.

КУЧЕВЫЕ ОБЛАКА турмектелген булуттар

КУЧЕОБРАЗНЫЕ ОБЛАКА турмөк сымал булуттар

Л

ЛАБРАДОР СТОКА Лабрадор агымы /Атлантика океанындагы муздак агым, Түндүк Американын жээктериндеги Баффин деңизинен башталып, Ньюфаундленд банкасында Гольфстрим жылуу агымы менен кошулат да, тереңдеп кетет. Ылдамдыгы 1-2 км/саат. Суусунун температурасы кышында -1°C дан төмөн, түштүгүндө гана 5°C; жайкысын түндүгүндө 2°C, түштүгүндө 10°C. Туздуулугу 30-32‰. Муз жана айсберг агызып келет/.

ЛАВИНА көчкү /тоолордун капталы менен урап түшүүчү калың кар

катмары. Кечкү каптал менен жылышып же учуп түшүүсү мүмкүн, кээде жылышып олтуруп тоонун этегине жеткенде учуп түшөт. Кечкү жүргөндө жолундагы караган-бута, тоо-таш, имарат ж.б. түп тамырынан бери кыйратып кетүүгө жете турган кубаты болот. Кечкү жүргөндөгү анын алдына кеткен шамалдын күчү арча, карагай, эки кабат үйлөрдү ыргыта коё алат/.

ЛАГУНА лагуна /I. деңиз менен ичке кысык аркылуу туташкан же деңизден шилендин тилке бөлүп турган тайыз суу бассейни. Лагуна деңизден туздуулугу, чөкмөлөрү, ошондой эле флора жана фаунасынын өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Мындай жээк миңдеген километрге чейин созулууга мүмкүн /мисалы, Мексика булуңу/. СССРде мындай жээктер Каспий жана Кара Деңизде бар; 2. бир жагынан шуру рифтер, экинчи жагынан материк же арал менен чектелген, ошондой эле атолл ичиндеги деңиз бөлүгү/.

ЛАЗЕР лазер /атом менен молекулалардын аргасынан нур чыгаруу процессине негизделген оптикалык диапазондогу монохромдуу, бир жыштыктагы электр магнит толкунун чыгаруучу жарык генератору/.

ЛАЙДЫ ойдуңдуу жээк /түндүктү карата аккан суулардын чатындагы же тундралык деңиздердин жээгин бойлоп кеткен ойдуңдуу, баткактуу жээк. Мындай жээктерге галофиттер өсөт/.

ЛАМИНАРНОЕ ДВИЖЕНИЕ ламинардык агым /суюктуктун, газдын бөлүкчөлөрүнүн бирдей ылдамдык менен чубалып, бири-бирине карата жарыш траектория менен агышы/.

ЛАНДШАФТ ландшафт /физико-географиялык элементтердин жалпы комплексинин жыйындысы менен мүнөздөлүүчү жер бетинин бир бөлүгү. Анын айкын чек арасы, табигый элементтеринин өз ара



бекем байланышы жана кээ бир кубулуштарынын өзгөрүшүнүн закон ченемдүүлүгү болот. Жер бетин белгилүү ландшафтарга бөлүштүрүү жана аны изилдөө физикалык географиянын негизги милдеттеринин бири/.

ЛАНДШАФТНЫЕ СНЕГОМЕРНЫЕ С"ЕМКИ ландшафтык кар ченөө /белгилүү бир өзөндөгү жаратылыш шарты /рельефи, топурак, өсүмдүктөрү, кокту-колоту ж.б./ бирдей чөйрөдө кар катмарын ченөө/.

ЛЕВОЕ ВРАЩЕНИЕ ВЕТРА шамалдын солго бурулушу /берилген аймакта шамалдын багытынын саат жебесине карама-каршы багыт алышы; циклондун, антициклондун түндүк бөлүктөрүнүн же болбосо жогорку басым тилкесинин келишине байланыштуу/.

ЛЕГКИЕ ИОНЫ жеңил иондор /бир гана элементардык заряддан турган атмосфералык иондор; оор иондорго караганда жеңил иондор алда канча /$10^4$ эсе көп/ шамдагай жылып турат/.

ЛЕД муз /суунун катуу абалы/.

ЛЕДНИК мөңгү /бийик тоолордо жана материктерде кышкы жаан-чачындын саны жайкы эриген кардын санынан артыктык кылган көп мезгилди кучагына алган шартта пайда болгон муздардын табигый жыйындысы/.

ЛЕДНИК СКЛОНА капталдагы мөңгү /тоолордун кыр чокуларына жакынкы чөйрөдөгү жантайма беттерге токтоп калган өтө бийик мөңгүлөр/.

ЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА мөңгүлүү доор к. ЛЕДНИКОВЫЙ ПЕРИОД

ЛЕДНИКОВЫЙ АНТИЦИКЛОН мөңгүнүн антициклону /ири мөңгүлөрдүн үстүндөгү абанын муздашынын натыйжасында пайда болгон антициклон/.

ЛЕДНИКОВЫЕ ОЗЕРА мөңгү көлдөрү /мөңгүнүн таасиры менен оюл-

ган терең чуңкурлардагы көлдөр. Мындай көлдөр мореналык жана тепшилик делинип экиге бөлүнөт. Мореналык деген көлдөр мөңгүнүн этегиндеги коргулдардын чуңкурларына токтогон көлдөр. Тепшилик деген көлдөр тоолордун капталдарын мөңгү оюп тепшидей кылып чуңкурайткан жерлердеги көлдөр/.

ЛЕДНИКОВЫЙ ВЕТЕР мөңгүнүн шамалы /мөңгүнүн үстүндөгү абанын муздашынан пайда болгон муздак шамалдын кокту ылдый согушу/.

ЛЕДНИКОВЫЙ ПЕРИОД муз доору /жер шарынын эбегейсиз мейкиндигин муз ээлеп жаткан доор/.

ЛЕДНИКОВЫЙ ЯЗЫК мөңгүнүн этеги /мөңгүлөрдүн кар сызыгынан төмөн жаткан бөлүгү/.

ЛЕДОВЫЙ РЕЖИМ муз режими /агын суулардын, көлдөрдүн тоңуп музга капталышы жана анын бузулушу менен сууга аралашкан муздун жүрүшү/.

ЛЕДОВЕДЕНИЕ музду изилдөө /табигый муздар жөнүндөгү илим/.

ЛЕДОМЕРНАЯ РЕЙКА муз ченөөчү рейка /муздун калыңдыгын ченөөчү рейка/.

ЛЕДОМЕРНАЯ СЪЕМКА муз ченөө /гидрологиялык станциянын чөйрөсүндөгү суулардын же көлдөрдүн муз каптаган алдындагы муздун калыңдыгын, тыгыздыгын ж.б. абалын ченөө/.

ЛЕДОСКОП ледоскоп /жаан-чачындын кар, бубак, кыроо катмарланышын белгилеп туруучу прибор. Анын кабыл алуучу бөлүгүнө чогулган кардын калыңдыгын негизги көрсөткүч катарында алынат/.



ЛЕДОСТАВ муз каптоо /дарыя, көл, суулардын муздун туруктуу катмары каптаган абалы/.

ЛЕДОТЕРМИКА муз термикасы / гидротехникалык курулуштарды орноткондон кийин муздардын тоңушун, алардын температуралык режимин изилдей турган инженердик гидрофизиканын бөлүгү/.

ЛЕДОТЕХНИКА ледотехника /муздун инженердик касиетин, жүк көтөрүүгө туруктуулугун, жарылып кетүүсүн, гидротехникалык курулуштарга тийгизүүчү таасирин изилдөөчү илим/.

ЛЕДОХОД муздун жүрүшү /жазында бузулуп, суунун үстү менен муздун калкып агышы, үйөрдүн жүрүшү/.

ЛЕДЯНАЯ КОРКА муз кабыкчасы /агын суулардын же кардын үстүндө тоңуп калган муз кабыгы/.

ЛЕДЯНАЯ КРУПА муз шыбыргак /үймөлөктөгөн топ кара булуттан жааган майда шыбыргактаган кар; диаметри 5 мм/.

ЛЕДЯНАЯ ПЕЩЕРА муз үңкүрү /жыл бою муз сакталып турган үңкүр; мисалы, Уралдагы Кунгур, Чехословакиядагы Добшин жана башка үңкүрлөр/.

ЛЕДЯНАЯ ПУСТЫНЯ муз чөлү /дайыма кар, муздун астында жатып топурак, өсүмдүктөрү болбогон полярдык область/.

ЛЕДЯНЫЕ ВАЛЫ муз калдары /муздардын сыныгынан жыйылган кал/.

ЛЕДЯНОЕ ПОЛЕ муз талаасы /океан, деңиздердеги калкып жүргөн муздардын горизонталдык өлчөмү вертикалдык өлчөмүнөн чоң болгон бөлүктөрү/.

ЛЕДЯНОЙ ДОЖДЬ муз жаашы /булуттардан жааган өлчөмү 1-3 мм /диаметр боюнча/ муздардын тунук муз шарикчелери, шурулары/.

ЛЕДЯНОЙ ОСТРОВ муз аралы /Түндүк муз океанындагы айсбергдердин кенен, столдой болгон тайпак беттери; ага көпчүлүк учурда

илим изилдөө станцияларын жайгаштырууга болот; бийиктиги суунун бетинен 8-8 м бийик. Антарктидадагы кээ бир муз аралдарынын аянты бир нече км²ге чейин жетет/.

ЛЕДЯНОЙ ТУМАН муз тумани /абада муздун ар түрдүү формадагы кыпындарынын болушу менен көрүү аралыгы I км чейин кыскарган күнүрттөнүш/.

ЛЕДЯНОЙ ЩИТ муз щити, калканы /континентти же ири аралды дээрлик басып жаткан муз катмары; эң чоң м.ш. Антарктика материгинде /I4 млн.км²/ жана Гренландияда /I,9 млн.км²/ кездешет; Гренландияда түндүк жарым шардын муздарынын 90%ти жатат/.

ЛЕСИСТОСТЬ ВОДОСБОРА өзөндүн токойлуулугу /өзөндөгү токой өлөгөн аянт; анын өзөндүн жалпы аянтына болгон катышы /% менен/ токойлуулуктун коэффициенти деп аталат/.

ЛЕСНОЙ ВЕТЕР токой шамалы /токой өлөгөн массив менен шайдак аянттын ортосундагы абанын алмашышы, циркуляциясы; токой шамалы жалбырак, бутактардагы көлөкөдөн муздагандыктан төмөн жактагы ачык талаага согот, андан сүрдүккөн жылымтык аба кайра токойго келет/.

ЛЕСНАЯ ГИДРОЛОГИЯ токойдун гидрологиясы /токойлуу чөйрөнүн гидрологиялык режиминин өзгөчөлүгүн изилдөөчү илим/.

ЛЕСНЫЕ БОЛОТА токой саздары

ЛЕТАЮЩАЯ ЛАБОРАТОРИЯ учуп жүрүүчү лаборатория /атайы курал менен атмосферанын абалын байкоочу самолет, б.а. булуттардын, абанын турбуленттик /куюндап/ жылышын, абада муздун тонушун байкого ылайыкталган приборлорду алып жүрүүчү самолет/.

ЛЕТНЕЕ ПОЛУГОДИЕ жайкы жарым жыл /түндүк жарым шарда жазгы жана күзгү күндүн теңелиши, түштүк жарым шарда күзгү жана



жазгы күндүн теңелишинин ортосундагы жарым жыл; түндүк жарым шарда бул апрель-сентябрь айларын кучагына алган мезгил/.

ЛЕТНЕЕ СОЛНЦЕСТОЯНИЕ жайкы саратан /22-июнда күндүн экватордон түндүккө карата эң алыскы кыйшаюусундагы абалы: түндүк жарым шарда 22-июнда күндүн эң узарган жана түндүн эң кыскарган абалы/.

ЛЕТНИЕ МЕСЯЦЫ жай айлары /түндүк жарым шарда шарт боюнча июнь-август айлары/.

ЛЕТНИЙ МУССОН жайкы муссон к. МУССОН

ЛЕТО жай /түндүк жарым шарда 22-июндан 23-сентябрга чейинки жайдын толук деп аталган мезгили/.

ЛЕТОПИСЬ летопись /станциялардагы метеорологиялык байкоолору жыл-жылы менен жазылган жыйнак/.

ЛИВЕНЬ кара нөшөр

ЛИВЕНЬ НЕУСТОЙЧИВЫЙ туруксуз нөшөр

ЛИВНЕВЫЙ СНЕГ нөшөрлөгөн кар /тынымсыз кар, шыбыргактаган суу кар/.

ЛИВНЕВЫЙ СТОК нөшөр агымы /жамгыр нөшөрлөп жааганлагы кылын, сел болуп агын суулардын кириши/.

ЛИВНЕВЫЕ ОСАДКИ нөшөрлөгөн жаан-чачын

ЛИВНЕМЕР ливнемер /нөшөрлөп жааган жаан-чачынды ченөөчү прибор-плювиограф/.

ЛИЗИМЕТР лизиметр /топуракка терең сиңген сууларды ченөөчү прибор/.

ЛИМАН лиман /өзөндүн деңизге куйган жериндеги булуңу; деңиз-

дин жээгиндеги туздуу көл; көбүнчө андай жерлерде дарычылык касиети бар ылай-баткактар көп болот/.

ЛИМАННОЕ ОРОШЕНИЕ каптатып сугаруу /жазында кар тегиз эрий баштагандагы кыртыштын текши нымдалышы лимандык сугаруунун негизи болот/.

ЛИМБ лимб /1. мат. теодолитке орнотулган градустук бөлүкчөлөрү бар бурч өлчөгүч тегерек; 2. астр. күн менен айдын тегерек жээги/.

ЛИМНОГРАФ лимнограф /белгилүү убакыт ичинде көл бетинин деңгээлинин өзгөрүшүн автоматтык жол менен жазып туруучу гидрометриялык прибор/.

ЛИМНОЛОГИЯ лимнология /көлдөрдүн гидрологиялык касиеттерин изилдеп, биологиялык өзгөчөлүктөрүнө карата жыйынтык чыгаруучу илим/.

ЛИНИЯ ФРОНТА фронт сызыгы /аба массасынын фронту жердин бети менен кесилишкен сызык/.

ЛИНИЯ ШКВАЛОВ шквал сызыгы /күтүлбөгөн жерден болгон катуу шамал, мөндүр аралаш жамгырдан турган өткүндүн жолу/.

ЛИТОМЕТЕОРЫ литометеорлор /атмосферада калкып жүргөн чаң, кумдардын кыпындары /.

ЛИТОРАЛЬ литораль /көлдөрдүн, океан-деңиздердин тайыз жээги/.

ЛИТОСФЕРА литосфера /жердин кыртышынан 1200 км тереңдигине чейинки катуу бөлүгү; анын сырткы катмарынын калыңдыгы 120 км, салыштырма салмагы 2,8; ички катмарынын салыштырма салмагы -3,6. -4,0/.

ЛОГ коо, колот /мурда суу аккан тайпак жер/.

ЛОЖБИННЫЕ ОЗЕРА чөөт көл /мурда суу аккан колотто сакталып



калган көлдүн чөөтү, калдыгы/.

ЛОЖА ОЗЕРА көлдүн таманы

ЛОЦИЯ лоция /кайык же кеме сүзүүгө мүмкүнчүлүгүн аныктоо максатында дарыяларды, көлдөрдү, деңиздерди мүнөздөө, мүнөздөмө берүү/.

ЛУННАЯ РАДУГА айдын асмандагы жаасы, көк желе

ЛУННЫЕ АТМОСФЕРНЫЕ ПРИЛИВЫ айдын таасиринен атмосферанын ташкындоосу /атмосферада аба толкунунун айдын тартылуу күчү аркылуу мезгил-мезгили менен көтөрүлүшү /.

ЛУЧИСТАЯ ЭНЕРГИЯ шоола энергиясы /электромагниттик жылуулук энергиясы/.

ЛУЧИСТОЕ РАВНОВЕСИЕ шоолалуу тең салмактуулук /нерселердин же жер бетинин шоола кабыл алуусу менен кайра чагылдыруусунун ортосундагы барабардык/.

ЛУЧИСТЫЙ ПРИТОК ТЕПЛА жылуулуктун шоолаланып келиши /шоолалануу процессинин натыйжасында жылуулуктун пайда болушу/.

ЛУЧИСТЫЙ ТЕПЛООБМЕН жылуулуктун шоолаланып алмашылышы /атмосферада узун толкундуу радиациянын /шоолалуу энергиянын/ жутулушу жана чагылыш жолу менен жылуулуктун алмашылышы/.

ЛЬДИНЫ муз бөлүкчөлөрү /муздуп деңиз, дарыя,көлдөрдүн бетинде калкып жүргөн майда сыныктары/.

М

МАГНИЙ магний /Mg ; Менделеевдин мезгилдик системасынын II группасынын элементи, катар номери 12, атомдук салмагы 24,312; жаратылышта кезигүүчү магний туруктуу үч изотоптон турат/.

МАГНИТНАЯ АНОМАЛИЯ магниттик аномалия /жердин айрым бөлүгүнүн магнит талаасынын маанисинин нормалдык магнит талаасынын

маанисинен айырмаланышы; темир кендери топтолгон жерлерде м.а. чоң мааниге ээ болот/.

МАГНИТНАЯ ГИДРОДИНАМИКА магниттик гидродинамика /өткөрүүчү суюктуктун же газдардын электромагниттик талаа менен болгон өз ара аракеттенишин үйрөтүүчү илим/.

МАГНИТНАЯ ЭНЕРГИЯ магниттик энергия /магнит талаасынын энергиясы/.

МАГНИТНО-ИОННАЯ ТЕОРИЯ магнит-ион теориясы /сырткы магниттик талаанын таасири менен иондошулган чөйрөдөгү электромагниттик толкундардын таралышы жөнүндөгү теория/.

МАГНИТНЫЙ АЗИМУТ магниттик азимут /кандайдыр бир багыттын вертикалдык тегиздиги менен магниттик меридиан түзгөн бурч/.

МАГНИТНЫЙ МЕРИДИАН магниттик меридиан /жердин магниттик талаасынын чыңалуу вектору жаткан вертикалдык тегиздик/.

МАГНИТНЫЙ ПОЛЮС ЗЕМЛИ жердин магниттик уюлу /убакыттын өтүшү менен ээлеген ордун которуп кетүүчү чекит. Магниттик кыйшаюу түндүк уюлда +90°, түштүк уюлда -90°/.

МАГНИТНЫЙ СЕВЕР магниттик түндүк /жердин магниттик талаасынын күч сызыгынын багыты; компастын магниттик жебеси көрсөткөн багыт/.

МАГНИТНЫЙ ЭКВАТОР магниттик экватор /жер бетин курчаган магниттик жантайышы нөлгө барабар болгон сызык; географиялык экваторго жакын жатып аны менен кесилишет/.

МАГНИТОСФЕРА магнитосфера /магнит талаасынын чоңдугу планеталар аралык туруктуу магнит талаасынан көп болгон жерге жакынкы космостук мейкиндиктин аймагы/.

МАКРОКЛИМАТ макроклимат /I. планетардык масштабдагы климаттын негизги өзгөчөлүктөрү; 2. ири масштабдагы географиялык райондордун метеорологиялык станцияларынын маалыматы менен мүнөздөлүүчү климаты/.



МАКРОМАСШТАБ макромасштаб / ири атмосфералык процесстердин жана кубулуштардын, мейкиндик боюнча кеңендиги жана убакыт боюнча узактыгы/.

МАКРОМАСШТАБНАЯ КОНВЕКЦИЯ макромасштабдык конвекция /I. муссондор жана атмосферанын планетардык жалпы алмашылышы; 2. кадимки атмосфералык конвекцияга караганда кенен мейкиндикке чейин тарап, үймөлөктөгөн калың булуттарды пайда кыла турган жана тыгыздыгынын айырмасынан пайда болуучу аба массасынын кыймылы, мисалы, макромасштабдык процесске атмосферадагы жалпы циркуляция, синоптикалык масштабга циклон жана антициклондор кирет/.

МАКРОМАСШТАБНОЕ ДВИЖЕНИЕ макромасштабдык кыймыл /аралыгы миң километрге чейин жеткен атмосфералык кыймыл; буга атмосферадагы жалпы планетардык /циркуляция/ жылышуу, ошондой эле синоптикалык масштабдагы циклондор менен антициклондорго байланыштуу агымдар кирет/.

МАКРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС макрометеорологиялык процесс к. МАКРОСИНОПТИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС

МАКРОМЕТЕОРОЛОГИЯ макрометеорология /жер шарын толугу менен же жарым жартылай бөлүгүн камтыган планетардык масштабдагы аянттардын метеорологиялык об"ектилерин изилдөө; ошондой чөйрөнүн метеорологиялык элементтеринин толук маалыматтарынын жыйындысына таянып, атмосфералык жалпы циркуляция, циклон, антициклон, нымдуулуктун айланышы ж.б. изилденет/.

МАКРОСИНОПТИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС макросиноптикалык процесс /жер шарынын кенен аянтын кучагына алып, аба ырайын узак мезгилге чейин бир калыпта мүнөздөй турган синоптикалык процесс/.

МАКРОТУРБУЛЕНТНЫЙ ОБМЕН макротурбуленттик алмашуу /макротурбуленттик жол менен жер шарында абанын /температурасынын, нымдуулугунун, жылышуу моментинин саныи/ бөлүштүрүлүшү/.

МАКСИМАЛЬНАЯ ТЕМПЕРАТУРА максималдык температура /І. температуранын белгилүү бир чөйрөдө жана убакыт ичинде /сутка, декада, ай/ байкала турган эң жогорку мааниси; 2. белгилүү сутка, декада /10 күн/, бир айдын ичинде байкала турган орточо $t^{\circ}$ нын эң жогорку мааниси/.

МАКСИМАЛЬНЫЙ ТЕРМОМЕТР максималдык термометр /байкоо убакыттарында температуранын эң жогорку маанисин белгилеп кала турган сымаптуу термометр/.

МАКСИМАЛЬНЫЙ РАСХОД ВОДЫ суунун максималдуу чыгымы /суу кирген мезгилде суунун эң көп агышы; белгилүү убакыт /сутка, декада, ай/ ичинде суунун өзөнгө көп толушу/.

МАКСИМАЛЬНЫЙ СТОК максималдуу агым /І. агын суулардын кар эригендеги же болбосо нөшөрлөгөн жамгырдан кийин кирген мезгилин белгилей турган термин; 2. суунун кирген учурундагы эң көп агышын айтат/.

МАКСИМАЛЬНЫЙ УРОВЕНЬ максималдуу /эң жогорку/ деңгээл /агын суулардын, көлдөрдүн, көлчүктөрдүн деңгээлинин эң жогору көтөрүлгөн абалы/.

МАКСИМУМ максимум /мисалы: гидрометеорологиялык элементтердин максималдуу чоңдугу; температуранын максимуму; антициклондун борборундагы басымдын максимуму ж.б./.



МАЛЫЙ ЛЕДНИКОВЫЙ ПЕРИОД мөңгүлүү кыска доор /XVI кылымдын аягынан XIX кылымдын башына чейин абанын температурасынын төмөндөлүшүнүн натыйжасында Альпыда, Түндүк Европада, Исландияда, Аляскада мөңгүлөр тез аранын ичинде ташыган мезгил/.

МАНОМЕТР манометр /суюктуктардын, газдардын, абанын жана буулардын басымын өлчөөчү прибор/.

МАРГАНЕЦ марганец /Mn; Менделеевдин мезгилдик системасынын VII группасынын элементи, катар номери 25, атомдук салмагы 54,94; туруктуу бир изотоптон турат/.

МАРГУЛЕСА УРАВНЕНИЕ Маргулестин теңдемеси /эки аба массасынын чегиндеги стационардык беттин горизонтко кыйшайган бурчу менен алардын температураларын жана ылдамдыктарын байланыштыруучу теңдеме/.

МАРЕОГРАФ мареограф /деңиздердин деңгээлинин өзгөрүшүн өзү жазып калтыруучу прибор/.

МАРШРУТНАЯ С"ЕМКА маршруттук с"емка /белгилүү маршрут боюнча бир нече точкадагы метеорологиялык элементтерди ченөө жана алардын мейкиндик боюнча өзгөрүүсүн изилдөө. Натыйжада ошол элементтердин мейкиндик боюнча өзгөрүшүн айкыктоого болот/.

МАССА масса /бир эле убакытта материянын гравитациялык жана инерциялык касиеттерин түшүндүрүүчү жана чени болуучу материянын физикалык мүнөздөмөсү/.

МАССА АТМОСФЕРЫ атмосферанын массасы /жердик атмосфераны түзгөн абанын жалпы массасы. Ал $5,3 \cdot 10^{15}$т барабар. Мунун өзү литосферанын массасынан $10^{16}$, гидросферанын массасынан /дүйнөлүк океандан/ 250 эсеге аздык кылат. Жерге жакыныы 5,5 км чейинки бийиктикте жалпы атмосфералык абанын массасынын 50%ти, ал эми биринчи 36 км ге чейинки бийиктикте -99% ти кезигет/.

МАССОВЫЕ СИЛЫ массалык күч, к. ОБЪЕМНЫЕ СИЛЫ

МАССОВОЕ ЧИСЛО массалык сан /атомдук ядродогу протондор менен нейтрондордун суммасына барабар бүтүн сан бул атомдук сандын бүтүн санга чейин тегеректелген мааниси/.

МАССОВЫЙ ИЗЛУЧАТЕЛЬ масса нурданткычы /1922-жылы А.А.Глаголев-Аркадьева чыгарган өчүүчү өтө кыска электромагниттик толкундун булагы/.

МАСС-СПЕКТРОГРАФ масс-спектрограф /атмосферадагы заряддалган бөлүкчөлөрдүн массасын өлчөөчү прибор/.

МАСС-СПЕКТРОМЕТР масс-спектрометр /электрдик жана магниттик талаанын жардамы менен заряддалган бөлүкчөлөрдүн /иондордун шооласын/ массасынын зарядына болгон катышы боюнча айырмалап ажыратуучу прибор/.

МАСШТАБ АТМОСФЕРНЫХ ДВИЖЕНИЙ атмосфералык кыймылдын масштабы /атмосфералык мүнөздүү /макромасштабдык, микромасштабдык/ кыймылдардын масштабы. Макромасштабдык /циклон, антициклон/, мезомасштабдык /чагылган, күн күркүрөө/ жана мезомасштабдык кыймылдар деп бөлүнөт/.

МАСШТАБ ТУРБУЛЕНТНОСТИ турбуленттүүлүктүн масштабы /турбуленттик куюндардын /суюктуктардагы жана газдардагы/ орточо көлөмү/.

МАТЕМАТИЧЕСКАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ математикалык климатология /1. жалаң гана инсоляцияга жана анын ичинде өзгөрүшүнө негизделген климаттын теориялык схемасы; 2. климаттын тегин жана таралышын системалык түрдө физика-математикалык жол менен түшүндүрүү/.

МАТЕРИАЛЫ НАБЛЮДЕНИЙ СПЕЦИАЛИЗИРОВАННЫХ СТАНЦИЙ адистештирилген станциялардын байкоолорунан топтолгон материалдар /саздардын, көлдөрдүн гидрологиялык маалыматтарын, эксперименталдык изилдөөлөрдүн, суудан жана топурактан буулануусун чагылдырган жыйнак/.



МАТЕРИАЛЫ ПО РЕЖИМУ РЕК СССР СССРдин агын сууларынын режими боюнча материалдар /СССРдин дарыяларынын гидрографиялык жана гидрологиялык маалыматтарын кучагына алган 20 китептен турган 7 томдуу жыйнак/.

МАТЕРИКОВЫЙ КЛИМАТ материктик климат /континенталдуу /кургак/ климат. Аба ырайы кургактан соккон желдерге /аба массасы/ менен байланышкан жана ага көз каранды болгон какоо климат/.

МАТЕРИКОВЫЙ ЛЕД материк мөңгүсү /кургактыктын кенен аймагын ээлеп жаткан /м.: Антарктиданы же Гренландияны/ глетчердик мөңгү/.

МГЛА мунарык, боз /чаң түтүндүн абага аралашуусунун натыйжасында боз тунуу, мунарыктоо/.

МГНОВЕННЫЙ УРОВЕНЬ ВОДЫ суунун бир заматтын ортосундагы /көз ачып жумганча/деңгээли /агын суунун боюнда, көлдүн, суу сактагычтардын жээгинде суунун бийиктик деңгээлин болжошкон бир убакытта шашылыш байкоо /ченөө/ жүргүзүүнүн көрсөтүүсү/.

МЕАНДРА меандра, имерилиш /суунун чукул бурулган имерилиши/.

МЕГАТЕРМИЧЕСКИЙ КЛИМАТ мегатермикалык климат /Кеппендин классификациясы боюнча кышы жок, жаан-чачындуу, жогору температуралуу климат/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ОБЛАКОВ булуттардын эл аралык

классификациясы /тропосфералык булуттарды түрлөргө бөлүштүрүү; булуттардын пайда болуу шартына карата IO топко жана I4 түргө бөлүүгө болот/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ эл аралык метеорологиялык уюм /I873-жылы уюшулган; эл аралык масштабдагы оперативдик жана илимий маселелерди биргелешип чечүүгө багытталган дүйнөлүк көп мамлекеттердин метеорологиялык кызматташтыгы; ал жалпысынан эл аралык уюмдун президентине, аткаруу секретариатына баш ийген бир нече комиссиялардан /дүйнөлүк тармак, аэрология, климатология, аба ырайы тууралуу синоптикалык информация ж.б.) турат/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ПРАКТИЧЕСКАЯ ТЕМПЕРАТУРА эл аралык практикалык температура / эл аралык практикалык температуранын шкаласы боюнча туюнтулуучу температуралык чоңдук, градус, Цельсия,С°/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ШКАЛА ВИДИМОСТИ көрүү мүмкүнчүлүгүнүн эл аралык шкаласы /көрүү алыстыгын балл боюнча /көз өлчөө менен/ аныктоо, мисалы, көрүү алыстыгы 0 баллда -0-50 м; I баллда -50 -200 м; 2 баллда 200-500 м; 3 баллда 500-I000 м; 4 баллда -I,0 -2,0 км ж.б./.

МЕЖДУНАРОДНОЕ ГЕОФИЗИЧЕСКОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО эл аралык геофизикалык кызматташтык /I959-жылы башталган эл аралык геофизикалык жылдын программасы боюнча иштерди улантуучу илимий чара/.

МЕЖДУНАРОДНЫЕ СИНОПТИЧЕСКИЕ СРОКИ эл аралык синоптикалык мөөнөттөр /аба ырайынын кызматынын кызыкчылыгы үчүн эл аралык макулдашуу боюнча кабыл алынган метеорологиялык байкоолордун мөөнөтү/.



МЕЖДУНАРОДНЫЙ АТЛАС ОБЛАКОВ булуттардын эл аралык атласы

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ГЕОФИЗИЧЕСКИЙ ГОД эл аралык геофизикалык жыл / эл аралык илимий союздардын советинин чечими боюнча I957-жылдын июлунан I958-жылдын декабрине чейин дүйнөнүн 66 өлкөсүнүн өз ара макулдашылган программасы боюнча жүргүзүлгөн эл аралык илимий изилдөөлөр/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ГОД СПОКОЙНОГО СОЛНЦА тынч күндүн эл аралык жылы /илимдин метеорология, жердик магнетизм, аэрономия, күндүн активдүүлүгү, космостук шоолалануу тармактары боюнча макулдашып иштөөгө жетишүү максатында жүргүзүлгөн 73 өлкөнүн эки жылдык эл аралык геофизикалык кызматташтыгы; анда ракета, жасалма спутниктерди колдонуу менен жер шарынын булуң-бурчтарында бир нече миңдеген илимий станцияларда бирдей изилдөөлөр жүргүзүлгөн/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ГРАДУС эл аралык градус /эл аралык температуралык шкала боюнча 0°тан I00° ка чейинки аралыктагы точканын жүздөн бир бөлүгү/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КОД эл аралык код /эл аралык макулдашуу боюнча метеорологиялык байкоолорду кабарлап турууда колдонуучу шарттуу белгилер системасы/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ПЕРИОД эл аралык мезгил /глобалдык мүнөздөгү белгилүү проблемаларды аныктоо максатында метеорологиялык байкоолорду жүргүзүү үчүн эл аралык макулдашуу боюнча бир же бир нече суткалык мөөнөттү алдын ала белгилөө/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ПОЛЯРНЫЙ ГОД эл аралык полярдык жыл к. МЕЖДУНАРОДНЫЙ ГЕОФИЗИЧЕСКИЙ ГОД

МЕЖДУНАРОДНЫЙ СИМВОЛ эл аралык символ /метеорологиялык картага коюлуучу эл аралык шарттуу белги/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ СИНОПТИЧЕСКИЙ КОД эл аралык синоптикалык код /эл аралык тартипте кабыл алынган жана синоптикалык мөөнөт боюнча метеорологиялык байкоолорду кабарлап туруучу шарттуу белгилердин системасы/.

МЕЖДУСУТОЧНАЯ ИЗМЕНЧИВОСТЬ сутка аралык өзгөрмөлүүлүк /белгилүү метеорологиялык элементтин /басым, температура ж.б./ бир суткадан экинчи суткага карата байкалган өзгөрмөлүүлүгүнүн көп жылдык /орточо, айлык, жылдык/ орточо чоңдугу/.

МЕЖДУШИРОТНЫЙ ОБМЕН кеңдиктер аралык алмашуу /жердин жогорку жана төмөнкү кеңдиктеринин ортосундагы жылуулуктун жана нымдуулуктун орун алмашуусу/.

МЕЖДУШИРОТНЫЙ ПЕРЕНОС ТЕПЛА жылуулуктун кеңдиктер аралык алмашуусу /жылдын же белгилүү календардык мезгилдин ичинде жана белгилүү убакыт бирдигинде жылуулуктун абанын агымы менен которулушу, мисалы, түндүк кеңдиктин 30° июль айында 3 км бийиктиктеги тропосферада жогорку кеңдиктен төмөнкү кеңдикке I минутада $20,10^6$ кал., январь айында I минутада төмөнкү кеңдиктен жогорку кеңдикке $128,10^6$ кал. жылуулук которулат/.

МЕЖЕНЬ суунун тартылышы

МЕЖЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА мөңгүлөр аралык доор /төртүнчүлүк доордун климаты салыштырмалуу болгон бөлүгү/.

МЕЖМЕРЗЛОТНЫЕ ВОДЫ тоңдун арасындагы суулар /жер астындагы тоңдун ичиндеги коңулдардагы суулар/.

МЕЗОКЛИМАТОЛОГИЯ мезоклиматология /жергиликтүү климат жөнүндөгү илим/.

МЕЗОМАСШТАБНОЕ ДВИЖЕНИЕ мезомасштабдык кыймыл /масштабы $10^5$ м чамасындагы кыймыл/.



МЕЗОМЕТЕОРОЛОГИЯ мезометеорология /микрометеорологияга караганда ири масштабдагы атмосфералык кубулуштарды изилдөөчү илим/.

МЕЗОПАУЗА мезопауза /мезосфера менен термосферанын ортосундагы атмосферанын өткөөл катмары; бийиктиги 86-90 км/.

МЕЗОПИК мезопик /мезосферадагы температуранын максимуму; стратопаузага дал келет/.

МЕЗОСФЕРА мезосфера /стратосферанын үстүндө 50 дөн 80-85 км чейинки бийиктикти кучагына алган атмосферанын катмары, андан жогору ионосфера башталат; мезосферада абанын температурасы бийиктик боюнча 0°тан /төмөнкү чек арасында/90°ка/жогорку чек арасына/ чейин төмөндөйт/.

МЕЗОТЕРМИЯ мезотермия /суунун белгилүү тереңдигиндеги температурасынан жогору болушу жана андан тереңдеген же тайыздаган сайын кайрадан төмөндөшү/.

МЕЛИОРАЦИЯ мелиорация /жерди асылдандыруу, сапатын жакшыртуу, же болбосо айыл чарба өсүмдүктөрүнөн кошумча түшүм алуу максатында какшоо жерлерге суу жаюу, саздарды кургатуу, бак-дарактарды тигүү жана анын жардамы менен гидрометеорологиялык шартка таасир этүү/.

МЕЛКОЗЕРНИСТЫЙ ФИРН майда бүртүктүү жалтырак муз /көлөмү 0,5 мм чамасындагы майда муздардын бүртүкчөлөрү. Ийилгич келет да бозомтук түстө болот/.

МЕЛКОВОДНАЯ ВОЛНА тайыздагы толкун /көлдүн тайыз жээгинде же булуңунда /суу аккан сайдын тамандын ийри-буйрулугуна карата толкун агуу/ толкун пайда болуу/.

МЕРЗЛОТОВЕДЕНИЕ тоңду үйрөнүү, тоң жөнүндөгү илим /жер астындагы кыртыштар менен тектердин суу жана температуралык режимин, ме-

ханикалык өзгечелүктерүн изилдээчү илим/.

МЕРЗЛОТОМЕР тоң ченегич /топурактың калыңдыгына нөлдөн төмөнкү температураның таралышын ченээчү курал; ал боорунда сантиметрлиг шкалазы бар резинадан жасалган түтүк болот да бир учу пробка-биле тыгындалып коплат. Экинчи учунан таза /дистиллиржиляланган/ суу куруп, белгилиг тереңникке чедир топурактың кезилген тешигинге ойлотуп копдат; ошол түтүктэгү суу канча сантиметрге чедир тоңуп тоң ошончо деп аныктаар болот/.

МЕРЗЛЫЕ ПОРОДЫ тоң тектер /температуразы нөлдөн төмөн болгон тоо тектери; М.И.Сумгиндиң аныктамазы болгаш муздак тоо тектериниң аразында суунуң калыңдыгы барбы же чокпу өөскe алыр ужуру эмес, ажыр болзо бул терминниң утказын составында суузу бар тоо тектери-биле топурак үчүн гана колдонулат/.

МЕРИДИАННЫЙ КРУГ меридианныг тегерек /Жылдызтың, Күндүн, Айның база планеталарның экваториалдыг координаттарын аныктаачы астрономиялыг аспап/.

МЕРИДИОНАЛЬНАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ меридионалдыг айланыы /жер шарының меридиан болгаш атмосфералыг абазының шылчыш, айланыыш/.

МЕРЦАНИЕ ЗВЕЗД жылдыстарның жылыңнадыы /горизонтко чанып өңденген жылдыстарның өңү-түзү, чонгүгуну өзгерилдирүү абалы/.

МЕСТНАЯ ГРОЗА жергиликтүг чаңгылган /жергиликтүг абаның ичинде чаңгылганныг козголуун. Абаның температуразы-биле нымдаадыг жогаарда болгон үеде байкалат/.

МЕСТНАЯ МАССА жергиликтүг масса /белгилиг бир чөйрөну узак үеде бол өскеп чыткан аба массазы/.

МЕСТНАЯ ПОГОДА жергиликтүг аба ырайы /белгилиг бир чөйрөгө тиешелиг жалпы циркуляциядан башка жергиликтүг чөйрөнүң таасири көмектеш болгондуг келип чыккан аба ырайының мөзүү/.

МЕСТНАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ жергиликтүг аба алмашуу /жер бетиниң анча чоң эмес алтының рельефинге байланыштыг болгон атмосфералыг айланыш, буга бризадер, өрөөнү бойлап соккан шамалдар мисал боло алат/.

МЕСТНЫЕ ПРИЗНАКИ ПОГОДЫ аба ырайының жергиликтүг белгизи /метеорологиялыг элементтердиң: атмосфералыг алмашуунуң, температураның, базымның анча чоң эмес жергиликтүг чөйрөгө тиешелиг белгизи/.

МЕСТНЫЙ АНТИЦИКЛОН жергиликтүг антициклон /жер бетиниң өзгечелигинден келип чыккан температуралыг режимниң түзден-түз таасири-биле пайда болгон антициклон/.

МЕСТНЫЙ ВЕТЕР жергиликтүг шамал /белгилиг бир чөйрөнүң географиялыг абалына жараша пайда болуп, мөзүлүг өзгечелиикке ээ болгон жергиликтүг шамал; мисалы, "Улан", "Сан-Таш" ж.б./.

МЕСТНЫЙ ДОЖДЬ жергиликтүг жаан /белгилиг гана чөйрөгө эткүн түрүнде жааган жамгыр, мөндүр, кар ж.б./.

МЕСТНЫЙ КЛИМАТ жергиликтүг климат /тоқойдуң айдоо алантының, талааның, өрөөндүн, шаардың ж.б. климаты. Ландшафтыг чөйрөнүң физико-географиялыг шартының климаттыг өзгечелиги/.

МЕСТНЫЙ СТОК жергиликтүг агым /бир өнчөй физико-географиялыг чөйрөнүң агын суулары. Аның сугат иштериндеги ужуру чоң/.

МЕСТНЫЙ ЦИКЛОН жергиликтүг циклон /жер бетиниң жылыг чөйрөзүнүң температуралыг режиминиң таасири-биле пайда болгон жергиликтүг циклон/.

МЕСЯЦ ай /I. астр. айның күнду айланып чыгуу /үезин/ мез-

гиш; ал 29 сут. 12 с.44 мин. 2,28 сек. барабар; 2. жалпы кабыл алынган календарь боюнча 28 ден 31 суткага чейин созулган мезгил; жылдын 12/1 бөлүгү/.

МЕСЯЧНАЯ СУММА ОСАДКОВ жаан-чачындын айлык суммасы /метеорологиялык станция каттап турган бир айлык жаан-чачындын жалпы суммасы/.

МЕСЯЧНАЯ СУММА ТЕПЛА РАДИАЦИИ радиациянын жылуулугунун айлык суммасы

МЕСЯЧНЫЙ МАКСИМУМ айлык максимум

МЕСЯЧНЫЙ МИНИМУМ айлык минимум

МЕСТНЫЙ ЦИКЛОГЕНЕЗ жергиликтүү циклогенез /жер бетинин температуралык режиминин таасиринен циклондордун жана антициклондордун пайда болушу жана өрчүшү/.

МЕСТНЫЙ ТУМАН жергиликтүү туман

МЕТАЛИМНИОН металимнион /температурасы мезгил мезгили менен өзгөрүп тура турган суунун үстүнкү катмары/.

МЕТАН метан /$CH_4$ же саз газы: жерден чыккан газдардын составына кирип, түссүз, житсиз жануучу касиетке ээ; $t_з = 184^{\circ}$, сууда начар эрийт да кычкылтек же аба менен болгон аралашмасына ширенке чагылса жарылып кетет/.

МЕТЕЛЬ бурганак, жөө бурганак

МЕТЕОРЫ метеорлор /1. байыркыча атмосфералык кубулуш. Ошондон улам гидрометеорлор жана метеорология деген термин пайда болгон. 2. Астрономияда - дүйнөлүк асман мейкиндигине массасы миллиграммдан килограмм жана тоннага чейин жеткен метеордук телолордун атмосферага түшүүсүнүн натыйжасындагы калтырган жаркыраган из. Эң майда кыпындардын аралашмасынан пайда болгон метеорлорду микрометеор же телескопиялык метеор деп атайт.



Метеорлор ионосферадан баштап /бийиктик аралыгы 150-80 км/ жаркылдайт. Метеордук жылдыз учуулар 50-60 км бийиктикте ачык жаркырайт. Метеорлорду байкоо менен бирге жылдыз учкан бийиктиктеги абанын температурасын жана тыгыздыгын аныктоого болот/.

МЕТЕОРНАЯ ПЫЛЬ метеордук чаң /атмосферада метеорлордун кыйрашынан пайда болгон чаң; анын жылдык салмагы бир нече миңден миллиондогон тоннага чейин жетет/.

МЕТЕОРНЫЙ ДОЖДЬ метеордук жаан, жамгыр /метеорлордун өзгөчө күчтүү пайда болушу жана алардын белгилүү убакыт /1 саат/ ичиндеги саны орточо санынан алда канча көптүк кылган учуру. Метеордук жамгыр жердин айлануу жолунда метеорлордун агымына туура келгенде пайда болот/.

МЕТЕОРОГРАММА метеорограмма /метеорограф абага көтөрүлгөн убакыт ичинде анын лентасына метеорологиялык элементтерди /нымдуулук, басым, температура ж.б. / жазып алуучу прибор/.

МЕТЕОРОГРАФ метеорограф /эркин атмосферадагы бир же бир нече метеорологиялык элементтерди автоматтык жол менен регистрациялап туруучу аэрологиялык прибор; ал барографтын, термографтын жана гигрографтын ошондой эле /кээде/ анемографтын да биргелешип иштөөсүнө негизделген/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ БУДКА метеорологиялык будка

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ИНФОРМАЦИЯ метеорологиялык информация /метеорологиялык бардык элементтерди басма сөз, радио же теле көрсөтүүлөр боюнча информациялоо, кабарлоо/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ОБСЕРВАТОРИЯ метеорологиялык обсерватория /туруктуу метеорологиялык байкоолорду жүргүзүү менен катар кенен программадагы илим-изилдөө иштерин да жүргүзө турган илимий мекеме. Андагы метеорологиялык жабдуулар катардагы станциялар-

дагы жабдууларга салыштырганда алда канча көптүк кылат. Програм-масы да кенен/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ПЛОЩАДКА метеорологиялык аянтча /метеорологиялык элементтерди жазып туруучу приборлор коюлган түш тарабы зым тор менен тосулган аянтча/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ РАКЕТА метеорологиялык ракета /атмосферанын жогорку катмарын /мезосфера менен ионосферанын өзгөчөлүгүн/ изилдөө үчүн арналган ракета; ракетага атайлап орнотулган куралдардын жардамы менен атмосфералык басым, абанын составы, космостук шоолалануу ж.б. метеорологиялык элементтер ченелет/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СВОДКА метеорологиялык сводка /I. метеорологиялык станциялардын белгилүү мөөнөттөгү байкоолорун жыйынтыктап телеграмма же радио аркылуу кабарлап турулган маалымат; 2. самолет учардын алдында учуу трассасынын метеорологиялык абалынын сводкасын экипажга даярдоо/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СИЛА ДОЖДЯ жамгырдын метеорологиялык күчү /белгилүү убакыт интервалындагы убакыт бирдигинин /I мин/ ичиндеги жамгырдын күчтүүлүгүнүн статистикалык мүнөздөмөсү; жамгырдын күчтүүлүгүнүн /$i$/ узактыгына /$t$/ болгон көз карандылыгы төмөнкүдөй формула менен түшүнтүлөт; $i=\frac{S}{t^n}$; $S$- ж.м. күчүнүн параметри/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СЛУЖБА метеорологиялык кызмат /метеорологиялык станциялардан, илимий жана оперативдүү мекемелерден, ошондой эле жетекчи органдардан турган мамлекеттик уюм/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ метеорологиялык станция /калктуу пункттардан, ири имараттардан обочо, жайдак жерге орнотулуп метеорологиялык элементтерге байкоо жүргүзүүчү мекеме; м.с. үч түргө



бөлүнөт: I-разряддагы ст. метеорологиялык элементтерди байкоо жүргүзүү жолу менен чогултуу, кайра иштеп чыгуу, 2- жана 3- разряддагы метеостанцияларга көрсөтмө берүү жана өндүрүштүк уюмдардын талабына ылайык аба ырайы тууралуу алдын ала божомолдоолорду берип тура алат; 2-разряддагы м.к. байкоолорун иштеп чыгып түшүндүрүү м.к. билдирип турат; 3-разряддагы м.к. байкоолорду кыскартылган мөөнөттө жана программада жүргүзөт/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ ЭФФЕКТИВНОСТЬ ЛЕСНЫХ ПОЛОС токой тилкесинин метеорологиялык эффективдүүлүгү /токой тилкелеринин атмосферанын абалына, айрыкча жер бетинин катмарына, шамалдын күчүн басаңдатууга, буулануунун жана транспирациянын коэффициентин азайтууга, ошондой эле карды жана топурактан чаң учурууну, кардын эришин азайтууга болгон таасири/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ДАННЫЕ метеорологиялык маалыматтар /станциялардагы же экспедиция учурундагы чогултулган метеорологиялык маалыматтар/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ НАБЛЮДЕНИЯ метеорологиялык байкоолор /метеорологиялык элементтердин сандык чоңдугун ченөө жана атмосфералык кубулуштардын сапаттык мүнөзүн /жаан-чачынды, булуттардын формасын ж.б./ аныктоо/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ПРИБОРЫ метеорологиялык приборлор /метеорологиялык элементтердин сандык маанисин ченөөчү жана каттап туруучу приборлор: аэрологиялык, актинометриялык, атмосфералык ж.б./.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ РАДИОПЕРЕДАЧИ метеорологиялык радио берүүлөр /область, край, өлкөлөрдүн метеорологиялык станцияларынын жүргүзгөн метеорологиялык /же аэрологиялык/ байкоолорун, ошон-

дой эле синоптикалык абалдын жана аба ырайынын анализделген маалыматтарын радиостанциялар аркылуу үзгүлтүксүз берип туруу/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ СИМВОЛЫ метеорологиялык символдор /метеорологиялык байкоолорду жазууда жана синоптикалык карталарга түшүрүүдө колдонулуучу цифралар, тамгалар жана ар түрдүү шарттуу белгилер/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ метеорологиялык шарт /белгилүү моментте же убакыт бирдигинде, болбосо убакыт /мезгил/ ичинде метеорологиялык элементтерди мүнөздөп турган атмосферанын абалы/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ метеорологиялык элементтер /аба массасынын жалпы абалын жана атмосфералык кээ бир процесстерин мүнөздөөчү элементтердин жалпы аты; ал негизинен метеостанциялар байкоо жүргүзгөн /атм. басым, температура жана абанын нымдуулугу, шамал, булуттуулук /саны жана формасы боюнча/, жаан-чачын туман, бурганак, чагылган, ошондой эле күндүн жаркылдоосу, топурактын температурасы, кардын калыңдыгы жана структуралык абалы ж.б. элементтерден турат/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ БАЛЛОН метеорологиялык баллон /атмосфераны изилдөө максатында эркин учурулуучу же трос /зым аркан/ аркылуу абага көтөрүлүүчү ар түрдүү аба шары: шарпилот, шарзонд, трансозонд ж.б./.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ БЮЛЛЕТЕНЬ метеорологиялык бюллетень /станцияларда ченөө жүргүзүлгөн метеорологиялык элементтердин санын,сапатын /сутка,декада, ай, жыл боюнча/ чагылдырган китепчак/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ЕЖЕГОДНИК метеорологиялык жылдык китепчак /метеорологиялык станциялардын байкоолорунун маалыматты хронологиялык тартипте жайгаштырып жыл сайын жарыкка чыгуучу китепчак/.



МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ПОСТ метеорологиялык чек /метеорологиялык станцияга салыштырганда кыскартылган программадагы байкоолорду жүргүзүүчү чек /.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ СПУТНИК метеорологиялык спутник /жердин көпөн аймагынын үстүндөгү атмосферанын абалы жөнүндөгү оперативдүү информацияны алыш үчүн учуруучу жердин жасалма жандоочусу, азыр жердин жасалма жандоочусунун жардамы менен булуттардын катмары, жердин бетинин жана атмосферанын төмөнкү катмарынын узун толкундуу чагылдыруусу ж.б. өлчөнөт/.

МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКОЕ ОБСЛУЖИВАНИЕ метеорологиялык тейлөө /аба ырайынын абалы жөнүндө эл чарбасынын ар түрдүү /курулуш, өнөр жай, айыл чарба, транспорт/ мекемелерине жана маданият, спорт уюмдарына маалыматтарды берип туруу/.

МЕТЕОРОЛОГИЯ метеорология /жердин атмосферасы, анын түзүлүшү, касиеттери жана андагы процесстер жөнүндөгү геофизикалык илим. Метеорологиянын климатка арналган ири бөлүгү климатология бара-бара өз алдынча геофизикалык илим катарында бөлүнүп чыкты. Кийинчерээк метеорологиядан атмосферанын бийик катмарынын физикалык жана химиялык процесстерин изилдөөчү аэрономия тармагы бөлүнүп чыкты. Метеорологиянын ичинде атмосфералык процесстердин ар түрдүү жагдайларын изилдөөчү жекече тармактары актинометрия, динамикалык метеорология, атмосфералык оптика, аэрология ж.б. бар. Кийинчерээк атмосфера физикасы деген тармагы бөлүнүп, жер бетинин аба массасы, эркин атмосферанын аба массасы ж.б. жөнүндө илим изилдөө иштерин жүргүзө баштады. Практикалык мааниси зор болгон авиациялык, айыл чарба, медициналык, метеорология деген өз алдынча жумуш аткаруучу тармактары өсүп ке-

ле жатат. Метеорологиянын изилдөө милдетине – атмосферанын составынын, түзүлүшүнүн, атмосфера менен жер бетиндеги жылуулук режимин жылуулук алмашуусунун, нымдуулук айлануусунун, суунун келип чыгышынын, атмосфералык алмашууларды – циклондорду жана антициклондорду, күн күркүрөө, чагылган, добул, атмосферадагы электр талаасынын, атмосфералык жаңырык /акустика/ ж.б. кирет. Алардын баарлыгын изилдөөдө статистикалык жана синоптикалык ыкмалар колдонулат/.

МЕТЕОРОПАТИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ <u>метеоропаттык реакция</u> /аба ырайынын өзгөрүүнөн келип чыккан физиологиялык реакция; ал температуранын төмөндөшү, аба массаларынын алмашылышы, аба фронттору-нун пайда болушуна байланыштуу/.

МЕТЕОРОТРОПИЗМ <u>метеоротропизм</u> /метеорологиялык шартка байланышкан организмдеги өзгөчө реакция/.

МЕТКА ВЫСОКИХ ВОД <u>агын суунун деңгээлинин белгиси</u> /агын суунун деңгээлинин жогорку маанисин көрсөтүп туруучу белгилер: кумдун чайкалышы, жээктеги караган-бутага илайдын туруушу ж.б.; 2. суунун деңгээлин ченөөчү репер, анда датаны көрсөткөн жазуусу бар/.

МЕТОД АНАЛОГОВ <u>окшоштук методу</u> /атмосфералык процесстерди жана аба ырайын анын өткөндөгү мүнөзүнө карата алдын ала салыштырып болжолдоо/.

МЕТОД КОРРЕЛЯЦИИ <u>корреляция методу</u> /бир же бир нече өзгөрмөлүү чоңдуктун ортосундагы өз ара көз карандылыктын /корреляциянын/ сандык түюнтулушун аныктоочу статистикалык метод; к.м. метеорологияда жана климатологияда кенен колдонулат/.

МЕТОД ЛАГРАНЖА <u>Лагранж методу</u> /гидродинамикада суюктуктун



кыймылын аныктоо методу; мында суюктуктардын бөлүкчөлөрүнүн жекече кыймылы каралат/.

МЕТОД МИРОВОЙ ПОГОДЫ <u>аба ырайынын дүйнөлүк методу</u> /жер шарынын ар кайсы бөлүктөрүндө метеорологиялык элементтердин чар жайыт /асинхрондук/ өзгөрүшүнүн корреляциялык байланышынын негизинде метеорологиялык элементтердин /аномалиясын/ окшоштугун узак мөөнөткө алдын ала айтуу/.

МЕТОД МУЛЬТАНОВСКОГО <u>Мультановскийдин методу</u> /1912-жылдан баштап Б.П. Мультановский тарабынан иштелип чыккан аба ырайын узак убакытка алдын ала айтуу методу/.

МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ СОДЕРЖАНИЯ В ВОДЕ ГИДРОКАРБОНАТНЫХ ИОНОВ <u>суудагы гидрокарбонаттык иондордун өлчөмүн аныктоо методу</u>

МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ СОДЕРЖАЩЕГОСЯ В ВОДЕ ЖЕЛЕЗА /$Fe$/ <u>суудагы темирдин /$Fe$/ өлчөмүн аныктоо методу</u>

МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ РАСТВОРЕННОГО В ВОДЕ КИСЛОРОДА <u>суудагы эриген кислородду аныктоо методу</u>

МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ ЦВЕТА ВОДЫ <u>суунун түсүн аныктоо методу</u> /жаратылыш шартында суулардын өңү-түсүн көз өлчөө жолу менен салыштырып аныктоо методу/.

МЕТОД ПОЧВЕННЫХ ИСПАРИТЕЛЕЙ <u>топурактан буулантуу методу</u> /белгилүү салмактагы нымдуу топуракты буулантуучка көп белгилүү убакытка чейин буулантуулан кийинки салмагына карата буулануусу аныктоо методу/.

МЕТОД ШАРОВ-ПИЛОТОВ <u>шар-пилотторду учуруу методу</u> /шар-пилотторду учуруп, аны теодолиттин жардамы менен байкоо аркылуу эркин атмосферадагы шамалдын багытын жана ылдамдыгын ченөө/.

МЕТОД ГИДРОЛОГИЧЕСКИХ ПРОГНОЗОВ <u>гидрологиялык алдын ала</u>

айтуу методдору /агын суулардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын белгилүү чөйрөсүндө гидрологиялык элементтердин орун алуу мезгилин жана чоңдугун алдын ала айтуу үчүн эсептөө ыкмасы/.

МЕТОДЫ ИЗМЕРЕНИЯ РАСХОДА ВОДЫ суунун чыгымын өлчөө методдору /суунун чыгымын өлчөөнүн жөнөкөй түрү: I. ар бир секунда ичиндеги агын суунун көлөмүн/чыгымын/ ченөө; 2. суунун сайынын туурасынан кесилиш аянтын суунун агымынын ылдамдыгына болгон көбөйтүндүсү аркылуу эсептеп чыгаруу/.

МИГРАЦИЯ миграция /атмосфералык аба массасынын бир жерден экинчи жерге которулушу; мисалы, циклондор, антициклондор, метеорлор, чагылган, күн күркүрөө, фён, бриз, керимсел ж.б. метеорологиялык процесстер/.

МИГРАЦИЯ ИОНОВ иондордун миграциясы /турбуленттик же молекулярдык диффузия жолу менен атмосферадагы иондордун бийиктик боюнча тароо процесси/.

МИКРОАНЕМОМЕТР микроанемометр /шамалдын байкалар-билинбес ылдамдыгын ченөөгө жөндөмдүү өзгөчө сезгич анемометр/.

МИКРОБАРОГРАФ микробарограф /атмосфералык басымдын көз ачып-жумганчалык убакыттагы термелүүсүн өтө тактык менен автоматтык түрдө регистрациялап туруучу прибор/.

МИКРОБАРОМЕТР микробарометр /атмосфералык басымды барометрдик нивелирлөө учурунда ченөөчү прибор/.

МИКРОКЛИМАТ микроклимат /географиялык ландшафттын ичиндеги анча чоң эмес аймактын климаты/.

МИКРОКЛИМАТ ГОРОДА шаардын микроклиматы /шаардын ичиндеги парктардын, аянттардын, көчөлөрдүн климаты/.

МИКРОКЛИМАТ ПОМЕЩЕНИЙ имараттардын микроклиматы /жабык имараттын ичиндеги метеорологиялык элементтердин режими/.



МИКРОКЛИМАТОЛОГИЯ микроклиматология /микроклиматты изилдөө; аба температурасынын, нымдуулуктун жана шамалдын вертикаль боюнча профилин түшүрүү жана микроклиматка ар түрдүү табигый шарттын /топурактын, өсүмдүктөрдүн, экспозициянын/ тийгизген таасирин аныктоо кирет/.

МИКРОКОЛЕБАНИЯ микроколебания /метеорологиялык элементтердин /температуранын, басымдын, нымдуулуктун/ билинер-билинбес өзгөрүшү/.

МИКРОМЕТЕОРОЛОГИЯ микрометеорология /эң кичине мейкиндик масштабындагы метеорологиялык изилдөө/.

МИКРОН микрон /миллиметрдин $\frac{1}{1000}$ бөлүгү/.

МИКРОСЕКУНДА микросекунда /секунданын 1000000 дон бир бөлүгүнө барабар убакыт бирдиги/.

МИЛЛИБАР миллибар /мб, мбар, атмосфералык басымдын бирдиги; I $см^2$те 100 дин. туура келгени; I мб=0,001 бара=I гектопаскал /гПа/; сымап мамычасындагы миллиметрдик басымды миллибарга айландырыш үчүн мм санды $\frac{3}{4}$ ке көбөйтүү керек/.

МИЛЯ миля /узундук чени; I. англиялык миля=1609,3м; а.м.= 5280 анг. фут же 1760 ярд.; 2. географиялык I миля меридиан жаасынын I минутасына барабар; 3. деңиздик миля=1852 м/.

МИНЕРАЛИЗАЦИЯ ПРИРОДНЫХ ВОД жаратылыш сууларынын минералдашышы /суудагы эриген заттардын составы жана концентрациялануу даражасы; м.: тунук сууда I г/кг; кычкыл /чала туздуу/ сууда 1-25 г/кг; туздуу сууда 25,1 г/кг эриген заттар болот/.

МИНЕРАЛЬНЫЕ ВОДЫ минералдык суулар /составында көп микроэлементтери бар, адамдын организмине жагымдуу таасирин тийгизүүчү табигый суулар/.

МИНИМАЛЬНЫЙ СТОК минималдык агым /суунун чегине жеткенче тартылып, агымынын /суткалык, айлык, жылдык/ азайышы/.

МИНИМАЛЬНАЯ ТЕМПЕРАТУРА минималдык температура /белгилүү убакыт ичинде /сутка, декада, ай/ абанын жана кыртыштын температурасынын эң төмөнкү мааниси/.

МИНИМАЛЬНЫЙ ТЕРМОМЕТР минималдык термометр /метеорологиялык станцияларда байкоо мөөнөтүнүн аралыгында эң төмөнкү температураны ченөөчү спирттүү термометр/.

МИНИМУМ минимум /чоңдуктардын эң кичине мааниси: I. температуранын суткалык минимуму; 2. атмосфералык басымдын төмөнкү чеги/.

МИНУТА минута /I. убакыттын бирдиги ; 2. бурчтарды ченөөнүн бирдиги/.

МИРОВАЯ ПОГОДА дүйнөлүк аба ырайы /атмосфералык кубулуштардын жер шарынын ар кайсы бөлүктөрүндөгү бирдейлүүлүгү/.

МИРОВАЯ СЕТЬ дүйнөлүк тармак /атмосфералык процесстерди ири масштабда изилдөө үчүн жер шарынын бардык булуң бурчтарындагы метеорологиялык станциялардын жыйындысы/.

МИРОВОЙ ОКЕАН дүйнөлүк океан /жер бетинин 70,8% /361 млн.км$^2$/ ээлеп жаткан суу катмары; жердин гидросферасы; буга агын суулар дарыя, көлдөр кирбейт/.

МИРОВЫЕ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ЦЕНТРЫ дүйнөлүк метеорологиялык борборлор /аба ырайынын дүйнөлүк кызматынын Вашингтондогу, Москвадагы жана Мельбурндагы негизги борборлору/.

МИСТРАЛЬ мистраль /Франциянын Жер Ортолук деңизинин жээгинде Севаннадан Рона өрөөнүн көздөй соккон катуу суук шамал; жылдын бардык мезгилинде байкалат, өзгөчө декабрь, январь жана июнь



айларында катуу болот; Ницада январь айынын ичинде 24 күнгө чейин мистраль токтоосуз согуп турган учурлар болгон/.

МНОГОЛЕТНЯЯ СРЕДНЯЯ ВЕЛИЧИНА көп жылдык орточо чоңдук /метеорологиялык элементтердин календардык күн, беш күндүк, декадалык, айлык, сезондук же жылдык байкалган чоңдуктарынын көп жыл ичиндеги орточо арифметикалык мааниси/.

МОДУЛЬ СТОКА агым модулу /белгилүү аянттан белгилүү убакыт ичинде аккан суунун /л/с км$^2$ же болбосо м$^3$/с км$^2$/ көлөмү/.

МОЗАМБИКСКОЕ ТЕЧЕНИЕ мозамбик агымы /океандык агым; түштүк кеңдиктин 30° түндүгүрөөк жагынан башталып, Африканын чыгыш жээгин бойлоп түштүккө карай кетет/.

МОКРЫЙ СНЕГ нымдуу кар, сары кар /абанын температурасы 0° жакын болгон учурда жааган жумшак нымдуу кар же кар аралаш жамгыр/.

МОЛЕКУЛА молекула /заттын химиялык касиеттерине ээ болгон эң кичине туруктуу бөлүкчөсү/.

МОЛЕКУЛЯРНАЯ ТЕПЛОПРОВОДНОСТЬ молекулярдык жылуулук өткөргүчтүк /молекулярдык кыймылдын натыйжасында заттардагы жылуулуктун алмашышы/.

МОЛЕКУЛЯРНОЕ РАССЕЯНИЕ молекулярдык чачыроо /атмосфералык газдардын молекулалары аркылуу шоолалардын чачырашы/.

МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ВЕС молекулярдык салмак /заттын молекуласынын массасынын, бардык үчүн кабыл алынган кислороддун атомунун массасынын I/16 бөлүгүнө болгон катышы/.

МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ВЕС СУХОГО ВОЗДУХА кургак абанын молекулярдык салмагы /атмосфералык абаны түзгөн газдардын молекулярдык салмагынын орточо мааниси=28,966/.

МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ОБ"ЕМ молекулярдык көлөм /заттардын I моль саны

/гр/ молекуласы/ ээлеген көлөмү; нормалдуу шарттагы ар кандай газдардын м.к. 22,4 л барабар/.

МОЛНИЯ чагылган /жер менен булуттун же булут менен булуттун ортосундагы атмосфералык электр заряддарынын өтө күчтүү разряддалышы/.

МОЛЬ моль /сан жагынан молекулярдык салмакка барабар болгон заттын грамм менен алынган массасы/.

МОРЕ деңиз

МОРЕНА морена /тоодогу мөңгүлөрдүн жылышы менен бирге келип этекке чогулган таш, кум, корумдардын жыйындысы; ал каптал, этек, көөк мореналар делинип мөңгүнүн белгилүү чөйрөсүндө жатышына карата бөлүнөт/.

МОРЕННЫЕ ОЗЕРА мореналык көлдөр /мореналардын арасындагы чуңкурларды ээлеген көлдөр/.

МОРОСЯЩИЙ ДОЖДЬ ак жаан /суу кыпындары майда бирок төгүп жааган жаан/.

МОРСКАЯ ВОДА деңиз суусу /составында эритилген туздары көп деңиз жана океан суулары/.

МОРСКАЯ ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ деңиз гидрометеорологиялык станциясы /деңиздердин жээгине жакын чөйрөсүнүн режимин изилдөө үчүн метеорологиялык байкоо жүргүзүүчү станция/.

МОРСКАЯ ДРЕЙФУЮЩАЯ СТАНЦИЯ деңизде калкып жүрүүчү станция /деңизде эркин калкып жүрүп, координаттарды, шамалдын багытын жана ылдамдыгын, атмосфералык басымды, абанын жана суунун температурасы жөнүндө кабарлап туруучу автоматтык станция/.

МОРСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ деңиздик метеорология /деңиздердин жана океандардын үстүндөгү атмосфералык процесстерди изилдөөчү



илим; анда деңиздердин /океандардын/ үстүңкү бетинин атмосфералык процесстерге тийгизген таасирине орчундуу көңүл бурулат/.

МОРСКАЯ ОБСЕРВАТОРИЯ деңиздик обсерватория /деңиздердин жана океандардын метеорологиялык жана гидрологиялык режимин изилдөөчү илимий мекеме/.

МОРСКИЕ ВОЛНЫ деңиз толкундары /шамалдын таасири менен пайда болгон деңиз толкундары; кээде деңиз толкундарынын бийиктиги 10-12 м,узундугу 100 метрге чейин жетет/.

МОРСКИЕ ТЕЧЕНИЯ деңиздик агымдар /океан, деңиздердеги суу массасынын илгери умтулган кыймылы; д.а. пайда болуу шартына карата: гравитациялык дрейфиттик, деңиз сууларынын мезгил-мезгили менен көтөрүлүшүнүн жана тартылышынын натыйжасында пайда болгон агымдарга бөлүнөт; ал эми агымдардын ээлеген орду боюнча үстүңкү катмардагы, тереңдиктеги жана жээктеги кыймылдарга бөлүнөт; температурасы боюнча: жылуу жана муздак агымдар айтылат/.

МОРСКОЙ АРКТИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ арктикалык деңиздик аба /арктикада пайда болуп, анда аздыр-көптүр муздаган илеби кайткан жана ачык деңиздин үстүнөн нымдалышкан аба; Европага арктикалык деңиздик аба түндүк батыштан пайда болот/.

МОРСКОЙ ВОЗДУХ деңиздик аба /деңиздин үстүндөгү же болбосо деңизден кургакка өткөн аба; ал деңиздик полярдык аба, деңиздик тропиктик аба ж.б. делинип бөлүнөт/.

МОРСКОЙ КЛИМАТ деңиздик климат /деңиздердин же океандардын түздөн-түз таасири астындагы материктин жээктердин климаты; д.климаттын негизги өзгөчөлүгү: абанын температурасынын амплитудасынын аздыгы; жогорку салыштырмалуу нымдуулугу, булуттардын көптүгү жана калыңдыгы; жаан-чачындын көптүгү менен аныкталат/.

МОРСКОЙ ЛЕД дениз музу /дениз сууларынын муздагынан пайда болгон муз ; муздоо температурасы /$-0,3^{0}$ тан $-2,2^{0}$/ суунун туздуулугуна жараша болот/.

МУССОН муссон /белгилүү тарапка узак убакыт бою каптаган абанын агымынын макромасштабдык режими ; ал жайкы жана кышкы муссон делинип экиге бөлүнөт да жер шарынын ар кайсы алкактарында байкалат/.

МУССОННОЕ ТЕЧЕНИЕ муссондук агым /Инд океанынан чыгышка жылган сезондук океандык агым/.

МУССОННЫЙ ВОЗДУХ муссондук аба /муссон менен тараган аба массасы; тропикалык муссондо жайкы аба экватордук, кышкысы-тропиктик болуп эсептелет/.

МУССОННЫЙ ДОЖДЬ муссондук жаан /жайкы муссондун аба алмашуу процессинен пайда болгон жамгыр; Индияда жаан-чачын дээрлик муссонго тиешелүү/.

МУССОННЫЙ КЛИМАТ муссондук климат /атмосферанын муссондук аба алмашуусунан пайда болгон /кышы кургак, жайы жаанчыл, нымдуу климат/.

МУССОННЫЙ КЛИМАТ УМЕРЕННЫХ ШИРОТ орточо кеңдиктин муссондук климаты /орточо кеңдикте - айрыкча Ыраакы Чыгышта /Приморье, Амурдун ортоңку агымы, Уссури дарыянынын өрөөнү, Китайдын түндүк-чыгышы, Түштүк Сахалин жана Түндүк Япония/ - муссондук аба алмашууларлын натыйжасында пайда болгон климат/.

МУССОННЫЙ СЕЗОН муссондук сезон /Индияда жана Түштүк Азиянын башка өлкөлөрүндөгү жайкы океандык муссондун сезону/.

МУТНОСТЬ АТМОСФЕРЫ атмосферанын ылайлуулугу /атмосферанын шоолаларды жутуп алуучу же чагылдырып жиберүүчү касиети ; ал аба-



дагы конденсациянын продуктыларынын, чаңдардын жана каллоиддик аралашмалардын санына көз каранды/.

МУТНОСТЬ ВОДЫ суунун ылайлуулугу /суунун составындагы ар түрдүү чөкмө заттардын болушу /$г/м^3$= мг/л менен туюнтулат/ менен суунун түсү өзгөрүп күңүрттөнүшү/.

Н

НАБЛЮДАТЕЛЬНАЯ КНИЖКА байкоо жүргүзүлүүчү китепче/станциялардагы метеорологиялык /аэрологиялык/ же гидрологиялык байкоолорду жазып жүрүүчү китепче, журнал/.

НАБЛЮДЕНИЕ байкоо жүргүзүү /жер жөнүндөгү илимде, анын ичинде гидрометеорологияда жаратылыштын процесстеринин кыймылын узак убакыттан бери үзгүлтүксүз /туруктуу/ регистрациялап /каттап/ жүрүү жана сапаттуу өзгөрүштөрүнүн келип чыгышын аныктоо. Бул жаратылыштын структурасын жана алардын өзгөрүүсүн билүү үчүн негизги илимий метод делинип эсептелет/.

НАВАЛЫ ЛЬДА муздун үйүлүшү /үйөр жүргөндө дарыялардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын жээгинде муздардын үйүлүшү/.

НАВЕТРЕННЫЙ БЕРЕГ шамалга тушташ жээк /шамалдын багытына бет маңдайынан жаткан жээк/.

НАВЕТРЕННЫЙ СКЛОН тоолордун шамалга тушташ жаткан капталы

НАВИГАЦИОННЫЕ КАРТЫ навигациялык карталар /суу мейкиндигинин жана ага чектеш жаткан жээктин тереңдигин, кеме жүрө ала турган бөлүгүн, кеме алып жүрүүчү ыкмалардын жабдууларын ж.б. об"ектилерди көрсөтүүчү карта/.

НАВОДНЕНИЕ суу ташкыны.

НАДМЕРЗЛОТНЫЕ ВОДЫ тоңдун үстүндөгү суулар

НАЙЛОК чөкмө /сайдын боюндагы катмарланган чөкмөнүн бир жылдык калыңдыгы/.

НАЗЕМНАЯ СУБЛИМАЦИЯ жер бетиндеги сублимация /атмосферадагы суу бууларынын жер бетиндеги жана жердеги нерселердин /бак-дарактын, тешир ж.б./ бетине катуу гидрометеорлор түрүндө сублимацияланышы/.

НАЗЕМНЫЕ ГИДРОМЕТЕОРЫ жер бетиндеги гидрометеорлор /жер бетиндеги шүүдүрүм, кырoo, бубак түрүндөгү атмосфералык кубулуш/.

НАЗЕМНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ жерден байкоо жүргүзүү /метеорологиялык станцияларда атайын приборлордун жардамы менен атмосфералык процесстердин абалына байкоо жүргүзүү/.

НАНОСЫ шилендя /тоо тектеринин, топурактын, өсүмдүк калдыктарынын, агын суулардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын агымы менен келген чөкмө шилендилер/.

НАПОРНОЕ ДВИЖЕНИЕ ЖИДКОСТИ суюк нерселердин ортгуп чыккан кыймылы

НАПОРНЫЕ ВОДЫ оргуган суу /жер астындагы тоо тектеринин суу өткөзбөй турган катмарында камалып жаткан суу. Аны бургулаганда суу оргуп чыгат/.

НАСАДКИ ГИДРАВЛИЧЕСКИЕ гидравликалык чоргоолор /суюктуктар агызылуучу кыска түтүкчөлөр/.

НАСТУПАНИЕ И ОТСТУПАНИЕ ЛЕДНИКОВ мөңгүлөрдүн алга жылышы жана тартылышы /жаан-чачындын /кардын/ санына жараша мөңгүлөрдүн аянтынын, узун-туурасынын жана көлөмүнүн көбөйүшү же тартылып азайышы/.



НАСЫЩЕННЫЙ ВОДЯНОЙ ПАР каныккан суу буулары /суюктуктун конденсацияланган фазасы менен тең салмактуулуктагы абалы/.

НАСЫЩЕННЫЙ ВОЗДУХ каныккан аба /белгилүү температурада абадагы буунун максималдуу чени/.

НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЕ СУДНО ПОГОДЫ аба ырайын боюнча илим-изилдөө кемеси /океандарда узак убакытка чейин сүзүп жүрүп, метеорологиялык жана аэрологиялык байкоолорду жүргүзүп, натыйжасын радио аркылуу аба ырайынын кызматына кабарлап туруучу кеме/.

НАЦИОНАЛЬНЫЙ ТРОПИЧЕСКИЙ ЭКСПЕРИМЕНТ улуттук тропикалык эксперимент /1972 -ж. СССР илимдер академиясы менен СССРдин гидрометеорологиялык кызматы биргелешип, Атлантика океанынын тропигинде жүргүзгөн эксперименти/.

НЕБЕСНЫЕ ПАРАЛЛЕЛИ асман параллели /тегиздиги асман экваторунун тегиздигине параллель болгон асман сферасынын кичине тегереги; асман сферасынын чекиттеринин /дүйнөнүн уюлдарынан башка/ дүйнө огунун айланасындагы суткалык айланышынын натыйжасында өткөн жолу/.

НЕБО асман,көк

НЕЗАМКНУТАЯ ИЗОБАРА бириккеген изобара /бирдей маанидеги гидрометеорологиялык чондуктарды туташтыруучу сызыктардын картанын чегинде бирикпей калышы/.

НЕЗАИЛЯЮЩАЯ СКОРОСТЬ чөкмө болтурбоочу ылдамдык /суунун агымынын орточо ылдамдыгы азайганда да ылайланган суунун чөкмөсүн /ылайын/ жоготпой калкып агышы/.

НЕПЕРИОДИЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕНИЯ ПОГОДЫ аба ырайынын мезгилсиз өзгөрүшү /метеорологиялык элементтердин/ температура, басым, нымдуулук ж.б./ кокусунан, күтүлбөгөн жерден /аба массасынын алмашышынан, циклондордун жана антициклондордун пайда болушунан жана жүрүшүнөн ж.б. / өзгөрүшү/.

НЕПРЕДНАМЕРЕННЫЕ ИЗМЕНЕНИЯ КЛИМАТА климаттын күтүлбөгөн жерден өзгөрүлүшү /климаттын /жергиликтүү же глобалдуу масштабда/ техникалык, агрономиялык же башка жолдор менен жер бетине жана атмосферага таасир этишинен келип чыккан өзгөрүүсү/.

НЕПРОСВЕЧИВАЮЩИЕ ОБЛАКА ч ү м к ө м ө б у л у т /күндүн шооласын өткөрбөөчү калың жана тыгыз булут/.

НЕСЖИМАЕМАЯ ЖИДКОСТЬ кысылбай турган суюктук /тыгыздыгы координатка жана убакытка көз каранды болбой дайыма туруктуу абалдагы суюктуктун теориялык схемасы; анын кысылуу коэффициенти нөлгө барабар/.

НЕСУЩАЯ СПОСОБНОСТЬ ЛЕДЯНОГО ПОКРОВА муз катмарынын күч аракети /муз катмарынын жүктөрдү көтөрүүчү жөндөмдүүлүгү; ал муздардын калыңдыгына, структурасына, температурасына жана муздардын үстүндөгү жүктөрдүн кыймылынын ылдамдыгына ж.б. караша болот/.

НЕФЕЛОМЕТР нефелометр /оптикалык ылайланган /чаңдаган/ чөйрөдөгү калкып жүргөн заттарды ченөөчү прибор; аны менен тумандын тыгыздуулугун да ченөөгө болот/.

НЕФОСКОП нефоскоп /булуттун кыймылынын багытын жана ылдамдыгын аныктоочу курал; аны менен шамалдын да багытын жана ылдамдыгын аныктоого болот/.



НЕФОСКОП КУЗНЕЦОВА Кузнецов нефоскобу /булуттун кыймылына байкоо жүргүзүүчү теодолиттик установка/.

НИВАЛЬНЫЙ КЛИМАТ ниваллык климат /кар түрүндөгү жаан-чачыны эригенден жана буулангандан артып, мөңгү пайда кылганга чейинки суук климат/.

НИВОМЕР нивомер /кардан эриген суунун калыңдыгын ченөөчү прибор/.

НИЖНИЙ СЛОЙ АТМОСФЕРЫ атмосферанын төмөнкү катмары /жер бетинин аба катмары/.

НИЖНИЙ СЛОЙ СТРАТОСФЕРЫ стратосферанын төмөнкү катмары

НИЖНЯЯ ГРАНИЦА ОБЛАКОВ булуттардын төмөнкү чек арасы /булуттардын нымдуулугу нөлгө барабар болгон атмосфералык мейкиндик; ал атмосферадагы нымдуулук менен жылуулуктун алмашуу процесстери менен аныкталат/.

НИЖНЯЯ СТРАТОСФЕРА төмөнкү стратосфера /орточо бийиктиги 24 км чейин көтөрүлгөн жана аба алмашуулары боюнча тропосферага байланышкан стратосфера/.

НИЗКИЕ ШИРОТЫ төмөнкү кеңдиктер /төмөнкү /36° - 40° тагы/ параллелдерди кучагына алган тропикалык жана субтропикалык кеңдиктер/.

НИЗКИЙ СТОК тартылган суу к. МИНИМАЛЬНЫЙ СТОК

НИЗОВАЯ МЕТЕЛЬ төмөн жактан соккон бурганак /шамал болгондо кургак чаңдардын учушу менен көрүү аралыгын кыскарткан бурганак/.

НИСХОДЯЩАЯ РАДИАЦИЯ басаңдоочу, төмөндөөчү радиация

НИСХОДЯЩИЙ ВЕТЕР төмөндөгөн шамал /жогортон төмөн карай сокконун шамал/.

НИТРАТЫ нитраттар / азот кислотасынын /$HNO_3$/ туздары; сууда жакшы эрийт/.

НОВОРОССИЙСКАЯ БОРА Новороссийск борасы / Кара деңиздин Новороссийск булуңундагы ызгаардуу катуу шамалы/.

НОРВЕЖСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Норвегия агымы /океандык агым; ал Гольфстрим агымынын Скандинавиянын батыш жээгин бойлоп, Норвегия деңизинин Фарер жана Шетланд аралдарынын ортосундагы кысык менен өтүүчү тармагы/.

НОРД норд /I. N -түндүк уюлдун эл аралык туюнтмасы /С/; 2. Баку шаарынын түндүк тарабынан соккон кургак, катуу жана салыштырмалуу муздак шамал; орточо ылдамдыгы 8 м/сек; кээде 20 дан 40 м/сек чейин жетет. Жылдын бардык мезгилинде айрыкча жайында байкалат /.

НОРДКАПСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Нордкап агымы /океандык агым; Гольфстрим агымынан Скандинавия жарым аралынын түндүк тумшугу туштан ажырап чыккан Норвегия агымынын тармагы/.

НОРМА ГИДРОЛОГИЧЕСКИХ ВЕЛИЧИН гидрологиялык чоңдуктардын нормасы /гидрологиялык режимдин көп жылдык маалыматынын туруктуу орточо бирдиги менен мүнөздөлүүчү чени; г.ч.н. 30-40 жылдык байкоолордун негизинде аныкталат/.

НОРМА ОСУШЕНИЯ кургатуунун нормасы /кургатылып жаткан территориянын жер астындагы сууларынын деңгээлин төмөн түшүрүү боюнча эсептелген чоңдугу; ал топурактын касиетине жана айдалуучу өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө жараша болот, мисалы, чымдуу топуракта дан өсүмдүктөрү үчүн жер астындагы суулардын деңгээли 0,7-0,8 м; бакдарактар үчүн I,I-I,2 м, техн. жана жашылча өсүмдүктөрү үчүн 0,8 - I,0 м болушу керек/.



НОРМА СТОКА агымдын нормасы /көп жылдык мезгилдин ичинде суунун чыгымынын орточо мааниси/.

НОРМАЛЬНАЯ ГЛУБИНА нормалдуу тереңдик /суунун бир калыпта аккан шартында белгилүү орточо чыгым өткөн кездеги тереңдиги, ал суунун сайынын формасына, жантайыңкына ж.б. жараша болот/.

НОРМАЛЬНЫЙ БАРОМЕТР нормалдуу барометр /үлгү катарындагы сымаптуу барометр; СССРдеги башкы н.б. Ленинградда /ГГО/ турат; ал сифондуу - чөйчөкчө түрүндөгү, өтө кылдаттык менен жасалган барометр; анын тактыгы Iмм дин I000/I чоңдугуна чейин ченей алат/.

НОРМАЛЬНЫЙ ПЕРИОД нормалдуу мезгил /климаттык шарты нормалдуу деп кабыл алынган көп жылдык мөөнөттү кучагына алган мезгил, м.: I935-ж. Варшавадагы эл аралык конференцияда нормалдуу мезгил делинип I90I-I930-жылдар кабыл алынган; ошол мезгилдин климаттык шартына башка мезгилдин климаттык шарты салыштырылат/.

НОРМАЛЬНЫЙ ПРИБОР нормалдуу курал /үлгү катарындагы прибор/.

НОЧНАЯ ИНВЕРСИЯ түнкү инверсия /түн ичинде асман ачык болгондо жер бетиндеги аба муздап температуранын төмөндөшү/.

НОЧНОЕ ВЫХОЛАЖИВАНИЕ түнкү салкындоо /топурактын эффективдүү чагылдыруусунун натыйжасында жердин бетинин жана абанын төмөнкү катмарынын температурасы төмөндөп суушу; айрыкча күн суук болгон түндөрдө кардуу талаанын суугу катуу болот/.

НОЧНОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ түнкү жылуулуктун таралышы /күн радиациясынын келүүсү жана сиңирүүсү жок болгондуктан жер бетинин түн ичиндеги нур энергиясын жоготушу/.

НОЧНОЙ МИНИМУМ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын түнкү минимуму /күн чыгар алдындагы жер бетинин жана абанын төмөнкү катмарынын температурасынын эң төмөнкү мааниси/.

НУКЛОН нуклон /протондор менен нейтрондордун жалпы аталышы/.

НУЛЕВАЯ ИЗОТЕРМА нөлдүк изотерма /температуралык мааниси $0^{\circ}$ тук изотерма/.

НУЛЕВАЯ ЭНЕРГИЯ нөл энергиясы /физикалык системанын эң төмөнкү энергетикалык абалдагы нөлгө барабар болгон күчү/.

НУЛЕВОЙ ЗВУК нөлдүк үн /абсолюттук нөл өтө төмөнкү температурада ферми суюктугунда таралуучу термелүүнүн өзгөчө түрү/.

НУЛЕВОЙ МЕРИДИАН нөл меридианы к. НАЧАЛЬНЫЙ МЕРИДИАН

НЬЮТОН ньютон /эл аралык системанын бөлүгү болгон МКС бирдик системасында күчтү өлчөө бирдиги/.

НЬЮТОНОВСКИЕ ЖИДКОСТИ ньютон суюктуктары /ламинардык агым областында суюктуктун агуу режимине жана салыштырмалуу жылыш ылдамдыгына көз каранды болбогон ар бир затка мүнөздүү туруктуу илээшчектиги бар суюктук/.

О

ОБВОДНЕНИЕ суу жеткирүү /агын сууларды, жер астындагы булактарды каналдар аркылуу кургак жерлерге, турмуштук тиричилик чарбаларына ж.б. об"ектилерге жеткирүү/.

ОБЕЗВРЕЖИВАНИЕ ВОДЫ сууну зыянсыздандыруу /суудагы оору алып келүүчү бактерияларды жоготуу максатында суунун озондоо, хлордоо, ультрафиолеттик нурларды аралаштыруу, оор металлдардын /жез, күмүш/ туздары менен табигый сууларды тазалоо жолдору/.

ОБЗЕПЕНИЕ бүртүктөнүү /катуу нерселердин бетине муздаган суу тамчыларынын бүртүктөнүп муздашы/.

ОБЛАКА булут /атмосферадагы суу тамчылары менен муз кристаллдарынын өтө майда кичинекей бөлүкчөлөрүнүн топтолушу. Ал абала /негизинен тропосферада/ суу буусунун көбөйүшүнөн пайда болот. Булуттар жер бетинен I-6 км ге чейин жана андан да жогорку бийиктиктерде пайда болот. Эгерде суу буулары тамчы түрүндө абанын жерге туташ бөлүгүндө катууланса аны т у м а н деп атайт. Булутту түзүүчү суу тамчыларынын диаметр боюнча өлчөмү 0,00I -0,05 мм, ал эми I $см^3$ да орто эсеп менен I00 - 600 тамчы, б.а. 0,2-0,5 г. суу болот. Булуттардын өңдөрү: ак, боз, кара, кара сур. Бийиктиги боюнча калыңдыгы 0,I км ден бир нече км ге чейин жетет. Эл аралык классификация боюнча булуттар бийиктиги боюнча 4 ярuska, сырткы көрүнүшү боюнча түрмөк, катат сымал, катмарлуу делинип бир нече түргө бөлүнөт. Булуттардын пайда болушун, формасын, түрүн жана анын кыймылын байкоонун негизинде аба катмарларынын туруктуулугун, нымдуулугун, басымын ж.б. өзгөрүүлөрүн билүүгө болот/.

ОБЛАКА ВЕРТИКАЛЬНОГО РАЗВИТИЯ вертикаль боюнча тараган булуттар /бир-биринен бөлүнүп жайланышкан булуттук массалар/.

ОБЛАКА ВЕРХНЕГО ЯРУСА жогорку ярустагы булуттар /мелүүн алкакта 5 км ден жогору, полярдык алкакта 3 км ден жогору, ал эми тропикалык алкакта 6 км ден жогору бийиктикте жаткан булуттар/.

ОБЛАКА ВУЛКАНИЧЕСКИХ ИЗВЕРЖЕНИЙ жанар тоо атылып чыккандагы булуттар /вулкан, жанар тоо атылган түрмөктөлгөн чаң менен буудан турган булут. Ал жазылып кең мейкиндикти каптайт/.

ОБЛАКА КОНВЕКЦИИ конвекция булуту /атмосфералык конвекцияга байланыштуу булуттар, б.а. дөбөдөй түрмөктөлгөн булуттар/.

ОБЛАКА НИЖНЕГО ЯРУСА төмөнкү ярустагы булуттар /2 км ден төмөнкү бийиктиктеги булуттар: кабатталган /St/, кабатталып түрмөктөлгөн /Sc/, ж.б./.

ОБЛАКА ПОЖАРОВ өрт булуту /токойлор, ири имараттар өрттөнгөндө пайда болгон түтүн булуту/.

ОБЛАКА СРЕДНЕГО ЯРУСА ортонку ярустагы булуттар /бийиктиги жер бетинен (мелүүн кендикте -2 - 7 км, полярдык кендикте -2-4 км, тропикалык кендикте -2-8 км) жогору турмектөнүп жана кабаттанып жаткан булуттар/.

ОБЛАКОМЕР булут өлчөгүч /шар-зондго орнотуп булуттардын жогорку жана төмөнкү чек арасын ченөөчү прибор. Бул прибор шар-зонд менен булутка киргенде жана андан чыкканда, жарык шооласынын өзгөрүшүн жана абадагы суу тамчыларын сезгич элементтүү радио бергичинин сигналы, жердеги байкоо пункту тарабынан кабыл алынат. Шар-зонддун бийиктик боюнча ылдамдыгы жана сигнал өзгөрүлгөнгө чейинки убакыт белгилүү болгондон кийин, булуттун бийиктиги эсептелип чыгарылат/.

ОБЛАКООБРАЗОВАНИЕ булут пайда болуу /булуттардын тигил же бул түрүнүн пайда болуу процесси ; ал атмосферадагы нымдуулуктун алмашышы жана жылуулуктун шарты менен аныкталат, мисалы, температураны төмөндөтүүчү же абанын нымдуулугун жогорулатуучу ар кандай процесс булут пайда болууда ыңгайлуу шартты түзөт/.

ОБЛАСТЬ ВЫСОКОГО ДАВЛЕНИЯ жогорку басым аймагы К. АНТИЦИКЛОН

ОБЛАСТЬ ПАДЕНИЯ ДАВЛЕНИЯ төмөндөө областы /атмосфералык төмөндөөсү зоке алынат/.

ОБЛАСТЬ ПИТАНИЯ ПОДЗЕМНЫХ ВОД жер астындагы суулардын азыктануу аймагы /атмосфералык /жаан-чачындын/ жана агын суулардын жер астына өтүү аймагы/.

ОБЛАСТЬ ПОВЫШЕННОГО ДАВЛЕНИЯ жогорулатылган басым аймагы /атмосфералык басым жогорулаган бардык системасы же туюкталган изобардуу антициклон/.



ОБЛАСТЬ РОСТА ДАВЛЕНИЯ басымдын өсүү аймагы /атмосфералык басымы өскөн аймак/.

ОБЛАЧНАЯ ГРЯДА булуттуу жөөк /горизонттон анча чоң эмес бийиктиктен асман мейкиндигин калкалап турган булуттуу жөөк/.

ОБЛАЧНАЯ СИСТЕМА булут системасы /чоң мейкиндикти ээлеген белгилүү структурадагы булуттардын жыйындысы/.

ОБЛАЧНО С ПРОЯСНЕНИЯМИ сейрек булут /аба ырайы жөнүндөгү берүүлөрдө 5 баллга жеткен жана 0-8 баллга чейин сейректенген булуттар айтылат/.

ОБЛАЧНОЕ МОРЕ булут деңизи /самолет менен учканда же бийик тоого чыкканда жер бетин көрсөтпөй каптап жаткан булут катмарынын үстүнкү бети/.

ОБЛАЧНОСТЬ булуттуулук, булут каптагандык/асман мейкиндиги каптаган булуттардын онго чейинки балл менен туюнтуучу калыңдыгы/.

ОБЛАЧНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ булуттун элементтери /булуттарды жана тумандарды пайда кылуучу суу бууларынын тамчылары жана муз кристаллдарынын бүртүкчөлөрү/.

ОБЛЕДЕНЕНИЕ муз тонуу/жер бетиндеги имараттарга, бак-дарактарга, өткөргүчтөргө, жолдорго, аэродромдорго муз тоңуу/.

ОБЛУЧЕНИЕ шоолалануу /белгилүү бир тегиздикке күндүн шоolасынын түшүшү/.

ОБЛУЧЕНИЕ СКЛОНОВ жантайма беттин /капталдын/ нурланышы /тоолордун ар түрдүүчө жантайма капталдарына күн нурунун келип түшүшү/.

ОБОЛОЧКА ШАРОПИЛОТНАЯ шар-пилот кабыкчасы /шар-пилотту же шар-зондду учурууда водород же гелий толтурулган каучук же полиэтилен кабыкчасы/.

ОБРАТИМЫЙ ЦЕНТР ДЕЙСТВИЯ АТМОСФЕРЫ _ атмосфералык кыймылдын кайталануучу борбору /сезон сайын кайталанып туруучу атмосфералык процесс, мисалы, азиялык депрессия менен кышкы азиялык антициклондун кезек-кезеги менен алмашылып турушу/.

ОБРАЩЕНИЯ ВЕТРА шамалдын кайрылуусу /шамалдын жер бетинен көтөрүлгөндө өзгөртүп артына карай кайрылышы/.

ОБЩАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ жалпы метеорология /метеорологиянын негизги мазмунун толук камтыган жана метеорологиянын атайын синоптикалык метеорология, динамикалык метеорология бөлүктөрүнө караганда кенен түшүнүк берүүчү окуу/.

ОБЩАЯ ОБЛАЧНОСТЬ жалпы булуттуулук /асман мейкиндигин каптаган жалпы эле булуттардын жыштыгы; ал балл менен туюнтулат/.

ОБЩАЯ ЦИРКУЛЯЦИЯ АТМОСФЕРЫ атмосферанын жалпы циркуляциясы /жер шарынын үстүндөгү макромасштабдык аба агымдарынын жалпы системасы. Ал циклондук кубулуштар менен тыгыз байланышта болот/.

ОБ"ЕКТИВНЫЙ ПРОГНОЗ об"ективдүү прогноз /аба ырайынын келечекте боло турган синоптикалык абалын же өткөн мезгилдин шартын аныктоодо прогнозчуга көз каранды болбогон математикалык функция кирет. Буга сандуу жана статистикалык прогноздор кирет/.

ОБ"ЕМНЫЙ ВЕС ДОННЫХ ОТЛОЖЕНИЙ шиленди катмардын көлөмдүк салмагы /какшыта кургаткан шиленди чөкмөлөрдүн алгачкы нымдуу кезиндеги салмагына болгон катышы; $г/см^3$ же $т/м^3$ менен туюнтулат/.

ОБ"ЕМНЫЙ ВЕС ПОЧВЫ топурактын көлөмдүк салмагы /I $см^3$ кургак топурактын табигый абалынын көлөмдүк салмагы/.

ОБ"ЕМНАЯ СИЛА көлөмдүк күч /берилген персонан бардык элементардык бөлүкчөлөрүнө аракет кылуучу күч, мисалы, тартылуу күчү/.

ОБ"ЕМНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ ИОНИЗАЦИИ иондошуунун көлөмдүк коэффициенти /убакыт бирдигинин ичинде газдардын көлөм бирдигиндеги карама-каршы заряддуу иондордун саны/.



ОБ"ЕМНЫЙ МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ РАСХОДА ВОДЫ суунун чыгымын аныктоодогу көлөм методу /суунун чыгымын анын көлөмүнүн чоңдугуна карата /$W$/ аныктоо; б.а. сууну ченеген убакыт /$t$/ ичинде атайы коюлган идишке агып кирген суунун көлөмүнөн төмөндөгүдөй формула / $Q = \frac{W}{t}$ / аркылуу суунун чыгымы табылат/.

ОБ"ЕМНЫЙ СТАНЦИОННЫЙ СНЕГОМЕР көлөмдүк кар өлчөгүч /метеорологиялык станцияларда кардын тыгыздыгын жана бийиктигин ченөөчү прибор. Ал цилиндр формасында болот; бийиктиги 50-60 см; көлөмү 100 $см^2$. Ченөө жүргүзгөндө цилиндр кар катмарынан топуракка жеткенге чейин матырылат да шкала боюнча кардын калыңдыгы ченелет. Андан кийин калакчасы менен цилиндрдин төмөнкү тешиги тыгындалып туруп суузуп алынган карды эритип жаан ченөөчү стакан менен ченелет. Алынган суунун көлөмүн кардын көлөмүнө бөлгөндөгү тийиндисин кардын тыгыздуулугу деп эсептейт/.

ОВРАГ жар /кардын эришинен же жамгырдан пайда болгон суулар борпоң катмарлуу топуракты жеп /жууп/ кетүүдөн пайда болгон аң. Анын капталдары тик, формасы үч бурчтукка окшош, туурасынын кесилишинде V- тамгасына окшогон профилде болот/.

ОДНОРОДНАЯ АТМОСФЕРА бир өңчөй атмосфера /бардык бийиктикте бирдей тыгыздыктагы, бирок басымы улам жогорулаган сайын азайып турган шарттуу атмосфера; бир өңчөй атмосферанын температуралык градиенти $V$=3,12/100 м, мисалы, деңиз деңгээлиндеги температура $0^0$С /273 к/ болсо бир өңчөй атмосферанын бийиктиги Н=7991 м/.

ОЗЕРА АККУМУЛЯТИВНЫЕ аккумулятивдүү көлдөр /мөңгү, шамал, агын суунун күчү менен талкаланган тоо тектеринин ойдуңдарына иретсиз топтолгон чөйрөсүндөгү көлдөр/.

ОЗЕРА БЕСТОЧНЫЕ агып чыкпаган көлдөр /суу агып чыкпаган жана чыгымы буулануу менен чектелген көлдөр/.

ОЗЕРА ВУЛКАНИЧЕСКИЕ вулкан көлдөрү /вулкандар атылып кеткен кратерлерди ээлеп калган же ооуган лавалардын ойдуңуна, кээде лавалар бөгөп калган өзөнгө токтогон көлдөр/.

ОЗЕРА ЗАВАЛЬНЫЕ тосмо көл /тоолордогу чоң урандылар тосуп калган көл. Плотина көлдөрдүн тибине кирет/.

ОЗЕРА КАРОВЫЕ оık көл /бийик тоолордогу мурда мөңгү жаткан чуңкурларга /тепши/ токтоп калган майда /орточо аянты 0,1 км$^2$/ көлдөр/.

ОЗЕРА КРАТЕРНЫЕ тегерек чуңкур көлдөр /жанар тоолордун чокусундагы лава атылып чыккан оık чуңкурларды ээлеп турган көлдөр/.

ОЗЕРА МОРЕННЫЕ морена көлдөрү /үйөр/ мөңгү менен бирге агып келген тоо тектеринин этеке чогулган таш томкоруңдуларынын ойдуңдарына токтогон чөөт көлдөр/.

ОЗЕРА ПЛЕССОВЫЕ имерилиштердеги көлдөр /аралдардын арасындагы же агын суунун имерилишинин аралыгындагы көлдөр/.

ОЗЕРА ПЛОТИННЫЕ плотина көлдөрү /өрөөндүн бир бөлүгүн мөңгү, морена, коргул ж.б. бөгөөнүн натыйжасында пайда болгон көлдөр. Буга суу сактагычтагы көлдөр да кирет/.

ОЗЕРА ПОЙМЕННЫЕ өзөндөгү көлдөр /өзөндүн суусунун сайроондосунун натыйжасында негизги өзөндөн бөлүнүп, узунунан жаткан ичке көлдөр/.

ОЗЕРА ПРОСАДОЧНЫЕ отуруп калган көл /жердин бети төмөн чөгүп кеткен ойдуңга топтолгон суудан пайда болгон көлдөр/.

ОЗЕРА ТЕРМОКАРСТОВЫЕ термокарст көлдөрү /жер астындагы тоңдуктар эригендиктен төмөн түшүп кеткен ойдуңду ээлеген көлдөр/.



ОЗЕРНАЯ КОТЛОВИНА көл ойдуңу /көлдүн суусу токтоочу ойдуңдуу жер. Кээде көл ваннасы деп айтылат. Суу толгон көл ойдуңу көлдүн түбү деп аталат/.

ОЗЕРНАЯ РУДА көл рудасы,кени /көлдүн түбүндө чөкмө катмарында чогулган суудагы күрөң темир /$Fe_2O_3 \cdot H_2O$ / кычкылы/.

ОЗЕРНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ көлдүк катмар /көлдөрдүн, суу сактагычтардын түбүндө көп жылдар бою топтолуп келе жаткан ар түрдүү тоо тектеринин чайкандыларынын калың катмары; ал чайканды чөкмөлөр агын суулар менен кошо келген ылайлардын тунмасы/.

ОЗЕРНЫЙ ЛАНДШАФТ көлдүү ландшафт /көлдөр көп кезиге турган жаратылыш шартынын өзгөчөлүгү/.

ОЗЕРНЫЙ БРИЗ көл желаргысы /күндүз көлдөн кургакты көздөй соккон желаргы; түн ичинде кээктин желаргысы делинип аталат/.

ОЗЕРО көл /кургактыктагы суу толгон табигый чуңкур. Жер шарындагы көлдөрдүн жалпы аянты 2,7 млн км$^2$. Көлдөрдүн жекече аянты бир км$^2$ ден жүздөгөн жана миңдеген км$^2$ чейин жетет. Дүйнөдөгү эң чоң көл – Каспий деңизи /аянты 371 миң км$^2$/, эң терең –Байкал көлү /1620 м/. Кыргызстанда Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл ж.б. майда көлдөр кезигет. Ысык-Көлдүн эң терең жери 668 м, аянты – 6236 км$^2$. Айрым көлдөр байыркы геологиялык доорлордо деңиздер менен туташып тургандыктан кээде деңиз деп аталат. Көлдөрдүн чанактары: 1. тектоникалык /жердин айрылышынан Байкал, Ысык-Көл, Танганыйка ж.б./; 2. мөңгүнүн жер бетин чуңкурайтып кетүүсүнөн пайда болгон көлдөр /Америкадагы Улуу көлдөр, Кыргызстандагы Мерцбахер көлү/; 3. карсттык /акиташ, гипс, чопо ж.б. катмарлардын эзилип төмөн чөгүп кетишинен пайда болгон/ көлдөр; 4. жанар тоо көлү; 5. термокарстык /көп жылдык тоңдун эришинен/ көл; 6. лиман-

дык /дениз булундарынын бөлүнүп калышынан/ көл; 7. калдык /дарыянын эски чуңкурундагы/ көл; 8. бөгөт көл; 9. метеориттик көл; 10. эолдук /шамал учуруп кеткен жана дөң менен бархандардын ортосундагы чуңкурлар/ көл; 11. Органогендик /саздардагы жана коралл чытырманына аралашкан/ көл; 12. жасалма көл ж.б. Суу балансынын режими боюнча агып чыгуучу /Сон-Көл/, туюк /Ысык-Көл/; минералдуулугу боюнча - туздуу /Ысык-Көл/, тузсуз /Сон-Көл, Чатыр-Көл/ болуп бөлүнөт. Көлдөрдүн суу балансы агын суулар, жер астындагы суулар менен толукталып турат/.

ОЗЕРОВЕДЕНИЕ көлдөрдү үйрөнүү /лимнология - кургактыктагы көлдөрдү, суу сактагычтарды жана көлмөлөрдү изилдөөчү гидрология илиминин бир тармагы. Гидрохимия, геофизика, геология, гидробиология, илимдери менен тыгыз байланыштуу. Ал негизинен көл кылаасын, суу түбүндөгү чөкмө катмарларды, жээк сызыгынын геоморфологиясын, көлдүн суусунун физикалык жана химиялык касиеттерин, гидрологиялык режимин, көлдөгү өсүмдүктөр менен жаныбарларды ж.б. изилдейт жана алардын абалын алдын ала айтат. Изилдөө чөйрөсү жана багыты боюнча география илимине таандык, бирок маалыматтарды экспедициялык изилдөөлөрдөн башка дагы туруктуу гидрологиялык байкоолордон жана гидрометеорологиялык обсерваториялардан алат/.

ОЗЕРОВИДНОЕ ВОДОХРАНИЛИЩЕ көл сыяктуу суу сактагыч

ОЗЕРО ХОЛОДА сууктуктун көлү /1. эркин атмосферанын ар түрдүү деңгээлинде кезигүүчү муздак аба массасы; ал туш тарабынан жылуу аба массасы менен курчалып, муздак абанын негизги массасынан бөлүнүп турат; жер бетинин ар түрдүү ойдуң, чуңкурларына олтуруп калган муздак аба/.



ОЗОН озон /$O_3$; үч атомдон турган молекулярдуу кычкылтектин /кислороддун/ аллотропиялык формасы; кескин жыттуу, түссүз газ; озондун молекулярдык салмагы - 48; жер бетинде О анча көп эмес санда /көлөмү боюнча $2,10^{-8}$%/ кездешет; 10-50 км бийиктиктердин аралыгында /озоносферада/ озондун орточо концентрациясы $4,10^{-7}$ г/м$^3$/.

ОЗОННЫЙ ЗОНД озондук зонд /шар-зонд менен кошо абага көтөрүлүп атмосферадагы озондун бийиктик боюнча бөлүнүшүн ченөөчү прибор/.

ОЗОНОМЕТР озонометр /атмосферадагы озонду жалпы жонунан аныктоочу прибор; универсалдуу озонометр М-83 СССРде чыгарылат жана аны менен жер бетинен күндүн нурун бойлото озондун жалпы таралышын аныктайт/.

ОЗОНОМЕТРИЯ озонометрия /атмосферадагы озонду ультрафиолеттүү областын жутуусуна карата ченөө/.

ОЗОНОСФЕРА озоносфера /10 дон 50 км чейинки бийиктиктеги озондун жогорку концентрациясы кездешө турган атмосферанын катмары; ал стратосфера менен чектеш жатат; бирок озондун максималдуу таралышы атмосфералык абанын 20-25 км чейинки бийиктик чөйрөсүндө кездешет/.

ОКЕАН океан /материктер менен чектелген суу мейкиндиги каптап турган Дүйнөлүк океандын бөлүгү; океандын өзүнө мүнөздүү атмосфералык айланышы, тереңинде жана үстүңкү бетинде агымдардын системасы болот, мисалы, Тынч океан, Атлантика, Инд, Түндүк муз океандары/.

ОКЕАНОГРАФИЯ океанография/ дүйнөлүк океандын физико-химиялык жана биологиялык өзгөчөлүгүн окутуучу илим/.

ОКЕАНОЛОГИЯ океанология/Дүйнөлүк океанды гидросферанын бөлүгү катарында таанытткан жана Дүйнөлүк океанды бөлүктөргө бөлүп, алардагы физикалык, химиялык, геологиялык, биологиялык процесстер жана кубулуштар жөнүндөгү илим/.

ОКИСЕЛ кычкыл /химиялык элементтин кычкылтек менен бирикмеси/.

ОКИСЬ АЗОТА азот кычкылы /NO; атмосферада чагылгандын таралышынан /электр тогун жоготууда/ келип чыккан жогорку температурада пайда болгон түссүз газ/.

ОКИСЬ УГЛЕРОДА көмүртек кычкылы /CO; тыгыздыгы абага салыштырмалуу 0,9672 болгон жана көмүртек чала күйгөндө пайда болгон түссүз газ; ири шаарларда проценттин миңден бир бөлүгү, ал эми автомашиналардын моторунун ичинен иштелип бүткөн газдарынын составында көлөмү боюнча 4-7% тен 12% ке чейин көмүртек кычкылы кездешет; негизинен уу газ, кандагы гемоглобиндер менен кошулат/.

ОКТАНТ октант /горизонттун айланасынын сегизден бир бөлүгү; шамалдын багытын белгилегенде түндүк октант шамалы, түндүк-чыгыш октант шамалы ж.б. делинип айтылат/.

ОЛИГОТРОФНАЯ РАСТИТЕЛЬНОСТЬ олиготрофтук өсүмдүктөр /топурактагы тамак болуучу заттарды көп талап кылбаган саздуу жерлердин өсүмдүктөрү: байтерек, кызыл карагай, мох ж.б./.

ОЛИГОТРОФНОЕ ОЗЕРО олиготрофтук көл /тамак болуучу заттары аз, өсүмдүк планктондорго жарды; терең жана суунун минералдашы начар көлдөр/.

ОЛЕДЕНЕЛАЯ СНЕЖИНКА тоңуп калган кар бүртүгү /формасыз тоголок кар бүртүгү/.

ОМ ом /ал аралык бирдиктер системасындагы электр тогунун шыкалуусунун чыңалуусун өлчөө бирдиги/.



ОМБРОГРАФ омброграф /жамгырдын суусунун өлчөмүн өзү жазып туруучу прибор/.

ОММЕТР омметр /электрдик каршылыкты ченөөчү прибор/.

ОПАСНЫЕ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ЯВЛЕНИЯ метеорологиялык коркунучтуу кубулуштар /катуу шамал, туман каптоо, тайгактык, бурганак, мөндүр, чагылган, кыян, сел ж.б. эл чарбасына олуттуу коркунучту алып келүүчү кубулуштар/.

ОПЛЫВИНА көмүлүү /тоолордун капталдарындагы сууга байкалышы жок чополордун, кум аралаш чополуу ак топурактардын, жамгырдын же кардын суусуна эзилип эркин түшүү күчүнүн жардамы менен жылып кетүүсү/.

ОПОЛЗЕНЬ жер көчкү /агын суулардын, көлдөрдүн, деңиздердин кашаттарын суу жегенде жылышыпураган жер көчкү/.

ОПОРНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ метеорологиялык таяныч станция /бир түрдүү байкоолорду көптөн бери жүргүзүп келе жаткан метеорологиялык ишеничтүү станция/.

ОПРАВДЫВАЕМОСТЬ ПРОГНОЗОВ алдын ала айтуунун аткарылышы /аба ырайы жана суу режими жөнүндө алдын ала айтуунун чындыкка дал келиши, көп жылдагы жалпы прогноздордун ичинен аткарылган прогноздордун үлүшүн эсептөө менен туюнтулат/.

ОПОРНАЯ ГИДРОЛОГИЧЕСКАЯ СЕТЬ гидрологиялык таяныч тармак /белгилүү илимий принциптеги гидрологиялык байкоолорду жүргүзүүчү постор менен станциялардын тармагы; алар Гидрология жана аралыш чөйрөсүн контролдоо боюнча СССРдин мамлекеттик комитетинин карамагына киришет жана атайы көрсөтмөлөрдүн негизинде иштерин жүргүзүшөт/.

ОРБИТА орбита /асман телосунун мейкиндиктеги жолу/.

ОРБИТАЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ орбиталык кыймыл /I. туюк орбита боюнча суюктуктун бөлүкчөлөрүнүн термелүүчү кыймылы; ал суюктуктарга толкун алып келет; 2. телолордун орбита боюнча жылышы/.

ОРГАНИЧЕСКОЕ ВЕЩЕСТВО В ПРИРОДНЫХ ВОДАХ жаратылыш сууларындагы органикалык заттар /суулуу чөйрөдөгү өсүмдүктөр менен жаныбарлардын чиришинен келип чыккан заттар: көмүртек, кычкылтек, суутек; аз санда азот, фосфор, күкүрт, калий ж.б. элементтер/.

ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ГРОЗА орографиялык чагылган /тоо кыркаларынын тоскоолдук кылуучу аракетине байланыштуу күчтөнгөн конвекциянын таасири менен пайда болгон чагылган/.

ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ДЕФОРМАЦИЯ ФРОНТА фронттун орографиялык деформациясы, бузулушу /кырка тоолордун тоскоолдугунун натыйжасында аба массасынын багыт алган фронтунун формасынын өзгөрүшү/.

ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ИЗВИЛИСТОСТЬ РЕК агын суулардын орографиялык ийри-буйрулугу /дарыялардын, агын суулардын сайында тоо тектеринин болушуна байланыштуу нуктун ийри-буйрулугу/.

ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ИНВЕРСИЯ орографиялык инверсия /орографиянын таасири менен күчтөнгөн радиациялык инверсия, мисалы, тоолордун койнундагы терең жана туюк коктуларга муздаган аба массасынын токтоп калышынан карандай суюктун күчөшү/.

ОРОГРАФИЧЕСКАЯ ОККЛЮЗИЯ орографиялык окклюзия /муздаган аба массасынын тоскоолдук кылган тоолорду эки тарабынан айланып өткөндөн кийин кайрадан биригиши; натыйжада тоскоолдук кылган орографиялык бирдиктер /тоолор/ түш тарабынан муздак аба менен курчоого алынат/.



ОРОГРАФИЧЕСКАЯ СНЕГОВАЯ ЛИНИЯ орографиялык кар сызык /рельефтин ыңгайлуу шартына таянып климаттык кар сызыктан жүздөгөн метрге төмөн жаткан туруктуу кар катмарынын калдыгы/.

ОРОГРАФИЧЕСКИЕ ОБЛАКА орографиялык булут /аба агымы тоолорду ашып өткөндө пайда болгон булуттар, тоолордун шамал урган капталдарында бүртүктөнүп ириген формада пайда болуп тоонун аркы капталына жеткенде кайрадан тарап кетет/.

ОРОГРАФИЧЕСКИЕ ОСАДКИ орографиялык жаан-чачын /жердин бетинин рельефинин таасири менен пайда болгон жаан-чачын/.

ОРОГРАФИЯ орография /физикалык географиянын жер бетинин рельефин, тоолорду текшерүүчү бөлүмү/.

ОРОСИТЕЛЬНАЯ НОРМА сугат нормасы /вегетациялык мезгил ичинде I га жерди сугарууга талап кылынган суунун саны, $м^3$/га, м.: борбордук аймактарда жашылча өсүмдүктөрү үчүн 1500-3500 $м^3$/га; түштүктө дан эгиндери үчүн 2700-3500 $м^3$/га; пахта үчүн-6500-7000 $м^3$/га/.

ОРОШЕНИЕ сугат /айыл чарба өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүм алуу максатында кандай жерлердин нымдуулук жана жылуулук режимин талаптагыдай камсыз кылуу үчүн жасалма жол менен сугаруу/.

ОСАДКИ жаан-чачындар/I.жамгыр, мөндүр, кар, бубак ж.б.түрүндө жер бетине түшүүчү атмосфералык суу. Ал булуттан жана нымдуу абадан пайда болот. Булуттан жамгыр, ак жаан, кара нөшөр, өткүн, шыбыргак, мөндүр, кар, суу кар түрүндө жаайт. Абадан ным, кыроо, бубак, шүүдүрүм түрүндө бөлүнүп чыгат. Жаан-чачындын саны жер бетине тараган суу кабатынын калыңдыгы менен өлчөнөт. Жаан-чачындын Жер шарындагы жылдык орточо жалпы саны 1000 мм /б.а.500 миң $км^3$ суу/

түзөт. Бирок, жаан-чачындын саны дүйнө жүзүндө бирдей эмес. Жаан-чачындын эң көп түшкөн жери Гавай аралдары /жылына орто эсеп менен 12500 мм/, ал эми Перу менен Чилинин чөлдөрүндө, Сахарада бир нече жылдар бою бир да тамчы тамбайт. СССРде да жаан-чачын ар түрдүүчө. Мисалы, Кыргызстандагы Ысык-Көл өрөөнүнүн батышында 100-150 мм болсо, чыгышында 500-600 мм болот жана ал жер бетинин татаал түзүлүшүнө байланыштуу болот; 2. Суулуу чөйрөдө жер бетинин тоо тектеринин физикалык, химиялык, биологиялык процесстердин жана башка кубулуштардын натыйжасында үбөлөнүшүнөн пайда болгон тунма /чөкмө/ катмарлар/.

ОСАДКОМЕР ТРЕТЬЯКОВА третьяковдун жаан-чачын өлчөгүчү /кабыл алуучу аянты 200 см$^2$ болгон, жаан ченөөчү чакасы тосмонун ичине орнотулган жаан өлчөгүч прибор. Жаан чакага чогулгандан кийин стаканга куюлуп ченелет. Стакандын боорунда жер бетине түшкөн жаан-чачындын калыңдыгын мм менен көрсөтүүчү шкалалар боюнча белгиленет. Чакага чогулган кар, мөндүр ченөө алдында эритилип алынат. Жаан-чачынды өлчөө жерден 2 м бийиктикте жүргүзүлөт/.

ОСАДКООБРАЗОВАНИЕ жаан-чачын пайда болуу /жер бетинин үстүңкү катмарында жаан-чачындын бардык түрүн пайда кылуучу физикалык, химиялык, биологиялык процесстердин жыйындысы/.

ОСАЖДЕНИЕ тунуу, түбүнө чөгүү /1. агын суулардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын түбүнө минералдык жана органикалык бөлүкчөлөрдүн чөгүүсү; 2. химиялык реакциялардын натыйжасында эритмелерден туздардын бөлүнүп чөкмөлөрдү пайда кылышы/.

ОСАЖДЕНИЕ ПЫЛИ чаңдардын чөгүшү /эркин түшүү күчү аркылуу же жаан-чачындын таасири менен алынып келинген атмосферадагы чаңдар/.



ОСЕВШИЙ ЛЕД чөккөн муз

ОСВЕЩЕННОСТЬ жарыктык, жарык кылынгандык /жарыктын агымынын /F/ жарыктануучу аянтка /S/ болгон катышы $E=\frac{F}{S}$ /.

ОСЕДАНИЕ /ВОЗДУШНОЙ МАССЫ/ аба массасынын төмөн түшүүсү /чоң аянтка акырындык менен төмөн түшүүчү аба массасы/.

ОСЕННЕЕ РАВНОДЕНСТВИЕ күзүндө күн-түн теңелүү /23-сентябрда күн менен түндүн теңелиши/.

ОСЕННИЕ МЕСЯЦЫ күз айлары /түндүк жарым шардын мелүүн алкактарынын климатологиялык жана метеорологиялык шарты боюнча күз айлары делинип сентябрь - ноябрь айлары эсептелет/.

ОСЕННИЙ ЗАМОРОЗОК күзгү тоңголок /күз айларында кыска мөөнөттө байкалган тоңголок/.

ОСЕНЬ күз /1. астр. жердин түндүк жарым шарында күзгү күн-түн теңелүү мезгилинен /23-сент./ 22-декабрдагы кышкы күн токтоого чейинки, ал эми түштүк жарым шарда 21-марттан 22-июнга чейинки мезгил; 2. клим. жана фенолог. жай мезгилинин кыш мезгилине алмашылышындагы өтмө мезгил; мында абанын температурасы акырындап төмөндөйт, жаан-чачындын режими өзгөрөт, вегетация токтоп, келгин куштар кайта баштайт; мелүүн алкактарда мындай күз мезгили август айынын ортосунан ноябрь айынын ортосундагы мезгилди кучагына алат/.

ОСНОВНОЕ ПАССАТОЧНОЕ ТЕЧЕНИЕ негизги пассат агымы /пассат агымынын төмөнкү деңгээлиндеги аба алмашуулар/.

ОСНОВНОЙ ПЕРИОД СНЕГОТАЯНИЯ кардын эрий турган негизги мезгили /кар эрий баштагандан тартып, аянттын 50% деги кары кеткенге чейинки мезгил. Ошол учурда кышында жааган кардын запасынын 80% ке жакыны эриши мүмкүн/.

ОСОБО ОПАСНЫЕ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЕ ЯВЛЕНИЯ өзгөчө коркунучтуу метеорологиялык кубулуштар /эл чарбасына калктын жашоо тиричилигине зыян к е л т и р у у ч у атмосфералык кубулуштар. Буларга катуу шамал, бороон, мөндүр, нөшөр, туман, көчкү ж.б. кирет/.

ОСТАНЦЫ ОБТЕКАНИЯ аралча /өзөндөгү агын суунун ортосундагы аянты 2-4 $м^2$ ден 5-10 $м^2$ ге чейинки аянтты ээлеген аралча, жалча. Мындай аралчалар тоо тектеринин калдыгы же шилендиі чөкмөлөрдүн додолонушунан пайда болот да агын суу алардын туш тарабынан жуун агат/.

ОСЦИЛЛОГРАММА осциллограмма /убакытка көз каранды функция сыяктуу, берилген кагазга, ийри сызык формасында осциллограф жазып калтырган бир же бир нече өлчөлүүчү чондуктардын бир заматта болгон маанилеринин удаалаштыгы/.

ОСЦИЛЛОГРАФ осциллограф /электр термелүүсүн, же болбосо ага айландырылуучу башка/акустикалык, механикалык/ термелүүлөрдү жазуучу жана көз менен байкоого ылайыкталып жасалган өлчөөчү курал/.

ОСТРОВ арал /материктерге салыштырганда анча чоң эмес жана бардык тарабынан суу менен курчалган кургактыктын бөлүктөрү; жер шарында аянттары ар түрдүү бир нече миң арал бар; алар: материктик, вулкандык жана коррал дык деңизип уч топко бөлүнөт. Аралдардын морфологиялык өзгөчөлүгү суу массасына жана анын таасирине көз каранды/.

ОСУШЕНИЕ кургатуу /топурактын түшүмдүүлүгүн арттыруу максатында, токойдун өсүү шартын жакшыртуу үчүн жана чым көң өндүрүү, жол салуу же курулуштарды курууга карата жерди кургатуучу инженердик чара/.



ОСЫПЬ корум /эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин сыныктары; корум тоо тектеринин физикалык, химиялык жана биологиялык процесстеринин таасири менен убөлөнүшүнүн натыйжасында пайда болуп, тоолордун капталдарындагы коргулдуу эшилме куйларды жаратат. Корумдун гидрологиялык мааниси зор, себеби кардын, жаандын суусун дайыма сиңирип алат/.

ОСЬ МИРА жердин /ааламдын/ огу /жердин өз огунда айланышында ордунда былк этпей турган түз сызык; жердин огу созулуп олтуруп асман чөйрөсүнүн огуна туташат; ал жерди эки уюлунан /түндүк жана түштүк/ кесип өтөт.

ОСЬ ЦИКЛОНА циклондун огу /ар кандай деңгээлдеги циклонду борбору менен туташтыруучу сызык/.

ОТВЕРШЕК опк, буйтка /андардын капталдарындагы кичине буйткалар/.

ОТДАЛЕННАЯ ГРОЗА алыстагы чагылган /чагылган жарк-журк эткенден 10 сек. өткөнгө чейин күн күркүрөбөй турган, же чагылган жарк-журк этпей эле күндүн салмак менен акырын күркүрөшү/.

ОТДАЛЕННЫЙ ТУМАН алыскы туман /байкоочудан /станциядан/ алыс жерде көрүнгөн жана көрүүгө мүмкүнчүлүгү 1 км чейин болгон туман/.

ОТДАЧА ВОДЫ суу чыгарып берүү /агын суулардын же суу сактагычтардын чыгарып берүүгө мүмкүн болгон суунун саны, мисалы, жыл бою ча же жылдын белгилүү мезгилинде чыгарылып берилүүчү суунун жалпы /бардык/ көлөмү /$м^3$/, же чыгышы $м^3$/сек. Ал жылдык көлөмдүн же чыгыштын эсебинен /% менен/ айтылат/.

ОТЖИМНЫЙ ВЕТЕР түртүүчү шамал /жээктен калкып жүрүүчү муздарды көздөй соккон жана аларга жээктен алыстоого ылдамдык кошкон шамал/.

ОТКРЫТАЯ ДОЛИНА ачык өрөөн /өрөөндөрдүн төрт өөрдөй болгон белес аркылуу арык бетине түшкөн жана бийик тоолор менен курчалып туюкталбаган башталышы ачык өрөөн/.

ОТКРЫТОЕ РУСЛО ачык нук, ачык сай

ОТЛОЖЕНИЕ МОКРОГО СНЕГА жумшак кардын жабышышы

ОТЛОЖЕНИЕ НАНОСОВ шилендилердин катмарланышы /суунун сайына минералдык жана органикалык заттардын бөлүкчөлөрүнүн катмарланышы/.

ОТМЕЛЬ сайроон, тайыздык, тайыз жер /жээктен башталган тайыздык/.

ОТМОСТКА суудагы коргул

ОТМУЧИВАНИЕ электен өткөрүү /топуракты гранулометриялык анализдөөнүн бир методу, б.а. топурактагы чаң, кум, таштарды бир-биринен бөлүү/.

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ВЛАЖНОСТЬ салыштырмалуу нымдуулук /кандайдыр бир температуранын учурунда I м$^3$ абада суу буусунун болгон катышы/.

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ВЛАЖНОСТЬ СНЕГА кардын салыштырма нымдуулугу

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ГЛУБИНА салыштырмалуу тереңдик /өзөндүн суусунун тереңдигинин орточо мааниси/.

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ СОЛНЕЧНОГО СИЯНИЯ күндүн шоолаланышынын салыштырмалуу убактыгы /күндүн шоолаланышынын убактыгын жалпы мүмкүнчүлүгүнө салыштырмалуу байкалган шоолаланыштын созулган убакыты, процент менен/.



ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ТЕМПЕРАТУРА салыштырмалуу температура /бир нече айлардын орточо температурасы менен эң суук айдын орточо температурасынын ортосундагы айырма, % менен/.

ОТНОСИТЕЛЬНЫЙ ВЕТЕР салыштырмалуу шамал /жүрүп бара жаткан кемеге же учуп бара жаткан самолетко карата болгон абанын кыймылы/.

ОТРАЖЕНИЕ чагылтуу /тунук, жаркырак чөйрөгө түшкөн жарыктын кайра чагылышы/.

ОТРАЖЕННАЯ РАДИАЦИЯ чагылышкан шоола радиациясы /жер бетинин чагылдыруусунун натыйжасында суммардык шооланын чагылган бөлүгү/.

ОТРАЖЕНИЕ СВЕТА жарыктын чагылышы /эки чөйрөнүн бөлүнүү чегине толкуну келип түшкөндө бөлүнүү чегинен кайра биринчи чөйрөгө карата таралуучу жарык толкунун пайда болуу кубулушу/.

ОТРИЦАТЕЛЬНЫЕ ФОРМЫ РЕЛЬЕФА рельефтин терс формалары /жер бетинин төмөндөгөн бөлүктөрү: ойдуңдар, кокту-колоттор, аңдар, карлар ж.б. Мындай жерлерге көпчүлүк учурларда суу токтоп көл пайда болот/.

ОТРИЦАТЕЛЬНЫЙ ЗАРЯД ЗЕМЛИ жердин терс заряды /жердин бетинин дайыма терс маанидеги электр заряды; атмосфера болоо дайыма оң зарядды ээлейт/.

ОТРИЦАТЕЛЬНЫЙ ИОН терс ион /терс электр зарядын алып жүрүүчү ион/.

ОТРОГ тармак /антициклондун негизги массасынан ажырап калган тармагы, кээде өзүнө тиешелүү жогорку басымдын борбору болот, бирок негизги антициклонго караганда анын басымы төмөн жана ажырып кыймылдайт/.

ОТСТОЙНИК тундургуч /бир топко чейин токтолуп туруп, суу тунуп калуучу бассейн же резервуар/.

ОТТЕПЕЛЬ кышкы жылуулук /кышында адатка айланган төмөнку температура үстөмдук кылып турганда күтүлбөгөн жерден /жылуу абанын адвекциясынын натыйжасында/ температуранын 0°га чейин, кээде андан да жогорулаган учуру/.

ОХРАНА ВОД сууну коргоо /ал чарбасынын кызыкчылыгы үчүн жер астындагы жана агын суулардын санын жана сапатын сактоо/.

ОШИБКА НАБЛЮДЕНИЯ байкоо катасы /метеорологиялык элементтердин физикалык чоңдугунун чыныгы мааниси менен байкалган маанисинин ортосунда айырмалуулугу/. Мындай каталардын болушу прибордун кемчилигине жана байкоосунун шалакылыгына жараша болот/.

ОШИБКА ПРОГНОЗА алдын ала айтуунун катасы /алдын ала болжогон кубулуштар менен чындыктын ортосундагы айырмасы/.

П

ПАВОДОК кирген суу, ташкын /кар эригенде же катуу жамгыр жааганда агын суулардын ташкындап кириши/.

ПАВОДОЧНЫЙ СТОК ВОДЫ суу киргендеги агым /агын суулар кирген мезгилдеги агып өткөн суунун көлөмү/.

ПАДАЮЩИЙ ВЕТЕР төмөн соккон шамал /тоолордун капталы менен ылдый соккон муздак катуу шамал/.

ПАДЕНИЕ РЕКИ дарыянын төмөндөшү /1. өзөндүн башындагы бийиктик менен суунун чатындагы бийиктиктин ортосундагы айырмасы; 2. суунун тартылышы/.

ПАЛЕОГЕОГРАФИЯ палеогеография /өткөн геологиялык доорлордо жер бетинин түзүлүшүн жана физико-географиялык шартын изилдөөчү илим; ал физикалык географиянын жана тарыхий геологиянын тармагы/.



ПАЛЕОГИДРОЛОГИЯ палеогидрология /азыркы доордон мурдагы доорлордогу гидрологиялык тармактын мүнөзүн айкындап, болгон өзгөрүүлөрдүн себебин аныктоочу илим; ал палеогеографиянын бөлүгү/.

ПАЛЕОКЛИМАТОЛОГИЯ палеоклиматология /геологиялык жана тарыхий доорлордогу климаттын тутам өзгөрүшүн аныктоочу жана далилдөөчү илим; ал палеогеографиянын бөлүгү/.

ПАМПЕРО памперо /Аргентина жана Уругвайдын түштүгүндөгү чагылгандуу жамгыр аралаш муздак, добулдуу шамал; памперонун пайда болушу Антарктикалык аба менен муздак фронттун жүрүшүнө байланыштуу болот/.

ПАР буу /заттардын газ түрүндөгү абалы. Кадимки шартында суюк же катуу абалда туруучу заттардын температурасынын жогорулаткандагы буугa айлануу процесси/.

ПАРАМЕТРИЧЕСКАЯ ГИДРОЛОГИЯ параметрдик гидрология /гидрология илиминде агымдын пайда болуу процесстеринин математикалык моделин жана ошол моделдин параметрлерин аныктоо ыкмалары жөнүндөгү окуу/.

ПАРАМЕТРЫ ГИДРОЛОГИЧЕСКОГО РЕЖИМА гидрологиялык режимдин параметрлери /гидрологиялык режимдин элементтерин / суунун мүнөздүү чыгымын жана деңгээлин, агым ылдамдыгын, бассейнинин морфологиялык түзүлүшүн жана суулуу об"ектилерин, чөкмө тунмаларын, суунун химиялык составын, көлдүк катмарларын, муздоо шартын ж.б./ мүнөздөөчү сандык мааниси/.

ПАРАШЮТНЫЙ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ БУЙ метеорологиянын парашюттуу калкымасы /самолеттон океанга түшүрүлүүчү автоматтык метеорологиялык станциясы/.

ПАРЕНИЕ буулануу /суусу жылуу көлмөнүн үстүндөгү муздак абанын бууланган туманынын пайда болушу/.

ПАРНИКОВЫЙ ЭФФЕКТ парниктик эффект /Жер менен аалам мейкиндигинин ортосундагы жылуулук алмашуу процессинде атмосферанын тосколдугу. Күндүн радиациясын атмосфера жерди көздөй эркин менен кое берет, бирок жерден чагылган узун толкундагы радиациясын өзүнө жутуп алып кайра жерге чагылдырат. Натыйжада күндүн радиациясы Жер бетине экинчи жолу келет. Эгерде Жердин атмосфера кабыгы болбогондо жерге жакынкы абанын орточо температурасы +I5° эмес -23° болмок/.

ПАРООБРАЗОВАНИЕ буунун пайда болушу /суунун кайноо температурасындагы суюк абалынан бууга айлануу процесси; буу пайда болуудагы температура басымга көз каранды болот/.

ПАРЦИАЛЬНОЕ ДАВЛЕНИЕ парциалдык басым /газ аралашмасындагы кандайдыр бир компонент жеке эле өзү ошол аралашма ээлеген көлөмдө турганда жасоочу басым/.

ПАСПОРТ ГИДРОЛОГИЧЕСКОГО ПОСТА гидрологиялык посттун паспорту / гидрометеорологиялык кызматтын Башкы башкармасы бекиткен официалдуу документ, анда пост жөнүндөгү бардык маалымат б.а. ээлеген орду, жабдуулары, байкоо программасы ж.б. толук көрсөтүлгөн; г.п.п. - постун техникалык иштери, пландары, байкоолору, иштеп чыккан ведомосту, графиктери сакталат/.

ПАСКАЛЯ ЗАКОН Паскалдын закону /суюктуктун бетине жасалган сырткы басым анын бардык тарабына бирдей таралат деген жобону жактаган закон/.

ПАСМУРНЫЙ ДЕНЬ бүркөк күн /байкоо жүргүзгөн сайын булуттуулук 8-IO баллга жеткен күн/.



ПАССАТЫ пассаттар /жердин тропикалык кеңдигине анын эки жарым шарындагы жогорку басымдуу субтропикалык областтардан экваторду карай жылуучу туруктуу аба агымы/.

ПАССАТНАЯ ЗОНА пассаттык зона /эки жарым шардагы тропикалык /жарым жартылай субтропикалык/ кеңдиктеринен экваторду карай туруктуу аба агымы таасир этүүчү зона; Тынч жана Атлантика океандарында жакшы байкалат/.

ПАССАТНАЯ ПУСТЫНЯ пассаттык чөл /пассаттын кургакчылыкка тараган чөйрөсүндөгү чөл, мисалы, Сахара жана Калахари; 2. Түндүк жана Түштүк Америка менен Африканын батыш жээктериндеги муздак океандык агымдын таасири астындагы чөлдөр/.

ПАССАТНАЯ ИНВЕРСИЯ пассаттык инверсия /орто эсеп менен бийиктиги I-2 км жана температурасынын көтөрүлүшү 3-5° жеткен пассат областындагы температуралык инверсия/.

ПАССАТНЫЕ ДОЖДИ пассаттык жаан-чачындар /пассат зонасындагы аралдар менен материктердин жээгинин шамал тарабынан болгон жаан-чачындары; пассаттык жаан-чачындын жылдык жүрүшүндө бир гана /кышкы/ максимум байкалат, себеби кышында пассат өтө кубаттуу абалында болот/.

ПАССАТНЫЕ ТЕЧЕНИЯ пассаттык агым /I. пассаттагы төмөнкү жана жогорку агымдар; 2. субтропикалык кеңдиктердеги пассат таасир эткен океандын үстүнкү бетиндеги дрейфтик океан агымы, мисалы, Атлантика жана Тынч океандарында Түндүк жана Түштүк Пассат агымдары, Инд океанында түштүк жарым шардын агымы/.

ПАССАТНЫЙ КЛИМАТ пассаттык климат /пассаттын таасири тийген зоналардын климаты; шамалынын багыты жана ылдамдыгы туруктуу, жаан-чачыны аз, булуттары жокко эсе /м.: тропикалык чөл климаты/ климаты менен айырмаланат/.

ПАЛЕГИАЛЬ. палагиаль /ойдундун суу чогулуучу жерин ээлеген суунун массасы/.

ПЕЛОГЕН пелоген /суу чогулуучу ойдунга топтолгон органикалык жана минералдык чөкмө/.

ПЕНТАДА пентада /беш күндүк мөөнөт; метеорологиялык элементтердин орточо маанисин пентадалар боюнча эптеп чыгуу/.

ПЕПЛЕПАУЗА пеплепауза /пеплосферанын жогорку чек арасы, б.а. атмосферанын чек аралык катмары/.

ПЕПЛОСФЕРА пеплосфера /атмосферанын чек аралык катмары/.

ПЕРЕВАЛ ашуу

ПЕРЕКАТ сайроон /дарыя нугундагы тайыз бөлүктөрү/.

ПЕРЕМЕННАЯ ОБЛАЧНОСТЬ өзгөрмөлүү булуттуулук /белгилүү убакыт ичинде булуттуулуктун /балл боюнча/ өзгөрүп турушу/.

ПЕРЕМЕННЫЙ ВЕТЕР алмашма шамал /кыска мөөнөттүн ичинде шамалдын багытынын жана ылдамдыгынын тез-тез алмашып турушу/.

ПЕРЕМЕЖАЮЩИЕСЯ РОДНИК убак-убагы менен соолуп туруучу булак

ПЕРЕМЕТНЫЕ ЛЕДНИКИ арта салынган мөнгүлөр /мөнгүлөрдүн көпчүлүк түрлөрү тоолордун тигил же бул капталдарынын орун алган болсо, арта салынган мөнгүлөр эки капталына бирдей тиешелүү болушат/.

ПЕРЕНОС ВОДЯНОГО ПАРА суу бууларынын алмашылышы /жердин бетинен бууланган суу бууларынын атмосферадагы алмашылышы/.

ПЕРЕНОСНАЯ СНЕГОМЕРНАЯ РЕЙКА көчүрмө кар ченөөчү рейка /узундугу 2 м калыңдыгы 2 см жазылыгы 4 см келген боорунда сантиметр бөлүкчөлөрү бар жыгач рейка; кардын катмарынын калыңдыгын ченөөгө колдонулат/.



ПЕРЕОХЛАЖДЕННАЯ ВОДА өтө муздак суу /0°тан төмөнкү температурада тоңбой турган суу; лабораториянын шартында муздаган суунун температурасын -30° чейин жеткирүүгө болот: атмосферада тоңбогон муздак суунун - 30° - 40° абалын байкоого болот/.

ПЕРЕОХЛАЖДЕННЫЙ ДОЖДЬ өтө муздак жаан /0°тан төмөнкү температурада муздак тамчылардан турган жамгыр; мындай жамгырдан кийин жолдордо тайгалак болот/.

ПЕРЕПРАВА ГИДРОМЕТРИЧЕСКАЯ гидрометрия өткөөлү /агымдын мүнөздөмөлөрүн ченөө үчүн орнотулуучу өткөөлү/.

ПЕРИГЕЙ перигей /айдын же жердин жасалма спутнигинин эллиптикалык орбитасы боюнча жерге эң жакын точкасы/.

ПЕРИГЕЛИЙ перигелий /планеталык орбитанын күнгө эң жакын барган точкасы: жер планетасынын перигелийи I-январда болот, ошондогу жердин күндөн алыстыгы I47 млн км,б.а. орточо /кадимки/ аралыкка караганда 3,4% жакындап барат/.

ПЕРИГЛЯЦИАЛЬНЫЙ КЛИМАТ перигляциялык климат /материктин же тоо мөнгүлөрүнө чектеш жаткан чөйрөнүн климаты; анын негизги өзгөчөлүгү мөнгүдөн кургакты көздөй муздак жана кургак шамалдын тез-тез согуп турушу/.

ПЕРИОДИЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕНИЯ ПОГОДЫ аба ырайынын мезгилдик өзгөрүшү /метеорологиялык элементтердин жыйындысынын жылдык, айлык жана суткалык өзгөрүшү/.

ПЕРИОДИЧЕСКИЕ КОЛЕБАНИЯ СТОКА дарыя агымынын мезгилдик термелүүсү /дарыя агымынын элементтеринин режиминин мезгил-мезгили менен азайып же чоңоюп кайрадан калыбына келип турушу/.

ПЕРИОДИЧЕСКОЕ ОЗЕРО мезгилдик көл /чөл же талаа зонасында катуу жааган жамгырдан кийин пайда болгон убактылуу көлдөр/.

ПЕРИОДИЧНОСТЬ АТМОСФЕРНЫХ ПРОЦЕССОВ атмосфералык процесстердин мезгилдуулугу /атмосфералык процесстердин же метеорологиялык элементтердин режиминин белгилуу убакыт ичинде бир нече жолу кайталанып туруусу/.

ПЕРУАНСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Перуан агымы /Чили жана Перунун жээктери менен туштуктен тундукту карай жылган океандык муздак агым: перуан агымы менен Тынч океандын Туштук Америка жакы жээгинин климаты байланыштуу/.

ПЕСЧАНЫЙ ВИХР кумдуу куюн / кумдуу топурактын устунен учкан кум аралаш чаңдуу куюн/.

ПЕЩЕРНЫЙ ЛЕД үңкүр музу

ПИГАП Пигап к. ПРОГРАММА ИССЛЕДОВАНИЯ ГЛОБАЛЬНЫХ АТМОСФЕРНЫХ ПРОЦЕССОВ

ПИРАНОГРАФ пиранограф /күндүн шооласынын суммардык же чачыраган энергиясын өзү жазып регистрациялап туруучу прибор; ал кабыл алуучу пиранометрден жана гальванографтан турат/.

ПИРАНОМЕТР пиранометр /күндүн горизонталдык бетке түшүүчү суммардык, чагылган жана чачыраган радиацияларын абсолюттук өлчөөчү прибор/.

ПИРГЕЛИОМЕТР пиргелиометр /күндүн түз радиациясынын шоолаланышынын күчтүүлүгүн өлчөөчү абсолюттук курал; кабыл алуучу элемент катарында абсолюттук кара заттын модели же карартылган ичке металл пластинкалары колдонулат/.

ПИРГЕОГРАФ пиргеограф /эффективдүү радиациянын термелүүсүн жазып туруучу курал; пиргеометр менен гальванографтан турат/.

ПИРГЕОМЕТР пиргеометр /эффективдүү чагылуунун күчтүүлүгүн өлчөөчү термоэлектрдик курал/.



ПИТАНИЕ ВОДОНОСНЫХ ГОРИЗОНТОВ жер астындагы суу горизонтунун азыктанышы /ар кандай генетикалык типтеги суулардын жер астындагы суу топтолуучу катмарларга чогулуп, запасын көбөйтүшү/.

ПИТАНИЕ ЛЕДНИКОВ мөңгүлөрдүн азыктанышы /мөңгүлөрдүн аласына кар, мөндүр ж.б. музга айлануучу жаан-чачындын топтолушу/.

ПИЭЗОТРОПНАЯ АТМОСФЕРА пиэзотроптук атмосфера /пиэзотроптук касиети бар шарттуу атмосфера/.

ПИЭЗОТРОПНОСТЬ пиэзотроптуулук /басымынын гана өзгөрүшүнөн тыгыздыгы өзгөргөн суюктуктун абалы/.

ПЛАВЛЕНИЕ эрүү /катуу кристаллдык нерсенин суюк абалга өтүшү/.

ПЛАВНИ плавни / ири дарыялардын /Днестр, Дунай, Днепр, Кубань, Дон, Аму-Дарья ж.б./ суу каптап жаткан же саздуу төмөнкү агымы/.

ПЛАЗМА плазма /заряддалган бөлүкчөлөрүнүн концентрациясы жетишерлик жогору, иондоштурулган, б.а. бирдей сандагы оң жана терс заряддары бар газ/.

ПЛАНЕТА планета /Күндүн айланасында эллипстик орбита боюнча айлануучу муздак жана жетишерлик тыгыздыктагы космостук тело/.

ПЛАНЕТАРНЫЙ МАСШТАБ планетардык масштаб /өлчөмү материктердин океандардын масштабына туура келгендиктен атмосфералык кубулуштарды синоптикалык жана климатологиялык карталардын жардамы менен изилдөөгө мүмкүнчүлүк берген масштаб/.

ПЛАСТИНКА пластинка /кар кристаллдарынын негизги формаларынын бири; өзү жука, алты кырдуу, узундугу 0,1 мм ге чейинки, калыңдыгы 3 төн 50 мкм болгон муз пластинкасы: пластинка өсүп олтур-

са кардын жылдызчалары пайда болот. Алар $-10^{0}$ тан $-20^{0}$ чейинки температурада байкалат/.

ПЛАСТОВЫЕ ВОДЫ катмар суулары /жердин суу өтпөс катмарларынын арасындагы суулар/.

ПЛЕЙСТОН плейстон /сууда калкып өсүүчү өсүмдүктөрдүн жыйындысы/.

ПЛЕЙСТОЦЕН плейстоцен /төртүнчүлүк доордун биринчи /негизги/ бөлүгү; ал голоценден мурда болуп, мөңгү доорлорун кучагына алган; Плейстоценде Европанын, Азиянын жана Түндүк Американын эң кең аянтын муз /мөңгү/ каптап жаткан/.

ПЛЕЙСТОЦЕНОВОЕ ОЛЕДЕНЕНИЕ плейстоцен муз доору /плейстоцен доорунда мөңгү /муз/ доор жөнүндөгү көз караштар айтылат/.

ПЛЕНКА ХОЛОДНОГО ВОЗДУХА муздак абанын пленкасы, жука кабыкчасы /жердин үстүнкү бетин тосуп турган муздак абанын салыштырмалуу жука /ондогон же жүздөгөн метрге чейин/ кабыкчасы; ал шамалдын турбуленттик козголушунун натыйжасында жер бетиндеги температуранын стратификациясынын өзгөрүшүнүн натыйжасында болот/.

ПЛЕНОЧНЫЙ ГИГРОГРАФ кабыкчалуу гигрограф /регистрациялоочу кабыкчалуу гигрометр/.

ПЛЕНОЧНЫЙ ГИГРОМЕТР кабыкчалуу гигрометр /кабыл алуучу мембранасы гигроскоптук органикалык чел кабыкчадан турган гигрометр/.

ПЛЕС плес, ийрим /1. аралдардын арасындагы суунун же көлдүн жайык жери; 2. агын суулардын эки сайроонунун аралыгындагы терең жерлери/.

ПЛЕОХРОИЗМ плеохроизм/кристаллдагы өтүп жаткан нурлардын таралуу багытына жараша анын үстүнөн өзгөрүшү/.



ПЛОСКАЯ ВОЛНА жалпак толкун /мунөздөөчү бардык чоңдуктары убакыт моментинде толкундун таралуу багытына дал келген бир гана координат огунун функциясы болгон толкундар/.

ПЛОСКОСТЬ МЕРИДИАНА меридиан тегиздиги /жер бетинин бардык точкасынан же ааламдын уюлунан зенит аркылуу өтүүчү вертикалдык тегиздик/.

ПЛОСКОСТЬ ПОЛЯРИЗАЦИИ поляризация тегиздиги /поляризацияланган жарык учурунда магниттик термелүүлөр жүргөн тегиздик/.

ПЛОТИНА тоомо, бөгөт, байламта /дарыя нугуна, өрөөндөргө суу сактагыч же көлмө куруу үчүн агымды токтотуп, топтоо үчүн жасалган курулуш; анын жардамы менен суу деңгээли көтөрүлүп, суу кубатын алууга мүмкүндүк түзүлөт/.

ПЛОТНОМЕР плотномер К. СНЕГОМЕР

ПЛОТНОСТЬ тыгыздык /нерсенин массасын ээлеп турган көлөмүнө болгон катышы менен ченелүүчү чоңдук/.

ПЛОТНОСТЬ ВОЗДУХА абанын тыгыздыгы /абанын массасынын көлөмүнө болгон катышы, $г/м^{3}$ менен туюнтулат. Европада абанын орточчо тыгыздыгы жер бетинде 1258 $г/м^{3}$, 5 км бийиктикте -735 $г/м^{3}$, 10 км бийиктикте -411 $г/м^{3}$/.

ПЛОТНОСТЬ ОСАДКОВ жаан-чачындын тыгыздыгы /жаан-чачындын көэктериндеги орточо суткалык интенсивдүүлүгү. Жазында Норвегиянын ж.ч.т. 8 мм чамасында, күзүндө 42 мм; Черапунджада /Индия/ орточо жылдык интенсивдүүлүгү 65 мм, ал эми жайкысын 106 мм/.

ПЛОТНОСТЬ СНЕГА кардын тыгыздуулугу /белгилүү салмактагы кардын суусунун көлөмүнүн кардын көлөмүнө болгон катышы; метеорологиялык практикада кардын тыгыздыгы беш күндө бир жолу ченелип турат/.

ПЛЮВИАЛЬНАЯ ЭПОХА плювиаль доору /жаан-чачыны көп, бирок мөңгү пайда болбогон доор/.

ПЛЮВИОГРАММА плювиограмма /жамгырдын жаашын/ регистрациялап/ өзү жазуучу механизмдин жардамы менен жазып туруучу кагаз лента/.

ПЛЮВИОГРАФ плювиограф/жамгырды өзү жазып туруучу механизм/.

ПЛЯЖ пляж /сууга түшүүгө ыңгайлуу жайык кумдуу жээк/.

ПОБЕРЕЖЬЕ жээк /деңиздердин,көлдөрдүн, океандардын жээктерине чектеш жаткан кургактык тилкеси/.

ПРОВЕРКА ПРОГНОЗОВ алдын ала айтууну текшерүү к. УЧЕТ ОПРАВДЫВАЕМОСТИ ПРОГНОЗОВ

ПОВЕРХНОСТНЫЕ ВОДЫ жердин үстүндөгү суулар /м.: агын суулар, дарыялар, көлдөр, деңиздер, океандар, суу сактагычтар/.

ПОВЕРХНОСТНЫЙ СТОК жердин үстү менен агым /каптал ылдый аккан жаандын суусу, агын суу, суу киргенде жээкти жайпаган суулардын бардыгы кирет/.

ПОВТОРЯЕМОСТЬ АНТИЦИКЛОНОВ антициклондордун кайталанышы к. ПОВТОРЯЕМОСТЬ ЦИКЛОНОВ

ПОВТОРЯЕМОСТЬ ВОЗДУШНЫХ МАСС аба массаларынын кайталанышы /көп жылдык мезгилдин ичинде белгилүү географиялык типтеги аба массасынын бир пунктка жыл сайын, ай сайын, сезон сайын кайталануучу күндөрдүн саны/.

ПОВТОРЯЕМОСТЬ ЦИКЛОНОВ циклондордун кайталанышы /көп жылдык мезгил боюнча ай сайын, сезон сайын жана жыл сайын /абсолюттук/сан же % менен/ белгилүү пунктта же квадратта циклондор кайталанып турган күндөрдүн саны/.

ПОВЫШЕННОЕ ДАВЛЕНИЕ жогорулаган басым /деңиз деңгээлине кел-



тиргенде сымап мамычасынын 760 мм ден /1013 мб дан/ жогору болгон атмосфералык басым, бирок антициклон болгон учурда анын борборундагы басым чет жакасындагы басымдан жогору болушу зарыл/.

ПОГЛОЩЕНИЕ ВОДЯНЫМ ПАРОМ суунун бууларынын жутушу /атмосфералык суу бууларынын күндүк радиациясын жутууга жөндөмдүүлүгү/.

ПОГЛОЩЕНИЕ КИСЛОРОДОМ кислороддун жутушу /кислороддун күндүн радиациясын жутууга жөндөмдүүлүгү/.

ПОГОДА аба ырайы /1. атмосферанын туруктуу алмашылып туруучу абалы; белгилүү бир жердин аба ырайы метеорологиялык элементтердин жыйындысы менен мүнөздөлөт; 2. келген күн нурунун энергиясы жана анын жердин бети менен болгон өз ара аракеттенүү таасиринен болуучу физикалык процесстер менен аныкталуучу атмосферанын абалы/.

ПОГРАНИЧНЫЙ СЛОЙ чектик катмар /узундугуна салыштырганда туурасынын калыңдыгы өтө кичине илээшчек суюктуктун агуу катмары; ал боюнча агымдын физикалык чоңдуктары кескин айырмалуу/.

ПОГРАНИЧНЫЙ СЛОЙ АТМОСФЕРЫ атмосферанын чектик катмары /жердин бетинен башталган атмосфералык катмардын /тропосферанын/ төмөнкү чеги; анын негизги касиети жер бетинин динамикалык жана термикалык таасири менен тыгыз байланышта, а.ч.к. калыңдыгы 300-400 м ден 1500-2000 м чейин жетип, орточо 100 м түзөт/.

ПОГРЕБЕННЫЕ ВОДЫ көмүлгөн суулар /мурдагы өткөн геологиялык доорлордогу пайда болгон тоо тектеринин көмүскөлөрүндө сакталып келе жаткан суулар/.

ПОГРЕШНОСТЬ ПРОГНОЗА прогноздогу каталык /метеорологиялык элементтердин прогноз боюнча айтылган чоңдугу менен чыныгы болгон чоңдугунун ортосундагы айырма; ал метеорологиялык элементтин көп жылдык климаттык амплитудасынын проценти менен туюнтулат/.

ПОДЗЕМНАЯ ВЛАГА жер астындагы ным /топурактын арасындагы көңдөйчөлөрдө сакталып турган ным/.

ПОДЗЕМНОЕ ПИТАНИЕ жер астынан азыктануу /агын суулардын жердин астындагы суулардын эсебинен азыктанышы/.

ПОДЗЕМНЫЕ ВОДОТОКИ жер астындагы суунун агышы /жердин астына сарыккан суунун жердин жаранкасы, үңкүр ж.б. боштуктар менен оргуштап агышы/.

ПОДЗЕМНЫЕ ВОДЫ жер астындагы суу

ПОДЗЕМНЫЙ СТОК жер астындагы агым /I. жердин сырткы кабыкчасындагы суулардын гидравликалык жантаюусу боюнча которулушу /куюлушу/; 2. белгилүү убакыттын же мезгилдин ичинде жер астындагы агым аркылуу которулуучу суунун саны/.

ПОДМЕРЗЛОТНЫЕ ВОДЫ тоңдуктун астындагы суулар /түбөлүк тоңдуктар жаткан тоо тектеринин катмарынын астында 0°тан жогорку температурадагы чөйрөдө кезигүүчү суулар. Аны чүмкөп турган катмарлар дайыма тоңдук абалында болот/.

ПОДПОР СТОКА агымдын бөгөлүшү /агын суулардын сайынын кууштугуна, ийри - буйрулугуна, кескин түрдөгү имериліштүүлүгүнө же байламталарды куруунун натыйжасында суунун деңгээли жогорулашы, б.а. нукка өсүмдүк өскөндө, муз, түрлүү агындылар топтолгондо да байкалат/.

ПОДРУСЛОВЫЕ ВОДЫ суунун нугунун алдындагы суу /суунун нугундагы аллювиалдык катмардагы суунун сакталышы. Аллювиалдык шилендинин боштуктарына чогулган мындай суулар агын суунун зарп болгон бөлүгүн толуктайт/.

ПОДРУСЛОВЫЙ ПОТОК суунун нугунун асты менен агышы /аллювиалдык шилендилерден турган суунун нугунун асты менен суунун агышы/.



ПОДСНЕЖНАЯ ВОДА кардын астындагы суулар /кардын астынкы бетиндеги эриген суулардын кыртыштын үстүңкү бетинде сакталып турушу/.

ПОДСТИЛАЮЩАЯ ПОВЕРХНОСТЬ жердин үстүңкү бети /жылуулук жана нымдуулук алмашуу процессинде атмосфера менен өз ара аракеттешүүчү жердин /топурактуу, карлуу, суулуу, мейкиндиктер/ үстүңкү бети/.

ПОДЪЕМНАЯ СИЛА көтөрүү күчү /аэростатты /дирижабль, шар-зонд же самолетту абага көтөрүп чыгуу жана кармап туруу үчүн зарыл болгон күч/.

ПОЗЕМОК жөө бурганак /кардын жер бети менен учурулушу/.

ПОЗИТРОН позитрон /бирдик оң заряды бар жана массасы электрондун массасына 0,007% тактыгына чейин туура келген элементардык бөлүкчө/.

ПОЙМА жайылма /суу ташыганда жайылып кетүүчү нуктан жогору жаткан тектир/.

ПОЛЕ талаа /физикалык чоңдуктардын таралуу мейкиндиги, мисалы, метеорологиялык элементтердин таралышынын мейкиндиги/.

ПОЛЕ ВЕТРА шамал талаасы /шамалдын мейкиндик боюнча таралышы, б.а. вектордук чоңдук катарында каралуучу абанын кыймылынын ылдамдыгы/.

ПОЛЕВОЙ ДОЖДЕМЕР талаа жаан өлчөгүчү

ПОЛИВ сугаруу

ПОЛИМЕР ЛАМБРЕХТА Ламбрехтин полимери /термометр менен чачтуу гигрометрди бирге сийыштыруучу курал; куралдын шкаласы боюнча температура менен салыштырмалуу нымдуулукту эсептеп алууга болот/.

ПОЛНАЯ ОБЛАЧНОСТЬ толук булуттуулук /асманды толугу менен жаап турган булуттар - I0/I0/.

ПОЛИВНАЯ НОРМА сугат нормасы /I га айдоо аянтын бир жолу сугаруу үчүн керек болгон суунун саны, м³/га ; м.: дан эгиндери үчүн 600-700 м³/га; кант кызылчасы үчүн 600-800 м³/га; көп жылдык чөптөр үчүн 500-750 м³/га; пахта үчүн 500-950 м³/га/.

ПОЛОВОДЬЕ суу ташкыны

ПОЛОЖИТЕЛЬНЫЕ ФОРМЫ РЕЛЬЕФА жер бетинин рельефинин төмпөк формалары /тоолор, дөңдөр, жалдар, дөңсөөлөр ж.б./.

ПОЛОЖИТЕЛЬНЫЙ ИОН оң ион /электрдин оң зарядын алып жүрүүчү иондор/.

ПОЛОСА ПОВЫШЕННОГО ДАВЛЕНИЯ жогору басым тилкеси /атмосферадагы төмөн басымдын эки тилкесинин ортосундагы созулган изобаралары бар жогору атмосфералык басымдын аймагы/.

ПОЛЫНЬЯ муздагы ойк /дарыя, көлдөрдү каптаган муздардын айрым жерлеринде ылдамдыктын же жер астынан чыккан жылуу суунун таасиринен пайда болуучу ойктар/.

ПОЛУАРИДНЫЙ КЛИМАТ жарым аридүк климат /талаа зонасынын климаты; талаа зонасынын табигий жана айыл чарба өсүмдүктөрү үчүн жетишсиз нымдуулуктагы климат; мындай климатка кургакчылык мүнөздүү/.

ПОЛУДЕННАЯ ВЫСОТА СОЛНЦА күндүн түш мезгилиндеги бийиктиги /күндүн жогорку бийиктик кульминациясындагы абалы: ал төмөнкү формула менен эсептелет: $h = 90^\circ - \varphi + \delta$; $\varphi$ жердин кеңдиги ; $\delta$ күндүн эңкейиши/.

ПОЛУНИВАЛЬНЫЙ КЛИМАТ жарым нивалдык климат /нивалдык жана ага тектеш типтеги климаттын ортосундагы өтмө климат/.

ПОЛУНОЧНАЯ ВЫСОТА СОЛНЦА түн ортосундагы күндүн бийиктиги /күндүн эң төмөнкү кульминациясынын моментиндеги бийиктиги ; $h = \varphi + \delta - 90^\circ$/.



ПОЛЮС ХОЛОДА сууктун уюлу /жер бетинде эң төмөнкү температура белгиленген аймак; түндүк жарым шарда сууктун эки уюлу кездешет; бирөө Якутияда /Верхоянск-Оймякон/, андагы абанын температурасынын абсолюттук минимуму -70° ка жакын; сууктун экинчи уюлу Түндүк Американын түндүк-чыгыш тарабында /Гренландиянын үстүндө/, -65° -70°; Кыргызстандагы сууктун уюлу бийик тоолуу Ак-Сай өрөөнүндө /Ат-Башы районду/ байкалат да температурасы -54° ка чейин жетет/.

ПОЛЯРИЗАТОР поляризатор /поляризацияланган сызыктуу жарыкты алууда колдонулуучу оптикалык прибор/.

ПОЛЯРНАЯ НОЧЬ полярдык түн /полярдык аймактардагы жылдын күн чыкпай турган /горизонттон күн көрүнбөй турган/ бөлүгү; п.т. улам түндүк уюлга жакындаган сайын узакка созулуп олтуруп уюлдун өзүнө жеткендеги узактыгы 179 суткага жетет; мунун өзү түндүк уюлдагы п.т. күздөн баштап жазга чейин созулат дегендикке жатат/.

ПОЛЯРНОЕ ВТОРЖЕНИЕ полярдык басып кирүү /полярдык же арктикалык муздак абанын массасынын төмөнкү кеңдикти көздөй каптап /басып/ таралышы; аны менен бирге абанын температурасы кескин түрдө төмөндөп метеорологиялык башка элементтердин мааниси өзгөрөт/.

ПОЛЯРНОЕ СИЯНИЕ полярдык жаркыроо / ондогон жана жүздөгөн километрге чейинки бийиктиктеги суюк абада анда-санда жаркылдоочу ионосфералык кубулуш; п.ж. эки жарым шардын бийик кеңдиктеринде жана бардык узундуктарында бир убакытта жана бирдей күчтөнгөндүктө байкалат, бирок максималдуу кайталанышы уюлдан 20°-25° кеңдикте болот/.

ПОЛЯРНОФРОНТОВОЙ ЦИКЛОН полярдык фронттуу циклон /полярдык фронтто же болбосо тропиктик аба менен полярдык абанын чек арасында пайда болуучу жана өркүндөөчү циклон/.

ПОЛЯРНЫЕ ВОСТОЧНЫЕ ВЕТРЫ полярдык чыгыш шамалы /жогорку кеңдиктеги тропосферанын төмөнкү катмарындагы басымдуу багыты чыгыштан соккон шамал; Түндүк жарым шарда Исландия жана Алеут минимумдарынын түндүк жээгин бойлоп кетет/.

ПОЛЯРНЫЙ АНТИЦИКЛОН полярдык антициклон /полярдык кеңдиктен баштап түштүк тарапты көздөй жылган антициклон/.

ПОЛЯРНЫЙ ВИХРЬ полярдык куюн /тропосферанын жана стратосферанын абасынын уюлду айланып батыштан чыгышка карай жылып циркуляциянын багыты боюнча кеткен циклондук куюн/.

ПОЛЯРНЫЙ ВОЗДУХ полярдык аба /борбору эки жарым шардын ортоңку жана субполярдык кеңдиктеринен орун алган аба массасы; жогорку кеңдиктин уюлга жакын чөйрөсүндөгү аба массасы арктикалык жана антарктикалык аба дейт; п.а. деңиздик жана континенталдык делинип бөлүнөт/.

ПОЛЯРНЫЙ ДЕНЬ полярдык күн /полярдык аймактардагы жылдын күн батпай турган бөлүгү; п.к. уюлду көздөй узарып олтуруп уюлга жеткенде I86 күндү түзөт, мунун өзү п.к. жаздан баштап күзгө чейин созулат дегендикке жатат/.

ПОЛЯРНЫЙ КРУГ полярдык тегерек /эки жарым шардын $66^{\circ}33'$ параллелдеринин асты менен өткөн уюлдар тегереги/.

ПОНИЖЕНИЕ ДАВЛЕНИЯ басымдын төмөндөшү /деңиз деңгээлине салыштырганда сымап мамычасындагы 760 мм /IOI3 мб/ден төмөнкү маанини көрсөткөн атмосфералык басым/.

ПОПЛАВОК ГИДРОМЕТРИЧЕСКИЙ гидрометрия калкытмасы /суунун



агымынын ылдамдыгын ченөөчү жөнөкөй курал; ал суу менен кошо агуучу калкытма бир точкадан экинчи точкага чейин агып жеткендеги ылдамдыгы суунун ылдамдыгы делинип табылат/.

ПОРОГ босого /агын суулардын шар аккан кууш жери/.

ПОРЫВ ВЕТРА шамалдын катуу кыймылы /шамалдын кыска мөөнөткө кескин түрдө күчөшү/.

ПОСЛЕЛЕДНИКОВАЯ ЭПОХА азыркы геологиялык доор

ПОСЕВНОЙ СТОК эгүү агымы /эгүү мөөнөтүнөн 7-IO күн мурунку агым/.

ПОСТ ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ гидрометеорологиялык пост /агымдын жана аба ырайынын элементтерине байкоо жүргүзүүчү пункт/.

ПОСТОЯННАЯ СНЕГОМЕРНАЯ РЕЙКА туруктуу кар ченөөчү /метеорологиялык станцияларда кардын калыңдыгын ченөө үчүн туруктуу орнотулуп коюлган сантиметрдик шкаласы бар жыгач рейка; станцияларда мындай рейкалардан үчөө болот да аралыгын IO метрден кылып метеостанциянын үч бурчуна орнотулат; байкоону 5-6 м алыстыктан туруп жүргүзөт/.

ПОСТОЯННЫЕ СОСТАВНЫЕ ЧАСТИ ВОЗДУХА абанын туруктуу составдык бөлүгү /жер бетине жакынкы чөйрөдөгү кургак абанын составында өзгөрбөй турган газдар: азот, кислород, аргон ж.б./.

ПОСТОЯННЫЙ ВЕТЕР туруктуу шамал /багыты эки минутага чейин өзгөрбөгөн шамал/.

ПОСТОЯННЫЕ ВОДОТОКИ туруктуу агымы бар нуктар, өзөндөр /суусу жыл боюу токтобой агып турган өзөн/.

ПОТАМОЛОГИЯ потамология /дарыялар /агын суулар/ жөнүндө илим/.

ПОТЕНЦИАЛ НУЛЕВОГО ЗАРЯДА нөл заряддын потенциалы /заряды

нөлгө барабар, б.а. электроддо иондук кош катмары болбогон электролитке матырылган электроддун потенциалы/.

ПОТЕНЦИАЛНАЯ ТЕМПЕРАТУРА потенциалдык температура /аба массасы адиабаттык кысылып, стандарт деп кабыл алынган 1000 мб басымына жеткирилгенде ээ болгон температурасынын шарттуу алынышы/.

ПОТЕНЦИАЛНАЯ ЭНЕРГИЯ потенциалдык энергия /системасынын ага кирүүчү нерселеринин конфигурациясына б.а. өз ара жайлашышына көз каранды энергия/.

ПОТЕНЦИАЛНОЕ ТЕЧЕНИЕ потенциалдык агым /алынган ар кандай кичине көлөмү деформацияланууучу жана алга умтулуу кыймылында болуучу, бирок айлануу кыймылына катышпоочу суюктуктун куюнсуз кыймылы/.

ПОТЕНЦИАЛНЫЕ СИЛЫ потенциалдык күчтөр /аткарган жумушчу күчтүн аракет кылган баштапкы жана акыркы точкаларына гана көз каранды болуп, анын траекториясынын формасына көз каранды болбогон күчтөр/.

ПОТЕНЦИОМЕТР потенциометр /электр кыймылдаткыч күчүнүн компенсациялоо методу менен чыңалууну же чыңалуу менен функционалдык байланышкан башка чондуктарды салыштырып өлчөөчү прибор/.

ПОТЕПЛЕНИЕ жылый баштоо /белгилүү райондун же чөйрөнүн абасынын температурасы жогорулап жылый баштамы/.

ПОТЕПЛЕНИЕ АРКТИКИ Арктиканын жылый калышы /XX кылымдын башында Арктикада абанын температурасынын жогорулашы; ал климаттык жагы эле планетардык жылышынын негизине байланыштуу болгон/.

ПОЧВЕННАЯ ЗАСУХА топурактагы кургакчылык /атмосферанын кургакчылыгынан келип чыккан топурактагы кургакчылык; натыйжада өсүмдүк-



төргө /айрыкча айыл чарба өсүмдүктөрүнө/ нымдуулук жетишпей түшүмдүн азайып кетишине же таптакыр куурап калышына алып келет/.

ПОЧВЕННЫЕ ТЕРМОМЕТРЫ топурак термометрлери /топурактын ар кандай терендигиндеги температурасын ченөөчү куралдар; термометр Савинова ж.б./.

ПОЧВЕННЫЙ ВОЗДУХ топурактагы аба

ПОЧВЕННЫЙ ИСПАРИТЕЛЬ топурак бууланткычы /топурактагы нымды буулантуучу курал/.

ПОЧВЕННЫЙ МОНОЛИТ топурак монолити /топурактан кесип алган цилиндр же параллелограмма формасындагы структурасы бузулбаган тоголок чокмору/.

ПОЧВЕННЫЙ ТЕРМОГРАФ топурак термографы /топурактын ар кандай терендигиндеги температураны ченеп туруучу дистанциялык курал; анын бардык системасына химиялык составы таза керосин куюлуп герметикалык түрдө кандалып коюлат/.

ПОЧВЕННЫЙ ТЕРМОМЕТР топурак термометри /1. топурактын үстүңкү катмарынын температурасын ченөөчү цилиндр резервуарга /түтүкчө/ орнотулган ар бири 0,5$^{0}$ тан турган шкалалуу сымап термометры; шкаласынын чеги +60 +70$^{0}$тан -25 -30$^{0}$ чейин жетет; 2. топурактын терендиндеги температурасын өлчөөчү сымаптуу термометр/.

ПОЯСНОЕ ВРЕМЯ алкактык убакыт /практикалык максат үчүн кабыл алынган шарттуу убакыт эсеби эл аралык убакыт, мисалы, жер шары 24 сааттын ичинде өз огунда толук айланып чыгып, 360$^{0}$ту түзөт, демек ар бир саатта жер 15$^{0}$ ка айланат. Ошого байланыштуу жер шарынын үстүңкү бети 24 алкакка, б.а. суткадагы ар бир саатка туура келгендей тилкеге бөлүнгөн; ар бир алкак бири-биринен 15$^{0}$ алыстыкта турган меридиандар менен чектелген жана алкактардын номери

батыштан чыгышка карата белгиленип, убакытты өлчөөчү баштапкы /Гринвич/ меридианы /Лондонго жакын жердеги/ нөл алкагынын ортосу аркылуу өтөт. Ар бир алкактагы орточо күнөстүү убакыт ошол алкак аркылуу өткөн меридиандын убактысы менен өлчөнөт. Мисалы, нөл алкагынын орточо күнөстүү убактысы Гринвич меридианынын убактысы менен , биринчи алкактыкы 15° -меридиандын убактысы менен, экинчи алкак 30° -меридиандыкы менен ж.б. Убакыт өлчөмү нөлүнчү алкактан тартып ар бир кийинки алкакка карата I сааттан алдыга жылат. СССР дин территориясында II алкак туура келет; Москва шаары Чыгыш Европа алкагы деп аталган 2 - алкактан орун алган, ал эми Фрунзе шаары, Батыш Сибирь алкагы деп аталган 5 -алкактан орун алган. Мунун өзү Москва шаарынын убактысы Фрунзеникине караганда үч саатка кечтик кылат дегенди ккe катат/.

ПРЕЛОМЛЕНИЕ СВЕТА жарыктын сынышы /бир тектүү эмес чөйрөдөгү жарыктын таралуу багытынын өзгөрүшү/.

ПРЕОБЛАДАЮЩИЕ ЗАПАДНЫЕ ВЕТРЫ үстөмдүк кылган батыш шамалдары /көп жылдык байкоолор боюнча ортоңку кеңдиктерде /Айрыкча түштүк жарым шарда/ батыштан көп кайталануучу шамалдын багыты/.

ПРЕОБЛАДАЮЩИЙ ВЕТЕР үстөмдүк кылган шамал /белгилүү бир чөйрөгө көп жылдык байкоо жүргүзүүдө белгиленген сезондо, айда же жыл ичинде багыты боюнча үстөмдүк кылган шамал/.

ПРЕОБРАЗОВАНИЕ КЛИМАТА климатты өзгөртүү /адам коомунун аракети менен климатты /ылайыктуу/ ыңгайлуу жагдайга өзгөртүү/.

ПРИБОЙНАЯ ВОЛНА шарпылдак толкун /жээкке урган толкундун тайыз өркөчтөнбөгөн шарпылдагы/.

ПРИВЕДЕНИЕ ДАВЛЕНИЯ К УРОВНЮ МОРЯ басымды деңиз деңгээлине



теңөө /байкоо жүргүзүүдөн алынган басым менен температура боюнча деңиз деңгээлине туура келүүчү басым чоңдугун барометрдик формула аркылуу эсептеп чыгаруу/.

ПРИВЕДЕНИЕ ТЕМПЕРАТУРЫ К УРОВНЮ МОРЯ температураны деңиз деңгээлине теңөө /температуралык градиент боюнча /0,5°/100 м/ ар кандай станциялардын маалыматынын деңиз деңгээлинде боло турган маанисин табуу/.

ПРИВЕДЕННАЯ ТЕМПЕРАТУРА ВОЗДУХА абанын белгиленген температурасы /деңиздин деңгээлинин орточо изотермалык картасын түзүү максаты үчүн деңиз деңгээлине тууралаңган абанын температурасынын көп жылдык орточо мааниси/.

ПРИВЕДЕННОЕ ДАВЛЕНИЕ белгиленген басым /деңиз деңгээлине тууралаңган атмосфералык басым/.

ПРИКЛАДНАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ прикладдык климатология /климаттык маалыматтарды айыл чарбасынын, техниканын, курулуштун, транспорттун, авиациянын ж.б. оперативдик маселелерине колдонуу жөнүндөгү илим; п.к. -га агроклиматология, авиациялык климатология, биоклиматология, индустриалдык климатология кирет/.

ПРИКЛАДНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ прикладдык метеорология /метеорологиялык элементтердин маалыматтарын айыл чарбасынын, техниканын, медицинанын кызыкчылыгы үчүн колдонуу жөнүндөгү атайын прикладдык илимдин тармагы/.

ПРИЛИВ деңиз, көл ташкыны /Күндүн жана Айдын тартылуу күчү пайда кылуучу деңиз, көл сууларынын деңгээлинин мезгилдүү көтөрүлүшү/.

ПРИМЕСИ В АТМОСФЕРНЫХ ОСАДКАХ атмосфералык жаан-чачындагы аралашмалар /жаандын суусундагы химиялык элементтердеги жана бирик-

мелердеги иондор ; бул - хлориддин /$Cl'$/, сульфиттин /$SO_3$/, сульфаттын /$SO_4$/, нитраттын /$NO_3$/, гидрокарбонаттын /$HCO_3$/, аниондору жана натрийдин /$Na'$/, магнийдин /$Mg''$/, кальцийдин /$Ca''$/, аммонийдин /$NH_3$/, аммиактын /$NH_4$/ катиондору. Алардын орточо концентрациясы мг/л менен 0,21 $NH_4$ ден 18,20 М $CO_3$ чейин жетет/.

ПРИМЕТЫ ПОГОДЫ <u>аба ырайынын белгиси</u> /элдин кылымдар бою жыйналган тажрыйбасына, фольклордук жанрга таянып болжоо иретинде аба ырайы женундо алдын ала айтуу. Мындай алдын ала айтуулар келгин куштардын келишине же кайра кайтышына /каркыралардын бийик учушуна/ ай, жылдыз, уркердун жоголушуна негизделип айтылган/.

ПРИМОРСКИЙ ТУМАН <u>деңиз жээгиндеги туман</u> /кышында деңизден соккон жылуу абанын материкти көздөй капташынын натыйжасында пайда болгон туман/.

ПРИТОКИ <u>куймалар</u> /дарыя, көлдөргө кошулган агын суулар/.

ПРОГНОЗ ПОГОДЫ <u>аба ырайы тууралу алдын ала айтуу</u> /метеорологиялык элементтердин /температура, басым, күндүн радиациясы, жаан-чачын, шамал, туман ж.б./ колдо болгон маалыматтарын иштеп чыгуунун натыйжасында аба ырайынын болочок абалы жөнүндө күн мурунтан оозеки эскертүү же график түрүндө иштеп көрсөтүү/.

ПРОГНОЗ ПО МАРШРУТУ <u>маршрут боюнча алдын ала айтуу</u> /самолет учкан аэродромдон конуучу аэродромго чейин аба трассасынын метеорологиялык кубулуштары жөнүндө алдын ала эскертүү/.

ПРОГНОЗ СИНОПТИЧЕСКОГО ПОЛОЖЕНИЯ <u>синоптикалык абалын алдын ала айтуу</u> /аба массасынын, фронттордун, атмосфералык ар кандай тынчсыздануулардын болочок орун алмаштары жана касиеттери жөнүндө алдын ала айтуу/.



ПРОГНОСТИЧЕСКИЙ ЦЕНТР <u>прогноздоочу борбор</u>

ПРОГРАММА ИССЛЕДОВАНИЯ ГЛОБАЛЬНЫХ АТМОСФЕРНЫХ ПРОЦЕССОВ <u>глобалдык атмосфералык процесстерди изилдөөнүн программасы</u> /жер шарынын тропосфера жана стратосферасындагы физикалык процесстерди изилдөө үчүн иштелип чыккан эл аралык тартиптеги программасы/.

ПРОГРЕССИВНОЕ ИЗМЕНЕНИЕ <u>прогрессивдүү өзгөрүү</u> /узак убакыттын ичинде туруктуу бир багытка өзгөргөн жаратылыштык процесс, мисалы, климаттын белгилүү бир багытка /кургакчылыкка же нымдуулукка/ өзгөрүшү/.

ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ ЖИЗНИ ИОНА <u>иондун жашоосунун узактыгы</u> /иондун пайда болгон моментинен кайрадан кошулмага аралашуу моментине чейинки убакыт аралыгы; атмосферанын реалдуу /чыныгы/ абалындагы жеңил иондордун сакталуу убакытынын узактыгы 5 минут, оор иондордуку I саат жана андан да көбүрөөк/.

ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ СОЛНЕЧНОГО СИЯНИЯ <u>күндүн шоолалануусунун узактыгы</u> /горизонтко жашынбай, туман-булут баспай жана гелиографтын лентасына из калтырган мезгилдин узактыгы, мисалы, Москвада 1600 саат; Пржевальскиде 2600 саат, Ысык-Көлдүн сыртындагы Каракол метеостанциясында 2965 саат/.

ПРОЗРАЧНОСТЬ <u>тунуктук</u> /заттын белгилүү калыңдыктагы катмары аркылуу анын бетине түшкөн жарык агымынын белгилүү бөлүгү багытын өзгөртпостон өтө ала тургандыгын көрсөтүүчү заттын мүнөздөмөсү/.

ПРОЗРАЧНОСТЬ АТМОСФЕРЫ <u>атмосферанын тунуктугу</u> /атмосферанын кыска же узун толкундагы, интегралдык же белгилүү спектр участогундагы радиациясын өткөрүүдөгү жөндөмдүүлүгү/.

ПРОЗРАЧНОСТЬ ВОДЫ <u>суунун тунуктугу</u> /суунун жарык нурларды өткөрүүчү жөндөмдүүлүгү, ал суунун физикалык касиетине жараша болот/.

ПРОЛЮВИЙ шиленди /суу менен агып келип тоонун этектерин бойлото жаткан шилендилерден турган тектердин, чополордун жана ар турдуу чекмелердун жыйындысы/.

ПРОМЕР ГЛУБИНЫ терендикти элчее /келдун же агын суулардын терендигин элчее/.

ПРОМЕРЗАНИЕ ПОЧВЫ топурактын тонушу /кышында топурактын кыртышына 0° тагы же андан да теменку маанидеги температуранын таралышы; топурактын муздашынын терендиги анын турунe, нымдуулугуна жана иштелишине жараша болот/.

ПРОМЕРЗАНИЕ РЕК И ВОДОЕМОВ дарыялардын жана келмелердун тонушу /дарыялардын жана келмелердун узун - туурасынан жана терендиги боюнча тубуне чейин тонушу/.

ПРОМОИНА суу жеген чункур, ан /суу казган чункур/.

ПРОСАЧИВАНИЕ ВОДЫ суунун синиши /топуракка суунун синиши жана жер астындагы суулардын денгээлине чейинки кыймылы; буга капиллярдык жана турбуленттик кыймыл кирет/.

ПРОТИВНЫЙ ВЕТЕР карама-каршы шамал /самолеттун же кеменин журуу багытына каршы бет маңдайынан болгон шамал/.

ПРОТОК сала /эки ээнду же сууну кошкон айрыгы/.

ПРОТОНОСФЕРА протоносфера /электрондор менен протондор басымдуулук кылган жердин точкасынын жана экзосферанын жогорку чеги/.

ПРОФУНДАЛЬ профундаль /келдердун терениндеги толкун урбай турган жана суусу аралашпай турган тупкуру/.

ПРУД жасалма келме, аныз

ПРЯМАЯ РАДИАЦИЯ туз радиация /кун тегерегинен чыккан радиациянын параллелдуу шоолалуу нур турунде байкоо жургузуучу жерге чейин келип жеткен болугу/.



ПСИХРОМЕТР психрометр /абанын нымдуулугун жана температурасын элчей турган прибор/.

ПСИХРОМЕТРИЧЕСКАЯ БУДКА психрометрдик будка /метеорологиялык станцияларда психрометрдик приборлорду жайлаштырып коюучу жыгач будка, кичинекей уй ; ал приборлорду кундун радиациясынан, жаандан, шамалдан жана башка атмосфералык кубулуштардын тeро таасиринен сактайт/.

ПСИХРОМЕТРИЧЕСКАЯ УСТАНОВКА психрометрдик жайгаштыруулар /психрометрдик будканын ичине коюп атмосфералык басымды, температураны аныктоочу метеорологиялык аспаптарды жайгаштыруу ; ага Августанын психрометри, чачтуу гигрометр, максималдык жана минималдык термометрлер кирет/.

ПСИХРОМЕТРИЧЕСКИЙ ТЕРМОМЕТР психрометрдик термометр /психрометрлерде колдонуучу сымаптуу термометр, п.т. Августтун психрометринде шар тегерекчелуу резервуардан турат, шкаласынын аралыгы 0,2° тан +4I же +50 ден - 3I же -35° чейин/.

ПУРГА бурганак , бороон

ПУТИ ЦИКЛОНОВ циклондордун жолдору /белгилуу географиялык район аркылуу етуучу типтуу же орточо типтеги циклондордун басып етуучу негизги жолдору, мисалы, Европанын территориясындагы Ван-Бебердин жолу көптен бери /1882-1891- ж./ белгилуу ; 1896- ж. М.А. Рычков Европанын территориясына тиешелуу циклондордун жолунун так картасын Обь дарыясынын жээгине чейин тузген/.

ПУШИНКА кардын мамыктай жумшак бурткучелеру

ПУШИСТЫЙ СНЕГ жумшак кар

ПЫЛЕВАЯ МУТНОСТЬ чандуу, киргил суу /атмосферанын коллоиддик катуу белукчелер менен чандалышынан пайда болгон ылайлуулугу/.

ПЫЛЕВОЙ ПОЗЕМОК чаң аралаш жээ бурганак /шамалдын күчү чаңдардын, майда кумдардын жер бети менен учурулушу; Кыргызстанда мындай абал Ысык-Көлдүн ойдуңунун батышында /Рыбачьеде/ көп байкалат/.

ПЫЛЬ чаң /атмосфералык абада калкып жүргөн көзгө илээшпеген /микроскоптук/ аэрозоль, бирок ал түтүн эмес жана суу /муз/ кристаллдарынан турбайт. Чаңдын концентрациясы – I см$^3$ абадагы көзгө илээшпеген чаңдардын саны конимметр /пылемер/ менен өлчөнөт/.

ПЫЛЬНАЯ БУРЯ чаңдуу бороон

ПЫЛЬНЫЙ ВИХРЬ чаңдуу куюн

ПЬЕЗА пьеза / МТС системасындагы басымдын бирдиги: I м$^2$ деги I стен. басымы IO барга туура келет/.

ПЯТИДНЕВНЫЙ ПРОГНОЗ беш күндүк прогноз /аба ырайын жөнүндө беш күндүк /пентадалык/ алдын ала айтуу/.

Р

РАБИ МЕТОД Рабинин методу /атмосфералык кубулуштардын кыймылында болгон ядролордун, атомдордун жана молекулалардын магниттик моменттерин жана молекулярдык ички өз ара аракеттенүүлөрдү изилдөөнүн резонанстык методу/.

РАБОТА жумуш /атмосфералык процесстердин мейкиндиктеги абалы, көлөмү, электр талаасы, радиациясы, циркуляциясы, агымы ж.б. өзгөргөн учурда, алардын /системаларынын/ тышкы курчап турган нерселерге, айлана чөйрөгө өткөргөн энергиясы/.

РАБОТА РЕК агын суулардын жумушу /жер бетинин бийик деңгээлинен жапыз деңгээлине суунун молекулаларынын куланышы /агышы/ менен сайдын нугундагы борпоң тектерди жылдыруу, чопо, кумдарды агызып шилендилерди пайда кылуу/.



РАБОЧИЙ НОРМАЛЬНЫЙ ПРИБОР кадимкидей жумушчу прибор /пайдаланып жүргөн куралдын тууралыгын текшерүүдө үлгү катарында түздөн-түз пайдалануучу куралдар: термометр, барометр ж.б./.

РАБОЧИЙ УРОВЕНЬ жумушчу деңгээл /агын суулардын тереңдигин өлчөп жатканда же башка гидрометриялык жумуштарды аткарып жаткан учурдагы агын суулардын орточо деңгээли/.

РАВНИННЫЕ РЕКИ түздүк дарыялары /өңкөйлүүлүгү кичине, жээги жапыз, имерилип жай аккан дарыялар; суунун нугу борпоң /кээде эшилме кумдардан, кээде чополуу сормодон/ катмарлардан өткөндүктөн суунун шары байкалбай мелмилдеп агат/.

РАВНОВЕСНЫЙ ТЕМПЕРАТУРНЫЙ ГРАДИЕНТ тең салмактуу температуралык градиент /абанын температурасынын турбуленттик жылуулук агымы нөлгө барабар болгон кездеги вертикалдык градиенти; анын жердин бетиндеги орточо чоңдугу 0,6$^0$/IOO м жакын/.

РАВНОВЕСИЕ ТЕРМОДИНАМИЧЕСКОЕ термодинамикалык тең салмактуулук /параметрлери убакыттын өтүшүнө көз каранды болбогон термодинамикалык системанын абалы/.

РАВНОДЕНСТВЕННЫЕ ДОЖДИ күн-түн теңелүүдөн кийинки жамгыр /экваторго чектеш райондордогу күн-түн теңелгенден кийинки жамгырдуу мезгил. Жаан-чачындын жылдык жүрүшүндө бул райондордо эки максимум байкалат. Анын ичинен жазындагы максимум негизги ролду ойнойт. Мындай процесстин байкалышы өтмө мезгилде конвергенциянын ички тропикалык зонасы экваторго жакындагандыгы менен түшүндүрүлөт/.

РАВНОДЕНСТВИЕ күн-түндүн теңелиши к. ВЕСЕННЕЕ РАВНОДЕНСТВИЕ, ОСЕННЕЕ РАВНОДЕНСТВИЕ

РАВНОМЕРНОЕ ДВИЖЕНИЕ ВОДЫ В ОТКРЫТОМ РУСЛЕ ачык өзөндөгү

агын суунун бир калыпта агышы /суунун сай менен агышында анын тереңдиги, жайыктыгы, эңкейип бирдей болгон кездеги жылышы/.

РАДИАН радиан /I рад - 57,296$^{0}$ барабар болгон бирдик; мындай бирдик менен бурчту өлчөйт. Гидрометеорологияда радиан аба массаларында циклон, антициклон, шоола, радиация ж.б. кубулуштардын жер бети менен болгон аракетиндеги бурчтар айтылат/.

РАДИАЦИОННАЯ ИНВЕРСИЯ радиация инверсиясы, орун алмашуусу /жылуулуктун таралышына байланыштуу атмосферадагы температуранын инверсиясы /орун алмашуусу/. Мындай болууга жер бетинин кескин муздашы себеп болот. Ал жер бетинин радиациялык инверсиясы деп аталат. Кээде радиация инверсиясы деп чаңдуу же нымдуу атмосфера аркылуу анын үстүнкү бетинин муздашынан келип чыккан жылуулуктун орун алмашуусу айтылат/.

РАДИАЦИОННАЯ НОМОГРАММА радиациялык номограмма /температура менен нымдуулуктун белгилүү байлактык боюнча бөлүнүүсүнө байланыштуу атмосферадагы ар түрдүү деңгээлдер боюнча узун толкундар агымын графиктик эсептөө үчүн номограмма. Номограмманын жардамы менен күндүн радиациясынын өйдө-төмөн агымын жана атмосферадагы белгилүү деңгээлдин горизонталдык мейкиндиги боюнча кыймылын аныктоого болот/.

РАДИАЦИОННАЯ ПСЕВДОТЕПЛОПРОВОДНОСТЬ атмосфералык жалган жылуулук өткөргүч /узун толкундагы радиациянын жутулушу же чагылуусуна байланыштуу жер менен атмосферанын ортосунда же атмосферанын өзүнүн ич арасындагы жылуулуктун алмашуусу/.

РАДИАЦИОННАЯ ТЕМПЕРАТУРА радиациялык температура

РАДИАЦИОННОЕ ИЗМЕНЕНИЕ ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын радиациялык өзгөрүшү /I. жер бетиндеги радиация балансынын негизинде



температуранын өзгөрүшү; ал булут баспай, асман ачык болгондо күндүзү суммардык радиация, түнкүсүн эффективдүү жарык таросунун көп болгон мезгилинде чоң болот; 2. радиация балансына караша атмосферанын ар бир деңгээлиндеги температуралык өзгөрүш/.

РАДИАЦИОННОЕ ОХЛАЖДЕНИЕ радиациялык муздоо /жердин бетинин температурасы күндүн радиациясынын аз өлчөмдө келишинин же токтоп калышынын натыйжасында муздашы; жер бетинде туман каптоо же суук болуу радиациялык муздоого байланыштуу болот/.

РАДИАЦИОННЫЕ ФАКТОРЫ КЛИМАТА климаттын радиация факторлору /жердин бетине жана атмосферага күндүн радиациясынын келишин, чагылышын, жутулушун айтат; мунун баардыгы климатты пайда кылуучу жылуулук алмашуу процесстери болуп эсептелет/.

РАДИАЦИОННЫЙ БАЛАНС АТМОСФЕРЫ атмосферанын радиация балансы /атмосфера кабыл алган жана чагылдырган радиация агымынын алгебралык суммасы; ал төмөндөгүдөй формула менен туюнтулат: $R_a=E_a-E_0+J_a$; $E_0$ жердин бетинин эффективдүү чагылдырышы. $E_a$ -жердин бетинен жана атмосферадан кайра кеткен радиация; $E_a$ -атмосферанын сиңирип алган, түз жана чачырап кеткен радиациялар/.

РАДИАЦИОННЫЙ БАЛАНС ЗЕМНОЙ ПОВЕРХНОСТИ жердин бетинин радиация балансы /радиациянын сиңирилген жана жер бетинен кайра эффективдүү чагылдырылган суммасынын айырмасы. Ал төмөнкү формула менен эсептелет $R=(J+i)(1+a)-(E_s-\delta E_a)$; $J$ -түз, $i$ - чачыранды радиация; $a$ -мейкиндиктин альбедосу; $E_s$ -мейкиндик түн шоолалануусу, $E_a$ -атмосферанын каршы шоолалануусу, $\delta$ -жердин бетинин узун толкундуу радиацияны кабыл алуусун мүнөздөөчү салыштырмалуу коэффициент/.

РАДИАЦИОННЫЙ БАЛАНС СИСТЕМЫ ЗЕМЛЯ -АТМОСФЕРА жер-атмосфера системасынын радиациялык балансы /дүйнөлүк мейкиндиктен жердик

атмосфера түшкөн жана кайра чагылып кеткен радиациянын атмосфералык суммасы. Теңдеме төмөндөгүдөй $R_1 = \mathcal{I}_1 - \mathcal{I}_2 - \mathcal{E}_3$ жазылып

$\mathcal{I}_2$ атмосферанын чек арасындагы күн радиациясынын агып келиши; $\mathcal{I}_3$ чагылуучу кыска толкундагы радиация /чагылган жана чачыраган/, $\mathcal{E}$ атмосфера менен жерден чачыроочу узун толкундагы радиация/.

РАДИАЦИОННЫЙ КЛИМАТ радиациялык климат /I. жердин бетине жана атмосферага келген ошондой эле кайра чагылган радиацияны теориялык жол менен эсептеп, башка климат пайда кылуучу процесстерге көңүл бурбай аныктоочу калган климат; 2. белгилүү чөйрөдөгү күндүн радиациясынын жана жердин бетинен кайра чагылуучу радиациянын режими/.

РАДИАЦИОННЫЙ ОБМЕН радиациялык алмашуу/асман мейкиндиги, атмосфера жана жердин бетинин ортосунда радиациянын ар кандай түрлөрүнүн алмашуусу. Бирок, көпчүлүк учурда жердин бети менен атмосферанын төмөнкү катмарынын ортосундагы радиациянын өз ара алмашуусу айтылат. Радиация алмашуунун натыйжасында жердин бетинин, атмосферанын жогорку катмарынын белгилүү радиация балансы түзүлөт/.

РАДИАЦИОННЫЙ ПРИТОК ТЕПЛА радиациялык жылуулуктун агып келиши /радиациянын кутулушу жана чагылышынын натыйжасында атмосферага жана жердин бетине келип жеткен жылуулук. Ал температураны радиациялык өзгөрүүгө алып келет/.

РАДИАЦИОННЫЙ РЕЖИМ радиациялык режим /белгилүү жердеги радиациянын келишинин жана сарп болушунун мүнөздөмөсү/.

РАДИАЦИОННЫЙ ТЕРМОМЕТР радиациялык термометр /радиациялык температураны ченөөчү прибор: багытталган узун толкундагы пиргеометр/.



РАДИАЦИОННЫЙ ТУМАН радиациялык туман /жер бетинен буулануудан /жылуулуктун көтөрүлүшүнөн/ пайда болгон туман/.

РАДИАЦИЯ радиация /I. электромагниттик радиация - мейкиндиктин ар бир точкасында /электромагниттик талаада/ электрдик жана магниттик күчтөрдүн биргелешип мезгилдүү өзгөрүшү; 2. корпускулярдык радиация - заттардын элементардык бөлүкчөлөрүнүн агымы, мисалы; Күндүн корпускулярдык радиациясы, космостук шоолалануу, Жердин радиациялык алкактары ж.б./.

РАДИОАКТИВНЫЕ ВЫПАДЕНИЯ радиоактивдүү заттардын жаашы /атомдук же водороддук жарылуудан пайда болгон радиоактивдүү заттардын жер бетине түшүшү/.

РАДИОАКТИВНЫЕ ИЗЛУЧЕНИЯ радиоактивдүү нурлануу /радиоактивдүү заттар кыйраганда бөлүнүп чыккан элементардык бөлүкчөлөр жана электромагниттүү радиациялар/.

РАДИОАКТИВНОЕ ОБЛАКО радиоактивдүү булут /радиоактивдүү бөлүнүүлөрдүн продукциясынын чогулуусу/үймөлөктөнүшү/; ал атом же водород бомбаларынын жарылышынан пайда болуп, атмосферада кыйла убакытка чейин калкып жүрөт жана шамал аркылуу туруктуу алмашууларга дуушар болуп турат/.

РАДИОАКТИВНОЕ РАВНОВЕСИЕ радиоактивдүү тең салмактуулук /бири экинчисинен түзүлгөн радиоактивдүү заттардын сандарынын ортосундагы кыймылдуу /статистикалык/ тең салмактуулук/.

РАДИОАКТИВНОСТИ ИЗМЕРЕНИЯ /РАДИОМЕТРИЯ/ радиоактивдүүлүктү өлчөөлөр /радиоактивдүү препараттардын активдүүлүгүн жана ар түрдүү чөйрөлөрдөгү радиоактивдүү нуклиддердин концентрациясын өлчөө/.

РАДИОАКТИВНОСТЬ радиоактивдүүлүк /химиялык элементтин туруксуз изотопторунун башка бир элементтин изотопторуна өзүнөн-өзү ай-

лануу кубулушу; I. табигый радиоактивдуулук – химиялык бир элементтин ядросунун элементардык бөлүкчөлөрү жана электромагниттик радиациясын бөлүп чыгаруучу башка химиялык элементтердин изотопторуна өзүнөн-өзү айлануучу процесс; табигый радиоактивдуулук атмосфераны иондоштуруу процессинде чоң роль ойнойт; 2. жасалма радиоактивдуулук – жасалма жол менен ядролук реакциянын натыйжасында химиялык элементтердин кээ бир изотопторунун атомдук бөлүнүү процесси/.

РАДИОАКТИВНОСТЬ АТМОСФЕРЫ атмосферанын радиоактивдуулугу /атмосферадагы ядролук бөлүнүү процесси; а/ табигый атм. радиоактивдуулук; атмосферадагы аэрозол жана газ түрүндөгү радиоактивдүү изотоптордун болушу; алар жердин бетине туруктуу түрдө жаап турат. Мындай изотоптордун пайда болушуна космостогу радондун / $R_n^{222}$ / ролу чоң; б/ жасалма атм. радиоактивдуулук: урандын жана плутондун жасалма жолу менен жарылуусунун натыйжасында атмосферага радиоактивдүү изотопторду таратуу/.

РАДИОАКТИВНОСТЬ ВОД суулардын радиоактивдуулугу /тоо тектеринин жана кыртыштардын жышылуусунан жана атмосферадан келип кошулуунун натыйжасында суудагы радиоактивдүү заттардын пайда болушу/.

РАДИОАКТИВНОСТЬ ОСАДКОВ жаан-чачындын радиоактивдуулугу /жаамгырдын суусунда жана кар катмарында радиоактивдүү элементтердин /негизинен радондун/ болушу. Жаан-чачындын активдүүлүгү негизинен эки жол менен пайда болот: I. радиоактивдүү изотоптордун бөлүнгөн бөлүкчөлөрү конденсациянын ядросу болушу мүмкүн; 2. жаан-чачын атмосфера аркылуу өткөндө радиоактивдүү бөлүнүштөрдүн продуктулары менен өз ара каныгышы ыктымал. Жылма жааган жаанга караганда күн күркүрөп, чагылган түшкөн жаанда радиоактивдуулук көп болот. Ошондой эле жамгырга караганда жааган карда радиоактивдуулук ашыктык кылат. Кыроо, шүүдүрүм, бубактарда да радиоактивдүүлүктөр бар/.

РАДИОАКТИВНЫЕ ГАЗЫ радиоактивдүү газдар /уран, торий жана актиниттин бөлүнүүсүнүн натыйжасында атмосферага тарай турган радондун негизги изотоптору/.

РАДИОАКТИВНЫЕ ИЗОТОПЫ радиоактивдүү изотоптор /химиялык элементтердин радиоактивдык бөлүнүүлөрдүн натыйжасында башка элементтердин изотопторуна өтүп кете турган туруксуз изотоптору/.

РАДИОАКТИВНЫЕ ОСАДКИ радиоактивдүү жаан /атомдук же термоядролук жарылуулардан пайда болгон радиоактивдүү заттардын атмосфера аркылуу жердин бетине түшүшү/.

РАДИОАКТИВНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ радиоактивдүү элементтер /радиоактивдүү изотоптордон гана түзүлгөн химиялык элементтер/.

РАДИОАКТИВНЫЙ АЭРОЗОЛЬ радиоактивдүү чаңдар

РАДИОАКТИВНЫЙ ДОЖДЬ радиоактивдүү жамгыр

РАДИОАКТИВНЫЙ ИОНИЗАЦИОННЫЙ МОНОМЕТР радиоактивдүү иондоо монометри /радиоактивдүү нурдануунун/ көп учурда, $\alpha$ – бөлүкчөлөрдүн/ таасири астында иондолууга негизделип иштелүүчү, суюлтулган газдын басымын өлчөөчү курал/.

РАДИОАСТРОНОМИЯ радиоастрономия /асмандык нерселерди өздүк радио нурлануулары боюнча изилдөө/.

РАДИОАТМОСФЕРА СТАНДАРТНАЯ МЕЖДУНАРОДНАЯ эл аралык стандарттуу радиоатмосфера /атмосферанын орточо шоола/нур/ сынуу көрсөткүчүнүн $n$ маанисинин жер бетинен жогорулоо бийиктигине $h$ көз

карандылыгынын ортосундагы байланыш; $n(h) = 1 + a\ exp(-bh)$ менен мунөздөлүүчү атмосферанын абалы $a$ жана $b$ - берилген климаттык район үчүн туруктуу чондуктар/.

РАДИОВОЛНЫ радио толкундары /информацияларды өткөрүүчү берүү үчүн радио техникада колдонулуучу электромагниттик толкундар/.

РАДИОЗОНД радиозонд /эркин атмосферадагы метеорологиялык элементтерди ченеп, радиосигналдардын жардамы менен белгилүү пунктка кабарлап туруучу прибор. Метеорологиялык элементтерди /басым, температура, нымдуулук/ передатчиктин кыска толкундагы кенил сигналы аркылуу приемникке/кабыл алгычка/ жеткирип турат. Прибор суутек толтурул эркин учуучу каучук шарына бекитилип коюлат. Радиозонд көтөрүлгөн сайын прибор көрсөткөн маалыматтарды коддолгон сигнал менен автоматтык түрдө жиберип турат. Сигналды радиоприемник аркылуу кабыл алып иштеп чыккандан кийин ар кандай бийиктиктеги метеорологиялык элементтердин маанисин табат/.

РАДИОЗОНДИРОВАНИЕ радиозонд менен изилдөө /радиозонддорду жиберүү жолу менен эркин атмосферадагы метеорологиялык элементтердин вертикаль /бийиктик/ боюнча таралышынын информациясын алуу. Азыркы кезде р.м.и. аэрологиялык изилдөөлөрдүн негизги методу болуп эсептелет жана суткасына эки жолу радиозонд жиберүү менен информацияларды топтойт/.

РАДИОЛИНИИ МЕТЕОРНЫЕ метеордук радио сызыктар /метеорлор калтырган иондолгон издерден радио толкундардын чачыроосуна негизделүү менен түзүлүүчү радио байланыш сызыктары/.

РАДИОЛОКАЦИЯ радиолокация /байкоо жүргүзүлүүчү точкага коюлган радио техникалык аспап жабдыктардын жардамы менен ар кандай объектилердин алган ордун табуу жана аныктоо/.



РАДИОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИЙ ЦЕНТР радиометеорологиялык борбор /бир өлкөдө же областтагы метеорологиялык байкоолордун маалыматтарын радио аркылуу чогултуучу жана берип туруучу аба ырайынын кызматынын мекемеси/.

РАДИОМЕТЕОРОЛОГИЯ радиометеорология /метеорологиялык шарттын тропосферадагы радио толкундарына тийгизген таасирин жана тропосфералык процесстерди радиолокациянын жардамы менен изилдөө жөнүндөгү илим/.

РАДИОМЕТР радиометр I. жарыктын жылуулук аракетине негизделип анын нурлануусунун энергиясын өлчөөчү курал; 2. радио толкундук диапозондогу интенсивдүүлүгү кичине нурлануулардын кубаттуулугун өлчөөчү радио техникалык прибор/.

РАДИООСАДКОМЕР радиоосадкомер /радио сигналынын жардамы менен жаан-чачынды өлчөөчү дистанциялык прибор/.

РАДИУС ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ гидравликалык радиус /нуктун туура кесилишинин аянтына /W/, суу менен нук чектешкен сызыктын узундугунун /x/ катышы $/ z = \frac{W}{x}$ /.

РАДИУС ДЕЙСТВИЯ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ метеорологиялык станциянын аракетинин радиусу /метеорологиялык станциянын маалыматтары мүнөздүү болгон аймактын радиусу/.

РАДОН радон /Rn, мезгилдик системанын 0 группасынын элементи, катар номери 86, атомдук салмагы 222 радиоактивдүү инерттик газ. Радийдин бөлүнүшүнөн пайда болот; оныт мамычасында басымы 760 мм болгондогу эрүү температурасы $-71^{o}$, кайноо $t^{o}$ сы $-61,8^{o}$/.

РАДУГА көк желе /асмандагы жаа; асмандагы суу тамчылары аркылуу жарыктын шоолаларынын сынышынын, чагылышынын жана ди-

фракцияланышынын натыйжасында атмосферада пайда болуучу оптикалык кубулуш/.

РАЗВЕДКА ПОГОДЫ аба ырайын чалгындоо /метеорологиялык станциялар болбогон алыскы жана бийик тоолуу райондордун аба ырайын байкоо максатында атайын /самолет же байкоочу – метеорологдор аркылуу/ чалгындоолорду жүргүзүү/.

РАЗГОН ВОЛНЫ толкундун таралышы /көлмөнүн үстүңкү бетиндеги толкундун пайда болгон жеринен тараган чегине чейинки аралыгы/.

РАЗМЫВ суу жеп кетүү /жээктин суу жеген жериндеги борпоң тектен турган катмарлардын кулашы/.

РАЗРУШЕНИЕ ВОЛН толкундун басаңдашы /өркөчтөнгөн толкун басылып, акырын гана көбүктөнгөн чайпалуусу/.

РАССЕЯНИЕ В ИДЕАЛЬНОЙ АТМОСФЕРЕ идеалдуу атмосферадагы чачыроо /таза кургак атмосферадагы радиациянын молекулярдык чачырашы/.

РАССЕЯНИЕ РАДИОВОЛН радио толкундардын чачыроосу /1. чөйрөнүн стационардуу тексиздигинин натыйжасында пайда болуучу радио толкундардын талаасынын регулярдуу түрдөгү дүүлүгүүсү; 2.чөйрөдөгү флуктуациялык тегиздиктин негизинде радио толкундарынын таралуу багытынын, амплитудасынын, жыштыгынын же поляризациясынын тартипсиз чачылып өзгөрүүсү/.

РАССЕЯНИЕ СВЕТА жарыктын чачыроосу /жарыктын таралуу багытынын өзгөрүүсү жана заттардын жарыктануусунун пайда болуусу менен өтүүчү заттардын жарыкты өзгөртүп түзүүсү/.

РАССЕЯННАЯ РАДИАЦИЯ таралып чачыралган радиация /күндүн радиациясынын атмосферада чачыранды болушу менен чачыраныш; ал асман мейкиндигинен жердин бетине чейин жеткен радиациянын жылуулук саны /см$^2$/ мин менен өлчөнөт/.



РАССОЛЬНЫЕ ВОДЫ рассолдуу суу /составында эриген туздардын саны 50 г/л ашык болгон суулар/.

РАСХОД ВОДЫ суунун чыгымы /Q. агындын туурасынан кесилиши боюнча белгилүү убакыт бирдигинин ичинде агып өткөн суунун көлөмү; ал м$^3$/с., кичине суулардын чыгымы л/с менен туюнтулат/.

РАСХОД НАНОСОВ шилендилердин чыгымы /суунун агымы менен кеткен шилендилердин саны /кг/с./.

РАСХОД РАСТВОРЕННЫХ ВЕЩЕСТВ эриген заттардын чыгымы /агындын туурасынан кесилиши боюнча белгилүү убакыт бирдигинин ичинде агып өткөн эриген заттардын саны, кг/с./.

РАСХОДОМЕТР расходометр /электр станцияларынын турбинасы менен агып өткөн суунун расходун/чыгымын/ өлчөөчү прибор/.

РАСЧЕТ ВРЕМЕНИ ПО ВЫСОТЕ СОЛНЦА күндүн бийиктиги боюнча убакытты эсептөө /күндүн бийиктигинин формуласы боюнча убакытты аныктоо; ал мындайча $\cos\tau = \frac{\sin h - \sin\varphi \cdot \sin\delta}{\cos\varphi \cos\delta}$; $\tau$ –күндүн сааттык бурчу; $h$ –күндүн бийиктиги, $\delta$ –күндүн жантайуусу, $\varphi$ –байкоо жүргүзгөн пункттун кеңдиги/.

РАСШИРЕНИЕ ГОРИЗОНТА горизонттун кеңейиши /атмосферадагы жарык нурлардын сынышы менен горизонттун көрүнүүчү радиусунун кеңейиши/.

РЕАЛЬНАЯ АТМОСФЕРА реалдуу атмосфера /чыныгы атмосфера. Мындай атмосферанын составында радиацияны кабыл алуучу жана кайра чачыратуучу аэрозоль бирикмелери /чаң, конденсациянын продуктулары/ жана суу бууларынын тамчылары болот/.

РЕАЛЬНЫЙ ГАЗ реалдуу газ /молекулаларынын арасында молекула-

лар аралык аракеттери бар газ. Суюктукка айланганы турган реалдуу газды буу деп атайт/.

РЕГЕНЕРАЦИЯ ЦИКЛОНА /АНТИЦИКЛОНА/ циклондун /антициклондун/регенерациясы /басаңдап бара жаткан циклондун /антициклондун/ кайра күчөшү/.

РЕГИОНАЛЬНАЯ СИНОПТИКА регионалдык синоптика /жер шарынын же бир өлкөнүн ар кайсы бөлүктөрүнүн синоптикалык процесстерин үйрөтүүчү илим/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ СТОКА агымды жөнгө салуу /агын суунуң көлөмүн, багытын жана чыгышын талапка ылайыктап жөнгө салуу/.

РЕГУЛИРУЮЩЕЕ ВЛИЯНИЕ ОЗЕРА көлдүн жөнгө салуучу таасири /көл аркылуу агып өтүүчү агын суулардын чыгымына, түнүктүү агышына ж.б. гидрографиялык мүнөзүнө көлдүн тийгизген таасири/.

РЕКА дарыя /жаан-чачын, мөңгү жана булактардан куралган табигый суунун үзгүлтүксүз агымы. Дарыянын пайда болушу климаттык жана жер бетинин рельефине байланыштуу. Дарыя ээлеген бассейнинин аянты, узундугу, туурасынын кеңдиги, тереңдиги, деңгээли, агымынын ылдамдыгы, суунун чыгымы ж.б. менен мүнөздөлөт. Ортоңку кеңдиктерде жаан-чачындын саны 250 мм, субтропикте 500 мм, тропиктикте 700-1000 мм ге жеткенде гана дарыя пайда болот. Дүйнөдөгү эң узун дарыя - Нил /узундугу 6671 км/, СССРде Обь /узундугу Иртыш дарыясы менен 5570 км/, Кыргызстандагы эң узун дарыя Чүй /жалпы узундугу 1030 км/, эң чоң жана суусу мол - Нарын/.

РЕКА БОЛЬШАЯ чоң өзөн



РЕКА МАЛАЯ кичине өзөн /бассейнин аянты 1-2 миң км² болгон чакан суу/.

РЕКА СРЕДНЯЯ орто дарыя /бассейнинин аянты 2 ден 50 миң км² чамасындагы жана бир гана географиялык зонанын ичиндеги дарыя/.

РЕКИ БОЛОТНЫЕ саз дарыясы /бассейнинде саздуу чөйрө басымдуулук кылган /өзөн/ суулар. Мындай суулардын чыгымы жылдын көп бөлүгүндө бир калыпта калат/.

РЕКИ ОЗЕРНЫЕ көлдүү дарыялар /бассейнинде көлдөрү бар жана көлгө агып кирип, агып чыгып туруучу суулар/.

РЕКИ С АЗОНАЛЬНЫМИ РЕЖИМОМ зонасыздыктын режиминдеги дарыялар /дарыянын алабынын жергиликтүү шартынын өзгөчөлүгүнүн таасиринин натыйжасында режими жалпы жаратылыш зонасынын шартынан башкача мүнөздөгү дарыялар. Мындай болууга көлдөрдүн, саздардын болушу таасир этет жана дарыялардын алабынын чоң же кичине болушуна карабайт/.

РЕКИ С ЗОНАЛЬНЫМ РЕЖИМОМ зоналык режимдүү дарыялар /белгилүү географиялык зонанын жаратылыш шартына шайкеш келген жылдык же көп жылдык агыштын мүнөздүү белгилерин чагылдырган режимдүү дарыялар/.

РЕКИ С ПОЛИЗОНАЛЬНЫМ РЕЖИМОМ татаал режимдүү дарыялар /бир нече географиялык зоналарды аралап аккан ири дарыялардын татаал режими. Мисалы, Чүй суусу бийик тоодон башталып бир нече геологиялык структураны аралап өтөт, куймаларынын көпчүлүгү сол тарабынан куят, орто жеринде бир суу сактагыч, эки плотина менен тосмолонгон. Демек, мунун баардыгы суунун режимине таасирин тийгизүүчү себептер/.

РЕЛЕЕВСКАЯ АТМОСФЕРА Релея атмосферасы /кундун радиациясы Релеянын закону боюнча атмосферадагы туруктуу газдардын молекулалары аркылуу шоолаланган шарттуу атмосфера/.

РЕЛЕЕВСКОЕ РАССЕЯНИЕ Релея чачыроосу /Релея закону боюнча газдуу чөйрөдөгү радиациянын чачыроосу/.

РЕЛИКТОВАЯ МЕРЗЛОТА реликтик эзелки тондук /өткөн геологиялык доорлордогу жер астындагы тоңдуктардын пайда болушуна кенен шарты болгон учурдан бери сакталып келе жаткан тоңдуктар/.

РЕЛИКТОВЫЕ ПОДЗЕМНЫЕ ВОДЫ жер астындагы реликттик суулар. /тоо тектеринин жер астындагы катмарынын боштуктарындагы /коңулдарындагы/ суулар ошол тектер менен жашташ дегендикти билдирет, эгерде тектердин үстүнкү катмарында кийинки мезгилдердин суулары болсо. Бирок, бул азырынча талаш маселе/.

РЕЛИКТОВЫЕ ФОРМЫ РЕЛЬЕФА рельефтин реликттик формалары /өткөн бир геологиялык доорлордо пайда болуп азыркы кезге чейин формасын жоготпой келе жаткан рельеф. Алардын болушу азыркы климаттык шартка дал келишпей өзүнчө бир белгилүү карама-каршылыктарды көрсөтөт. Мисалы, тоолордогу мөңгүлөрдүн издери – тепши, корум, циркттин формасындагы ойдуңдар; суулардын бийик калаттары ж.б./.

РЕЛЬЕФ МЕСТНОСТИ жер бетинин түзүлүшү /жер бетинин вертикалдык жана горизонталдык багыттар боюнча муунакталышынын жалпы жыйындысы, б.а. ой, чуңкур, тоо, ойдуңдар; жер бетинин кээ бир тегиздиктеринин масштабына карата макрорельеф, мезорельеф жана микрорельеф делинип бөлүнөт/.

РЕПЕР ВОДОМЕРНОГО ПОСТА суу ченөөчү постогу репер /дарыялардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын сууларынын деңгээлин ченөө-



чү курал. Анын шкаласындагы нөл тарабы суунун түбүнө орнотулат. Шкала боюнча нөлдөн жогору бийиктиктин көрсөтүүсү суунун деңгээлин көрсөтөт. Суу ченөөчү репер негизги жана контролдук делинип экиге бөлүнөт/.

РЕПРЕЗЕНТАТИВНАЯ СТАНЦИЯ репрезентативдүү станция /жергиликтүү шарттын таасири анча таасир этпеген калыс метеорологиялык станция. Мындай метеорологиялык станциялардын маалыматтары ири физико-географиялык райондордун жалпы шартына бирдей тиешелүү болот/.

РЕПРЕЗЕНТАТИВНОСТЬ мүнөздүүлүк /белгилүү гидрометеорологиялык маалыматтын ири масштабдагы территориянын атмосфералык же гидрологиялык абалына мүнөздүүлүгү, көрсөткүчтүүлүгү/.

РЕЧНАЯ ГИДРОЛОГИЯ дарыя гидрологиясы /өзөн, дарыя, суулардын гидрологиялык мүнөзүн изилдөөчү илим/.

РЕЧНАЯ СЕТЬ дарыя тармагы /белгилүү территориядагы дарыялардын тармагынын жалпы жыйындысы/.

РЕЧНАЯ СИСТЕМА дарыя системасы /белгилүү территориядагы суулардын бири-бирине биригип пайда болгон дарыянын жаралышы жана ал территориядан агып чыгышы; ал негизги өзөндөн жана бир нече муунактуу куймалардан турат/.

РЕЧНОЙ БАССЕЙН дарыя бассейни /суусу жай аккан, түбү тегиз ойдуңга чогулган тегереги /курчалган/ бийик көтөрүлүп турган көлмө же агын суунун тармактарынын алабы/.

РЕЧНОЙ СТОК дарыя агымы /1. жаратылыштагы суунун айланышынын агын суу формасындагы кыймылы; 2. белгилүү убакыт ичинде суунун нугу менен агып өткөн суунун саны/.

РИТМЫ ритмдер /белгилүү атмосфералык же жалпы эле та-

бигий/ процесстердин кайталанышы же алардын күчтүүлүгүнүн термелүүсү жана ошол термелүүлөрдүн негизинде метеорологиялык /гидрологиялык/ элементтердин маанисинин кошо өзгөрүүсү. Мындай өзгөрүүлөр мезгилдин шартына көз каранды болбойт, ошондуктан ритмдүүлүктүн амплитудасы туруктуу эмес жана маанилери бири-бирине окшобойт. Салыштырмалуу узак убакыттан кийин кайталануучу ритмдерди циклдер деп атайт. 2. Б.П.Мультановскийдин теориясы боюнча атмосфералык процесстердин белгилүү типтерине убакыттын көз бир аралыгынын ичинде анда-санда /бирин-серин/ кайталанышы/.

РОВНЫЙ ВЕТЕР бир калыптагы шамал /метеорологиялык станцияларда байкоо жүргүзүү мезгилинде /2 минутанын ичинде/ шамалдын ылдамдыгынын бир калыпта болушу/.

РОДНИК б у л а к /жер астынан жылжып же оргуп чыккан суу. Суулуу тектүү /сайдын, чуңкур, өрөөн ж.б./ рельефтин терс формалары булактарды пайда кылууга шарт түзөт. Пайда болуу шартына, сууларынын агып чыгышына жана толукталышына жараша булактар: басаңдоочу /басымы аз суудан чыгуучу/, кайнар /басымы күчтүү артезиан суусунан чыгуучу/ туруктуу /жерден дайыма бирдей өлчөмдө агып чыгуучу/, мезгилдүү, же убактылуу делинип бөлүнөт. Суусунун составы боюнча түзсуу жана минералдуу деп айырмаланат; температурасы боюнча жылуу жана муздак булактар деп аталат. Булактар ар түрдүү жолдор /жер бетиндеги агын жана кыртыш сууларынан, жер астындагы артезиан сууларынан, жаан-чачындан/ менен куралып суусунун чыгышы /дебити/ ар түрдүү болот. Айрыкча too тектеринин жаракаларынан жана карсттардан чыккан булактардын дебити чоң болот. Түзсуу булактын суулары турмуш тиричилик үчүн, мал сугаруу жана сугат иштеринде пайдаланылат.



Минералдуу жана арашан булактарынын суулары медицинада колдонулат/.

РОДНИКОВЫЙ ТЕРМОМЕТР булак термометри /суунун температурасын өлчөөчү термометр; ал түбүндө бурамалуу металл алкакчага жылчыксыз кылып бекитилип коюлат. Термометрдин резервуарына жездин таарындысы себилип коюлат; аны менен термикалык инерция көбөйүп, термометрди суудан тартып жатканда көрсөтүүсү сакталып турат/.

РОЗА ВЕТРОВ шамалдар розасы /белгилүү чөйрөнүн шамалынын режимин көрсөтүүчү диаграмма. Ал тегеректенин борборунан негизги румбалар /багыттар/ боюнча тараган нурлар/.

РОСА шүүдүрүм /абадагы көзгө илээшпеген суу бууларынын түнкү салкын аркылуу чоң тамчыларга айланып жер бетине, бак-даракка отурушу; мелүүн алкактагы шүүдүрүм бир түндө 0,1 - 0,5 мм тарга отурушу; мындай болгө чейинки катмардагы нымдуулукту пайда кылат алат; мындай болгондо жылына шүүдүрүмдөн пайда болгон нымдуулук 10-30 мм чейин жетет. Тропикте ар түнү 3 мм чейин шүүдүрүм байкалат/.

РОСОМЕР росомер /абадан бөлүнүп чыга турган шүүдүрүмдү аныктай турган курал/.

РТУТНЫЙ БАРОГРАФ сымаптуу барограф /кабыл алуучу бөлүгүнө сымап толтурулган, барометрдик түтүкчөдөн турган барограф/.

РТУТНЫЙ БАРОМЕТР сымаптуу барометр /сымап толтурулган суюктуктуу барометр. Конструкциялык өзгөчөлүгү боюнча чөйчөктүү, сифондук жана сифондук-чөйчөктүү делинип бөлүнөт/.

РТУТНЫЙ СТОЛБ сымап мамысы /сымаптуу барометрдин түтүкчөсүндөгү сымап мамысы; анын деңиз деңгээлиндеги бийиктиги 760 мм жакын/.

РТУТНЫЙ ТЕРМОМЕТР сымаптуу термометр /химиялык таза сымап толтурулган суюктуктуу термометр; ал – 35° тан жогорку температурада гана колдонулат, себеби – 39° сымап муздайт. Метеорологиялык станциялардын практикасында психрометриялык мөөнөттүк максималдуу Савиновдун жана Лямондун топурак термометри деген приборлор колдонулат/.

РУМБ румб, багыт /метеорологиянын талабы боюнча горизонттун айланасын 16 багытка , б.а. ар бирин 22,5° өлчөп бөлүү кабыл алынган. Анын ичинен түндүк / С /, түштүк /Ю/, батыш /З/, чыгыш /В/ негизги багыттар делиний аталат. Калган 12 багыт негизги багыттардын комбинацияларынан /ССВ, СВ; ВСВ; ВЮВ; ЮВ, ЮЮВ; ЮЗ; ЮЮЗ; ЗЮЗ; СЗ; ССЗ делинип/ турат.




РУСЛО нук /өрөөндүн эң төмөнкү суу агып өтө турган бөлүгү. Аны менен шилендилер ташылат жана суу агып өтөт; кышкысын муз тоңот. Тегиз же ойдуңдуу жердеги өрөөндүн нуктары ийри-буйру болоо, тоолуу өзөндүн нуктары эңкейиш болуп; шаркыратмалуу келет/.

РУСЛОВАЯ ГИДРОЛОГИЯ нуктук гидрология /гидрология илиминде суу нуктарынын морфологиялык түзүлүшүн; пайда болуу тарыхын; азыркы кездеги табигый процесстеринин динамикасын изилдөөчү илим/.

РУСЛОВАЯ ЕМКОСТЬ нуктун сыйымдуулугу /суу киргенде же ташыганда өзөндүн жана нуктун сыйымдуулугу/.



РУСЛОВОЕ ВОДОХРАНИЛИЩЕ нуктук суу сактагыч /таманы дарыянын нугуна окшогон суу сактагыч/.

РУСЛОВОЙ ПОТОК нуктук агым /тартылуу күчтүн аракети боюнча нукту бойлоп агуу процесси/.

РУСЛОВОЙ ПРОЦЕСС нуктук процесс /агын суунун аракети менен өзөндүн нугунун морфологиялык түзүлүшүндөгү туруктуу өзгөрүп туруу процесси. Акыркы жылдарда бул процесс эрозиялык жана аккумуляциялык /жуулуу жана катмарлануу/ процесстеринин башкы багыты катарында каралып, ага карата атайы илим изилдөө иштеринин объектиси болуп калды/.

РУСЛОВЫЕ ДЕФОРМАЦИИ нуктук өзгөрүү /суунун агышы жана чөкмөлөрдүн /шилендилердин/ топтолушу менен дарыялардын нугунун абалынын жана көлөмүнүн өзгөрүшү/.

РУСЛОВЫЕ ОБРАЗОВАНИЯ нуктук жаралуулар /түзүлүктөрдөгү дарыялардын нугунда шилендилердин топтолушунун жана орун алмашууларынын натыйжасында пайда болгон рельефтин ар түрдүү формалары: арал, сайроон, жал, сормо, ийрим, көлмө, кайрылма ж.б./.

РУСЛОФОРМИРУЮЩИЕ НАНОСЫ нук пайда кылуучу шилендилер /нукту пайда кылууга катышкан чөкмө шилендилер: кум, чопо, шагыл, корум ж.б./.

РУЧЕЙ суу салаасы, булак /кар, жамгыр же жер астындагы булактан жаралган туруктуу агымдуу же мезгил-мезгили менен соолуп калуучу кичине /жеңдей/ суу/.

РЯБЬ майда толкун, сибизги толкун /көлдүн, дарыянын сууларынын бетинде жумшак жел пайда кылуучу майда, чыбырчык тармал толкун/.

С

САЙ сай/Орто Азия жана Казахстанда сай деген агын суулардын

өзөнү, мурда суу жүргөн кургак коо, суунун сайы айтылат/.

САЛО тоз /агын суу тоңор алдында суу үстүндө тоз жүрүп калкыган муз/.

САЛЬТАЦИЯ сальтация /нук түбүндөгү шилендилердин туурасынан жал-жал кайланышы/.

САМООЧИЩЕНИЕ ВОДОЕМОВ көлмөлөрдүн өз алдынча тазаланышы /физикалык, химиялык жана биологиялык процесстердин натыйжасында көлмөлөрдөгү сууларда ылайлоочу заттардын кошулмаларынын өзүнөн өзү азайышы, б.а. органикалык заттардын биохимиялык жол менен кычкылданышынын натыйжасында суудагы микроорганизмдердин өлүп азайышы/.

САМООЧИЩЕНИЕ ПРИРОДНЫХ ВОД жаратылыш сууларынын өз алдынча тазаланышы /физико-химиялык жана биохимиялык процесстердин натыйжасында дарыя, көл ж.б. суулуу об"ектилердеги суунун табигый калыбына келиши. Жай күндөрүндө микроорганизмдердин жашоо шарты ыңгайлуу болгондуктан жана химиялык реакциялардын ылдамдыгы күчөгөндүктөн суулардын ылайлоочу заттарды иштеп чыгуусу өркүндөйт, ал эми кышкысын, тескерисинче, суулар тунук болот/.

САМОЛЕТНАЯ РАЗВЕДКА ПОГОДЫ аба ырайына самолет менен чалгындоо жүргүзүү

САМОЛЕТНОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ самолет менен аба ырайын изилдөө/самолет менен метеорографты жиберип, абанын температурасын, басымын, нымдуулугун регистрациялоо/.

САМОЛЕТНЫЙ ИЗМЕРИТЕЛЬ ВОДНОСТИ ОБЛАКОВ булуттардын нымдуулугун самолеттон жүрүп өлчөө /учуу мезгилинде булуттардагы нымдуулукту өлчөөчү курал; ал цилиндр формасындагы түтүкчөдөн турат да самолеттун сыртына шамал тарапка бет маңдайынан бекитилип коюлат.



Түтүкчөнүн калибрдүү тешикчесине бөлгөн кагаз ленталуу касета коюлат. Ал булуттагы нымды өзүнө тартып алат жана кагаз лентага нымдын белгилүү изин калтырат. Ошого карата булуттагы нымдуулук аныкталат/.

САМОЛЕТНЫЙ МЕТЕОРОГРАФ самолеттук метеорограф /самолет-зондировщиктин канатына орнотулуп учуу мезгилинде метеорологиялык элементтердин ондугун регистрациялай турган метеорограф/.

САМОЛЕТНЫЙ ТЕРМОМЕТР самолеттук термометр /самолет учкан мезгилде эркин атмосферадагы абанын температурасын өлчөөчү термометр; ал самолеттун фюзеляжына шамалдын багытына бет маңдайынан орнотулуп коюлат; көбүнчө каршылык же биметаллдык термометрлер колдонулат/.

САМОПИСЕЦ РОСЫ шүүдүрүмдү өзү жазгыч курал / шүүдүрүмдү үзгүлтүксүз жазып турат. Таразанын принцибине негизделген; таразанын бир чөйчөгүнө чогулган нымды анын экинчи ийниндеги жүктүн салмагы боюнча аныкталат. Ошол тең салмактуулуктун кыймылы атайы бекитилип коюлган кагаз лентага стрелканын көрсөтүүсү боюнча жазылып турат/.

САМОПИСЦЫ АТМОСФЕРНЫХ ОСАДКОВ атмосфералык жаан-чачынды өзү жазгыч курал /атмосфералык жаан-чачынды жамгыр, кар, мөндүр ж.б./ жазгыч курал. СССРде жамгыр өлчөөчү өзү жазгыч - плювиографтар /П - I, П -2/ менен колдонулуп келе жатат/.

САМОПИСЦЫ ВОЛНЕНИЯ В ВОДОЁМАХ көлмөлөрдөгү толкундарды жазгыч курал /толкундардын күчүн, бийиктигин жана башка элементтерин толугу менен же кээ бир гана элементтерин жазып турат. Көлдөрдөгү же суу сактагычтардагы суунун үстүнкү бетиндеги тол-

кундарды жазып туруу үчүн калкытмалуу же электромагниттик курал колдонулат/.

САМОПИСЦЫ РАСХОДА ВОДЫ суунун чыгымын өзү жазгыч курал /убакыттын функциясы катарында суунун чыгымын жазып туруучу прибор/.

САМОПИСЦЫ УРОВНЯ ВОДЫ суунун деңгээлин өзү жазгыч /убакыттын функциясы катарында суунун деңгээлинин бийиктигин жазып турат. СССРде мындай приборлор ар түрдүү; алардын бирөө "Валдай". Аны дарыя, көл, суу сактагычтардын деңгээлинин бийиктигин жазып турууга Мамлекеттик гидрология институту тарабынан сунуш кылынган. Экинчи прибор – СУМ кебүнчө деңиз сууларынын бийиктигин жазууга арналган жана "Мореграф" деп атайт/.

САМОСАДКА чөкмө, өзү чөкмө /туздуу көлдөрдөгү оор чөкмө /глаубер, кайнатма туз, сода ж.б./ туздар/.

САМОСАДОЧНЫЕ ОЗЕРА чөкмөлүү көлдөр /эритилген жаратылыш туздарды чөкмө пайда кылуучу туздуу же минералдуу көлдөр; чөкмөнү каратуучу эритинди туздар рассолдор же рапа деп аталат/.

САМУМ самум /Түндүк Африка жана Аравия чөлдөрүндөгү кургак, ысык шамалдын жергиликтүү аты/.

САН-ТАШ Сан-Таш /Ысык-Көлдүн чыгышында Сан-Таш бел баскычынан өтүп батыш тарапка муздак соккон шамал. Ылдамдыгы 20-25 м/сек чейин жетет. Кышкысын калың кар күрткүнү пайда кылат/.

САПРОБНОСТЬ сапробдуулук /агын суулардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын сууларынын ар түрдүү турмуш тиричилик жана өнөр жай ыщканаларынын таштандылары менен булганышынан пайда болгон органикалык чиримдилер жана бактериялар/.



САПРОБЫ сапробдор /дарыя, көл, суу сактагычтардын ылай сууларындагы өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын микроорганизмдеринин болушу/.

САПРОПЕЛЬ сапропель /суу агып чыкпаган өтө терең көлдөрдүн түбүндөгү органикалык заттардын калдыктарынын аралашмасы кошулган ылайлуу катмар; суу агып чыккан көлдөрдө сапропелдер аз болгондугунун себеби кислород көп аралашып тургандыктан кычкылдануу процесси органикалык катмарларды бузуп жиберет. Катмардын астыңкы ныкталган бөлүгүн сапропелит, үстүнкү бөлүгүн – пелаген деп атайт. Майда көлдөрдөгү сапропелиттер бара-бара чым көңдү пайда кылат/.

САПРОФИТЫ сапрофиттер /жашыл түстөгү хлорофилдери болбогон жана абадан дем алган кычкыл кислотадан углеродду бөлүп чыгара албай турган өсүмдүктөр. Кычкылтектин ордуна даяр органикалык заттарды пайдаланат да ошол заттардын калдыктарын бузулууга /чирүүгө/ мажбур кылат. Сапрофиттердин сууда /көлдөрдө, суу сактагычтарда/ болушу суунун өзүн-өзү тазалоо процессине алып келет/.

САРМА сарма /Байкалдагы Сарма суусунун атындагы жергиликтүү катуу шамал; анын ылдамдыгы Сарма суусунун чатында өлчөнгендүктөн "Сарма" деп аталат; багыты Байкал көлүнүн түндүк-батышынан согуп, ылдамдыгы саатына 15 тен 40 км чейин жетет/.

САХАРСКАЯ ДЕПРЕССИЯ Сахара депрессиясы /жылдын жылуу мезгилинде Африканын түндүгүндө жердин бетиндеги температуранын жогорулашынын натыйжасында пайда болгон төмөнкү атмосфералык басымдын аймагы/.

СБОРНАЯ КАРТА курама карта /циклондордун, антициклондордун

жана бир типтеги синоптикалык процесстердин белгилүү убакыт ичиндеги мүнөзү түшүрүлгөн карта/.

СБОРНО-КИНЕМАТИЧЕСКАЯ КАРТА курама-кинематикалык карта /циклондор менен антициклондордун борборуң жана алардын траектроиясы да тартылган курама карта/.

СБРАСЫВАЕМЫЙ РАДИОЗОНД ыргытып түшүрүүчү радиозонд /атмосферанын төмөнкү катмарына аэрологиялык байкоо жүргүзүү максатында учуп бара жаткан самолеттон парашют менен ыргытып түшүрүүчү радиозонд/.

СБРОСНЫЕ ВОДЫ чыгарып таштоочу суу /өнөр жай ишканаларынан иштөө цикли бүткөн кир сууну алмаштыруу максатында чыгарып /төгүп/ таштоосу/.

СНЕЖЕВИПАВШИЙ СНЕГ жаңы кар /шамалы болбогон учурда жаап алгачкы кристаллдашуунун формасын сактап калган кар катмары/.

СВЕРХАДИАБАТИЧЕСКИЙ ГРАДИЕНТ ТЕМПЕРАТУРЫ адиабаттык градиенттен ашык температура /атмосферадагы адиабаттык градиенттен ашкан вертикалдык температура градиенти, башкача айтканда ар бир 100 м жогорулоодо температура $1^0$ тан ашкан абалы айтылат. Бирок жаратылышта мындай процесс өтө сейрек болот; кээде гана жер бети катуу ысыганда көтөрүлгөн жылуу аба белгилүү бийиктикке чейин атмосфералык абаны көбүрөөк жылыта алат. Ошондо гана ар бир 100 метр көтөрүлгөндө температура $0,9^0 - 1,0^0$ жете алат/.

СВЕТ жарык /көз менен кабыл алынуучу радиация/.



СВЕТОВОЙ ПОТОК жарык агымы /пайда кылган жарык сезими боюнча аныкталуучу нур энергиясынын кубаттуулугу/.

СВЕТОФИЛЬТРЫ жарык фильтрлери /жарык агымынын чоңдугун же чагылуунун спектралдык составын өзгөртүү максатында атайын боёлгон тунук /катуу, суюк жана газ түрүндөгү/ чөйрө/.

СВЕЧА шам /жарыктын күч бирдигинин эл аралык эскиче аты:жарык күчүнүн бирдиги; платинанын катуулануу температурасындагы толук нурдануучунун жарыктыгынын 1 $см^2$ ка 60 шам туура келген маанисн алынат/.

СВОБОДНАЯ АТМОСФЕРА эркин атмосфера /жердин бетинен алыстыкка, сүрүлүү катмарынан жогору жаткан атмосфера/.

СВОБОДНАЯ ВОДА эркин суу /топурактын жана тоо тектеринин бөлүктөрүндагы тартылуу күчү менен капиллярдык күчкө карата эркин жылып жүргөн суу/.

СВОБОДНАЯ ВОЛНА эркин толкун /биринчи жолу толкун күчү таасир эткен суунун өз эркинче чайпалышы/.

СВОБОДНЫЙ ПОЛЕТ эркин учуу /атмосферада шар-зонд, шар-пилот аэростаттардын башкаруусуз учушу/.

СВОБОДНЫЙ ЭЛЕКТРОН эркин электрон /атом менен байланышпаган электрон/.

СВОБОДНОЕ ПРОСАЧИВАНИЕ эркин сиңүү /тоо тектеринин же топурактын тартында суунун токтобой кумга куйган суудай эркин сиңиши/.

СЕВЕРНЫЙ ПОЛЮС түндүк уюл /жердин огу менен үстүңкү бетинин Түндүк муз океанындагы кесилишкен точкасы/.

СЕВЕРНЫЙ ПОДЯРНЫЙ КРУГ түндүк уюл тегереги /түндүк кеңдиктин $66^033$ параллели/.

СЕВЕРНЫЙ ТРОПИК тундук тропик /тундук кендиктин 23°27 параллели/.

СЕВЕРНЫЙ ФЁН тундук фён /Альпы кырка тоосунун туштук капталындагы фён шамалы; мындай термин кендик боюнча созулуп жаткан кээ бир кырка тоолордогу /Кавказ, Тянь-Шань, Алай/ шамалга да тиешелуу/.

СЕВЕРОАМЕРИКАНСКИЙ АНТИЦИКЛОН тундук америкалык антициклон /Тундук Америка материгинин үстүндөгү жогорку басым аймагы; ал кыш айларынын орточо чондуктагы карталарында көрсөтүлөт; атмосферанын аракетинин сезондук борбору/.

СЕВЕРОАТЛАНТИЧЕСКИЙ АНТИЦИКЛОН тундук атлантикалык антициклон к. АЗОРСКИЙ АНТИЦИКЛОН

СЕВЕРОАТЛАНТИЧЕСКОЕ ТЕЧЕНИЕ к. АТЛАНТИЧЕСКОЕ ТЕЧЕНИЕ

СЕВЕРО-ВОСТОЧНЫЙ ПАССАТ тундук-чыгыш пассаты /жер бетиндеги орточо багыты тундук жарым шардын тундук-чыгышына карата кеткен пассат/.

СЕВЕРО-ТИХООКЕАНСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Тундук Тынч океан агымы /Тынч океандын тундугундөгү океандык жылуу агым; негизги багыты туштук тарап; анын негизги бөлүгү кайра батышка бурулуп, Гавай аралдарынын тушуна чейин жетет/.

СЕГМЕНТАЦИЯ ЦИКЛОНА циклондун мууңактанышы /циклондун эки же андан көп толкунга бөлүнүшү жана сапаттуу, өз алдынча турган жаңы циклондун жаралышы/.

СЕЗОННАЯ МЕРЗЛОТА сезондук тондук /жылдын суук сезонунда пайда болгон тоңдук; сакталуусунун узактыгы жылга жетет/.

СЕЗОННАЯ СМЕНА ВЕТРОВ шамалдын сезондук алмашышы /жылдын сезонунун алмашышы менен шамалдын басымдуу багытынын өзгөрүшү; айрыкча муссондуу аймактарда өтө ачык байкалат/.



СЕЗОННЫЙ ЦЕНТР ДЕЙСТВИЯ АТМОСФЕРЫ атмосфералык аракеттин сезондук борбору /көп жылдык климаттык картада бир гана сезондо /жайкысын же кышкысын/ байкалуучу атмосфералык аракеттин борбору, ал эми башка сезондо мындай аракеттин борбору жоюу /-/ белгисин ээлейт; мисалы, азиялык кышкы антициклон жай айларында азиялык жайкы депрессия менен орун алмашат/.

СЕЗОННОПРОМЕРЗАЮЩИЙ СЛОЙ сезондо тоңуучу катмар /жылдын суук сезонунда тоңо турган жердин үстүнкү катмары/.

СЕЗОННОПРОТАИВАЮЩИЙ СЛОЙ сезондо эрүүчү катмар /жылдын жылуу сезонунда эрий турган түбөлүк тоңдуктун үстүнкү катмары/.

СЕЗОННЫЙ ГРУНТОВЫЙ СТОК жер астындагы суулардын сезондук агымы /топурактын, тоо тектеринин арасындагы боштуктардагы суунун сезондук агышы/.

СЕЙШИ сейши, ак эчкилер /көлдөрдөгү бир нече мүнөттөн ондогон саатка чейин көтөрүлүп турган толкундар; алардын пайда болушу атмосфералык басымдын тез өзгөрүшүнүн же катуу шамалдын таасиринин натыйжасына байланыштуу/.

СЕЛЕВЫЕ БАССЕЙНЫ селдүү алаптар /тоолуу райондордогу тоо тектеринин сыныктары шыкалган, жантаймалуу жаан-чачыны катуу жааган, сел ташкындары пайда болуучу алаптар/.

СЕЛЕВЫЕ ВЫНОСЫ селдин шилендилери /сел жүргөндө жайык жерлерге, тоо этектерине агызып чыгаруучу тоо тектеринин ири сыныктары /шагыл, корум/ жана эрозиядан пайда болгон майда /кум, чопо/ шилендилер/.

СЕЛЬ сел /тоолуу райондордо катуу жамгыр төккөндө тоо-тектеринин ар түрдүү өлчөмдөгү сыныктарын /таш, чопо, кум, шагыл аралаш/ агызып чыккан суу ташкыны/.

СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННАЯ ГИДРОЛОГИЯ айыл чарбалык гидрология

/айыл чарбасына түздөн-түз таасирин тийгизүүчү гидрологиялык маселелерди үйрөтүүчү илим. Анда сугат жерлериндеги суу, кылдуулук, туз балансын изилдейт/.

СЕРА кукурт /S ; Менделеевдин мезгилдик системасынын VI группасынын химиялык элементи; катар саны 16, атомдук салмагы 32,06; салыштырма салмагы 0,5 - 2,9. Жаратылышта таза түрдө же сульфид жана сульфаттардын көп түрдүү бирикмелери түрүндө кездешет/.

СЕРИЯ ЦИКЛОНОВ циклондордун сериясы /негизги/ полярдык же арктикалык фронттун ичиндеги биринен сала экинчиси пайда болгон бир нече циклондор/.

СЕРНАЯ КИСЛОТА кукурт кислотасы /$H_2 SO_4$ ; - кукурт ангидридинин /$H_2 SO_4$/ суу менен кошулушу; майланышкан түссүз оор суюктук; суу менен ар кандай бирикмелер абалында кошулуп жылуулукту арбын санда чыгарууга жөндөмдүү/.

СЕРОВОДОРОДНЫЕ ВОДЫ кукурттуу суутектик суулар / $H_2S$ газынын суудагы эритмеси, күчсүз кислота, түссүз, бузулган жумуртка жыттанып турат; эритмесинде кукурттуу суутектин /$H_2S$ / саны 1 мг/л болгон суу/.

СЕНИЙ ФИЛЬТР боз, сур фильтр /актинометриялык приборлордогу радиациянын чыналуусун басаңдатуучу айнек фильтр/.

СЕТЕВЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ тармактык байкоолор /деңиз деңгээлинен бирдей бийиктикте жайгашкан, бирдей даражадагы метеорологиялык станциялардын тармагында бирдей типтеги аппаратарды колдонуп , бирдей эле убакытта байкоолорду жүргүзүү/.

СЕТЬ МЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИХ СТАНЦИЙ метеорологиялык станциялардын тармагы /бир типтеги аппаратуралар менен жалпыга бирдей



программа боюнча байкоолорду жүргүзүүчү метеорологиялык станциялардын тармагы; ар бир мамлекетте мамлекеттик метеорологиялык станциялардын тармагы болот/.

СЖИМАЕМАЯ ЖИДКОСТЬ кысылуучу суюктук /кысылууга жөндөмдүү суюктук; бардык тамчылоочу суюктуктар кысылууга жөндөмдүү, бирок өтө аз санда, ошондой болсо да гидромеханиканын закону боюнча кысылууга жөндөмсүз деп да айтууга болот. Бирок, динамикалык метеорологияда аба болжол менен кысылбай турган суюктук деп табылат/.

СИГНАЛЫ ВРЕМЕНИ убакыттын сигналы /белгилүү мөөнөттөрдө астрономиялык обсерваториялардын радио аркылуу туруктуу сигнал бериши; ал сааттарды жана хронометрлерди тууралоого керек болот/.

СИДЕРИЧЕСКИЙ ГОД сидерикалык жыл /жердин күндү толук айланып чыгуу убакыты; ал 365 сутка, 6 саат, 9 мин. 10 сек барабар/.

СИДЕРИЧЕСКИЙ МЕСЯЦ сидерикалык ай /айдын жердин чөйрөсүндө бир айланып чыгышы; ал 27 сут. 7 саат 48 мин. 14 сек. барабар/.

СИЛА ВЕТРА шамалдын күчү /шамалдын шкала боюнча түзүлүүчү күчү - ылдамдыгы/.

СИЛА ИНЕРЦИИ инерция күчү /сан жагынан материалдык точканын массасынын, анын ылдамдануусуна болгон көбөйтүндүсүнө барабар векторлук чоңдук/.

СИЛА ТЯЖЕСТИ оордук күчү /жердин тартуу күчү менен жердин айланышынан пайда болуучу борбордон четтөөчү күчтүн тең аракет кылуучусу/.

СИЛЬНЫЙ ВЕТЕР катуу шамал /Бофорт шкаласы боюнча 7 баллга /14-17 м/сек/ чейин жеткен шамалдын күчү/.

СИЛЬНЫЙ ШТОРМ катуу шторм / Бофорттун шкаласы боюнча 10 баллга /25-28 м/с/ чейин жеткен деңиздеги катуу шамал/.

СИНОПТИЧЕСКАЯ КАРТА синоптикалык карта /метеорологиялык станциялардын тармагынын белгилүү убакыт моментиндеги байкоолорунун жыйынтыгын цифралар жана символдор аркылуу көрсөтүүчү географиялык карта. Мындай карталар метеослужбада күнүнө бир нече жолу түзүлүп, алардын анализи келерки күндөрдүн аба ырайын алдын ала айтууда негизги таянычтардан болот; о.к. жер шарын эң кичине райондорду кучагына алган масштабда түзүлөт/.

СИНОПТИЧЕСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ синоптикалык метеорология /XIX кылымдын экинчи жарымында, өзгөчө XX кылымдагы макромасштабдуу атмосфералык процесстерди изилдөөчү жана анын негизинде аба ырайын алдын ала болжоолорду түзүүчү метеорологиялык илим. Макромасштабдагы атмосфералык процесстерге циклондор, антициклондор жана ага жараша пайда болгон аба фронтторунун жаралыш эволюциясы, которулушу кирет/.

СИНОПТИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ синоптикалык станция /метеорологиялык станция; алардын байкоолору телефон, телеграф же радио аркылуу борбордук мекемелерге синоптикалык карталарды жана прогноздорду түзүү үчүн токтоосуз берилип турат/.

СИНОПТИЧЕСКАЯ ТИПИЗАЦИЯ синоптикалык типтештирүү /1. синоптикалык абал, процесстерди типтештирүү, белгилүү типтерге бөлүштүрүү; аба ырайынын шартын аларды пайда кылган синоптикалык абалга же процесстерге карата типтештирүү/.

СИНОПТИЧЕСКИЕ ОБ"ЕКТЫ синоптикалык об"ектилер /синоптикалык



анализдердин об"ектилери аба массалары, аба фронттору, циклондор, антициклондор, агымдар ж.б./.

СИНОПТИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ синоптикалык процесстер /аба массаларынын, аба фронтторунун, циклондордун, антициклондордун жаралышы, которулушу жана касиеттеринин өзгөрүшү/.

СИНОПТИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ синоптикалык шарттар /атмосфералык процесстерди /жаан-чачын, күн күркүрөө, чагылган, мендур ж.б./ пайда кылуучу синоптикалык процесстер/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ синоптикалык анализ /синоптикалык метод боюнча /синоптикалык карта жана ар түрдүү кошумча колдонмолор аркылуу/ ири аянттагы территориянын үстүндөгү аба ырайын жана аба ырайын түзүүчү атмосфералык процесстерди изилдөө/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ МАСШТАБ синоптикалык масштаб /синоптикалык картанын жардамы менен окулуучу атмосфералык дүүлүгүүлөрдүн жана кыймылдардын масштабы/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ МЕТОД синоптикалык метод /синоптикалык карталардын жана кошумча колдонмолордун /аэрологиялык диаграмма, вертикалдык кесилиш ж.б./ жардамы менен чоң мейкиндиктердин атмосфералык процесстерине жана аба ырайынын шартына анализ жүргүзүүнүн жана алдын ала айтуунун методикасы/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ ПЕРИОД синоптикалык мезгил /белгилүү синоптикалык абал жана процесстер менен мүнөздүү болуп турган убакыттын аралыгы/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ ПРОГНОЗ синоптикалык прогноз /синоптикалык методдун жардамы менен синоптикалык абалды жана метеорологиялык элементтерди алдын ала айтуу/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ СЕЗОН /синоптикалык сезон /синоптикалык мүнөз-

дүү процесстердин орун алышы жана басылышы менен аныкталуучу жылдын бир бөлүгү/.

СИНОПТИЧЕСКИЙ ТИП синоптикалык тип /кээ бир территориянын үстүндө белгилүү өзгөчөлүгү менен мүнөздөлүүчү синоптикалык абал же процесстердин типтери/.

СИНОПТИЧЕСКОЕ ПОЛОЖЕНИЕ синоптикалык абал /өз ара байланыштуу аба массаларынын, фронттордун, циклондордун, антициклондордун ж.б. атмосфералык об"ектилердин жер бетинин бир участогундагы /ошол жердин аба ырайынын абалын аныктоочу/ жыйындысы/.

СИНХРОНИЗАЦИЯ синхрондоштуруу /эки же бир нече кубулуштарды,же процесстерди убакыт боюнча бири-бирине өз ара так туура келтирүү/.

СИНХРОННЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ синхрондуу байкоо /I. дал келген бир убакыттын ичинде ар түрдүү об"ектилерге байкоо жүргүзүү ; 2. ар түрдүү метеорологиялык станцияларда бирдей убакытта байкоолорду жүргүзүү/.

СИРОККО сирокко /Жер ортолук деңиздин бассейниндеги жээктен соккон жылуу ш а м а л д ы н а т ы; Италияда мындай шамал нымдуу жана жылуу ; ал түштүктөн жана түштүк чыгыштан согот. Кээде тоодон ылдый карата согуп,кургак фён шамалына окшош болуп кетет. Аравия, Палестина жана Месопотамияда Сирокко өтө кургак жана ысык чаңды учуруп турат/.

СИСТЕМА ВОЛН толкундар системасы /көлмөлөрдүн үстүндө бирдей убакытта пайда болуп, убакыт жана /тегиздик/ мейкиндик боюнча куйрук улам жылган көлөмү боюнча айырмасы анча билинбей, багыты бир толкундардын жыйындысы/.

СИСТЕМА ЕДИНИЦ ИЗМЕРЕНИЯ чен бирдиктеринин системасы /физикалык чоңдуктарды өлчөөнүн белгилүү тармагына тиешелүү негиз-



ги жана туунду өлчөө бирдиктеринин системасы. Негизги бирдиктердин размери эркинче /өз аралык макулдашуу боюнча/ кабыл алынат, ал эми туунду бирдиктер негизги бирдиктерден физикалык чоңдуктарга байланыштуу формулалар менен алынат. Негизги бирдик системалары СИ: узундук - метр /м/, масса-килограмм /кг/, убакыт- секунда /с/, токтун күчү - ампер /А/, температура - кельвин /К/, жарыктын күчү - шам. Гидрометеорологияда көбүнчө СГС системасы /грамм, сантиметр, секунда/колдонулат/.

СИСТЕМА КОНДЕНСАЦИИ конденсация системасы /синоптикалык карталардан же метеорологиялык жасалма жандоочулардан байкалуучу бир тектүү туман, булут, жаан-чачындын мейкиндик боюнча таралышы/.

СИСТЕМА КУРОСИО Куросио системасы /Тынч океанынын түндүгүндөгү Куросио океандык агымынын системасы/.

СИСТЕМА ОТСЧЕТА эсептөө системасы /нерсенин абалы жана ага туура келген убакыт моменти салыштырылып алынуучу материалдык системасы/.

СИСТЕМАТИЧЕСКАЯ ОШИБКА системалуу ката /гидрометеорологиялык өлчөөлөрдө дайыма байкалуучу каталар; мындай каталар куралдын туура эмес орнотулушунун натыйжасында, кээде тышкы күчтөрдүн таасирине жараша болот/.

СКАЛЯР скаляр /бир сан менен ченелүүчү физикалык чоңдук, мисалы, масса, температура, атмосфералык басым/.

СКАТЕРТЬ ПОДЗЕМНЫХ ВОД жер астындагы суулардын үстүңкү бети

СКВАЖНОСТЬ КАПИЛЛЯРНАЯ капиллярдуу жылчыктуулук /топурактагы, тоо тектериндеги майда жаракалар ж.б. боштуктар/.

СКВАЖНОСТЬ ПОЧВО-ГРУНТОВ топурактагы көңдөйлүүлүк /капиллярдуу көңдөйлүүлүк I мм ге чейинки диаметрде; 2. капиллярдуу эмес көңдөйлүүлүк 3-5 м; 3. ири көңдөйлүүлүк/.

СКАЧОК чукул өзгөрүш /гидрометеорологиялык элементтердин кескин түрдө өзгөрүлүшү/.

СКАЧОК ДАВЛЕНИЯ басымдын кескин түрдө өзгөрүшү /атмосфералык басымдын кескин түрдө өзгөрүшү; мисалы, катуу шамал, чагылган болгондо минутасына I мб чейин өзгөрүшү/.

СКЕЛЕТ скелет /I. кардын формасынын бир түрү; 2. топурактын структурасындагы минералдык бөлүкчөлөр/.

СКЛОН каптал /кырка тоолордун капталы; тоо капталдарынын багытына, жантайышына карата гидрометеорологиялык элементтер бирдей эле бийиктикте ар кандай чоңдуктарды ээлейт/.

СКЛОНОВЫЙ СТОК каптал боюнча агыш /жантайма беттен агып түшкөн саркынды суулар/.

СКЛОНЫ ДОЛИНЫ өрөөндүн капталдары /жер бетинин өрөөндөрдү курчап турган капталдары/.

СКОРОСТЬ ВЕТРА шамалдын ылдамдыгы /жер бетине салыштырмалуу абанын кыймылынын ылдамдык вектору; м/с; км/саат менен туюнтулат. Эгерде шамалдын ылдамдыгы Бофорттун шкаласы боюнча туюнтулса, аны шамалдын күчү деп атайт жана балл боюнча туюнтулат/.

СКОРОСТЬ ЗВУКА үндүн ылдамдыгы /белгилүү чөйрөдөгү үн толкундарынын таралуу ылдамдыгы $C - \sqrt{\frac{1}{k\rho}}$; $k$ - көлөмдүк кысылгычтык; $\rho$-чөйрөнүн тыгыздыгы; мисалы, температурасы $0^{\circ}$ абада үндүн таралуу ылдамдыгы $C_0$ - 331 м/с; анын температурага көз карандуулугу төмөнкү формула менен аныкталат: $C - C_0\sqrt{\frac{T}{273}}$; сууда үндүн таралуу ылдамдыгы 1500 м/с жакын/.



СКОРОСТЬ ИСПАРЕНИЯ бууланув ылдамдыгы /белгилүү убакыт ичинде кандайдыр бир мейкиндиктен бууланууччу суунун саны, калыңдыгы/.

СКОРОСТЬ СВЕТА жарыктын ылдамдыгы /электромагниттик толкундардын таралуу ылдамдыгы; боштуктагы жарыктын ылдамдыгы - с - 299796 ± 4 км/с/.

СЛАБЫЙ ВЕТЕР желаргы / Бофорт шкаласы боюнча 3 баллга /3 - 5 м/сек/ жеткен шамал/.

СЛИЯНИЕ кошулуу, биригүү /тамчылардын бири-биринин кошулушуу жолу менен ириленишы, мисалы тумандагы эки тамчынын биригиши. Мындай учурда температурасы $0^{\circ}$тан жогорку болгон жылуу булуттардан жамгыр пайда болот/.

СЛОЖНАЯ ДЕПРЕССИЯ татаал депрессия /атмосферанын төмөнкү катмарында термикалык асимметриялуу депрессиянын жүрүшүнө туура келген жер бетиндеги жана андан жогору жаткан атмосфералык катмардагы температуранын жана басымдын өзгөрүүсүнүн жыйындысы/.

СЛОИСТО-КУЧЕВЫЕ ОБЛАКА катмардуу үймөктөлгөн булут /эл аралык классификация боюнча кабыл алынган 10 түрлүү булуттардын бири/.

СЛОИСТЫЕ ОБЛАКА катмардуу булуттар

СЛОЙ ВОЗДУХА аба катмары /эки физикалык тегиздиктин деңгээлинин ортосундагы аба катмары, мисалы, изотермикалык катмар, чаңдуу катмар/.

СЛОЙ ОЗОНА озон катмары /озондун максималдуу концентрациясы бар озоносфера катмары/.

СЛОЙ ОСАДКОВ жаан-чачындын катмары /белгилүү бир мезгил

ичинде жааган жаан-чачындын алып бoюнча бөлүштүрүлүшүндөгү туура келүүчү катмар/.

СЛОЙ ЭКМАНА Экмандын катмары /жердин үстүнөн жогору жаткан атмосферанын чек аралык катмарынын эң жогорку бөлүгү. Экмандын катмарындагы шамалдын багытын жана ылдамдыгын Экмандын спиралы жазып турат/.

СЛУЖБА КЛИМАТА климаттын кызматы /эл чарбасынын системасын жана маданий турмушту климаттык маалыматтар менен жабдуунун чараларынын системасы/.

СЛУЖБА ПОГОДЫ аба ырайынын кызматы /эл чарбасын же анын тигил же бул тармагын жана коргоо иштерин аба ырайынын болочок маалыматтары менен камсыз кылып тейлеп туруучу уюм. Ал станциялардан аба ырайынын бюроосунан жана радиометеорологиялык борборлордон турат/.

СЛЫШИМОСТЬ угулуш /атмосферадагы үндүн угулушу; ал үн чыккан точкадан үн угулбай калган точкага чейинки аралыктын узундугу менен өлчөнөт; үндүн угулуш даражасы үн чыгаруучу булактын күчүнө, жолдогу тоскоолдуктарга, абанын нымдуулугуна ж.б. жараша болот/.

СМЕРЧЬ куюн /булуттун алдында вертикалдык багыттагы катуу алай-дүлөй. Куюн мезгилинде абанын басымы төмөн болот. Куюндун көрүнүшү күнүрт, бийиктиги эки карагайдын боюндай болушу мүмкүн. Куюндаган шамалдын ылдамдыгы секундасына 50-100 м ге жетет. Демек,куюндаган шамалга дуушар болгон бак-дарак, курулуш имараттары ж.б. катуу кыйроого туура келет, кээде адамдар да чыгым болот. Куюн атмосферанын төмөнкү катмарынын турукcуздугунун натыйжасында пайда болот. Кургактыктын үстүндөгү куюн көбүнчө жайкысын континенттик тропик абасында /м.:Мексика булуңунда/ байкалат/.



СМЕШАННОЕ ОБЛАКО аралаш булут /абанын температурасы /-10°/ төмөн болгондогу суу тамчыларынан жана кар кристаллдарынын аралашмасынан турган булут/.

СМОГ смог /ири шаарларда жана ишканаларда абанын эки түрдүү булганышы: 1. түтүн тумантуман менен түтүндүн аралашмасы; жер соолукка зыяндуу, толук күйбөгөн заттар жана химиялык ишкалардын таштандылары; 2. атмосферанын төмөнкү катмарындагы аэрозолдор, буу, жегич газ/.

СМОЧЕННЫЙ ТЕРМОМЕТР нымдалган термометр /абанын нымдуулугун өлчөөдө резервуарында оролгон батисти нымдап туруучу термометр. Мында термометр психрометрдин сандыкчасына коюлат/.

СНЕГ кар

СНЕГ С ДОЖДЕМ кар аралаш жаан /0° жакынкы температурадагы жааган жамгыр аралаш кар/.

СНЕГОВАЯ ВОДА кар суусу /өзөндөгү кардын эришинен пайда болгон суу/.

СНЕГОВАЯ ГРАНИЦА кардын чек арасы /кардын топтолушу менен эришинин ортосундагы тең салмактуулук сакталуучу жер шарын курчап турган атмосферадагы чек ара; дөңөө, тоо кыркалары менен болгон кесилишүү сызыгы кардын чек арасы деп аталат/.

СНЕГОВАЯ ЛИНИЯ кар сызыгы /кырка тоолордогу кардын эрибей турган чек арасы; мындай болуу температуранын төмөндүгүнө, кыртка тоолордун өтө бийиктигине жараша болот/.

СНЕГОЗАДЕРЖАНИЕ кар токтотуу /талаалардагы кардын учурулуп кетишин алдын алуу жана кардын бирдей калыңдыкта тегиз жатышын камсыз кылуу чаралары/.

СНЕГОЗАЩИТА кардан сактоо

СНЕГОЛАВИННАЯ СТАНЦИЯ кар кечкү станциясы /тоолуу райондордогу кардын калыңдыгын, андан кечкү жүрүүнү изилдеп эл чарбасына зыян келтирбей тургандай чараларды /алдын ала жардыруу, тосмо куруу, эскертүү ж.б./ иштеп чыгуучу станция. Мындай станция гидрометеорологиялык тармактын составына кирет, метеорологиялык байкоолорду жүргүзөт, белгиленген маршрут боюнча мезгил-мезгили менен кыдырып кечкүлөрдүн жүрүшүн каттап, кардын структурасын лабораториянын шартында изилдейт/.

СНЕГОМЕР кар өлчөгүч /кардын тыгыздыгын өлчөөчү прибор/.

СНЕГОМЕРНАЯ РЕЙКА кар өлчөөчү рейка /кардын калыңдыгын сантиметрлик бөлүкчөлөрү боюнча өлчөөчү рейка. Ал күз башында эле метеорологиялык станцияларга орнотулуп коюлат да үзгүлтүксүз байкоолор жүргүзүлүп турат/.

СНЕГОМЕРНАЯ С"ЕМКА кар өлчөө /суу запастарын аныктоо үчүн ири аянттагы кардын калыңдыгын жана тыгыздыгын картага түшүрүү/.

СНЕЖИНКА кар бүртүгү /булуттан жаай турган муз кристаллы; кардын элементи; кардын размери миллиметрдин бөлүкчөлөрүнөн бир нече миллиметрге чейин жетет/.

СНЕЖНАЯ БУРЯ бурганак/кар аралашкан алай-дүлөй шамал/.

СНЕЖНАЯ ДОСКА кар доскасы /жер бетине жатык басырылбай көтөрүлүп турган кар катмары; тоолордун шамал тарабындагы жантайма беттерде катуу шамалдын басымы астында пайда болот/.

СНЕЖНАЯ ИНВЕРСИЯ кар инверсиясы /жазында кардын үстү менен жылган жылуу абанын төмөнкү катмарындагы температуралык инверсия, мисалы, кардын үстүнкү бетине жакын чөйрөдөгү абанын жылуулугу карды эритүүгө сарп кылынат, ошондуктан абанын эң төмөнкү катмары абдан сууйт, ал эми жогорураак катмарындагы температура аз өзгөрөт. Ыпа ошонун натыйжасында инверсия пайда болот/.



СНЕЖНАЯ КРУПА кар акшагы /булуттан конус, же туура эмес тегерекче формасында жааган күңүрт агыш /жылтырабаган/, өлчөмү I ден 15 мм ге чейин жеткен кар бүртүгү. Мындай кар жер бетиндеги бак-дарак, тактай, темир, таштарга тийгенде жарылбастан кайра ыргыйт/.

СНЕЖНАЯ МГЛА кар мунарыгы /кар аралаш бурганак болор алдында же бурганактан кийин абадагы кардын кыпындарынын мунарык пайда кылышы/.

СНЕЖНАЯ СЛЕПОТА кардан көз карыгуу /тоолордо жана полярдык өлкөлөрдө күндүн карга чагылуусунун себебинен убактылуу көз тунаруу/.

СНЕЖНЫЕ ЗАНОСЫ кар күрткүсү /кардын калың жаашынын жана бурганак болуунун натыйжасында жолдорду тосуп калуучу күрткүлөр/.

СНЕЖНЫЕ ВАЛЫ кар түрмөгү /шамалдын күчү менен суу кардын цилиндр формасындай болуп түрмөктөлүшү. Кардын түрмөктөлүшү тоолуу же дөңсөлүү райондордо көп байкалат/.

СНЕЖНЫЕ ГИРЛЯНДЫ кар мончоктору /өзгөрдүү аяздан муздаган кардын бак-дарак, зым-карагай ж.б. оркойгон урунчуктарга жабышышы/.

СНЕЖНЫЙ КЛИМАТ кардуу климат /кардын жаашы эрүүсүнөн жана бууланууусунан көп болуп, мөңгү пайда кылуучу климат/.

СНЕЖНЫЙ ПОКРОВ кар катмары /кышында жааган кардын жер бетине мөңгүгө таралышы/.

СНЕЖНЫЙ ШКВАЛ кардуу шквал /кышында же эрте жазда салыштырмалуу жылуу мейкиндиктин үстүндөгү муздак аба массасынын туруксуз стратификацияланышынын негизинде пайда болгон кар учурган катуу шамал/.

СОВРЕМЕННОЕ ПОТЕПЛЕНИЕ азыркы замандагы жылуу боло баштоо /XIX кылымдын 70-жылдарынан баштап /XX кылымдын 20-жылдарына чейин күчүнө келип турган/ жер шарынын /айрыкча түндүк жарым шарынын/ айрым бөлүктөрүндө климаттын жылуулук жагына өзгөрүшү. Азыркы замандагы жылуу боло баштоо болжол менен XX кылымдын орто ченинде аякталы. Абанын температурасы Европада ондун бир нече бөлүгүнө, Арктикада бир нече градуска жогорулаган. Айрыкча кышындагы абанын температурасында ачык байкалган. Баренц деңизи менен Атлантика океанынын сууларынын температурасы жогорулаган; Арктикалык деңиздердин муздары азайып, тоо мөңгүлөрүнүн өтө ийкемдүү тартылуулары байкалган. Азыркы замандагы климаттын жылуу тарапка өзгөрүшү атмосфералык циркуляциянын термелүүсүнө /өзгөрүүсүнө/карата болот/.

СОЛЕВЫЕ ЯДРА туздуу ядро /деңиздик туздардын конденсациясынан турган ядро/.

СОДОВЫЕ ОЗЕРА содалуу көл к. СОЛЕНЫЕ ОЗЕРА

СОЛЕВОЙ СТОК РЕК дарыялардын туз агымы /белгилүү мезгил ичинде дарыялар, агын суулар агызып кеткен минералдык заттар. Алекиндин эсеби боюнча СССРдеги кээ бир дарыялар, деңиздерге төмөндөгүдөй сандагы туздарды агызып барат: $HCO_3$ дан $CO_3''$ кетергенде $10^6$ т./ Днестр -3,0; Днепр -8,6; Дон - 6,2; Волга-45-50; Онега - 1,1 ж.б./.

СОЛЕНЫЕ ОЗЕРА туздуу көл /өтө минералдашылган жана өзүнөн суу агып чыкпаган көлдөр; мындай көлдөрдү минералданышы боюнча тузсуз/суусунун минералдуулугу 1 г/л/, тузу ачуурак /1-24,7 г/л/ жана туздуу /24,7 г/л жогору/ деп бөлүштүрөт. Сууларындагы химиялык заттары боюнча: 1.карбонаттуу /же содалуу/; сульфаттуу /ачуу туздуу/; 3. хлориддүү /хлор менен натрийдин иондору басымдуулук кылган / делинип бөлүнөт/.



СОЛИФЛЮКЦИЯ солифлюкция / тоолордун капталдарындагы суугa каныккан кыртыштын жылышуусу; мындай кубулуш полярдык же тоолуу райондордо жер астындагы тоңдуктардын жайкы эришинен нымга чыктанган каныкмасы пайда болгон учурда жылышуу /солифлюкция/ пайда болот/.

СОЛНЕЧНАЯ АКТИВНОСТЬ күндүн активдүүлүгү /Күндө пайда болгон физикалык өзгөрүштөрдүн жыйындысы. Ага күндүн бетиндеги тагы, флокулла, протуберанцтар, жаркылдоо, факел, күн кабыкчасынын өзгөрүшү жана ондогон сырткы кубулуштары гана байкоого алына алат. Күндүн активдүүлүгүнө карата андагы ультрафиолеттик, рентгендик жана корпускулярдык чагылдуулар /нурлануулар/ өзгөрүп турат жана анын менен Жердиң ионосфералык жана магнитосфералык абалына таасир тийгизип турат/.

СОЛНЕЧНАЯ АТМОСФЕРА күн атмосферасы /Күндүн сырткы жарыктануучу бөлүгүндөгү газ катмары/.

СОЛНЕЧНАЯ КОРОНА Күндүн таажысы

СОЛНЕЧНАЯ РАДИАЦИЯ Күн радиациясы /Күндүн электромагниттик жана корпускулярдык нурдануусу/.

СОЛНЕЧНАЯ СИСТЕМА Күн системасы

СОЛНЦЕ Күн /Күн системасынын борборунда турган тело. Анын Жерден алыстыгы орто эсеп менен 149450 000 км, сызыктык диаметри 1390600 км, же болбосо Жердин диаметринен 100 эсеге чоңдук кылат. Күндүн бетинин аянты $6,075.10^{12}$ км$^2$, көлөмү $1,42.10^{18}$ км$^3$, б.а. Жердин көлөмүнөн 1300000 эсе чоң. Күндүн массасы $1,985.10^{33}$ же болбосо Жердин массасынан болжол менен 333 000 эсе/.

СОМАЛИЙСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Сомали агымы /Сомалинин жээгин бойлоп /Чыгыш Африка/ түштүк-батышка карай кетүүчү океандык агым; Түндүк Пассат агымынын тармагы. Жайында Түндүк Пассат агымы менен экватордук карама-каршы агымдар муссон менен алмашканда сомали агымы багытын өзгөртүп түштүк кеңдиктин 10° нан түндүккө карай агат/.

СОСТАВ ВОЗДУХА абанын составы /аралашмасы абаны түзүүчү газдардын бирикмеси/.

СОСТАВНОЙ СНЕГОМЕР улама кар ченегич /бир нече бөлүктөн турган, иштөөр алдында аларды бир-бирине улап, андан кийин кар катмарынын калыңдыгын, тыгыздыгын жана структурасынын түзүлүшүн казбай туруп ченөөчү аспап. Тоолордо маршрут боюнча кардын картасын түшүрүүдө пайдаланылат/.

СОСТОЯНИЕ НЕБА асмандын абалы байкоо жүргүзүү учурунда же белгилүү убакыт аралыгында асмандагы булуттардын саны жана формасы/.

СОСТОЯНИЕ ПОВЕРХНОСТИ ПОЧВЫ кыртыштын абалы /метеорологиялык аянтчага чөйрөлөш мейкиндикти мүнөздөөнүн бир белгиси; станцияга тиешелүү сааттык алкактын убактысы боюнча эртең менен-ки жана кечки саат 8 мөөнөттөрүндө көз өлчөө менен аныкталат; анда кыртыштын нымдуулугу, кургактыгы, тоңгону, кар, муз, чаң, кумга басылып жатканы белгиленет/.

СОСТОЯНИЕ ПОГОДЫ аба ырайынын абалы /байкоо жүргүзгөн учурда же белгилүү убакыт ичинде метеорологиялык станциянын чөйрөсүндөгү аба ырайын белгилөө; айрыкча жаан-чачын жана туман эске алынат/.

СОСТОЯНИЕ РЕКИ дарыя суусунун бетинин абалы /көз өлчөм ме-



нен аныкталуучу белгилер : муз каптоо, муз агуу, дарактардын агышы, посттун чөйрөсүндөгү шамалдын күчү, багыты ж.у.с. Байкоо дептерчесине атайы графага жазылат/.

СОХРАНЕНИЕ ЭНЕРГИИ энергиянын сакталышы /изоляцияланган системадагы энергиянын туруктуу абалында калуучу шарты к. ЗАКОН СОХРАНЕНИЯ ЭНЕРГИИ/.

СПЕКТР спектр /атом же молекулалар чыгарган жарык термелүүлөрүнүн гармоникалык түзүүчүлөрүнүн мейкиндикте бөлүнгөн тобу/.

СПЕКТОГРАФ спектограф /спектрлерди көз менен көрүүгө ылайыкталып жасалган спектралдык аппарат/.

СПЕКТРОСКОПИЯ спектроскопия /спектрлерди үйрөтүүчү физикалык илимдин тармагы/.

СПИРТОВЫЙ ТЕРМОМЕТР спирттүү термометр /спирт толтурулган термометр. Метеорологияда спирттүү термометр менен минималдык /38° тан төмөнкү/ температура өлчөнөт/.

СПЛОШНОЙ ТУМАН жылчыксыз туман /асманды бүт/10 балл толук/ каптап жаткан туман/.

СПУТНИК спутник

СПУТНИКОВАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ спутниктик метеорология /атайын жасалып орбитага чыгарылган жердин жасалма жандоочусу аркылуу планетардык масштабдагы атмосфералык процесстерди изилдөө: биринчи милдети жер бетинин атмосферасынын жана кенен мейкиндиктеги тропосферанын абалы боюнча информация алуу; экинчиден, аба ырайын алдын ала айтуу үчүн алынган информацияны, атмосфералык процесстерди, климатты изилдөө/.

СПУТНИКОВОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ жасалма жандоочунун жардамы менен байкоо жүргүзүү /жердин жасалма жандоочусунун жардамы менен анын

учкан бийиктигиндеги жана төмөн жаткан асман бийиктигинин атмосфералык абалы жөнүндөгү маалыматты автоматтык жол менен кабыл алуу/.

СРЕДИЗЕМНОМОРСКИЙ КЛИМАТ жер ортолук деңиздик климат /жайы ысык жана кургак, кышы жаанчыл келген мелүүн кыдуулуктагы нымдуу климат/.

СРЕДИЗЕМНОМОРСКИЙ ФРОНТ жер ортолук деңиз фронту /кышкысын жер ортолук деңизинин үстүндө анда-санда учуроочу полярдык климат; ал Түндүк Атлантика менен Европанын полярдык абасы жана Түндүк Африканын тропикалык абасынын ортосунда пайда болот/.

СРЕДНЕЕ МЕСТНОЕ ВРЕМЯ орточо жергиликтүү убакыт /белгилүү чөйрөнүн орточо күн убакыты. Орточо жергиликтүү убакыт боюнча түш мезгили күндүн эң бийик кульминациясынын абалына дал келет/.

СРЕДНЯЯ СКОРОСТЬ ПОТОКА агымдын орточо ылдамдыгы /байкоо жүргүзүлгөн убакыт ичинде агын суу массасынын секундалык убакыт ичиндеги ылдамдыгы; ал төмөндөгүдөй формула менен туюнтулат:

$V_{ср}=QS$ ; $Q$ -суунун чыгымы; $S$ -суунун нуктун туура кесилишинен ээлеген аянты/.

СРЕДНИЙ РАДИУС ЗЕМЛИ жердин орточо радиусу /көлөмү жер шарынын айлануу эллипсоидинин көлөмүнө барабар шардын /6371 221 м/ жана бетинин аянты боюнча /6 371 228 м радиуска ээ болгон/ шардын радиустарынан келип чыккан орточо радиус - 6371,22 км/.

СРЕДНЯЯ КАРТА орточо карта /гидрометеорологиялык элементтердин тигил же бул маалыматтарынын белгилүү убакыт ичиндеги орточо айлык, жылдык маанисин түшүрүлгөн карта/.

СРЕДНЯЯ СУММА орточо сумма /кээ бир кошулуучу гидрометеорологиялык элементтердин /жаан-чачын, температура, суунун чыгымы ж.б./ көп жылдык маалыматтарынын орточо суммасы/.



СРЕДНЯЯ ШИРОТНАЯ ТЕМПЕРАТУРА кеңдиктин орточо температурасы /белгилүү кеңдиктеги көп жылдык байкоолордон алынган орточо температурасы/.

СРОК ПРОГНОЗА алдын ала айтуунун мөөнөтү /алдын ала айтуунун башталышынан аягына чейинки убакыт аралыгы. Ал кыска мөөнөткө, узак мөөнөткө, алдын ала айтуу деп бөлүнөт/.

СРОК НАБЛЮДЕНИЙ байкоо мөөнөтү /гидрометеорологиялык байкоолорду жүргүзүү үчүн /СССРде кабыл алынган 10 минуталык/ убакыт. Көрсөтүлгөн убакыт ичинде байкоо жүргүзүлүп бүтүшү керек. Мисалы, байкоо мөөнөтү 06 саат деген 05 саат 50 минутадан 06 саатка чейин приборлордун көрсөткөн маалыматын толук алып бүтүрүү дегендикке жатат. 1966-жылдан баштап СССРдеги метеорологиялык станцияларда /00, 03, 06, 09, 12, 15, 18, 21/ Москва убакыты боюнча суткасына 8 жолу байкоо жүргүзүү кабыл алынган/.

СРОЧНЫЕ ДАННЫЕ мөөнөттүк маалыматтар /кабыл алынган мөөнөттөгү байкоолордун маалыматтары/.

СРОЧНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ мөөнөттүк байкоолор /гидрометеорологиялык станцияларда кабыл алынган мөөнөттө байкоо жүргүзүлөт/.

СРОЧНЫЙ ТЕРМОМЕТР мөөнөттүк термометр /шкалалуу цилиндр түтүкчөдөн турган сымаптык термометр; аны менен кыртыштын үстүнкү бетинин температурасын өлчөйт/.

СТАНДАРТНАЯ ВЫСОТА стандарттык бийиктик /станциялардын тармагындагы метеорологиялык байкоолорду жүргүзүүчү стандарттык бийиктик. Мисалы, метеорологиялык станциялардагы байкоолор кабыл алуучу бөлүгү жер бетинен 2,0 м бийик орнотулган приборлордун жардамы менен жүргүзүлөт/.

СТАНДАРТНАЯ ПЛОТНОСТЬ ВОЗДУХА абанын стандарттуу тыгыздыгы /басымдын жана температуранын стандарттуу маанисинде/ сынап мамычасында 760 мм, $t$ -0°/ кургак абанын тыгыздыгы/.

СТАНДАРТНАЯ ТЕМПЕРАТУРА стандарттык температура /атмосферанын абалын мүнөздөө үчүн тандалып алынган шарттык температура, көбүнчө бул 0°С/.

СТАРИЦА эски нук /дарыянын /өзөндүн/ эски изи, кургап калган өзөн/.

СТАЦИОНАРНЫЙ АНТИЦИКЛОН стационардуу антициклон /узак убакытка чейин калыбын бузбай же өтө акырындык менен жылышкан антициклон/.

СТЕПНОЙ КЛИМАТ талаа климаты / талаа зонасынын кургак /жаан-чачындын саны 450 мм ашпаган/, жайы ысык климат. Мелүүн алкакта өтө суук, ал эми субтропика жана тропикте жылуу. Жаан-чачындын саны өсүмдүктөрдүн вегетацияланышына жетишерлик, бирок кээ бир кургакчыл жылдарда кошумча сугаруу талап кылынат/.

СТОК агым /атмосфералык жаан-чачындын суусунун адегенде дарыяга, андан көлгө, деңизге, океандарга карата агышы; аны жердин асты менен жана үстү менен, ошондой эле каптал боюнча жана сай менен агыш делинип бөлүнөт/.

СТОК ВОЗДУХА абанын агымы /тартылуу күчүнө карата муздак абанын каптал менен төмөн агышы/.

СТОК РАСТВОРЕННЫХ ВЕЩЕСТВ эриген заттардын агымы /белгилүү убакыт ичинде агын суулар аркылуу эриген химиялык заттардын өзөндөн алынып кетиши/.

СТОКОВЫЕ ПЛОЩАДКИ агымды өлчөөчү аянтча /тоолордун капталын жасалма жол менен тосуп агымды өлчөөчү аянтча/.



СТОКОВЫЕ СТАНЦИИ агым изилдөө станциялары /суу балансынын бардык элементин жана алардын негизги факторлорун комплекстүү байкоо жүргүзүү үчүн атайы курулган гидрометеорологиялык станция/.

СТОКООБРАЗУЮЩИЕ ОСАДКИ агым жаратуучу жаан-чачын /агымды пайда кылуучу жаан-чачындын бардык түрү/.

СТРЕМНИНА шар агым /өзөндүн, дарыялардын суу катуу агып өтүүчү кысыгы. Мындай кысык өзөндүн кристалл тоо тектерин кесип өткөн жеринде пайда болот/.

СУБАРКТИЧЕСКИЙ КЛИМАТ субарктикалык климат /с.к. ка тундра же тайга климаты кирет/.

СУБГУМИДНЫЙ КЛИМАТ субгумиддик климат /жаан-чачын менен камсыз болгон талаа климаты/.

СУБЛИМАЦИОННЫЙ ЛЕД сублимациялык муз /суу бууларынын түздөн-түз музга айланган абалы/.

СУБЛИМАЦИЯ сублимация /суу бууларынын суюктукка айланбай эле катуу /муз/ абалына келиши; физика менен химияда заттардын суюк абалды аттап, катуу нерседен газ абалына өтүү кубулушу/.

СУБТРОПИКИ субтропиктер /ар бир жарым шардагы мелүүн жана тропиктик алкактардын аралыгындагы толук аныкталбаган зона, б.а. түндүк жана түштүк кеңдиктин 35°-40° аралыгы/.

СУБТРОПИЧЕСКИЕ КЛИМАТЫ субтропиктик климаттар / бул Жер Ортолук деңиздин, субтропикалык нымдуу токой, субтропикалык чөл, океандарда болсо пассаттык климаттар/.

СУЛЬФАТНЫЕ ВОДЫ сульфаттык суулар /эритмесинде сульфаттык иондор $/SO_4^{2}/$ басымдуулук кылган суулар/.

СУММА ТЕМПЕРАТУР температуранын суммасы /вегетация мезгилин-

де орточо суткалык температуранын суммасынан чыгарылган жылуулук режимдин мунездемесу. Өсүмдуктордун тигил же бул сортунун бышып жетилиши учун белгилуу өлчөмдөгу температуранын суммасы талап кылынат/.

СУММАРНАЯ СОЛНЕЧНАЯ РАДИАЦИЯ <u>кундун суммардык радиациясы</u> /горизонталдык мейкиндикке тушуруу чачыранды жана туз нурлануу радиациясынын суммасы/.

СУММАРНОЕ ИСПАРЕНИЕ <u>суммардык бууланув</u> /жер бетинен мумкун болгон буулануунун суммасы. Буга өсүмдуктөр аркылуу бууланган /транспирация/ нымдуулук кошо кирет/.

СУТОЧНАЯ АМПЛИТУДА <u>суткалык амплитуда</u> /гидрометеорологиялык элементтерлин суткалык чондугунун эн жогорку жана эн төменку маанисинин ортосундагы айырма/.

СУТОЧНОЕ ВРАЩЕНИЕ ЗЕМЛИ <u>жердин суткалык айланышы</u> /жылдыз суткасынын ичинде /23 саат 56 мин. 4.0905 сек./ жердин өз огунда айланышы/.

СУТОЧНЫЙ МАКСИМУМ <u>суткалык максимум</u> /гидрометеорологиялык элементтердин сутканын ичинде байкалган эн чон мааниси. Ал орточо жана максималдуу максимум делинип бөлүнөт/.

СУТОЧНЫЙ ПРОГНОЗ <u>суткалык алдын ала айтуу</u> /сутканын ичинде күтүлүүчү гидрометеорологиялык кубулуштар жөнүндө алдын ала айтуу, б.а. 18 сааттан келерки кундун 18 саатына чейинки убакыт эске алынат/.

СУТОЧНЫЙ ХОД <u>суткалык өзгөрүү</u>/гидрометеорологиялык элементтердин сутка ичинде журушу, б.а. жердин өз огунда айланышы менен чондуктардын өзгөрушу/.

СУХОВЕЙ <u>керимсел, ысык жел</u> /Казакстанда, СССРдин Европалык бөлүгүндө /айрыкча Каспий алдындагы ойдунда/ талаа зонасындагы кургак, температурасы жогору келген шамал/.



СУХОЙ КЛИМАТ <u>кургак климат</u> /талаа жана чөл зонасында жааган жаан-чачын толугу менен бууланып кетуучу климат. Туруктуу агын суулары жок, ал эмес башка нымдуу чөйрөдөн келген сууларды соолто турган климат/.

СУХОЙ ЛЕД <u>кургак муз</u> /температурасы $-78,9^{0}$ та суюктук абалын аттап, буугa айланып кетуучу катуу көмүр кислотасы/.

СУХОЙ ПЕРИОД <u>кургак мезгил</u> /климаттык шартка байланыштуу жаан-чачын таптакыр болбогон, же болсо да аз санда жааган мезгил/.

СУХОЙ СЕЗОН <u>кургакчыл сезон</u> /жылдын жаан-чачыны аз болгон мезгили/.

СУХОЙ СНЕГ <u>кургак кар</u> /абанын температурасы өтө төмөн болгон учурда жааган, жабышпай турган кар/.

СУХОЙ ОСТАТОК <u>кургак чөкмө</u> /сууну $105-110^{0}$ чейин кайнатып буулантканда калган чөкмө заттар; г/л менен туюнтулат/.

СХОД СНЕЖНОГО ПОКРОВА <u>кардын кетиши</u> /кардын эрип жок болушу/.

СЮРИН <u>сюрин</u> /сентябрь, октябрь айларында Япониядагы жаан-чачындуу мезгил. Осондо фронттуу зона түндүктөн туштукке карай жылып Япониянын территориясын басып өткөн учур болот/.

СФАГНУМ <u>сфагнум</u> /чирмалышкан мох өсүмдуктөрунун сазда-гы өскөн туру/.

## Т

ТАБЛИЦА БЕМПОРАДА Бемпорада таблицасы /күндүн ар кандай бийиктиктеги абалындагы атмосферанын массасынын оптикалык маанисинин таблицасы. Аны Бемпораданын формуласы менен эсептөөгө болот/.

ТАЙФУН тайфун /Түштүк Кытай деңизи, Филиппин аралдарына жакын райондордо байкалуучу тропикалык циклондон пайда болгон күчтүү жергиликтүү куюн. Тайфун, Индокытай, Кытай жана Кореянын жээктерине карата жылып отуруп, түндүк кеңдиктин 20°- 25° жеткенде түндүк-чыгышка буруулуп, Япониянын түштүгүндөгү аралдарга /кээде Приморье крайына/ чейин жетет. Максималдуу кайталанышы жайында жана күзүндө байкалат/.

ТАКЫР такыр /Орто Азиянын тоолорун этектеп кетүүчү чөлдүү жана жарым чөлдүү аймактардагы тайпак, кенен, чополуу мейкиндик. Күн жааганда же кардын суусу эригенде ылайлуу суу каптап, кийин суусу кургаганда чополуу топурак узун-туурасынан жарылып турат/.

ТАЛАЯ ВОДА эриген суу /кар, муздан эриген суу/.

ТАЛЬВЕГ сайдын таманы /кокту-колоттун, сайлардын таманындагы терең жерлерин бириктирген сызык/.

ТЕКУЩАЯ ПОГОДА күндөлүк аба ырайы /аба ырайындагы кубулуштар жөнүндөгү шарттуу WW рубрикасы менен метеорологиялык телеграммаларды берүүчү шифри. Мында ар түрдүү өлчөмдөгү жаан-чачындын түрлөрү: туман, добул, алай-дүлөй ж.б. айтылат/.

ТЕМПЕРАТУРА температура /нерсенин жылуулук абалынын мүнөздөмөсү, б.а. кинетикалык энергиянын молекулалык кыймылы. Температура кинетикалык энергиянын өзгөрүшүн шкала боюнча көрсөтүүчү түрдүү термометрлер менен ченелет/.



ТЕМПЕРАТУРА ВОЗДУХА абанын температурасы /атмосфералык аба менен чектеш турган чөйрөнүн температурасынын термометр көрсөткөн чоңдугу. Сеттик /тармактык/ метеорологиялык байкоолордо абанын температурасы деп жердин бетинен 2 м жогору коюлган термометрдин көрсөтүүсү айтылат. Мындай термометр турган аянттын айлана-чөйрөсү ачык, желдеп тургандай болушу керек. Практикада кургак психрометрдик Август термометри колдонулат; ал ыкчам будкада турат. Экспедициянын шартында термометр-праш жана ыкчам асман термометри деген приборлорду колдонушат. Ошондой эле максималдык жана минималдык термометрлерди колдонуп, кээ бир убакыттардын ичиндеги четки температуралар ченелет. Станциялардa абанын температурасын термографтын жардамы менен үзгүлтүксүз ченеп турат. Жерге чектеш абанын температурасын атайын изилдөөдө психрометр жана термоэлектрикалык термометр колдонулат, ал эми эркин атмосферадагы абанын температурасын өзү жазуучу приборлор-метеограф, радиозонд менен ченейт/.

ТЕМПЕРАТУРА В ТЕНИ көлөкөлүү жердин температурасы /күн нурунан далдада желаргы уруп турган ыктоо жердин абасынын температурасы/.

ТЕМПЕРАТУРА ПОВЕРХНОСТИ ВОДЫ суу бетинин температурасы /атайын калкытмалуу термометрдин жардамы менен өлчөлүүчү суунун үстүңкү бетинин температурасы/.

ТЕМПЕРАТУРА ПОВЕРХНОСТИ ПОЧВЫ топурактын үстүңкү бетинин температурасы /топурактын же кардын үстүндө жаткан термометрдин көрсөтүүсү. Мында термометрдин түлкүсү жарымына чейин топуракка бастырылат. Ачык бетте жаткан термометрге күндүн радиациясы катуу таасир эткендиктен мындай термометр менен топурактын үс-

тундук бетинин температурасын ченөөдө кыйла кемчиликтер болот, бирок башка алмаштыруучу шкалалар азырынча иштелип чыга элек/.

ТЕМПЕРАТУРА ПОЧВЫ НА ГЛУБИНАХ топурактын тереңдиктеринин температурасы /ар түрдүү тереңдикке резервуарлары матырылган термометрдин көрсөткөн температурасы. СССРдеги метеорологиялык станцияларда топурактын 5,10,15,20 см тереңдиктериндеги температураларды жайкысын Савинова термометри менен, ал эми 20,40, 80,160,312 см тереңдиктеги температураны термоэлектрдик термометр менен ченейт/.

ТЕМПЕРАТУРА РАВНОВЕСИЯ тең салмактуу температура /чөйрөгө кыналышкан тең салмактуу абанын температурасы. Белгилүү кеңдиктеги жердин бетинин жана булуттуулуктун шартында жана жылдын ошол мезгилинде мындан артык болбой турган температура/.

ТЕМПЕРАТУРА СМОЧЕННОГО ТЕРМОМЕТРА нымдалган термометрдин температурасы /нымдалган термометр көрсөткөн температура/.

ТЕМПЕРАТУРА ШИРОТНОГО КРУГА кеңдиктин тегерегинин температурасы /белгилүү параллелдин абасынын көп жылдык орточо температурасы. Аны изотерма боюнча картадан же ошол тегеректин ар кайсы пункттарынын температурасына карата аныктайт. Формула менен да белгиленет/.

ТЕМПЕРАТУРНАЯ ИЗМЕНЧИВОСТЬ температуралык өзгөрмөлүүлүк /температуранын суткалык же орточо айлык өзгөрмөлүүлүгү айтылат/.

ТЕМПЕРАТУРНАЯ ПОПРАВКА температуралык түзөтүү /аспаптык ченөөдө температуранын таасири менен прибордун кеңейип же тарып кетишине байланыштуу каталыкты түзөтүү/.

ТЕМПЕРАТУРНАЯ РАДИАЦИЯ температуралык радиация / чагылдыруучу нерсенин абсолюттук температурасына көз каранды болгон радиация.



ал электрдик, химиялык ж.б. процесстерге көз каранды эмес/.

ТЕМПЕРАТУРНАЯ ШКАЛА температуралык шкала /температуранын маанисинин салыштырмалуу сандык системасы. Ар бир температуралык шкала иштелүүчү процесстин температурасын ченөөчү эки же андан көп репердик чекиттүү болот. Мындай репердүү точкалар суунун тоңушу же бууга айланышы мисал боло алат. Практикалык метеорологияда 100° тук же Цельсия /$C^0$/ шкаласы колдонулат/.

ТЕМПЕРАТУРНОЕ ЗОНДИРОВАНИЕ температуралык зонддоо /аэрологиялык жол менен эркин атмосферадагы абанын температурасын, атмосфералык басымды, нымдуулукту аныктоо. Мында шар зондор менен радиозондду, метеорографты, самолет, аэростаттарды абага жиберүү методу айтылат/.

ТЕМПЕРАТУРНЫЙ ИЗЛУЧАТЕЛЬ температуралык шоолаландыргыч /температурасы абсолюттук 0 дан жогору болуп, радиация шоолаландыруучу ар кандай телолор/.

ТЕМПЕРАТУРНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ АНЕРАИДА Анераиддин температуралык коэффициенти /

ТЕМПЕРАТУРНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ СНЕГОТАЯНИЯ кардын эришинин жылуулук коэффициенти /орточо суткалык жылуулуктун ар бир /$T^0$/ градусуна туура келүүчү эриген кардын суусунун миллиметрин саны/.

ТЕМПЕРАТУРНЫЙ ПОЯС температуралык алкак /белгилүү шарттагы абанын температурасы менен мүнөздөлүүчү кеңдик боюнча алкак/.

ТЕМПЕРАТУРОПРОВОДНОСТЬ температура өткөргүчтүк /телолордун ысуу жана муздоо мезгилинде температураны өткөрүү ылдамдыгы менен мүнөздөлүүчү касиети/.

ТЕНЬ ЗЕМЛИ жердин көлөкөсү /жердин даддалоочу касиетине байланыштуу күн батканда чыгыш тараптагы, күн чыгаарда батыш тараптагы көлөкөлүү караңгылык/.

ТЕОРЕТИЧЕСКАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ теориялык метеорология /метеорологиянын көп бир маселесинин теориялык, көбүнчө физико-математикалык жол менен аныкталышы/.

ТЕОРИИ КЛИМАТА климаттын теориялары /климаттык шарттын теориялык аныктамасынын системасы, б.а. климаттын жер шарты боюнча бөлүнүү өзгөчөлүгү, убакыт боюнча өзгөрүшү, климаттын элементтеринин өз ара байланышы ж.б./.

ТЕОРИЯ ПРОИСХОЖДЕНИЯ ПОДЗЕМНЫХ ВОД жер астындагы суулардын пайда болуу теориясы /жер катмарындагы суулардын пайда болуу процессин түшүндүрүүчү илимий көз караштардын системасы. Төмөнкү негизги теориялар сунуш кылынган: I. жер катмарына тыштан суу сиңүү; 2. суу сарыгуу; 3. минералдардан жана магмалардан бөлүнүп чыккан суулардын жыйындысы ж.б./.

ТЕПЛОВОЕ ЗАГРЯЗНЕНИЕ жылуулуктан булгануу /индустриялык курулушта ядролук реакциялар болгондо жана углероддук отундарды жагууда атмосферага жылуулуктун бөлүнүп чыгышы/.

ТЕПЛОВОЙ БАЛАНС АТМОСФЕРЫ атмосферанын жылуулук балансы /атмосферага түшкен жана кайра бууланып кеткен жылуулук агымдарынын алгебралык суммасы. Жалпы жонунан атмосферада мындай баланс нөлгө барабар. Себеби, радиациялык баланс /$Ra$=30 бирдикти түзөт/, суу бууларынын жылуулуктун мизин кайтаруусу /+23 бирдик/ жана жер бетинен чыккан жылуулук /=+ 7 бирдик/ өз ара теңелишкенде тийиндиси нөлгө барабар болот/.



ТЕПЛОВОЙ БАЛАНС ЗЕМНОЙ ПОВЕРХНОСТИ жер бетинин жылуулук балансы /жер бетине түшкөн жылуулук агымы менен кайра чагылган жылуулук агымынын ортосундагы алгебралык суммасынын нөлгө барабар болгон теңдемеси. Ал $R-P-B-Ll=0$ деп жазылат. $R$ - жердин бетинин радиациялык балансы; Р - жер менен атмосферанын ортосундагы абанын турбуленттик алмашуусу; В - жердин үстүнкү бети менен астыңкы тереңдигинин ортосундагы жылуулук алмашуусу; $Ll$ - суунун фазалык өзгөрүүсүнүн натыйжасындагы пайда болгон жылуулук. Мисалы, күндүн атмосферага чектеш чөйрөдөгү радиациясын 100 бирдик деп алсак, $R$=80; Р=-10; $Ll$=-20; В=0 болот/.

ТЕПЛОВОЙ БАЛАНС СИСТЕМЫ ЗЕМЛЯ - АТМОСФЕРА жер жана атмосфера системасынын жылуулук балансы /Жер планетасы /атмосфера менен бирге/ кабыл алган жалпы жылуулуктун жана космос мейкиндигине атмосфера аркылуу чагылдырган жылуулуктун алгебралык суммасы. Ал дайыма нөлгө барабар болот/.

ТЕПЛОВОЙ БАЛАНС ШИРОТНЫХ ЗОН кеңдик зонасынын жылуулук балансы /белгилүү кеңдиктин узундугу боюнча эсептелип чыгарылган жылуулук балансы/.

ТЕПЛОЕ ОБЛАКО жылуу булут/0°тан жогору эмес температурадагы булуттар/.

ТЕПЛОЕМКОСТЬ жылуулук, сыйымдуулук /гидрометеорологиялык элементтердин /суу, аба/ температурасын бир градуска жогорулатуучу жылуулуктун саны. Салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулук деп ат-

тардын белгилүү бирдигин I$^{0}$ка жылытуучу жылуулуктун саны. Дж/кг. К же кал/г.град; I кал/г.град=4190 Дж/кг.К/.

ТЕПЛООБМЕН В АТМОСФЕРЕ атмосферадагы жылуулук алмашуу /атмосферанын бир бөлүгүнөн экинчи бөлүгүнө жылуулуктун алмашуусу/.

ТЕПЛООБМЕН В ПОЧВЕ топурактагы жылуулук алмашуу/топурактын үстүнкү катмарынан төмөнкү катмарына же тескерисинче жылуулуктун алмашуусу/.

ТЕПЛОПРОВОДНОСТЬ жылуулук өткөргүчтүк /гидрометеорологиялык нерселердин ысыграак бөлүгүнөн анчалык ысык эмес бөлүгүнө жылуулукту таркатуу касиети; өлчөө бирдигинин коэффициенти - бул температура градиенти I$^{0}$/см заттын I см$^{2}$ аянты аркылуу I секунда ичинде агып өткөн жылуулуктун калориясы менен туюнтулат/.

ТЕПЛОПРОВОДНОСТЬ ВОЗДУХА абанын жылуулук өткөргүчтүгү /атмосфералык абадагы жылуулук өткөргүчтүк. Башка суюктук же газдардагыдай эле атмосфералык абада да молекулярдык жана турбуленттик жылуулук өткөргүчтүк деп бөлүнөт/.

ТЕПЛОТА жылуулук /гидрометеорологиялык нерселерди түзүп турган элементардык бөлүкчөлөрдүн /атом, молекулалар, электрондор ж.б./баш аламан кыймылдарынын энергиясы. Жылуулук бир системадан температурасы төмөн болгон экинчи системага өтүп турат/.

ТЕПЛОТА ИСПАРЕНИЯ буулануу жылуулугу /өзгөрүлбөгөн температурада суюк же катуу нерселерди буугa айландыруу үчүн зарыл болгон жылуулук, мисалы, 0$^{0}$ тагы суунун буугa айлануучу жылуулугу L=597 кал/г., муздуку L=667 кал/гр., б.а. эрүүгө жана буугa айландыруучу жылуулуктун суммасы/.

ТЕПЛОТА ПАРООБРАЗОВАНИЯ буу пайда болуу жылуулугу /кайноо температурасында суюктукту буугa айландыруу үчүн талап кылынуучу жылуулук саны/.



ТЕПЛОТА ПЛАВЛЕНИЯ эрүү жылуулугу /эрүү температурасында нерсени катуу абалдан суюк абалга өткөрүү үчүн талап кылынган жылуулук саны, мисалы, муздун 0$^{0}$ тагы эрүү жылуулугу 80 кал/г/.

ТЕПЛЫЙ АНТИЦИКЛОН жылуу антициклон / тропосферадагы температурасы жогору болгон антициклон. Стратосферада антициклондун температурасы тескерисинче төмөн. Тропопаузада ортодон жогору. Мындай антициклондорго субтропикалык антициклон же стационардык антициклондор кирет/.

ТЕПЛЫЙ ЦИКЛОН жылуу циклон /тропосферанын чөйрөсүнө салыштырмалуу абанын температурасы жылуу циклон. Бул оор басымдуу төмөнкү циклон/.

ТЕРМИКА термика /атмосферанын жылуулук шартын түшүндүрүүчү термин/.

ТЕРМИЧЕСКАЯ АНОМАЛИЯ термикалык аномалия /белгилүү бир чөйрөнүн орточо суткалык, айлык ж.б. температурасынын көп жылдык орточо температурасынан айырмаланышы/.

ТЕРМИЧЕСКАЯ ТРАНСФОРМАЦИЯ термикалык трансформация /температуранын өзгөрүшүнүн натыйжасында жылыган аба массасы/.

ТЕРМОАНЕМОМЕТР термоанемометр /тегиздиктин бетин муздатып кетүүчү шамалдын ылдамдыгын өлчөөчү курал/.

ТЕРМОГИГРОГРАФ термогигрограф /бир эле лентага абанын температурасынын салыштырмалуу нымдуулугун жана алардын өзгөрүүсүн жазып туруучу прибор/.

ТЕРМОГРАФ термограф /абанын температурасынын өзгөрүшүн өзү эле жазып туруучу прибор/.

ТЕРМОДИНАМИКА термодинамика жылуулук кыймылынын закон че-

неидүүлүктөрүн жана жылуулук кыймылынын физикалык нерселерге тийгизген таасирин үйрөтүүчү илим/.

ТЕРМОДИНАМИКА АТМОСФЕРЫ атмосферанын термодинамикасы /термодинамиканын методикасы менен атмосфералык процесстерди изилдөөчү илим; метеорологиянын бөлүгү/.

ТЕРМОКАРСТ термокарст /чөполуу топурактын астындагы тоңгон муздардын эрүүсүнүн натыйжасында жердин үстүңкү бетинин урап үңкүрдү пайда кылуусу/.

ТЕРМОМЕТР термометр /температураны өлчөөчү прибор; иштөө принциби боюнча суюктук /сымап, спирт/, газдык /водород/, деформациялык /биметалл, пластинка, Бурдон трубкасы/, электрдик /термоэлементтер деп бөлүнөт/.

ТЕРМОМЕТР-ПРАЩ термометр-пращ /абанын температурасын өлчөөчү сымаптык термометр. Аны жипке байлап алып кол менен тегеретип туруктуу шкалага жеткенге чейин айланта берүү керек/.

ТЕРМОМЕТРИЧЕСКАЯ ЖИДКОСТЬ термометрдик суюктуктар /термометрди иштетүүдө пайдаланылуучу суюктуктар: сымап, спирт, толуол ж.б. Бул суюктуктар химиялык жол менен жеңил алынат, жылуулукту аз сиңирет, бирок тез өткөрөт, жылуулуктан кеңейүү коэффициенти туруктуу болот. Айрыкча так термометрлерге сымап толтурулат, себеби сымап жогорула айтылган талаптарга толук жооп берет жана айнек түтүкчөнүн ички бетине аз жугат, ошондуктан сыртынан так көрүнөт. Сымаптын кайноо температурасы 356,9$^0$; бул жер бетинин температурасында капиллярдык буулануга моюн бербейт дегендикке жатат/.

ТЕРМОМЕТРИЧЕСКАЯ ЗАЩИТА термометрдик калканч



ТЕРМОМЕТРИЧЕСКОЕ СТЕКЛО термометрдик айнек / так термометрлерди жасоодо керектелүүчү белгилүү химиялык составдагы айнек/.

ТЕРМОПАУЗА термопауза/атмосферанын термосферадан жогору жаткан жана бийиктик боюнча туруктуу температурага өтүүчү зонасы/.

ТЕРМОПАУК термопаук /топурактын үстүңкү бетинин температурасын чеңөөчү термоэлектрдик прибор/.

ТЕРМОПСИХРОМЕТР ГОЛЬЦМАНА Гольцмандын термопсихрометри /төмөнкү температуралагы абанын нымдуулугун ченөөчү термоэлектрдик психрометр/.

ТЕРМОСИНХРОНА термосинхрона /белгилүү температуранын бир мезгилде жаралышын карта боюнча көрсөтүүчү сызык/.

ТЕРМОСТАТ термостат /ар түрдүү нерселерди туруктуу температурада кармап туруу үчүн арналган курал. Ар түрдүү системадан турат/.

ТЕРМОСФЕРА термосфера /атмосферанын мезопаузадан жогорку б.а. 80-90 км ден жогору кеткен катмары. Т. температурасы 200-300 км ге чейин жогорулап олтуруп 1500$^0$ка чейин жетет, андан ары туруктуу абалда жогорку бийиктиктерге /450 км/ чейин сакталат/.

ТЕХНОГЕННЫЕ ИЗМЕНЕНИЯ КЛИМАТА климаттын техногендик өзгөрүүсү /өнөр жайдын өсүшүнө байланыштуу индустриялдык установкаларда жагылган отундардын түтүнүнөн атмосфералык абада көмүр кычкыл газынын көбөйүшүнө байланыштуу климаттын өзгөрүүсү/.

ТЕЧЕНИЕ ИРМИНГЕРА Ирмингер агымы /Британ аралдарынан Дания кысыгына карай, андан кийин түштүк батышка, түштүккө бурулуп Чыгыш Гренландия муздак агымына чейин жеткен Гольфстримдин /Түндүк Атлантика агымынын/ тармагы/.

ТИБЕТСКИЙ АНТИЦИКЛОН Тибет антициклону /Тибет кырка тоосунун жайындагы ысышынын натыйжасында пайда болгон жайкы бийиктик антициклон/.

ТИПЫ БОЛОТ саздардын типтери /кээ бир жалпы белгилерине карата саздарды типтерге бөлүү. Суулуулугуна, бийиктик боюнча орун алышына, минералдануусуна, айлана-чөйрө менен байланышына карата саздар үч типке бөлүнөт: I. ойдуң саз, өтөк саз; анын нымданышына жаан-чачындын суусунан башка жер астындагы суулар да катышат; 2. дөңсөө саз /дөң саз/; анын сазданышына жалгыз гана жаан-чачындын суусу катышат; 3. аралаш саз/.

ТИП ИЗЛУЧЕНИЯ шоолалануунун типтери /жердин бетинен баштап жогору жана төмөн карай температуранын бөлүштүрүлүшү жана температуранын ошол тараптарына карата төмөндөшү/.

ТИП ПОГОДЫ аба ырайынын типтери /I. белгилүү интервал боюнча метеорологиялык элементтердин комплексинин дал келиши; 2. белгилүү синоптикалык об"ектилердин белгилүү чөйрөдөгү, бирдей мезгилдеги мүнөздүү аба ырайы: аба массасы, фронт ж.б./.

ТИПЫ АТМОСФЕРНОЙ ЦИРКУЛЯЦИИ атмосфералык циркуляциянын типтери /Түндүк Атлантика жана Евроазиянын тропиктен тышкаркы батыш, чыгыш, меридионал боюнча багытталган циркуляциялары/.

ТИПЫ ГОДОВОГО ХОДА ТЕМПЕРАТУРЫ температуранын жылдык типтери /жылдын ичинде жер бетиндеги абанын температурасынын орточо өзгөрүшүнүн типтери: I. экватордук - чоң эмес амплитудадагы /океандардын үстүндө I° төмөн; материктердин үстүндө 5-10°/, эки жолку максимуму жана минимуму бар; 2. тропиктик амплитудасы океанда 5°; материкте 20°, максимуму жайкы, минимуму кышкы чилдеде болот; 3. мелүүн алкактык - максимуму июль, авгус-



та; минимуму январда же февралда, амплитудасы /материкте/ 60°ка чейин жетет; 4. полярдык - эң жогорку жылдык амплитудалуу, максимуму июлда, августа жана минимуму марттагы температура/.

ТИХИЙ ВЕТЕР мемиреген жел /ылдамдыгы I м/сек /I балл/ жел/.

ТОПЬ сормо саз /саздардагы сууга каныккан баткактуу, балчыктуу сормо/.

ТОРОС торос /полярдык деңиздерде /тоңгон муздардын кысылышынан пайда болгон/ оркойгон муздардан түзүлгөн талаа/.

ТОРФ чым көң /суу токтоп турган саздуу жерлердеги өсүмдүктөрдүн, минералдык заттардын толук чирибей калган калдыктарынан турган органикалык катмар/.

ТОЧКА КИПЕНИЯ ВОДЫ суунун кайноо чекити /Эл аралык температуралык шкаладагы нормалдуу атмосфералык басымда суунун суюктан бууга айландыруучу температура суунун кайноо чекити деп аталат/.

ТОЧКА ТАЯНИЯ ЛЬДА муздун эрүү чеги /нормалдуу атмосфералык басым учурундагы суунун суюктук абалынан музга айлануунун чек арасындагы температураны көрсөтүүчү эл аралык температуралык шкаланын негизги бир репердик точкасы. Ал 0°С га барабар/.

ТРАЕКТОРИЯ ЦИКЛОНА /АНТИЦИКЛОНА/ циклондун /антициклондун/ траекториясы /циклондун /антициклондун/ күчү кайтканга чейинки кубаттуулугундагы басып өткөн жолунун траекториясы. Синоптикалык карта боюнча аныкталат/.

ТРАНСЗОНД трансзонд /горизонталдык багыт боюнча зонддоочу автоматтык аэростат/.

ТРАНСПИРАЦИЯ транспирация /өсүмдүктөрдүн, жалбырак, бүчүрлөрүнүн тамырларындагы жиги аркылуу топурактагы нымдын бууланышы. Буулануунун күчтүүлүгү метеорологиялык шартка гана эмес өсүмдүктөрдүн физиологиялык өзгөчөлүгүнө да жараша болот/.

ТРАНСФОРМАЦИЯ ВОЗДУШНОЙ МАССЫ аба массасынын трансформациясы /жылган аба массасынын ылдамдыгына жер бетинин тийгизген таасиринин натыйжасында акырындап өзгөрүшү/.

ТРЕЩИННЫЕ ВОДЫ жаракадагы суулар /чөкмө тоо тектеринин жаракаларында жыйналган жер астындагы суулар/.

ТРОПИКИ тропиктер /экваторго параллель деп элестелүүчү тегерек; анын түндүк жана түштүк жарым шарлардагы абалы $23^{0}27'$/.

ТРОПИЧЕСКИЙ ВОЗДУХ тропиктик аба /тропиктерде жана субтропиктерде жыл бою калыптанган аба массасы, б.а. төмөнкү кеңдиктерден жогорку кеңдиктерге карай багыт алган аба массасы/.

ТРОПИЧЕСКИЙ ГОД тропиктик жыл /Жердин Күндү толук айланып чыккан убактысы 365 сут. 5 саат 48 мин. 46 секунд же болбосо 365, 2420 сутка болгон жыл/.

ТРОПИЧЕСКИЙ КЛИМАТ тропиктик климат /тропиктин ички зонасынын климаты/.

ТРОПИЧЕСКИЙ УРАГАН тропиктик бороон /шамалдын күчү 12 баллга жеткен тропиктик циклон/.

ТРОПОСФЕРА тропосфера /жер бетинен стратосферага чейинки аба катмары. Анын орточо бийиктиги: мелүүн алкакта 10-12 км; полярдык алкакта 8-10 км, тропиктик алкакта - 16-18 км. Абанын температурасынын бийиктик боюнча төмөндөшү тропосферада 0,65/100 м/.

ТУМАН туман /конденсацияланууунун натыйжасында жер бетинин үстүндөгү абада калкып жүргөн буу тамчылары, кристаллчалары ж.б. Натыйжада абанын тунуктугу бузулуп күңүрттөнүү пайда болот/.

ТУМАН ИСПАРЕНИЯ бууланууу туманы /жердин бетинен бууланып муздак абага көтөрүлгөндө пайда болгон туман. б.т. кышында арктикалык деңиздерде, жайкысын ички деңиздерде /Кара деңиз, Балтика деңизинде,/ күзгүсүн дарыя, көлдөрдө көп байкалат/.



ТУМАН ОХЛАЖДЕНИЯ муздактык туман /абанын температурасынын төмөндөшүнүн натыйжасында пайда болгон туман/.

ТУМАН СКЛОНОВ капталдардын туманы /кырка тоолордун капталдары менен көтөрүлгөн абанын муздашынын натыйжасында пайда болгон туман/.

ТУНГУССКИЙ МЕТЕОРИТ Тунгус метеорити /1908-ж.30-июнда эртең менен Красноярк крайынын Гуна менен Подкаменной дарыяларынын ортосунда түшкөн чоң метеорит. Ал түшкөндө күчтүү жарылуудан пайда болгон аба толкуну жер шарынын атмосферасын толук кучагына алган. Ошондо 10-15 км аралыктагы тайга токою кыйрап, өрт пайда болгон/.

## У

УВЛАЖНЕНИЕ нымдоо, суулоо

УГЛЕКИСЛОТА көмүр кычкыл кислота /$CO_2$; молекуласында 1 атом углерод, 2 атом кислород болгон химиялык бирикме . Эрүү температурасы - 51, $7^{0}$ /атм. басым 51 болгондо/. Аны катуу абалында "кургак" муз деп атайт/.

УГЛЕКИСЛЫЙ ГАЗ көмүр кычкыл газ /$CO_2$ көмүр кычкыл кислотанын газ түрүндөгү абалы; түссүз, жытсыз газ, абадан 1,5 эсе оор, сууда аз эрип, суудагы эритмеси күчсүз кислота, 60 атм. басымда суюктукка айланат/.

УГЛЕРОД көмүртек /С; мезгилдик системанын IУ группасынын элементи, атом номери 6, А-12,0. Жаратылышта аллотропиялык үч түрдүү өзгөрүшү белгилүү: алмаз, графит, көмүр/.

УГЛОВАЯ МИНУТА бурчтук минута /минутанын экинчи мааниси/.

УГЛОВОЙ ЭФФЕКТ бурчтук эффект / орографиялык тоскоолдуктардын таасири боюнча шамалдын ылдамдыгынын күчтөнүшү/.

УГОЛ ВЕТРА шамалдын бурчу /самолеттун учуу оңзыгы менен шамалдын багытынын ортосундагы бурч/.

УДЕЛЬНАЯ ВЛАЖНОСТЬ салыштырма нымдуулук /суу буусунун массасынын ошол эле көлөмдө кармалып турган нымдуу абанын массасына болгон катышы/.

УДЕЛЬНЫЙ ВЕС салыштырма салмак /берилген нерсенин ордугу анын көлөмүнө болгон катышы менен аныкталуучу чоңдук. Салыштырма салмак метрикалык системалардын бардыгында тыгыздыкка барабар сан менен туюнтулат/.

УДЕЛЬНЫЙ ОБ"ЕМ салыштырма көлөм /заттын бирдик массасы ээлеген көлөм; тыгыздыкка тескери чоңдук/.

УДЛИНЕННЫЙ ПРОГНОЗ узартылган прогноз /аба ырайы тууралуу бир нече суткага /3-10 сутка/ алдын ала айтуу/.

УЗБОЙ узбой, кургак нук /Орто Азиянын чөлдүү райондорундагы байыркы дарыялардын нугу. Климат нымдуу болгон кездердеги түз агып өткөн ири дарыялар, кийин кургакчыл мезгилде суусу тартылып, өзөндүн нугу гана сакталып калган. Азыр анда убактылуу суу ташкыны болгондо гана агым байкалат, мисалы, Узбой - Сары - Камыш көлүн Каспий деңизине туташтырган байыркы дарыянын өзөнү; же болбосо Келиф узбою - Туркменстандын түштүк-чыгышындагы шору бетине чыккан бир нече майда ойдуңдарды туташтырган кургак өзөн. Азыр ал жерде Кара Кум каналы салынган/.

УЛАН улан /Ысык-Көл өзөнүнө батыштагы Боом капчыгайы тараптан соккон катуу шамал. Ылдамдыгы 25-30 м/с чейин жетет/.

УЛЬТРАЗВУК ультра үндөр /адамдын кулагы укпаган, термелүү жыштыгы 15-20 миң герцтен жогору үндөр. Ультра үндөр жаратылышта катуу шамалдар, деңиз толкундары болгон учурда байкалат; кээ бир жаныбарлар /жарганат ж.б. курт-кумурскалар/ да ультра үндөрдү чыгара алышат; техникада ультра үндөр ар түрдүү эксперименталдык жолдор менен алынат/.

УЛЬТРАКОРОТКИЕ ВОЛНЫ ультра кыска толкундар /толкун узундуктары 10 метрден 1 мм чейинки электромагниттик толкундар/.

УМЕРЕННАЯ ЗОНА мелүүн зона /түндүк жарым шардын субтропикалык жана субполярдык кеңдиктеринин ортосундагы /болжол менен түндүк кеңдиктин $40^0$ тан $65^0$ ка чейинки жана түштүк кеңдиктин $42^0$ нан $58^0$ на чейинки аралыгын кучагына алган/ зона. Анын климатында жылдын мезгилдери бир кыйла так бөлүнөт. М.з. дегендин ордуна мелүүн алкак, мелүүн кеңдиктер, орто кеңдиктер деген терминдер да колдонулат/.

УМЕРЕННО ТЕПЛЫЙ ВЛАЖНЫЙ КЛИМАТ мелүүн жылуу нымдуу климат /кар катмары мезгил - мезгили менен пайда болгон мелүүн алкактын климаты/.

УМЕРЕННЫЙ ВЕТЕР желаргы /ылдамдыгы 4 баллга /5,5-8,0 м/с/ чейин жеткен шамал/.

УМЕРЕННЫЙ ДОЖДЬ орточо ылдамдыктагы жылма жаан

УПРУГОСТЬ ВОДЯНОГО ПАРА суу бууларынын басымы /абанын нымдуулугун психрометр менен өлчөөдөгү негизги мүнөздөмөсү; ал сымап мамычасындагы миллибар же мм менен туюнтулат/.

УРАГАН ураган /1. чимын-куюн, бороон, айбаган катуу /32 м/сек чейин жеткен/шамал; 2. тропиктик циклон /Кариб деңизи жана Чоң-Антиль аралдарындагы "антиль" бороону/.

УРОВЕНЬ КОНВЕКЦИИ конвекция деңгээли /жогору багытталган конвекциялык агым туруктуу стратификациядагы аба катмарына жетип нымдалып токтотуучу деңгээл/.

УРОВЕНЬ КОНДЕНСАЦИИ конденсация деңгээли /аба массасы бийиктикке көтөрүлгөндө андагы суунун буулары каныгуу абалына келүүчү деңгээл/.

УРОВЕНЬ МОРЯ деңиз деңгээли /Жердин бетинин бийиктигин эсептөө үчүн колдонулуучу океандагы эркин суу мейкиндиги. Деңиз деңгээлине карата жердин бийиктиги, ойдуңдар, абанын басымы, температура ж.б. гидрометеорологиялык элементтердин параметрлери болуп эсептелет/.

УРСАТЬЕВСКИЙ ВЕТЕР Урсатьев шамалы/Фергана өрөөнүнүн кысыгында Урсатьев станциясында байкалуучу катуу шамал/.

УСКОРЕНИЕ ЧАСТИЦ ЖИДКОСТИ суюктуктун бөлүкчөлөрүнүн /келемүнүн/ ылдамдануусу /белгилүү суюктуктун бөлүкчөлөрүнүн /келемүнүн/ жылышуу ылдамдыгынын векторунун убакыт боюнча өзгөрүшү/.

УСЛОВИЯ ПОГОДЫ аба ырайынын шарты /белгилүү жердин аба ырайынын белгилүү убакыт ичиндеги мүнөзү, мисалы, оруу-жыйуу, айдоо, сугат мезгилиндеги аба ырайынын мүнөзү айтылат/.

УСТОЙЧИВОСТЬ ВЕТРА шамалдын туруктуулугу /белгилүү чейрөдө багыты үстөмдүк кылган шамал/.

УСТОЙЧИВОСТЬ КЛИМАТА климаттын туруктуулугу /узак убакыттын ичинде климаттын белгилүү мүнөзүнүн бир абалда турушу. Мындай болуш үчүн жергиликтүү географиялык шарт жана ага карата күндүн радиациясы туруктуу болушу зарыл/.

УСТОЙЧИВОСТЬ ПАСМУРНОЙ ПОГОДЫ бүркөлгөн аба ырайынын туруктуулугу / бүркөк аба ырайынын кайталануусунун /булуттуулугу 8-10 баллга жеткен/ бүркөлгөн күндүн санына болгон /шашылыш байкоо жүргүзүү боюнча/ өз ара катышы/.

УСТОЙЧИВОСТЬ ЯСНОЙ ПОГОДЫ ачык аба ырайынын туруктуулугу /булуттуулугунун градациясы 0-2 балл болгон ачык аба ырайынын /шашылыш байкоо жүргүзүүнүн результаты боюнча/ ачык болгон күндүн санына болгон өз ара катышы/.



УСТОЙЧИВЫЕ ЗАПАДНЫЕ ВЕТРЫ батыштын туруктуу шамалы /түштүк кендиктин 40 жана 60 градусунда түштүк батыштан, батыштан , түндүк батыштан соккон туруктуу деңиз шамалы /.

УСТОЙЧИВЫЙ ЛЕДОСТАВ өзөндү туруктуу муз каптаган абалы /өзөндүн суусу дээрлик муздагандан тартып бузулганга чейин муздун өзгөрбөй зыңкыйып жаткан абалы. Мындай абал кышы туруктуу мээгаардуу райондордун дарыя, сууларында пайда болот/.

УСТЬЕ чат /суунун көлгө же деңизге куйган жери/.

УСТЬЕ СКВАЖИНЫ бургулоо скважинасынын тешиги /бургулоо скважинасынын жердин үстүңкү бетине чыга берүүчү тешиги/.

УЧАСТОК ГИДРОЛОГИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ гидрологиялык станциянын участогу /стационардык гидрологиялык байкоолорду жүргүзүү үчүн орнотулган жана зарыл болгон куралдар менен жабдылган станция турган чөйрө, өрөөндүн же өзөндүн бир бөлүгү/.

УЧЕНИЕ О СТОКЕ агым жөнүндөгү илим /агымдын закон ченемдүүлүгүнүн бардык формасын /жердин асты менен, үстү менен, капталдап, өзөндөгү агымын/ жана суунун режиминин эсеп-кысабы боюнча методикасын үйрөтүүчү гидрология илиминин бир бөлүгү; ушул эле илим инженердик гидрологиянын да бир бөлүгү деп эсептелет/.

УЧЕТ ОПРАВДЫВАЕМОСТИ ПРОГНОЗОВ прогноздордун туура чыгышынын /акталышынын/ учету /гидрометеорологиялык факторлордун, элементтердин алдын ала болжолдогон өлчөмүнүн байкоо жүргүзгөндөгү өлчөмүнө туура келиш-келишпешинин эсеби, учету/.

УЩЕЛЬЕ капчыгай /тоо суулары агып өткөн кууш өзөн/.

## Ф

ФАКТОРЫ КЛИМАТА климаттын факторлору /жердин бетинде климатка таасир кылуучу факторлор, мисалы, географиялык кеңдик, деңиз деңгээлинен жогорку бийиктик, деңиздер менен кургактыктын бөлүнүшү, жердин бетинин рельефи, кар катмары, өсүмдүктөр, океандык агымдар ж.б./.

ФАКТОРЫ СТОКА агымдын факторлору /бассейндеги суунун агымын жаралыш өзгөчөлүгүн жана анын чоңдугун аныктоочу физико-географиялык чөйрөнүн тышкы элементтери. Мындай факторлор климаттык /жаан-чачын, буулануу, абанын температурасы ж.б./ жана физико-географиялык /топурактын түрлөрү, геологиялык, геоморфологиялык жана саздардын түрлөрү ж.б./ деп экиге бөлүнөт/.

ФАРВАТЕР фарватер /суунун, дарыянын кеме жүрө ала турган терең бөлүгү/.

ФЁН фён /тоо өрөөндөрүн бойлоп жогортон соккон кургак шамал/.

ФЁНОВЫЙ ВОЗДУХ фёндук аба /фён аркылуу келген жылуу, кургак аба/.

ФЕНОЛОГИЧЕСКАЯ КАРТА фенологиялык карта /чоң аймакта тигил же бул сезондук кубулуштун пайда болуучу даталарын көрсөтүүчү карта/.

ФЕНОЛОГИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ фенологиялык станция /фенологиялык байкоолорду жүргүзүүчү станция/.

ФЕНОЛОГИЧЕСКИЕ ДАТЫ фенологиялык даталар /белгилүү географиялык чөйрөдө жаратылыштын кубулуштарынын башталыш датасы/.

ФЕНОЛОГИЧЕСКИЕ НАБЛЮДЕНИЯ фенологиялык байкоо /жандуу жаратылыштын /органикалык дүйнөнүн/ сезондук кубулуштарынын башталышына жана аякталышына байкоо жүргүзүү/.



ФЕНОЛОГИЧЕСКИЕ ФАЗЫ фенологиялык фазалар /органикалык дүйнөнүн сезондук кубулуштары, мисалы, жазында көпөлөктөрдүн, келгин куштардын келиши, бак-дарактардын гүлдөшү ж.б./.

ФЕНОЛОГИЯ фенология /аба ырайынын же жылдын мезгилдеринин өзгөрүшү менен табигый шартта өсүмдүктөр менен жаныбарлардын, б.а. органикалык дүйнөнүн сезондук өсүп өнүгүшү жөнүндөгү илим/.

ФИЗИКА ОБЛАКОВ булуттардын физикасы /булуттардын пайда болушун, касиетин жана эволюциясын үйрөтүүчү илим/.

ФИЗИКА ОСАДКОВ жаан-чачындын физикасы /атмосфералык жаан-чачындардын пайда болуу процесстерин үйрөтүүчү илим/.

ФИЗИКА ПРИЗЕМНОГО СЛОЯ жер бетине чектеш аба катмарынын физикасы /жер бетиндеги атмосферанын катмарынын физикалык процесстери жөнүндөгү илим, б.а. жердин бети менен атмосферанын ортосундагы аба алмашуу, жер бетиндеги атмосфералык катмардын жылуулук режими, жер бетиндеги буулануу, конденсация ж.б./.

ФИЗИОЛОГИЧЕСКАЯ ЗАСУХА физиологиялык кургактык /жаз айларында жердин үстүндөгү абанын температурасы жогору болгондуктан бак-дарактардын буулануусу ылдамдайт, бирок топурактын астыңкы катмарындагы нымдуулук аны толук камсыз кыла албай калган учурда өсүмдүктөр жер астындагы нымдуулуктун жана минералдык бирикмелердин мол болушуна карабастан жакырлана баштайт/.

ФИЗИЧЕСКАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ физикалык климатология /физико-математикалык эсептөөлөргө жана анализге негизделген климатологиялык изилдөөлөрдүн багыты/.

ФИЗИЧЕСКИЕ И ВОДНЫЕ СВОЙСТВА ПОЧВ И ГОРНЫХ ПОРОД топурактын, тоо тектеринин физикалык жана сууга карата касиеттери /топурактын жана тоо тектеринин көлөмдүк салмагы, суу өткөргүчтүгү, суу

чыгаргычтыгы, катуулугу, борпоңдугу, боштугу, чыңырдыгы ж.б./.

ФИЗИЧЕСКОЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ физикалык жемирилүү /тоо тектеринин айлана-чөйрөнүн температурасынын жана нымдуулугунун тез-тез өзгөрүп турушунун натыйжасында үбөлөнүп жемирилиши/.

ФИЛЬТРАЦИЯ фильтрация /тоо тектеринин же топурактын майда көңдөйлүү чөйрөлөрү аркылуу суюктуктун же газдын өтүшү/.

ФИОРДЫ фиорддор /деңиздин кургактыкка тараган терең кууш өөгү, жардуу ичке булуңдары/.

ФИРН фирн /мөңгүнүн башындагы /берметтей жалтыраган/ ири бүртүктүү муз; фирн тараган мөңгүнүн башын фирн аймагы деп атайт/.

ФИРНИЗАЦИЯ фирндешүү /жаңы кардын фирнге айлануу процесси, б.а. жалпак формадагы жаш кардын басырылып адегенде майда, андан кийин ири бүртүкчөлөргө айланууусу/.

ФИРНОВАЯ ЛИНИЯ фирндик сызык /мөңгүнүн башындагы фирн алабы менен этегиндеги калтаң муздуу бөлүгүнүн ортосундагы сызык/.

ФИТОБЕНТОС фитобентос /көлмөлөрдүн түбүндө өскөн өсүмдүктөрдүн жыйындысы/.

ФИТОКЛИМАТ фитоклимат /өсүмдүктөр өскөн чөйрөнүн микроклиматтык шарты, мисалы, чөптөр өскөн, дарактардын түбүнүн микроклиматы/.

ФЛОРИДСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Флорида агымы /башталыш тармагы Гольфстримдин Мексика булуңунан Атлантика океанына чыга беришиндеги агым; ал Флорида менен Куба аралдарынын ортосу менен өтөт/.

ФЛЮВИОГЛЯЦИАЛЬНЫЕ ОТЛОЖЕНИЯ флювиогляциялык катмар,чөкмө /муз доорунун акырында мөңгүдөн аккан суулардын чөкмөлөрүнүн шилендиси/.

ФЛЮГЕР флюгер /шамалдын багытын көрсөтүүчү мачтала тегеренип туруучу калакча, желекче, пластинка/.



ФОЛЬКЛЕНДСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Фолькленд агымы / Атлантиканын Аргентина жакка жээгин бойлоп түндүккө кеткен агым. Ал Батыш-Шамал агымынын тармагы катарында пайда болот: түштүк кеңдиктин 35°да Бразилия агымына биригип, Түштүк Атлантика агымын пайда кылып, чыгышка кетет/.

ФОРМИРОВАНИЕ ВОЗДУШНОЙ МАССЫ аба массасынын жаралышы /белгилүү касиетке ээ болгон жекече атмосфералык об"ект катарындагы аба массасынын жаралыш процесси. Бир тектүү жер бетиндеги аба массасы убакыттын өтүшү менен жалпы бирдей касиетке ээ болот, ал ошол жердин географиялык абалына, жер бетинин түзүлүшүнө жараша болот/.

ФОРМУЛА АБЕЛЯСА Абельсонун формуласы /кардын катмарынын тыгыздыгына караша жылуулук өткөргүчтүгүн аныктоочу формула/.

ФОРМУЛА ДАЛЬТОНА Дальтондун формуласы /бууланууунун ылдамдыгын аныктоочу формула/.

ФОРМУЛА ИСПАРЯЕМОСТИ ИВАНОВА Ивановдун буулангычтыкты аныктоочу формуласы /буулангычтыкты ири көлмөлөрдөгү тунук суунун үстүнкү бетинен /бир айда мм менен/ орточо температура $t^0$ жана абанын салыштырма нымдуулугу боюнча аныктоочу формула:

$E - 0{,}0018\ /2{,}5 + t^2\ /100 - f/.$

ФОТОСИНТЕЗ фотосинтез /хлорофилдүү жашыл өсүмдүктөрдүн органикалык эмес заттардан көмүр кислотасынан жана суудан жарык энергиянын жардамы менен органикалык заттарды жаратуу процесси; фотосинтезди жаратуучу өсүмдүктөрдү фототрофтуулар деп атайт/.

ФОТОСФЕРА фотосфера

ФРАКЦИОМЕТР фракциометр /дарыялардын алкындыларына гранулометрдик анализ жургузуучу электрдин тобу; анын элегинин көзү 0,I ден 0,05 мм чейин болот/.

ФУТШТОК футшток /суу ченөөчү рейка/.

X

ХАБУБ хабуб /Судандагы кум учурган катуу бороон. Мындай бороон Хартумда жылына 24 жолу байкалат. Чаңдын көтөрүлүшүнөн пайда болгон кара туман 1500 м ге көтөрүлүп, шамал бир кыйла кыйроолорго алып келет/.

ХАМСИН хамсин /Африканын түндүк чыгыш тарабында жаз айларында көп байкалуучу ысык жана кургак шамалдын аты/.

ХАРАКТЕР ЗАЛЕГАНИЯ СНЕЖНОГО ПОКРОВА кар катмарынын жайланышын мүнөздөө /метеорологиялык станциянын айлана-чөйрөсүндөгү кар катмарынын жайланышын көз өлчөө менен мүнөздөө. Тегиз жаткан, ала темгил, күрткүлүү делинип бөлүнөт/.

ХАРАКТЕРИСТИКА ВЕТРА шамалдын мүнөздөмөсү /шамалдын ылдамдыгын жана багытын мүнөздөө/.

ХАРАКТЕРНАЯ ДЛИНА мүнөздүү узундук /ар түрдүү физикалык системалардын жана кубулуштардын дайыма кезигүүчү узундуктары, мисалы, бир системасынын горизонталь боюнча узундугу /циклон жана антициклон/; атмосфералык катмардын калыңдыгы ж.б./.

ХАРАКТЕРНАЯ СКОРОСТЬ мүнөздүү ылдамдык /физикалык системалардын жана кубулуштардын /белгилүү/ мүнөздүү ылдамдыгы/.

ХАРАКТЕРНОЕ ЗНАЧЕНИЕ мүнөздүү чоңдук /узундуктун, убакыттын, температуранын, нымдуулуктун, шамалдын ылдамдыгынын жана жалпы эле метеорологиялык элементтердин убакыт жана аралык боюнча кыймылынын чоңдугу/.



ХАРМАТАН харматан /Батыш Африканын жээктерине /Гвиней булуңуна жана Зеленого Мыса аралдарына/ түндүк-чыгыш тараптан соккон аба массасынын жергиликтүү аты. Харматан кышында /ноябрь-март/ Сахаранын үстүндө антициклон отурукташканда башталат да кышкы муссондун аракетин жасайт. Харматан өтө кургак, чаң учурган аба/.

ХЕМОСФЕРА хемосфера /атмосферанын кислород, озон, натрийдин катышуусу менен - фотохимиялык реакция жүрүүчү бөлүгү/.

ХИМИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ химиялык реакция /белгилүү бир шарттар заттардын өз ара аракетинин же сырткы күчтөрдүн таасири менен бир же бир нече заттардын химиялык составын өзгөртүүчү процесс. Химиялык реакцияда алгачкы заттар толугу менен же жарым жартылай башка түргө айланат. Реакцияга катышкан заттардын жалпы салмагы алынган заттардын жалпы салмагына барабар болот. Х.Р. нын натыйжасында ар бир элементтин атомдорунун саны жана алардын /жаратылышы/ касиети /ядролук реакциялардан башкаларында өзгөрбөйт. Гидрометеорологиянын бардык элементтерине химиялык ар түрдүү реакциялар мүнөздүү/.

ХИМИЧЕСКАЯ ЭНЕРГИЯ химиялык энергия /химиялык реакциянын натыйжасында бөлүнүп чыккан энергия/.

ХИМИЧЕСКИ НЕОДНОРОДНОЕ ТЕЛО ар түрдүү химиялык нерселер /бир нече заттардын аралашмасынан турган нерсе - тело/.

ХИМИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ВОД СУШИ кургактыктагы суунун химиялык анализи /жаратылыш сууларынын физикалык касиетин жана химиялык составын аныктоо, мисалы, лабораториялык жол менен суунун тунуктугун, түстүүлүгүн, кычкылдануусун, андагы темирдин /Fe/, фосфордун /P/, кремнийдин /К/ ж.б. аралашмасын табуу/.

ХИМИЧЕСКИЙ СОСТАВ химиялык состав /белгилүү заттардагы ар түрдүү элементтердин молекулаларынын атому; мисалы, суу – $H_2O$; кислород – $O_2$ ж.б./.

ХИМИЧЕСКОЕ СОЕДИНЕНИЕ химиялык бирикме /молекулалары бир же бир нече атомдон турган заттар/.

ХИМИЧЕСКОЕ ВЫВЕТРИВАНИЕ химиялык үбөлөнүү, кемирилүү /тоо тектеринин химиялык заттардын таасири менен үбөлөнүүсү/.

ХИМИЯ АТМОСФЕРЫ атмосферанын химиясы /атмосферадагы химиялык реакцияларды жана химиялык составды кучагына алган маселелердин жыйындысы; мисалы, жердин бетинин жана атмосферанын абасынын химиялык составы, аэрозолдор менен газдардын аралашмасы, жаан-чачындардын химиясы; топурак менен абанын ортосундагы химиялык алмашуулар, океан менен космостун ортосундагы химиялык катнаштар ж.б./.

ХИОНОСФЕРА хионосфера /атмосферанын жогорку катмарындагы жаан-чачындын балансы оң болуп, дайыма сакталып туруучу кар, мөңгүлөрдү пайда кылуучу чөйрө. Жерди курчап турган аба катмары. Хионосфераны кардын чеги деп атайт да андагы жааган жана эриген кардын ортосундагы тең салмактуулук түшүндүрүлөт. Бийик тоолордун кир чокулары хионосферага чейин жеткенден баштап мөңгүлөр жаралат. Мөңгү пайда болгон чек араны кар сызыгы деп атайт. Түштүк жарым шардын жогорку кеңдиктеринде хионосфера деңиз деңгээлине чейин төмөн түшөт. Хионосферанын жогорку катмарында жаан-чачындын балансы нөлгө барабар/.

ХЛОРИДНЫЕ ВОДЫ хлориддүү суулар /химиялык составында хлориддүү иондор /$Cl^-$/ басымдуулук кылган суулар/.

ХЛОРОФИЛЛ хлорофилл /өсүмдүктөрдү жашыл түскө киргизе турган жана фотосинтез процессин өркүндөтүүчү зат/.



ХОЛОДНАЯ МАССА муздак масса /салыштырмалуу жылуу чөйрөгө /жердин бетинин жылуу мейкиндигине же төмөнкү кеңдикке / карай жылган муздак абанын массасы/.

ХОЛОДНОЕ ВТОРЖЕНИЕ муздак аба каптоо /абанын муздак массасынын (мисалы, арктикалык абанын / жылуу чөйрөнү каптоосу менен менен чөйрөнүн абасынын температурасын төмөндөтүүсү/.

ХОЛОДНЫЙ АНТИЦИКЛОН муздак антициклон /муздаган абанын чөйрөсүндөгү антициклон/.

ХОЛОДНЫЙ ЦИКЛОН муздак циклон /тропосферадагы бүткүл катмары төмөнкү температуралуу чөйрөдөгү циклон. Муздак циклон деп бийик циклон айтылат/.

ХРАНЕНИЕ ВРЕМЕНИ НА СТАНЦИИ станцияда убакытты сактоо /метеорологиялык станцияларды так жүргөн саат менен жабдуу/.

ХРЕБЕТ кырка тоо /тоолуу өлкөлөрдө узунунан созулуп жаткан /кыр, чокулуу, белестүү/ кырка тоо. Гидрометеорологияда кырка тоолордун мааниси чоң, жаан-чачын, нымдуулук, басым, температура ж.б. көптөгөн метеорологиялык жана гидрологиялык элементтердин касиет, кубулуштары толугу менен тоо кыркаларына байланыштуу/.

ХРОМОСФЕРА хромосфера /Күндүн газ катмары; аны күн тутулганда шооланган жарык сызыгы боюнча аныктоого болот/.

Ц

ЦВЕТЕНИЕ ВОДЫ суунун гүл салуусу /көлмөлөрдөгү өсүмдүктөр менен курт-кумурскалардын көп тарашынын натыйжасында суунун түсү өзгөрүп даамынын бузулушу. Мындай процесс суусу агып чыкпаган туйук көлдөрдө байкалат, себеби, көлмөнүн суусунда алмашуу процесси болбогондуктан физико-химиялык процесстер өзүнүн тийиштүү

ролун ойноп, көлдүн суусун бузуп жиберет. Мындай көлдөргө кыргызча "Жашыл-Көл", Сары-Көл", "Сасык-Көл" ж.б. деген аттар коюлат/.

ЦВЕТНОЙ ДОЖДЬ түстүү жамгыр /тамчылары чаңга боёлгон өткүндүү жамгыр/.

ЦВЕТНОЙ СНЕГ түстүү кар /кар жааганда абадагы чаңга боёлуп күрөң /киргил/ түскө айланган учурлар байкалат. Айрыкча чөлдүү райондордо көп байкалат. Мисалы, Ысык-Көл өрөөнүнүн батышында кар жааганда эле киргил тартып турат/.

ЦЕНТР АНТИЦИКЛОНА антициклондун борбору /антициклондун белгилүү деңгээлиндеги максималдуу атмосфералык басымды көрсөтүүчү чекит. Көпчүлүк учурда антициклондун ортонку бөлүгүндө басым кыйла ашыкча бир калыпта болот. Мындай болгондо антициклондун борборун деп анын борбордук чекити айтылат/.

ЦЕНТР ЦИКЛОНА циклондун борбору /циклондун белгилүү деңгээлиндеги минималдуу атмосфералык басым байкалуучу чекит/.

ЦИАНОМЕТРИЯ цианометрия /асмандын көгүлтүрлүгүн өлчөөчү прибор/.

ЦИКЛ цикл

ЦИКЛОН циклон /атмосфералык басым төмендөгөндөгү катуу куюндуу, кара нөшөрлүү, аябаган чоң алай-дүлөй; шамалдын багыты түндүк жарым шарда сааттын жебесинин жолуна карама-каршы/.

ЦУНАМИ цунами /суу астында жер титирөөнүн натыйжасында пайда болгон мезгили 15-60 минутага барабар океандык толкундар/.

ЦУСИМСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Цусима агымы /Япониянын батыш жээгин бойлоп түндүк тарапка кетүүчү океандык агым/.

ЧАСОВОЙ ПОЯС сааттык алкак /белгилүү меридиандардын ортосундагы мейкиндикти кучагына алган 15° тук алкак, б.а. жердин айланасынын 15° тан турган 24 алкакка бөлүнүшү. Ар бир алкактын өзүнө тиешелүү сааттык убактысы болот, ал эки меридиандын ортосундагы убакыт деп аталат/.



Ч

ЧАСТИЦА ЖИДКОСТИ /ВОЗДУХА/ суюктуктун бөлүкчөлөрү /суюктуктун эң майда элементардык көлөмү/.

ЧАСТОТА ПОРЫВОВ катуу шамалдын ылдамдыгы /белгилүү убакыт ичинде катуу шамалдын ылдамдыгынын максимумунун сандары/.

ЧАШЕЧНЫЙ АНЕМОМЕТР чөйчөктүү анемометр /Фусстун анемометри; шамалдын ылдамдыгын өлчөөчү прибор/.

ЧАШЕЧНЫЙ БАРОМЕТР чөйчөктүү барометр /метеорологиялык станцияларда атмосфералык басымды өлчөөчү негизги прибор. Торричеллинин опутуна негизделип жасалган/.

ЧЕРНАЯ БУРЯ кара бороон /такыр.жерлердин топурагын үйлөгөн катуу бороондуу шамал. Ал СССРдин Европалык бөлүгүнүн түштүгүндө көп байкалат/.

ЧЕРНОЕ ИЗЛУЧЕНИЕ кара шоолалануу /капкара нерседен нурдун чачыроосу/.

ЧЕТВЕРТИЧНЫЙ ПЕРИОД төртүнчүлүк доор /бир миллион жыл чамасындагы мезгилди камтыган Жердин тарыхынын акыркы доору/.

ЧИЛИЙСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Чили агымы /океандык Перуан агымынын түштүк тарабы/.

ЧИНУК чинук /Канада менен АКШ курчап жаткан кырка тоосунун чыгыш капталындагы батыштан соккон фён шамалынын жергиликтүү аты. Ч. башталганда абанын температурасы кескин түрдө /30° чейин/ жогорулайт, кээде 10°-15° жогорулашы бир нече минутанын

ичинде байкалат. Демек, кардын эриши тездеп, жер-жемиштер бат бышат. Ч. жылдын бардык мезгилинде /айрыкча кышында/ байкалат/.

ЧИСЛО АВОГАДРО Авогадро саны /ар кандай газдагы 6,02486. $10^{23}$ грам-молекулага барабар болгон молекулалардын саны. к. ЗАКОН АВОГАДРО /.

ЧИСЛО ДНЕЙ БЕЗ СОЛНЕЧНОГО СИЯНИЯ бүркөк күндөрдүн саны /ай, мезгил, жыл ичинде күндүн көзү жылт этпеген булут, тумандуу күндөрдүн саны/.

ЧИСЛО ДНЕЙ С ОСАДКАМИ жаан-чачындуу күндөрдүн саны/0,1 мм ден кем эмес жаан жааган күндөрдүн саны/.

ЧИСТЫЙ ВОЗДУХ таза аба /1. ондогон же жүздөгөн км ге чейинки нерселерди көрүүгө мүмкүнчүлүк болгон аба. Мындай таза абада 10 км ашык аралыкка чейин нерселердин жалпы белгилери так көрүнөт, асман көгөрүп, горизонтто күңүрттөнүү билинбейт; 2. калкып жүргөн аралашмасы жок таза аба/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ТЕРМОМЕТРА термометрдин сезгичтиги /термометрдеги градустардын миллиметрдик узундугу/.

## Ш

ШАР-ЗОНД шар-зонд /суутек толтурулуп, жеңил метеорограф орнотулуп атмосферага чыгарылуучу резинадан жасалган аба шары. Аба шары белгилүү бийиктикке көтөрүлгөндө жарылат, ал эми метеорограф парашют менен кайра жерге түшөт/.

ШАР-ПИЛОТ шар-пилот / эркин атмосферадагы шамалдын багытын жана ылдамдыгын ченөө үчүн суутек толтуруп учуруучу, өзү резинадан жасалган чакан шар/.



ШАРПИЛОТНЫЕ НАБЛЮДЕНИЯ шарпилот менен байкоо жүргүзүү

ШЕЛЬФОВЫЙ ЛЕД шельфтик муз /Антарктидада көп жылдар бою топтолуп олтуруп муз дубалын пайда кылган кар катмары. Буга 750 км аралыкты ээлеп жаткан улуу муз тоосу Росса мисал боло алат. Анын орточо бийиктиги 30-40 м, кээде 250 м чейин жетет/.

ШЕРОХОВАТОСТЬ бодуракайлуулук /жер бетине жакын чөйрөдөгү абанын жылышына тоскоолдук кылууга жөндөмдүү болгон жердин бетиндеги бодуракайлуулук/.

ШЕСТИМЕСЯЧНАЯ ЦИКЛИЧНОСТЬ алты айлык циклдүүлүк /экватордук стратосфера менен мезосферадагы абанын циркуляциясынын өзгөчөлүгү. Мында жазында жана күзүндө 40-60 км бийиктикке батыштан соккон шамал, ал эми жайында жана кышында чыгыштан соккон шамал үстөмдүк кылат/.

ШИРОТА кеңдик /1. астрономиялык кеңдик - берилген орундагы тик сызык менен жер экваторунун тегиздигинин арасындагы бурчтук аралык; 2. географиялык кеңдик - жер бетиндеги чекиттин абалын аныктоочу географиялык координаттардын бири. Ал жер экваторунан тартып, ошол берилген чекиттин бурчтук аралыгына барабар. Кеңдик экватордон баштап эсептелинет /$0^{\circ}$ тан $90^{\circ}$ чейинки/, б.а. түндүк жарым шардагы чекиттер оң, ал эми түштүк жарым шардагы чекиттер терс кеңдик деп кабыл алынган. Жердин бетиндеги ар кандай чекиттер географиялык координатта жана географиялык узундук менен өлчөнөт/.

ШКАЛА шкала /1. өлчөөчү чоңдуктун бөлүктөрүн сызык боюнча катарлаш сан менен көрсөтүүчү белгилердин жыйындысы /при-

бордогу шкала, мис., термометрдин шкаласы, барометрдин шкаласы, гигрометрдин шкаласы/; 2. прибор аркылуу же приборсуз байкоолордо ар кандай гидрометеорологиялык кубулуштардын күчтүүлүгүнүн чоңдугун катарлаштырып сан менен көрсөтүүчү белги /Бофорт шкаласы, Линкенин шкаласы/; 3. үлгү катарында алынган прибордун көрсөтүүсүнө тууралаган ченөөчү чоңдуктардын бардык маанисинин жыйындысы/.

ШКАЛА БОФОРТА Бофорт шкаласы /көз өлчөө менен шамалдын күчүн аныктоочу шкала. Ал шамалдын нерселерге /бак-дарак, имарат/ карата болгон күчүнө негизделген. Ал 12 баллдан турат. Нөл деген жымжырттык дегенди түшүндүрөт, 4-мелүүн шамал, 6-катуу шамал, 10- шторм, 12-ураган м/сек менен туюнтулат. Балл менен м/сек эквиваленти төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

| Балл | м/сек | Балл | м/сек | Балл | м/сек |
|---|---|---|---|---|---|
| 0 | 0 - 0,2 | 6 | 10,8-13,8 | 12 | >32,6 |
| 1 | 0,3-1,5 | 7 | 13,9-17,1 | | |
| 2 | 1,6 - 3,3 | 8 | 17,2-20,7 | | |
| 3 | 3,4-5,4 | 9 | 20,8-24,4 | | |
| 4 | 5,5-7,9 | 10 | 24,5-28,4 | | |
| 5 | 8,0-10,7 | 11 | 28,5-32,6 | | |

ШКВАЛ шквал, эң катуу шамал /кыска мөөнөттүн ичинде шамалдын ылдамдыгынын күчөшү жана багытынын баш аламан өзгөрүшү. Шамалдын ылдамдыгы 20-30 м/с чейин жетет, убактыгы бир нече минутага чейин созулат/.



ШПИЦБЕРГЕНСКОЕ ТЕЧЕНИЕ Шпицберген агымы /Скандинавиянын түндүгүнөн чыгып,Шпицберген аралдарынын батыш жээктерин бойлоп кетүүчү агым. Ал Гольфстримдин тармагы/.

ШТИЛЬ штиль /меметеген,шамалсыз аба ырайы. Штиль болгондогу желдердин ылдамдыгы 0,5 м/с чейин гана жете алат/.

ШТОРМ шторм, деңиздеги катуу шамал /ылдамдыгы секундасына 21-24 м/с га чейин жеткен, деңизде толкундуу, кургакта чаң учурган катуу шамал/.

ШТОРМОВАЯ ВОЛНА штормдук толкун /шторм болгондо деңиздеги толкун/.

ШУГА шыргалаң /өзөндөгү суунун ичиндеги муз бөлүкчөлөрү/.

Щ

ЩЕЛОЧНОСТЬ ВОДЫ суунун щакардуулугу /щакар реакциясынын жүрүшү менен пайда болгон касиети. Суда начар кислоталардын аниондорунун гидролизденишинин натыйжасында гидроксил-иондор пайда болот; мисалы, $CO_3^{2-} + 2H_2O \longrightarrow H_2CO_3 + 2OH^{-1}$/.

ЩЕЛОЧНЫЕ МИНЕРАЛЬНЫЕ ОЗЕРА щакардуу минералдык көлдөр /суусунда соданын эритмеси аралашкан көлдөр/.

Э

ЭВАПОРОМЕТРИЯ эвапорометрия /табигый шартта буулануунун ылдамдыгын ченөө/.

ЭВОЛЮЦИОННОЕ ИЗМЕНЕНИЕ ДАВЛЕНИЯ басымдын эволюциялык өзгөрүшү /бар талаасынын жылма күчтөнүүсүнө байланыштуу басымдын локалдык өзгөрүүчү бөлүгү/.

ЭВОЛЮЦИЯ эволюция /атмосфералык процесстердин жана гидро-

логиялык кубулуштардын тынымсыз өрчүп өзгөрүп бир абалдан экинчи абалга өтүү процесси/.

ЭКВАТОР экватор /географиялык экватордун кыскартылган аты; жер шарын же асман сферасын эки бөлөк жарым шарга /түндүк жана түштүк/ бөлүүчү, ой менен жүргүзүлүүчү сызык/.

ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ВОЛНА экватордук толкун /экватордук депрессиянын ичинде атмосфералык толкун сымалдуу козголушу; андан экватордук куюн пайда болушу ыктымал/.

ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ДЕПРЕССИЯ экватордук депрессия /жер шарынын экваторго жакын чөйрөсүндөгү атмосфералык төмөнкү басым тилкеси; атмосфералык аракеттин борборлорунун бири/.

ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ЗОНА экватордук зона /экваторго ыктаган географиялык зона; кургактыкта бул зонаны нымдуу тропикалык токой климаты деп атайт/.

ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ ЗОНА ЗАПАДНЫХ ВЕТРОВ батыш шамалынын экватордук зонасы /экваторду бойлоп батыштан соккон шамалдын багытын көрсөтүүчү ичке тилке. Мындай тилке Инд океанынын чыгышында, Тынч океандын батышында жана Дүйнөлүк океандын айрым жерлеринде байкалат/.

ЭКВАТОРИАЛЬНАЯ СУХАЯ ЗОНА экватордук кургак зона /экватордук депрессиянын кургак областы. Мындай областтар бир нече; өтө мүнөздүү бөлүгү Тынч океандын борбордук бөлүгүнөн төмөн жатат. Калгандары Африканын чыгыш жээктеринде, Аравия деңизинин үстүндө жана Атлантиканын түштүгүндө кезигет/.

ЭКВАТОРИАЛЬНОЕ ПРОТИВОТЕЧЕНИЕ экватордук каршы агым /Түндүк жана Түштүк Пассат агымдарынын ортосундагы ичке тилке менен батыштан чыгышка кетүүчү океандык агым. Мындай агым үч чоң океанда



байкалат, ал эми Инд океанында кышкысын гана болот/.

ЭКВАТОРИАЛЬНЫЕ ВОСТОЧНЫЕ ВЕТРЫ экватордук чыгыш шамалы /экватордун чыгыш зонасында батыштан чыгышка карай аба массасынын которулушу/.

ЭКВАТОРИАЛЬНЫЙ ВИХРЬ экватордук алай-дулай /экватордук депрессиянын ич арасындагы циклондук түйүк циркуляциясы/.

ЭКВАТОРИАЛЬНЫЙ ВОЗДУХ экватордук аба /экватордо пайда болгон же болбосо экватордон тараган аба массасы. Ал тропиктик абадан тропиктик фронттун таасири менен бөлүнүп чыгат/.

ЭКВАТОРИАЛЬНЫЙ МУССОН экватордук муссон /жогорку кеңдиктерге багыт алган жайкы тропиктик муссон/.

ЭКВАТОРИАЛЬНЫЙ ФРОНТ экватордук фронт /стратосферанын чөйрөсүндө /бийиктигинде/ экватордук жылуу аба менен полярдык муздак абанын чек арасы/.

ЭКЗОГЕННЫЕ ПРОЦЕССЫ экзогендик процесстер /шамалдын жүрүшү, көчкү, жар кулоо, таш кулоо, суунун нугунун жешилиши ж.б./.

ЭКЗОСФЕРА экзосфера /450 км ден жогорку бийиктикте жаткан атмосфералык катмар. Э. абасы өтө таза болгондуктан температурасы өтө жогору болот, ошого байланыштуу абадагы көзгө илээшпеген бөлүкчөлөрдүн абадагы ылдамдыгы экинчи космостук ылдамдыкка барабар/.

ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ КЛИМАТОЛОГИЯ экологиялык климатология /организм менен климаттык чөйрөнүн байланышын изилдөөчү илим/.

ЭКСПЕРИМЕНТ эксперимент /гидрометеорологияда жалгыз эле лабораториялык тажрыйба эмес жаратылышта да жүргүзүлгөн тажрыйба/.

ЭКСПОЗИЦИЯ экспозиция /кырка тоолордун айлана-чөйрөнүн багытына карата бөлүнүшү, мисалы, күнгөй, тескей, чыгыш, батыш ж.б./.

ЭКСТРЕМАЛЬНЫЕ ЗНАЧЕНИЯ экстремалдык мааны /гидрометеорологиялык элементтердин жылдык, айлык, суткалык маанисинин эң жогорку /максималдуу/ жана эң төмөнкү /минималдуу/ чоңдугу/.

ЭКСТРЕМАЛЬНЫЕ ТЕМПЕРАТУРЫ экстремалдуу температуралар /максималдык жана минималдык температуралардын жалпысынан айтылышы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСТВО ОБЛАКОВ булуттардагы электр күчү /булуттардагы элементтердин заряддары менен шартталган электрдик абал жана анын булуттардын ичинде бөлүнүшү/.

ЭЛЕКТРИЧЕСТВО ОСАДКОВ жаан-чачындардагы электр кубаты /булуттан жааган жаан-чачындардын электрдик заряддары/.

ЭЛЕКТРОН электрон /электрдик заряды – I, 60210.$10^{-49}$ к-4, 80248-$10^{-16}$ СГСЭ бирдигине болгон стабилдүү элементардык бөлүкчө/.

ЭЛЕМЕНТ элемент /гидрометеорологиялык элемент, мисалы, температура, басым, буулануу, жаан-чачын, агым, чыгым ж.б./.

ЭЛЕМЕНТАРНЫЕ ЧАСТИЦЫ элементардык бөлүкчөлөр /материянын өтө майда бөлүкчөлөрү/.

ЭЛЕМЕНТАРНЫЙ ЗАРЯД элементардык заряд /е – /4,80298± 0,00020/ $10^{-10}$ СГСЭ бирдигине барабар болгон эң кичине электр заряды/.

ЭЛЕМЕНТЫ ГИДРОЛОГИЧЕСКОГО РЕЖИМА гидрологиялык режимдин элементтери /суулуу объектилердин гидрологиялык режимин мүнөздөөчү кубулуштар менен процесстердин жыйындысы, мисалы, суунун деңгээлинин туруксуздугу, температурасы, суулуулугу ж.б./.

ЭЛЮВИЙ элювий /тоо тектеринин үбөлөнгөн бөлүкчөлөрү оошол ордунда калса жана ал жер бетинин үстүнкү катмарын калыңдоого катышса элювий деп аталат/.



ЭМАНОМЕТР эманометр /абадагы радиоактивдүү газдарды /радонду анын изотоптору менен/ ченөөчү прибор/.

ЭМАНОМЕТРИЯ эманометрия /жердин бетине жакынкы бийиктиктеги абадагы радиоактивдүү газдарды аныктоо/.

ЭНДОГЕННЫЕ ПРОЦЕССЫ эндогендик процесстер /ички процесстер дегенди билдирет, мисалы, жер титирөө, вулкандын атырылышы, тектоникалык кыймылдар ж.б./.

ЭНЕРГИЯ энергия /гидрометеорологиялык процесстердин иш аткарууга /жөндөмдүүлүк/ өз ара аракеттенүүлөрүн жалпы чеги/.

ЭОЛОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ шамалдын аракети /шамалдын таасири менен тоо тектеринин үбөлөнүшү, учуруулушу жана рельефтин белгилүү формасын пайда кылуудагы аракети/.

ЭРОЗИЯ эрозия /жер кыртышынын талкаланып бузулушу: суу, шамал, көчкү, мөңгү, эрозияларын ж.б. белгилөөгө болот/.

ЭТЕЗИИ этезии /Жер Ортолук деңизинин чыгышында апрелден октябрга чейин түндүктөн соккон шамал/.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ОСАДКОВ жаан-чачындын эффективдүүлүгү /жылдык жаан-чачындын жылдык буулануга болгон өз ара катышы/.

ЭХО жаңырык / кандайдыр тоскоолдуктан чагылып, байкоочуга чейин жаңырган үн толкуну/.

ЭХОЛОТ эхолот /деңиз көлдөрдүн жана дарыялардын тереңдигин ченөөчү курал/.

## Ю

ЮГО-ВОСТОЧНЫЙ МУССОН түштүк чыгыш муссону /Кытайдын тропикалык жана субтропикалык кеңдиктеринде шамалынын багыты түштүк чыгыштан үстөмдүк кылган жайкы океандык муссон/.

ЮГО-ВОСТОЧНЫЙ ПАССАТ түштүк чыгыш пассат

ЮГО-ЗАПАДНЫЙ МУССОН түштүк батыш муссону /Инд океанынын түндүгүндө жер бети боюнча багыты түштүк батышка жакындаган жайкы океандык муссон/.

ЮЖАК южак /Чыгыш Сибирь деңизиндеги Чаун тумшугунда орточо ылдамдыгы 15-18 м/с соккон фён тибиндеги жергиликтүү шамал/.

ЮЖНЫЙ ПОЛЮС түштүк уюл /Антарктика материгинде Жердин огунун үстүнкү бетиндеги кесилиши/.

ЮЖНЫЙ ПОЛЯРНЫЙ КРУГ түштүк уюл тегереги /түштүк кендиктин 23°27 параллели/.

ЮЖНЫЙ ЦИКЛОН түштүк циклону /СССРдин Европалык территориясына түштүк кендиктерден /Жер Ортолук деңизинен, Балкан, Кара Деңиз, Каспий тараптан/ келген циклон. Натыйжада кышкысын кар, бурганак, жайкысын нөшөрлөгөн жамгыр, өткүн, чагылган пайда болот/.

## Я

ЯДЕРНАЯ МЕТЕОРОЛОГИЯ ядролук метеорология /атмосферадагы радиоактивдүү бирикмелерди /аэрозолдор менен газдарды/ үйрөнүүгө байланыштуу маселелердин жыйындысы/.

ЯДРО КОНДЕНСАЦИИ конденсация ядросу /атмосферада калкып жүргөн суюк же катуу нерселердин бөлүкчөлөрү. Ошол нерселерге суу буулары конденсацияланып бара-бара булут менен тумандардын тамчылары пайда болот/.

ЯСНЫЙ ДЕНЬ ачык күн /байкоо мөөнөттөрүндө булуттуулук 0-2 баллдан ашпаган күн/.



*Б. О. Орозгожоев*

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ
ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Обложка художника *В. Ф. Роека*
Технический редактор *Э. К. Гаврина*

ИБ № 485

Подписано к печати 4.06.80. Формат 60×90¹/₁₆. Бумага писчая.
Ротапринт. Объем 19,25 п. л., 12,4 уч.-изд. л. Тираж 500 экз.
Цена 2 руб. Заказ 122.

Издательство Академии наук Киргизской ССР,
720071, Фрунзе, Ленинский проспект, 265а

Типография Академии наук Киргизской ССР,
720001, Фрунзе, ул. Пушкина, 144.

Цена 2 руб.